83.8
С-97

BooKans

# ЭЛоозундагы ЖОМОКТОР



83.3
Э-27



# ЭЛ ООЗУНДАГЫ ЖОМОКТОР



ЦЛБ
ЦБС

УДК 821.51
ББК 83.3 Ки
С 27

С 27 **Эл оозундагы жомоктор.** – Б.: Бийиктик плюс, 2017. – 288 б.

ISBN 978-9967-33-187-4

Китепте балдарга арналган жомоктор менен аңгемелер топтолгон. Аларда ата-энени сыйлоо, анын эмгегин урматтоо, адамга гумандуу мамиле жасоо, табиятты сүйүү, коргоо, акылмандыкка үйрөтүү идеялары көркөм чагылдырылган.

УДК 821.51
ББК 83.3 Ки

С 460302010017

ISBN 978-9967-33-187-4

© Турумов Жайнак, 2017

## МАЗМУНУ

Арман ай ........................................................5
Сулуу келин ........................................................8
Жоомарт жана адил ........................................................ 14
Махмут ........................................................ 17
Жоомарт ........................................................ 19
Байдын эрке баласы ........................................................ 23
Жетим бала ........................................................ 27
Жээренче чечен баяны ........................................................ 37
Достук ........................................................ 38
Зыйфырым ........................................................ 42
Карышкырдын камкордугу ........................................................ 49
Арстан менен коён ........................................................ 59
Булардын кайсынысы чоң ........................................................ 60
Жылан менен кишинин арбашы ........................................................ 63
Калп эмнеге алып келет? ........................................................ 65
Данек ........................................................ 66
Миңбай менен Жүзбай ........................................................ 68
Наабат ........................................................ 84
Тал ........................................................ 88
Аңыр ........................................................ 90
Жалбыз ........................................................ 92
Каардуу хан ........................................................ 93
Жагалым ........................................................ 112
Асан менен Үсөн ........................................................ 124
Булбул ........................................................ 132
Алтын шакек ........................................................ 133
Баарынан киши кучтүү ........................................................ 140
Аюу менен чиркей ........................................................ 141
Булбул менен торгой ........................................................ 145
КЫЗ – Күйөө ........................................................ 146
Мээр чөп ........................................................ 147
Бир туугандар ........................................................ 148
Ууру ........................................................ 151
Кыз мазар ........................................................ 152

## МАЗМУНУ

Бака терек .......... 155
Байчечекей .......... 157
Эмне үчүн үкү түнкүсүн учуп калган? .......... 159
Көкө мерген .......... 160
Ынтымактуу беш бир гууган .......... 162
Стан менен аждаар .......... 166
Кичинекей чымчык менен пил .......... 171
Аюунун бала баккычтары .......... 173
Падыша менен вазир .......... 181
Бардыгынын өз учуру бар .......... 187
Бай менен жомокчу .......... 188
Эки аяз .......... 195
Бөрү, мышык жана ит .......... 198
Оңой нан .......... 201
Алтын алма .......... 207
Тоңкулдак, түлкү жана карга .......... 214
Уурдалганга тойбойсуң .......... 222
Куу түлкү .......... 226
Карышкыр, үлүл жана аарылар .......... 236
Согушка барган кыз .......... 239
Сыйкырлуу таяк .......... 245
Петр куу жана жылан .......... 248
Карынын акылы .......... 255
Акылсыз аюу .......... 259
Мышык менен маймылдар .......... 262
Карыган сыйкырчы .......... 265
Түлкү менен жылан .......... 268
Түлкү менен каз .......... 269
Түлкү менен кашкулак .......... 271
Түлкү менен бөдөнө .......... 272
Түлкү карышкырды кантип алдады? .......... 273
Сыйкырдуу роза .......... 274
Дудук элчи менен акылдуу тикмечи .......... 278
Жамынчаңа карап бутуңду соз .......... 281
Хан жана Дыйкан .......... 282

# АРМАН АЙ

Илгери-илгери бир карыя киши басса-турса эле «арман ай» деп жүрчү экен. Бул карыянын топ бузар курдашы болуптур. Бир күнү ошол курдашы:

- Сен дайыма эле «арман ай» деп жүрөсүң, эмнеге арман кыласың? Бала-чакаң бар, төрт түлүгүң шаймашай, -деген экен.

Ошондо карыя:

- Менин арманымды уга турган болсоң? балдарыма айткын, элди чакырып тамак берсин, арманымды ошондо айтам, -дейт.

Курдашы карыянын айткан сөзүн анын балдарына айтат. Балдары бээ союп, элге тамак берет. Ошондо карыя:

- Мен жашымдан жетим калган элем. Жыйырма жашымдан бир байдын малын кайтарып оокат кылып жүрдүм. Күндөрдүн биринде багып жүргөн койлоруума карышкыр тийип, бир тобун кырып кетет. Бай кыжырына чыдай албай, мени төөнүн чылгый терисине салып, анын оозун тарамыш менен тигип, бир жерге алып барып таштайт. Чылгый тери ысык күнгө кургап, өпкө-боорумду куушуруп, кечки салкында кайра кенеле калып, айтор, алымды кетирип жүрдү.

Эл жайлоого көчкөндө бай мени бир төөгө тең кылып артты да, бир келинге жетелетип койду. Мен жүктү улам бир жагына салмагымды салып оодарып коё-

мун, келин улам оңдоп коюп жүрүп отурду. Ошентип келин аябай убара болду. Көч узап, келин артта калды. Кеч кирип кетти окшойт, келин мени таштап, төөсүн жетелеп кетип калды.

Мен эми: «Жырткычтар жеп кетеби?» - деп аябай коркуп, калтырап жаттым. Бир маалда нөшөрлөп жамгыр жаады, чылгый тери бошоп шалбырады, тарамыштын тигишинен үзүп, териден түн ортосунда чыктым. Карасам, бир үңкүр турат. Ошондо түнөп, эртең менен карасам, аябай жакшы кийинген бир мырза келатат. Аны көрүп кайра үңкүргө кире качтым.

Бир маалда жигит ал үңкүргө келип:

- Үңкүрдөгү адам, бери чык! - деди.

- Жылаңачмын, уялып турам, баатыр, -дедим мен.

- Жылаңач болсоң, ушул үңкүрдөн чыкпай тургун, мен сага кийим алып келип берем, - деп ал чапкан бойдон кайра кетти.

Күн чыгаарда бир таңгак кийим алып келип берди. Кийимди кийип үңкүрдөн чыксам, бир жаш, сулуу жигит турат. Ал:

-Сен эмне болуп жүргөн адамсын? -деп ал-жайымды сурады. Мен төкпөй-чачпай бардыгын айтып бердим. Мени жоргосуна учкаштырып алып, бир байдыкына алып барды да, байга:

-Бул сенин үйүңдө он күн турат, он күндөн кийин алып кетемин, -деп чу коюп жөнөп кетти.

Баягы жигит он күндөн кийин келип, мени учкаштырып бир жерге алып келди. Келсек, бир кара кашка аттын жанында эки көзү толтура, жык толгон бир куржун турат. Ал куржунду экөөлөп атка салдык, анан:

- Атка мин! - деди. Атка миндим.

- Эй, жигит, мен кызмын, кыз экенимди ата-энемден башка эч ким билбейт. Ушул элге болушмун, элди мен бийлеп, мен башкарамын, менин никемди сага буюрган экен, жүр кеттик элиңе, – деди.

Жүрүп кеттик. «Бул кантип эле кыз болсун, кыз да болуш болуп эл башкармак беле. Эми мунун кыз экенин кантип билемин?» - деп кете бердим.

Жүрүп олтуруп, жүрүп олтуруп бир дарыяга туш келдик. Ушул жигиттин кыз экенин анык билейин деген максат менен:

-Мен ысып кеттим, мына бул дарыяга киринип алалы, - дедим.

Жигит:

-Бул дарыяга түшүүгө болбойт, жылан, жаян көп, ал бизди тартып кетет, -деди. Мен болбой:

- Киринели дей бердим.

-Мейли, мен түшөйүн, сен менден көзүңдү айырбай тургун, эгерде жаян чыкса ат, -деп мага жаасын берип, өзү сууга кирди.

Мен жигиттин кыз экенин анык билип сүйүнгөнүмдөн жаяндын келерин унутуп коюптурмун, кызды жаян тартып кетсе болобу! Ошентип кызымдан ажы-

радым, ченде жок күйдүм, быштым, бирок колумдан эмне келмекчи, күчүмдү ыйлоого чыгардым. Кыздын куржундагы алтыны жана боз жоргосу менен төрт жагым кыбыла болуп, ушул даражага жетип, кадырлуу болдум.

Азап-тозоктон ажыраткан ошол кыз менен бирге олтуруп чай ичпегениме, бир сырдашып сүйлөшпөгөнүмө армандуумун, бул арманбы, жокпу? Арман, ай! -деп сөзүн аяктады.

***

## СУЛУУ КЕЛИН

Бир жигиттин түшүнө ай десе аркы жок, күн десе көркү жок сулуу кыз кирет. Ошо сулууну табам деп ал жигит:

Мадинанын беш бурчун,
Беш айланып кыдырат.
Төгөрөктүн төрт бурчун,
Төрт айланып кыдырат.

Баягы ойдогу сулуусу табылбайт. Жалдырап жигит жолго салат. Келе жатса бир булактын башында тамагынан ай көрүнгөн бир сулуу келин олтурат.

Жигит ойлоно калып: «Менин түшүмдөгү көргөн кыз келин болуп калды. Мейли тобокел, ушуга сөз салып, тийсе алайын -деп камчысын бүктөп олтура калып:

-Экөөбүз баш кошсок кандай болот? -деп сулуу келинге кеп салса, ал макул болот.



Сулуу келинди жигит алып үйүнө барат. Жигит үйүнө баргандан кийин үй-турмушу оңолуп, тамак-ашы жайнап жатып калат.

Бир аз убакыттан кийин баягы жигиттин өңү саргарып, арыктай баштайт.

Ал жигиттин бир досу болот. А жигитке досу учурап:

-Ай, сенин өңүң эмне саргарат? -дейт. Анда берки жигит:

- Билбейм! -деп жооп берет. Анда дос жигити:

- Өңүндүн саргарганын сен билбесең, мен билем. Аялың аял эмес, карыган ажыдаар. Бул карыганда оокат кыла албай калганда кубулуп келин болгон. Муну алдың, азапка калдың. Өзүңдү баш кылып бул шаарды сордурасың, -дейт.

Сулууну алган жигит ишенбейт, «Кантип эле ажыдаар аял болуп калсын» деген ойго келет. Анда берки дос жигити:

- Болуптур, мага ишенбесең бара көрөбүз, -дейт.

- Сен бүгүн түнү чыпалагыңды кес. Чыпалагыңды чыланган тузга малып жат. Аялың таңга маал уктайт, ошондо курсагын сына, киндик болсо аялың киши, киндиги жок болсо, аялың картаң ажыдаар, элдин убалына калба, -дейт.

Баягы жигит досунун тилин алып, колун кесип тузга малып, аялынын ичин сыйпаласа, киндиксиз.

Шек алдырбай эртең менен эрте туруп:

-Сенин айтканың чын экен, -деп досуна баягы сөздү жашырбай айтат.

Анда досу:

-Мен сенин сулуу аялыңды көрө албагандай ойлодуң эле. Бут иш чындык болду. Бирок аялыңдын эки айлык боюнда бар.

Ошол аялың төрөгөнчө, соода кылам деп бир шаарга кет. Тогуз ай, тогуз күндү болжоп үйгө кел. Ошол учурда аялың толготуп төрөйт. Ошо менен макул болуп шаарга кетип, айтканындай тогуз айда кайта келип досуна учурайт.

-Эми бүгүн аялың толготуп жатат. Бала төрөлүп түшүп бараткaнда, аялыңдын мойнун кыя чап! -деп колуна кылыч берет. Ошондо сөөгү эрип, көлкүлдөп жумшап калат. Бир өлтүрсөң ошондо өлтүрөсүң. Бирок баланы ылдам ал, -дейт.

Айтканындай төрөп жатканда кылыч менен аялынын мойнун кыя чапса, башы өгүздөй, денеси кырк кулач ажыдаар болуп сулайт.

Баягы аял эркек төрөйт. Баланы антип-минтип энесинин алдынан алганча, энесинин мойнундагы эки тамчы кан баласынын көкүрөгүнө таамп калат.

Баланы ороп:

- Эмне кылам, -деп баягы досуна барат. Ошондо досу:

- Аялыңдын терисин сыйрып алып, калган денесин өрттөп ийгин! -деп колуна бир кара кестик берет.

Кара кестик менен ажыдаардын терисин тилсе, ажыдаардын терисинин калыңдыгы үч карыш болот. Терисин сыйрып алып, денесин отко өрттөйт.

Ушуну менен бала чоңоёт. Он сегиз жашка чыккан учурунда бир көтөрүп келген отуну бир шаардагы элге бир кышка жарайт. Бир ичкенде бир шаардын тамагын бир ичкен, ушунчалык алп, күчтүү бала болот.

Күндөрдүн биринде баягы досу учурайт.

-Ии, досум, баягыда мага ишенбей, аялымдын сулуусуна ичи тарып жатат деп ойлодуң эле. Бул чындык болду. Эми балаң кандай? -деп сурады.

Анда сулуу аял алган жигит:

-Таң, билбейм, баланын бир көтөрүп келгенин бир шаар бир жыл оокат кылат. Бир жолу ичкенде бир шаардыкын бир эле ичет.

Анда досу айтат:

-Болуптур, досум, мени достукка санап, балаң экөөң тезинен үйгө келип, конок болуп кет, -дейт. Берки жигит макул болуп, алты күндөн кийин барса, берки досу бир темирден үй жасайт. «Темир үйдүн ичин кызыл-тазыл кооз кылат.

Өзү ачылып, өзү жабылган эки жагынан эшик жасайт. Досуна жакшылап тамак берет. Баягы баласы экөөнү ээрчитип темир үйгө астына өзү, ортосуна досу, артынан бала кирет. Өзү менен досу мурда чыгат. Баягы үйдүн ичиндеги кооздолгон нерсени карап, бала алаксып ошол үйдө калат.

Эки дос ээрчишип эшикке чыгышат. Бала элең-булаң эки жакты карагыча, үйдүн ичиндеги эшик тарс жабылып, бекилип калат. Бала бакырганда деминен темир көккө үч тийип, жерге үч түшөт.

Досу эл-журтту жыйдырып, темирден казык кылдырып, чынжыр менен чырматып, темир үйдү жерге кагат. Бир сындырым нан, суу менен жети күнү баланы багат. Жети күндөн кийин өзөгү карарып, бала



жыгылат. Жети күнгө чейин берки досу жетимиш кулач ор каздырып, бир бээни жардырып, жылкынын эки казысын катар койдуруп, жети нан үстүнө, жети кетмен астына коюп, казган оруна таштайт. Жетимиш балбанга жетелетип баланы ордун үстүнө алып барат. Ачыгып калган бала оп тартып, нанды, этти караганда баланын оозунан эки жылан атып түшүп, нан менен баягы жылкынын казысына барып сайылып, бала чалкасынан кетет. Ошондон кийин бала куландан соо таптаза болуп тамак ичип, адам болуп калган экен.

***

# ЖООМАРТ ЖАНА АДИЛ

Илгери-илгери бир кылымдарда жанаша жашаган эки элде Жоомарт жана Адил деген хандар өткөн экен. Жоомарт хан калкына карамдуу, элди тегиз көргөн, тегиз жашасын деген киши болгон. Бул хан бир күндө сарайында түшкө дейре иштеп, калган убактысында элди аралап, «ач, жылаңачтар жокпу» деп жүрүп өткөрчү экен.

Күндөрдүн биринде талаа-түздөгүлөрдү кыдырып келе жатса, суу ичип жаткан эшекти көрөт. Аны абайлап караса, арка-башы жоор, арык, алы кетип арыган эшек экен. Жоомарт «бул эшек элге кызмат кылган, эчен жолу эмгектенген, ошондуктан ушул абалга жеткен», - деп ал эшекке күмүш жүгөн катып алып барып, өз сарайына бактырып коёт.

Ошол эле мезгилде Адил деген кара кылды как жарган «бул алыс, тигил жакын» дебеген хан болгон экен. Сурак сураганда «өзүмдү көрсө сүрдөнөт, сөзүнөн жаңылат, же кошомат кылат», - деп суракты көшөгөнүн ичинде олтуруп алып, жүзүн элге көрсөтпөй сурачу экен. Бул эки хандын вазирлери, кеңешчилери эки ханды бири-бирине ушактап, чагымдап олтуруп, экөөнү урուштурат.

Ошондо Жоомарт хан элине «Адил хандын колу көп экен, силер бөөдө кырылып каласыңар, андан көрө мен качып кетейин, силер кол көтөрүп багынып бергиле, ошондо кырылбай эсен каласыңар», -дейт да, качып кетет. Ал качып барып, ыштыкка кирип бе-

кинет. Ошол ыштыкка жакын жерде бир бечара аялы менен жашайт экен. Бул экөөнүн эл орунга олтурган-дагы сөзүн далдаадан уккан Жоомарт алардын үйүнө түп жамынып кирип келип:

- Элиңерде эмне жаңылык бар? -деп сурайт. Ал бечаралар:

- Эки хан урушуп, Жоомарт хан качып кетиптир. Адил хан «Жоомарт ханды ким кармап берсе, ага Жоомарттын салмагындай болгон дилде беремин» деп жар чакыртты, болгон жаңылык ушул, мындан башка жаңылык жок, -дейт. Жоомарт хан:

-Ошол качып кеткен Жоомарт менмин, мени же бузуку, же бир митаам, же бир зөөкүр таап алып ханга алып барып, анын алтынын алып жыргайт. Андан көрө силер менин эки колумду артыма байлап, мойнума чылбыр салып, бириң жетелеп, бириң шыйракка чаап айдап, ханга алып баргыла да, анын алтынын алып убай көргүлө, -дейт. Анда тиги бечаралар:

-Сизди жалдыратып алып барып көргөн оокатыбыз курусун, ушул эле оокатыбыз жетет, -дешет.

Жоомарт:

-Силер эле алып баргыла, менин каныма силер забын болбойсуңар, турмушуңар оңолот. Адил болсо менин каныма забын болот, - дейт.

Жоомарттын сөзүнө макул болушуп, эки бечара аны бири жетелеп, бири айдап ханга жөнөшөт. Бараткада алдынан зөөкүрлөр чыгып калат да:

- Бул ким? -дешет. Эки бечара:

- Бул баягы качып кеткен Жоомарт хан, кармап алдык, ханга алып баратабыз, - дейт.

Тигил зөөкүрлөр эки бечарадан Жоомартты жулуп алып кетишет. Жолдо бараткaнда дагы башкалар алардан жулуп алып кетишет. Ошентип олтуруп Жоомартты Адил ханга 20-киши жетелеп барат. Адил хан Жоомартты зынданга салдырып:

- Ким алып келди? -деп сурак кылат.

- Жоомартты мен алып келдим, -дешип баягы биринен бири жулуп алышкан жыйырма киши чуулдашат.

Адил хандын жигиттери Жоомартты зындандан чыгарып келишет. Адил хан ким кармап келгенин сурайт. Мени булар алып келишкен жок, мени кармап сизге алып келатканда мына бул кишилер кемпир, чалдан зордуктап тартып алышкан, эмгек мына бул бечаралардыкы деп, кемпир менен чалды көрсөттү. Адил хан кемпир, чалга Жоомарттын салмагындай алтын берет. Кемпир, чал Жоомартка алкыш айтышып, кубангандан кудуңдап жолго түшүшөт.

-Булар сени эмнеге алкап кетип баратышат, -дейт Адил хан. Жоомарт Адил ханга болгон окуяларды айтып берет. Адил хан «ушундай элине кайрымдуу, бечарага дитин берген, эл үчүн туулган адамды өлтүрүүгө болбойт, биздин ичибизден чыккан бузукулар уруштурган турбайбы», - дейт да, Жоомартка таажы-

сын кийгизип, тагына мингизип хан көтөрөт, өзү ага вазир болот. Бул экөө эл ичиндеги бузукуларды, митаамдардай, кара ниеттерди тазалап жок кылышат. Ошондон кийин эки эл бир нече кылымдар тынч жашап калган экен.

* * *

## МАХМУТ

Илгери бир Махмут деген киши отуз эчкиси менен аялы экөө оокат кылчу экен. Ал киши ар күнү эртең менен мөөнгө жуурат куюп алып, эчкисин жайып кетет.

Ошол убакта бир карышкыр, бир түлкү болуптур. Түлкү келип Махмутту куйругу менен жыга чаап, жууратын ичип, карышкыр тиштеп жыгып алып бир эчкисин жеп кетчү экен.

Күнүгө экөө ошентип жей берип он беш эчкиси калат. Махмут өзү ачка болуп жүрүп, арыктап бүтөт. Бир күнү Махмут Кара дөө деген дөөгө:

-Эртең сиз биздин үйгө конокко барыңыз, -дейт.

Дөө корkконунан эртеси бармак болот. Махмут үйүнө келип, аялына:

- Кара дөө келгенде жакшылап чай бергин, андан кийин эшикке чыгып: «Махмут, бул конокко эмне эт салабыз», -деп кыйкыргын. Анда мен коктудан:

- «Мурунку дөөнүн башын сал, кийинки дөөнүн төшүн сал, ал аз келсе, алдагы дөөнүн сан этинен кесип сал» деп кыйкырам, -деп экөө акылдашып алды.

7909

Дөө келгенден кийин Махмуттун аялы чай берет, андан кийин эшикке чыгып:

- Махмут, эмне эт салам бул конокко? -деп кыйкырат. Анда Махмут:

- Мурунку дөөнүн башын сал, кийинки дөөнүн төшүн сал, ал аз келсе, алдагы олтурган дөөнүн сан этинен кесип сал, -деп жооп берет. Бул сөздү угуп, Кара дөө коркконунан Махмуттун жаман кара үйүн мойнуна илип алган боюнча качып жөнөйт.

Кара дөө кетип баратып баягы түлкүгө кезигип калат. Анын аябай качканын көргөн түлкү:

-Эмне качып баратасың, бегим? -деп сурайт. Анда дөө:

- Ушунда бир Махмут деген алптан качып баратам, -дейт. Аны укканда түлкү кыт-кыт күлүп:

- А кокуй, анын такыр алы жок, мен куйругум менен жыга чаап айранын ичип алчумун, -дейт.

- Жок, калп айтасыз ал жанда жок күчтүү, -деп дөө коркот. Түлкү болбой жатып ээрчитип келе жатканда, Махмут алдынан чыгып:

- Кайран досум, жарайсың ишке, качкан дөөнү алдап ээрчитип келе жаткан турбайсыңбы? -деп кыйкырат.

Дөө түлкүнү башка бир чаап өлтүрүп, өзү качып бара жатып: «Кара дөө деген атагым болсо, ушу Махмуттан качты дегенден көрөкчө, өлгөнүм жакшы эмеспи», - деп бийик зооканын башынан кулап өлөт.

Мына ушинтип «билеги күчтүү бирди жыгат, билими күчтүү минди жыгат» дегендей Махмут алы жок болсо да, акылы менен жоосун жеңип, аман калган экен.

***

## ЖООМАРТ

Илгери-илгери бир кандын үч вазири бар экен. Бир күнү вазирлерин сынамак үчүн кан:

- Вазирлерим, менин силерге бере турган суроом бар, кандай адам жоомарт болот? Малдуу, бай адам жоомарт болобу? Силер мага айтып бергилечи, -деген экен.

- Дүнүйөсү көп болбосо, малы жок болсо, эч кандай адам жоомарт боло албайт. Малдуу жоомарт болот. Колунда жок болсо, кандай мыкты адам болсо дагы, мен жоомарт боломун деп, аракет кылганы менен боло албайт, -дешет.

Андан көп күндөр өткөндөн кийин кан жаман кийим кийип кайырчы болуп, «вазирлерин сынап көрөйүн деп, бир күнү түндө бир вазиринин үйүнө барат.

Үйүнө кирип барганда эле вазири кабагын бүркөп:

- Эмне кылып жүрөсүң, кет, -деп кыйкырат. Кайырчы болгон кан босогодо ыйлап туруп:

- Тамагым жок, батамды берейин,- дегенде вазири ичкен тамактын калдыгы калган экен, ошону берет да:

- Кеткин, -деп жиберет. Андан кан чыккандан кийин, дагы бир вазиринин үйүнө барып, кайырчы болуп тамак сурайт. Ал вазир дагы:

- Кеткин, -деп тилдеп, кургап калган нандын калдыктарын берет.

Аны менен жүрүп олтуруп, кан дагы бир үйгө келсе, ал үйдө бир кемпир бойго жеткен баласы экөө олтуруптур.

- Эмне кылып жүргөн кишисиң? -деп сураганда, кан айтат:

- Мен кайырчымын, кайыр тилеп жүрөмүн. Силердикине жатайын деп келдим, -дегенде жигит эшикке жүгүрүп чыгып:

- Кайырчы аке, кетпеңиз, биздин үйгө жатыңыз! -дейт. Анан жигит энесине:

- Бүгүн алып келген койлорубуздун бирөөнү союп, кайырчыны конок кылалы, -дегенде энеси макул болот.

Кайырчыга келип:

- Сизди сыйлап, бир коюбузду союп берели дедик эле, сиз ыраазылыгыңызды бериңиз, -дегенде кайырчы болгон кан:

- Койду кайдан алдыңар, коюңар көппү? -деп сураганда жигит:

- Мен бир байдын малын багып жүрүп, бир жылдык акым үчүн беш кой алдым эле. Ошол койлорду бүгүн алып келип, койду кызык көрүп жатпай карап олтурдук эле, -дейт.

Анда кайырчы кан:

-Мен койдун жүрөгүн гана жечү элем. Бир кой сойсоң, бир койдун жүрөгүнө мен тойбойм, этин жебейм, -дейт.

Анда жигит, эшикке жүгүрүп чыгып, энесине:

-Эне, кайырчы жүрөк гана жейм дейт. Бир койдун жүрөгүнө тойбойм дейт. Кайырчыга беш коюбузду тең союп, жүрөгүн берели, кайырчы бечара тойсун, этин өзүбүз жеп, же сатарбыз,- дегенде энеси макул болот. Жигит беш коюн тең соёт. Беш коюнун беш жүрөгүн салып, кайырчы ыраазы болсун деп бышырып берет. Кайырчы бир гана жүрөгүн жеп:

-Мен өзүм жүрөктү бул жерге олтуруп жалгыз жеп алганым болбойт, балдарым ач, балдарым менен бирге олтуруп жейин, -деп калган төрт жүрөгүн үйүнө алып кетмекчи болот.

Анда жигит:

-Мейлиңиз, ыраазы болсоңуз болду, -дейт.

Кан түн боюнча башка кишилерге көрүнбөстөн өзүнүн кандык ордосуна барып, жигиттин берген төрт жүрөгүн вазирлердин берген нандын кургаган калдыктарын жана башка артып калган тамактарын алып барып, кан отурган жериндеги сандыгына салып коёт.

Бир нече күндөн кийин, кан эки вазирин чакыртып алып, кой союп жүрөгүн берген жигитти да чакыртат.

Кан вазирлерден:

-Марттык эмнеде, дүнүйөдөбү же адамдын өзүнүн сөөгүндө бүткөн марттык болобу? -деп сураганда вазирлери:

Марттык дүнүйөдө болот. Кимдин дүнүйөсү көп болсо, ошол март болот, -дейт.

-Силердин дүнүйөңөр барбы, же жокпу? -деген кандын суроосуна вазирлери:

-Биздин дүнүйөбүз өзүбүзгө жетиштүү. Дүнүйөбүз арбын,- дейт.

Вазирлерине кан ачуусу келип:

- Палан убактыларда кайырчы болуп, силердин үйүңөргө барган мен болчумун, кана силердин марттыгыңар, дүйнөңөр көп болсо, тамактын калдыктарын, сындырылган нандын күкүмдөрүн берет белеңер, -деп аларга баягы каткан-куткан нандарды көрсөтөт.

- Мына март деп, мен үйүнө барганда малай жүрүп, алып келген беш коюн союп, жүрөгүн бышырып берген жигитти айт,- деп кан эки вазирин ордунан түшүрөт:

- Марттык малда эмес, ал адамдын сөөгүнө бүткөн дилинде болот!

Ошентип хан малай жүргөн жигитти вазир кылып алат.

***

# БАЙДЫН ЭРКЕ БАЛАСЫ

Илгери-илгери бир байдын жалгыз эрке баласы болгон экен. Ал бала: «О атамдын ушунча малы, дүнүйө-мүлкү, өзүмдүн сулуу аялым бар. Атам өлсө да мен эч нерседен кор болбойм», - деп ойлочу экен. Баланын колуктусу акылдуу болот.

Күндөрдүн бириндe атасы өлүп, энеси, аялы үчөө калат. Атасынын жыйган мүлкү, малы түгөнөт. Эч кандай оокат кылар нерсеси жок калганда, баланын колуктусу:

-Ой, атаңдын жыйып берген мал-мүлкү, дүнүйөсү түгөндү. Сен иштеп оокат тапсаң боло, -дейт күйөөсүнө.

Анда күйөөсү:

-Жо-ок, мен иштебейм, сени кайтарып олтура берем. Болбосо сулуулугуңа кызыгып бирөө алып кетпесин, -дейт.

Анда келинчеги:

-Жо-ок, мен сенден бөлөк эч кимге көңүл бурбайм. Сага мен бир гүл берейин, ошону жакаңдан түшүрбөй тагып ал, эгер ошол гүл соолуп калса, анда мени бирөө алып кеткени! Жок, эгерде соолубаса, кетпегеним, -дейт.

Бала аялынын бул айтканына макул болуп, бир шаарда жашаган үч бир тууган байга малайлыкка барат. Үч бир туугандын улуусунун аты -Адыл, ортон-



чусунун аты - Мадыл, кичүүсүнүн аты – Жалын экен. Ошентип бала оокат кылып жүрө берет.

Күндөрдүн бириндe Адыл:

-Ой, иним, алдагы жакандагы кызыл гүл эмнең, – деп баладан сурайт.

Анда бала:

- Бул менин аялымдын белеги. Эгер ушул гүл соолуп калса, аялымды бирөө зордуктап алып кеткени. Соолубаса, аялым мени күтүп үйдө отурганы, -деп сырын айтат.

- Ал аялың кандай, кереметтүү неме беле? -деп Адыл сурайт.

Анда бала:

-Аялым дүйнөдө жок ашкан сулуу, -дейт.

Ошондо Адыл: «А бул бала кем акыл турбайбы. Мен буга билгизбей мунун үйүнө барып, байлыгымды айтып, сулуу аялын бузуп алайын», -деп ойлонуп калат.

Күндөрдүн биринде Адыл баягы келиндин үйүнө келет. Келсе, баланын аялы жакшынакай кабыл алып, коюн союп, коногун кылат. Жатаар мезгилде аял эшиктеги баланы чакырып:

- Коноктун атын жайла, -дейт.

- Атты кандайча жайлайм? -деп бала сурайт. Анда келин:

- Атты ала баканга аса байла, төрт туягы булганып, конок капа болбосун, төрт туягын сыйпалай таза байла, -дейт.

Ал сөз атты тазалап союп, этти ала баканга аса байлап, илип кой, төрт туягын тазала дегени, терисин жайып, туздап кой дегени экен.

Андан кийин келин балага:

-Куш коңгуроо чалбасын, муну байка, -дейт. «Куш коңгуроо чалбасын муну байка» дегени эшикти калдыратып дабыш бер дегени экен.

Бала атты байлап, ишти жайлап, эшикти кагат. Эшикти какканда келин тура калып конокко карап:

- Кокуй, конок аке, айып этпей тура кал, кайненем катуу киши эле, каарданып келе жатат,- деп үй астындагы ордун оозун ачат. Конок чуңкурдун түбүндө калат, келин шып этип ордун оозун мыктайт. Тыптынч жакшынакай уктайт. Ошо боюнча конок эшикке чыкпайт. Эртең менен эрте, таң агарып атканда, тараза жылдыз батканда келин:

- Бу да сиздин насибиңиз, – деп эки сындырым нанды конокко таштайт.

Андан кийин баладан сырды сурап билип, Адылдын үстүнө Мадыл, экөөнүн үстүнө өрт жалындай Жалын барат. Үчөө бир чуңкурга түшүп калат. Ошентип акылман келин үчөөнүн бирдей акылын табат. Ошондуктан ушундай аялдарды упалуу аял деген экен.

Күндөрдүн биринде баягы бала иштеп таап келген оокаты жок кур алакан үйгө келет.

-Алган нерсең кана? Бир жыл бою талаалап жүрдүң, бир тыйын тапкан пулуң жок. Сенин тапкан пайдаң кайда? Үч байдын өзүн же өлүгүн көрсөтөйүнбү? -дейт аялы.

- Кой, өлүгүн көрсөтүп эмне кыласың, өзүлөрүң көрсөт, – дейт. Анда келин:

- Кой, өзүлөрүн көрсөтсөм, түбү өзүңө зыян болор, -деп келин айтса, бала кежирленип болбой ордун оозун ачып, баягы Адыл, Мадыл жана Жалынды чыгарып алат.

Ошондо баягылар:

-Биздин аттарыбыз кайда? -деп келинден сурашат. Анда келин:

- Ала бакандан сурагыла, -деп жооп кайтарат. Баягылар:

- Ала бакаың эмне? -деп барышса, аттын туягы, кулагы ала баканда илинип турат.

Ошондо Адыл, Мадыл жана Жалын: «Бул келин өзү сулуу болгону менен акылы ашкан шум келин экен. Биздин төбөбүзгө жете электе көзүнө көрүнбөй эптеп качып кетели», – деп түнү менен качып кетишет.

Ошентип бала акылдуу аялы менен түбөлүккө бактылуу жашап калган экен.

***

## ЖЕТИМ БАЛА

Илгери-илгери бир жетим бала болгон экен. Ал бала бир байдын колунда коюн багып, эптеп күнүмдүк оокатын өткөрүп жүрөт. Бир күнү бала байдын малын жайып коюп, өзү уктап калса, малын жортуп жүргөн ууру айдап кетет. Бала ойгонсо, койлорунун бирөө да жок. Чочуган бойдон кырдан-кырга чуркап койлорун издеп жөнөйт, бирок эчтекенин дайны жок, жалпайып бир жерге барып отуруп калат.

Аңгыча алыстан үч караан көрүнөт. Малынан үмүт кылган бала буту жерге тийбей баягы караанды көздөй дагы чуркайт. Жетип барса, ал жерде үч киши отурат. Бала:

- Байкелер, мен коюмду жоготуп издеп жүрөм, көрдүңөрбү? Мага жардам кылып койгула, болбосо, бай мени өлтүрүп коёт, -деп жалынат.

- Мунун бышыктыгын кара. Кой көрдүңөрбү дейт тура, -деп уурулар баланы кармап алып эсин оодара урушат. Көпкөн немелер баланы көтөрүп алышып ээн талаа, эрме чөлгө ташташат.

Бир оокумда асманда айланып жем издеп жүргөн бир чоң бүркүт баланы көрүп тумшугу менен тике сайылып жерге түшөт да, баланы асманды көздөй алып, сызып жөнөйт.

Канатын күүлөп учуп отуруп, бүркүт бир зоокага барып конот. Бала эсине келип көзүн ачса, жанында калкайган кара бүркүт жүрөт. Баланын тирүү экенин көргөн бүркүт ордунан козголуп кайра учуп жөнөйт.

Бир топтон кийин бала эсин жыйып эки жагын караса, адамдын эскирген жана жаңы сөөктөрү жайнап жатканын көрөт. Баягыларды көрүп баланын зээни кейип ыйлайт.

Айланасын караса, жол жок, кылычтын мизиндей аркайган аска-зоонун кырында турат.

Бир оокумда кырк нар жетелеп кербенчилер келет. Алар баланы көрүп:

-Ай, бала, алдагы тоонун башынан, алтын-каухар ташынан кырк төөгө жүк чыккандай кулат. Анан сени биз эптеп түшүрүп алабыз, -дешет.

Баягы бала кербенчилердин тилине ишенип алтын-каухардан кырк төөлүк кылып кулатат да:

-Байкелер, эми мени түшүрүп алгыла, -дейт. Кербенчилер:

-Эми бир келгенде түшүрүп аларбыз, ошол жерде жата бер, -деп кырк төөгө алтын-каухар жүктөп, үч кербенчи кете берет. Чарчаган бала катуу уктап калат. Эртең менен ойгонуп, дагы түшүүнүн айласын издеп бир топ аракет кылат. Бирок зоокадан эч жол таппай катуу капа болот. Бала дагы тырмалап жол издей баштайт. Ошентип отуруп бир жерден билинер-билинбес бир кишинин изи баткандай жылчык көрүнөт. «Эми тобокел, ушул жылчык менен эптеп кыялап түшүп көрөйүн», – деп бала баягы жылчыкты көздөй барып, коп кыйынчылыктар менен акыры жерге түшөт.

Ошол жерден жүрүп отуруп, жүрүп отуруп бир мээ кайнаган ээн-талаа, эрме чөлгө келет. Бала тери шорголоп, каны катып суусап, эмне кыларын билбей турса, бир жерде оймоктой булакты көрөт. Ал булактын жанында үч аппак улак ойноп турат. Бала баягы булакка бети-колун жууп, суусуну канганча ичип, тегеректи карап олтурса, баягы үч улак секирип бышкырып, таманын такылдатып, көкүлүн сексендетип жолго түшөт. Бала да баягы үч улактын артынан түшүп жөнөйт.

Нечен күн, нечен түн жол жүрүп, каны калып бир кашык, эти калып көк жашык, буту серпилбей калганда бир караан көрүнөт. Бала ошого жетейин деп тырмышып олтуруп келсе, жети бөлмө там турат. «Кандай болсо да ушул жерде бир адам бардыр», – деп бала тамдын түбүнө жатып уктап калат.

Кеч бешимде бала керилип уктап жаткан мезгилде бир абышка келет. Ал абышка келип, баланын ары жагына, бери жагына чыгып байкап:

-Бул жерге адамзат келчү эмес эле. Кайдан келген бечара болду экен? -деп таң кала карап туруп басып кетет. Көрсө, ал аксакал ошол жердеги канаттуу куштардын эсебин алган экен.

Бир оокумда бала ойгонот, абышканын жанына барып салам айтат.

Абышка:

-Ээ, балам, бул жерге адам баласы келчү эмес эле. Сен кайдан келдиң? -деп сурайт.

Ошондо бала башынан өткөн-кеткенин төкпөй-чачпай айтып берет. Абышка баланын башынан өткөргөндөрүн угуп олтуруп:

-Адамзаттын чегинен чыгып, перилердин чегине келипсиң. Бул жерден эми кетишиң кыйын, -дейт.

Анда бала:

-Кетишим кыйын болсо, ата, сизге эле бала болоюн, -деп суранат.

Абышка макул болуп, алты бөлмө үйүнүн ачкычын берет. Бирок бир бөлмөсүнүн ачкычын бербейт. Баягы

алты бөлмөдө дүр-дүнүйө, ар түрлүү тамак-аштар көп экен. Бала тамак-аштан ичип-жеп жүрө берет.

Бир күнү бала отуруп: «Атам мага алты бөлмө үйдүн ачкычын берди. Бир бөлмөнүн ачкычын сурайын, берсе берээр. Бербесе уурдайын», -деп ойлонот да, абышкадан бала ачкычты сурайт. Анда абышка:

– Ээ, балам, ал ачкычты сурап эмне кыласың? Азапка башың чырмалат. Ал азаптан кутулбай, артыңда бир топ чыр калат, -десе бала болбойт.

Акыры бала абайлап туруп, жетинчи бөлмөнүн ачкычын уурдап алып ачса, алтын түркүк, күмүш бакан, чынар терек, түрлүү гүл, Чатыр-Көл бар экен.

Карап отурса бир үч көгүчкөн учуп келип, Чатыр-Көлдүн жээгине конуп, адамзаттай тил кирет.

Баягы үч көгүчкөн сүйлөшүп, улуусу:

- Ээ, бул жерде адамзаттын жыты жыттанат, -дейт. Ортончу көгүчкөн:

- Ооба, эжеке, чын эле адамзаттын жыты жыттанат, -дейт. Кичүүсү:

- Адамзат бул жакка келбейт. Эчтеме жок эле турат. Булардын мурунунун жыттуусун! -деп кичүүсү кебин чечип ыргытып жиберсе, күндөй сулуу кыз болуп калат.

Муну көрүп бала тура калса, эки көгүчкөн чочуп кетип учуп кетет. Бала баягы кыздын көгүчкөн көйнөгүн барып басып калат. Бу перинин кызы этин күнгө да, адамзатка да көрсөтпөй түшөт экен.

Баягы кыз көлдөн акырын чыгып жигитке басып келет да:

-Ээ, жигит, болуптур, сен менин этимди да, бетимди да көрдүң. Көгүчкөн көйнөгүмө дагы колуң тийди. Эми мен адамзат жыттанып калдым. Никем сага түшкөн экен.

Бирок иш кыйын, катуу жакырчылык тартабыз, менин көйнөгүмдү бер. Барсам деле ата-энем адамзат жыттанып калыпсың деп, үйгө киргизбейт бу жерге турсак атам сени да, мени да өлтүрүп коёт. Мен барып ата-энемден эптеп уруксат сурайын, -деп жалынса бала болбойт. Акыры экөө жетелешип баягы куштун эсебин алган чалга барышат.

Ошондо чал балага:

- Балам, пери деген ушул. Кой десе болбой колго, чач кирпигиңден көп шорго түштүң. Болуптур, бул кыздын көйнөгүн бер. Мунун атасы-перилердин падышасы. Бөөдө өлүмгө дуушар болосуң. Бу кыз үйүнө барып келсин. Баары бир үйүнө барганда деле «адамзат жыттанып калыптырсың» деп үйүнө жолотпойт, -деп абышка көйнөктү алып берет.

Ушуну менен баягы кыз көйнөктү алып, көзүнүн жашын көл кылып, эки эжесинин артынан кетет.

Эки эжеси үйгө мурун жетип, берки байкуш артында калып, караңгыда барат. Ата-энеси суракка алып, кызды караңгы жерге камап салат.

Эртең менен эрте эне-атасы туруп, кызын кашына чакырып алып, сөзүн угат. Кыздары төкпөй-чачпай

көргөнүн айтып берет. Ошондо перилердин падышасы, кыздын атасы:

-Өлүмгө даба, ууруга айла жок, никең ошого түшүп калды. Быяктан канаттуу куштун кебинен алып барып, күйөөңдү алып кел, -деди.

Кыз балага канаттуу куштун кебин кийгизип, ата-энесинин астына алып келди.

Ошондо кыздын атасы:

-Болуптур, балам, таруудай калың берип алгының, -деп буйрук берди.

Бала:

-Мен калыңды кайдан табам. Калың эмес менин таруум да жок, -деди.

Анда кайын атасы:

- Тарууну сен таппасаң мен табам, -деп бир кап кара тарую, бир кап ак тарую берип:

- Кара тарую менен ак тарууну аралаштырып, жети жолу желден өткөрүп сапырып, эки бөлүп эки жерге коюп, ак таруунун ичинде бир томолок кара тарую, кара таруунун ичинде бир томолок ак тарую калбасын, экөөнү таң атканча терип чык, -деп буйрук берди.

Муну угуп бала айласы кетип зарлап ыйлап колуктусуна келет. Колуктусу:

- Эмне буйрук алдың? -деп сураса, бала:

- Ээ эмнесин билейин, «ак тарую менен кара тарууну экиге бөл» деп буйрук кылды атаң, -деди.

Анда колуктусу:

- Ээ, ал эчтеке эмес, андан коркпо, уктап жата бер. Бирок атам эрте турат. Ошол учурда эки кап таруунун ортосунда бол,- деди.

Жигит макул болуп уктап жата берди. Кыз таң атканча перинин кыздарына тарууну тердирип койду.

Эртең менен жигит эрте туруп баягы тарууну терimиш болуп отуруп калды. Кайнатасы келип, баланын тарууну бөлүштүрүп койгонун көрүп:

- Эми экинчи буйругумду берейин, -деп экинчи буйругунда андан да күчтүү кызмат берди.

- Айнектен эки катар жети бөлмө там салып бер. Жети бөлмө тамдын бирөөндө алтын чынар орногон май күл, анын ичинде алтын балык болсун. Чынар теректин үстүнө тоту куш консун. Бирөөндө күмүш чынар орноп, сүт көл болсун. Сүт көлдүн ичинде күмүш балык ойноп, күмүш чынардын үстүнө күмүш куйрук булбул конуп, алтын балык сүткө секирип, күмүш балык май көлгө түшүп, биринин балыгы бирине барып ойноп турсун, -деди.

Жигит капа болуп, кыйналып үйүнө барып:

- Атаңдын буйругун кантип аткарам? -деп жубайынан сурады. Анда кыз:

- Сен буга кыйналып капа болбо.

Мен муну таң атканча бүтүрүп, иштеп коём, -деп күйөөсүнүн санаасын тыңдырды.

Баягы кыз атасынын айткандарын аткарды. Кыз эртең менен эрте туруп, жигиттин колуна алтын балканы берип:

-Айнекти сындырбай, босого жаккы көзүн акырын тыкылдатып тур, -деди.

Бала эртең менен эрте туруп, колуктусунун айтканын кылды. Ошондо кайын атасы каарданып, кабагына кар жаап, мурутуна муз тоңуп, андан да катуу буйрук берди.

«Эми эки буйрук беремин, ошону аткарып кетсең кызымды ал. Менин биринчи буйругум, үч кызым коёндой окшош. Ушунун улуу, кичүүсүн туулгандан бери өзүм билбейм. Өз колуктуңду өзүң таап ал» -деди кыздын атасы.

Бала колуктусунун жардамы менен кайнатасынын ал буйругун да аткарды.

Каардуу кайнатасы ага да болбой баланы кыйнап дагы буйрук берем дегенде бала менен кыз бел байлап качып чыгышты. Кайнатасы кыз менен жигиттин аркасынан куугун жиберди. Куугунчулар жете турган болгондо кыз сыйкырлап, жигит менен өзү бөдөнө болуп жерге түштү. Аны бүркүт болуп эки жигит теберинде жигит менен кыз таруу болуп чачылды. Эки жигит таранчы болуп теренинде жигит менен кыз жылан болуп жерге сойлоду. Эки жигит жыланды бармагына чаларында, кара ташка чабарында ак балык болуп кара сууга ойноду. Кайырмак ийип, кара сууга салып, кара суунун түбүнөн ак балыкты эки жигит ала албады.

Кандын тапшырмасын аткара албай эки жигит кайра үйүнө кайтты. Ошондо кыздын атасы каарын төгүп

кыздын соңунан түштү. Кыз менен жигит атасынын келерин билип, шумкар менен көгүчкөн кебин кийип, зымырап катуу учту. Алпкаракуш менен күркүрөп, аркырап жетээринде, шумкар менен көгүчкөндү куйругунан сермеп өтөрүндө, шумкар менен көгүчкөн перилердин чегинен чыгып, адам болуп, адамзаттын эл-жерин көрдү. Бала кызды шаркыраган суунун боюна коюп, өзү: «эл аралап, ал-жайын билип келейин» -деп кеткен мезгилде камыштуу токойдун арасынан бир каман чыга калып пери кызды чалып салды. Жигит келсе, кыз катуу жарадар болуп жатат. Өлөрүндө кыз күйөөсүнө:

- Эми сен экөөбүз түбөлүккө коштошобуз. Мени күн чыкканча кайтарсаң көмөсүң, күн чыкканча кайтара албасаң, көгүчкөн көйнөгүм колуңда калды, сөөгүмдү алдырып жиберип, артымдан калбай өлөсүң, -деп кыз керээз айтты.

- Ошол тилиңди аткарам, таң атканча карап турам. Үстүңө алтын күмбөз курам. Өмүрүм өткөнчө ушул жерде өзүңө кызмат кылам, -деп жигит убадасын берген. Бала таң атканча карап, таңга маал таң сүрө, талыкшып көзүн жумду. Каардуу кайын ата каарданып колун сунду. Жибек чачтан бармакка ороп, кыз менен жигитти башка урду. Ошону менен жигит күйүтүнө чыдабай көгүчкөн көйнөгүн көөдөнүнө басып өлүп тынды.

***

## ЖЭЭРЕНЧЕ ЧЕЧЕН БАЯНЫ

Кайсы бир мурунку мезгилде Жээренче чечен аттуу адам жашаган. Ал өз мезгилиндеги акылдуу, сөзгө чечен, көрөгөч адам экен. Анын Төлөмырза деген кем акыл уулу болгон. Ал жалганчы, жалкоо болуптур. Бир күнү Жээренче чечен бир жактан келсе, уулу элдин ортосуна туруп алып мактанып жатыптыр:

«Мен элик аттым эле, менин огум бутунун учу менен кулагынын учуна тийди» деп. Аны угуп Жээренче:

«Ээ, уулум, сен элик буту менен кулагын кашылаганда аткан экенсиң да» - деп анын сөзүн тууралаптыр.

Баласынын акылсыздыгын көрүп Жээренче чечен уулуна акылдуу колукту издөөнү эп көрөт. Жээренче чечен баласын ээрчитип жолдо келе жатып: «Ат жалына казан ас» деди. Төлөмырза түшө калып, аттын жалына от коюп, өрттөп жиберди. Жээренче чечен: «Ээ, балам, ат жалына казан ас» деген канжыгадагы тамакты ат үстүнөн жейли деген сөз болот» - деди. Дагы бир топ узагандан кийин: «Балам, узун жолду кыскарт» - деди. Төлөмырза түшө калып жолду кетмендеп калды. Жээренче чечен: «Жолду кетмен менен кыскарта албайсың, балам, «узун жолду кыскарт» деген өткөн-кеткенден кеп сал деген болот. Кеп адамга эрмек болот, жолдун кандай өткөнү билинбей калат. Узун жолду жүрүштүү ат менен кызык сөз кыскартат, - деди.

***

# ДОСТУК

Илгери-илгери бир кашкулак менен бир үпүп экөө кыйышпас дос болушуп, бири-бирине касташпоого убада кылышып, ант беришип, дайым бир жүрүшөт.

Канаттуулар үпүптү убадага бек, сөзгө туруктуу дешип, өздөрүнө бий шайлап алышат.

Үпүп ар күнү арызданып келген канаттуулардын арыз-датын угуп, аларга калыс туруп, эч кимисине жаман айтпай, көңүлдөрүн калтырбайт. Туура жүрүп, кадыр-баркы артып, атак-даңкы чыгып, токойдогу бүткүл жан-жаныбар, канаттууларга угулат. Үпүптүн алдынан чыккан айбанаттар ийилип салам берип урматташып, мындай сый-урматка манчыркап көбө баштап, кыял-мүнөзү өзгөрүп толкундап турган учурда баягы кашкулак досу эсине түшөт. Ал досун алдырып алып, ага:

-Экөөбүздүн достугубуз чын болсо, семизибизди соёлу, эт-майына тоёлу, -дейт.

Кашкулак үпүптүн көпкөнүн билет да:

-Үпүп дос, экөөбүз кыйышпас жан элек. Канаттуулардын калыс бийи элек, сөзүң эки болбосун, сенден семизмин, тамагың таза болсун, тумшугуңду сууга жууп, тазалап туруп, союп жегин, -дейт.

Үпүп досунун айтканына кубанып тумшугун жууш үчүн сууга учуп барат да:

-Дарыя, дарыя, мага сууңдан бергин, тумшугумду жууп тазалайын, досум кашкулак этин бермек болду, семиз экен этин жейин, -дейт.

Дарыя бул досун жейин деген кандай келесоо неме деп жана кашкулакка боору ачып, ары-бери толкуп чайкалат да:

-Суу берейин, бирок идишим жок, карапачыларга баргын да идиш алып келгин, -дейт.

Үпүп карапачыларга барып:

-Бир карапа бергиле, ага суу алайын, сууга тумшугумду малайын, кашкулак досум семиз экен, этин жейин, -дейт.

Карапачы өзүнүн досун жейин дегенге ачуусу келип:

-Сен талаага бар да, топурак алып кел, мен сага карапа жасап берейин, -дейт.

Үпүп талаага учуп барып:

-Талаа, Талаа! Топурагыңдан берчи. Мен аны карапачыга алып барайын, ал мага карапа жасап берсин! Карапага суу алып, тумшугумду малып тазалайын да кашкулак достун этин жейин, -дейт.

Талаа:

-Топуракты каза турган күрөгүм жок, сен тоодогу кийикке баргын да, мүйүзүн сура. Ошол мүйүз менен топурагымды казып алгын, -дейт.

Үпүп учуп жүрүп олтуруп улуу тоого чыгат, кырды кыдырып, сырды сыдырып жүрүп, арсак-терсек аскада оттоп жаткан тоо текени көрөт.

-Мага мүйүзүңдү бергин, мүйүзүң менен топурак казып алайын, топуракты карапачыга берейин, ал ка-

рапа жасап берсин, ал карапага суу алайын, сууга тумшугумду малайын да, жууп-тазалап кашкулак досумдун этин жейин, -дейт.

Тоо теке ачуусу келип:

- Мүйүзүмдү бербеймин, кыйын болсоң, ит алып келип тиштетип алгын, -дейт.

Үпүп кайра түздөгү жашап жаткан элге учуп келип, айылдан ит карайт. Кыдырып жүрүп бир итти көрөт, ага кайрылат:

-Ой, ит, кеттик. Тоодо бир теке оттоп жүрөт. Ошону барып тиштегин, этине тойгун. Мен болсом мүйүзүн алайын, ал мүйүз менен топурак казайын, топуракты карапачыга берейин, карапачы карапа жасап берсин, мен анан ага суу алайын, тумшугумду малайын да, таза жуунуп, кашкулак досумдун этин жейин, -дейт.

Ит:

- Кийикти кууп тиштөөгө күч-кубатым жок, курсагым ач, мага сүт алып келип бергин да тойгузгун, анан текени тиштеп берейин, -дейт.

Үпүп малдын жайытын көздөй учуп жөнөйт. Жайыттан эрменди сыдырып жеген, тоо тулаңын кыдырып жеген бир эчкиге жолугат, ага:

-Сүтүңдөн бер, мен итимди тойгузайын, ал анан тоо текени тиштесин, мен мүйүзүн алайын да, топурак казайын, аны алып барып карапачыга берейин, ал мага карапа жасап берсин, ошол карапа менен суу алып, сууга тумшукту малып тазаланайын да, кашкулак досумдун этин жейин, -дейт.

Эчки үпүпкө ачуусу келип:

-Карыдым, улагымды да тойгуза албаймын, же тоонун туланына жетпеймин. Сен тулаң алып келсең, мен дардайып тоюп, анан сага сүт бербейминби, -деп тетириленди.

Үпүп жүткүнүп учуп, тоонун туланына жетти:

-Эй, тулаң, чөбүңдөн кайрылыш, мен эчкиге берейин, ал жеп тоюп, сүт берсин! Аны итке берейин, ит тоюнуп, тоо текени тиштесин, мен мүйүзүн алайын да, топурак казайын, аны карапачыга берем, ал мага карапа жасап берсин, ага суу алайын, тумшугумду малайын, анан тазаланып, досумдун этин жейин.

Тулаң «өзүнүн досунун этин жейин деген мында уят да, намыс да, досчулук да жок турбайбы» деп ачуусу келет:

-Баргын да орок менен оруп ал.

Үпүп түздөгү айылга келет. Издеп жүрүп устаны табат. Темир уста өзүнүн досун жеймин деген мыкаачыны жоготоюн дейт да, үпүпкө:

- Тетиги кампада көмүр бар, ошол көмүрдү алып келгин, орок жасап берейин, -дейт.

- Үпүп кампага кирет. Уста эшикти жаба салат. Үпүп кампада камалып жатып өлөт. Ошондон улам элде «бирөөгө ор казсаң тайыз каз, өзүңдүн чыгарыңа жакшы» деген макал айтылып калган экен.

***

## ЗЫЙФЫРЫМ

Илгери-илгери бир кандын уулу өз вазиринин кызын алган экен. Күн өткөн сайын кандын уулуна «Өзү кандын баласы болуп туруп вазиринин кызын алды. Башка падышанын балдары бүт кандын кызын алып жатат. Бул деле ошентсе болмок, бул кыз анын теңи эмес» деген сөздөр угулат. Бул өңдүү сөздөрдү уккан сайын кандын баласынын жини келип, аялын ура баштайт.

Күндөрдүн биринде кыздын жеңеси келип:

-Өзүң вазирдин кызы болсоң, күйөөң кандын баласы болсо, эмне көңүлүң пас, эмнеге жүдөйсүң? -деп сурады.

Кыз мурун айтпай коюп, үчүнчү жолу сураганда араң айтат. Жеңеси кыздын энесине айтат. Энеси:

-Сени антип жүрсө, Мисир падышасынын Зыйфырым деген атагы чыккан кызы бар, күйөөңдү ошого барып кел деп жумша, -дейт.

Вазирдин кызы күйөөсүнө айтат. Ал эртеси бир ат минип куржунга кымбат баалуу мүлктөрүн салып алып, жолго чыгат. Бир нече күндөн кийин суунун жээгине келип олтурса, суудан килем жамынган эки жигит, бир кыз болуп чатыраш ойной башташат. Муну көрүп турган кандын уулу келип:

- Ушул кантип калыстык болсун, силер экөө, кыз жалгыз, -дейт. Алар бир оостон:

- Сен деле кел кыйын болсоң жекеме-жеке ойноп, бизди утуп алгын. Эгер уттурсаң мал-мулкүн биздики болот, -дешет.

Кандын уулу макул болуп, алар менен ойноп уттуруп жиберет.

Жөө сандалып жүрүп отуруп, жүрүп отуруп, араң Мисир шаарына келип Зыйфырымдын үч шартын угат. Көрсө, падышанын кызы: «Эгер кимде-ким мени бир түндө үч жолу сүйлөтө алса, мен алдынан кыя өтпөй, өмүр бою кызмат кылам. Эгер «сүйлөтө албаса, өлүмгө буйрулат, -деп жар чакырткан экен. Кандын уулу Зыйфырымга келип, нечен түрлүү айла-амалын кылып сүйлөтө албай коюп, шарт боюнча дарга асылмак болот. Ошол мезгилде кыздын энеси келип:

-Кызым, көп эле кишини дарга астырдың, ушул жигиттин канын кечирип мага бер, мен малай кылып алайын, -дейт.

Кыз ага макул болот. Ошол мезгилде жигиттин өз жеринде калган аялына жеңеси келип:

- Өзүң вазирдин кызы болсоң, ура берүүчү күйөөң деги жок. Ээн-эркин, эми неге көңүлүн пас? -деп дагы сурайт. Анда кыз:

- Жаман да болсо баркырак төөнүн бары жакшы экен. Күйөөм үйдө эле жүрө берсечи, эми кайра аны сагынып, санаам тынбай кайгырып жүрөмүн. Ага барып келбесем болгудай эмес, эми барууга даярданып жатамын, -дейт.

Ошентип кыз эркекче кийинип, ак калпакты баса кийип, мүлкүн алып, атка минип, камданып алып жолго чыгат.

Жүрүп отуруп, жүрүп отуруп баягы күйөөсү келген суугa келет. Килемчен эки жигит менен колуна чатыраш кармаган кыз теректин түбүнө келип, эки жигит, бир кыз болуп ойной башташат. Аны көргөн кыз аларга карап:

- Ушул кантип калыстык болсун, силер экөө, кыз жалгыз, -дейт.

- Андай болсо кел, сен биз менен жекеме-жеке ойноп жеңип ал, кыйын болсоң, эгер жеңилсең мал-мүлкүң биздики, -дешет.

Вазирдин кызы ойноп аларды утуп алат. Утулгандан кийин алар:

-Биз үчөөбүз тең перинин уул-кыздары болобуз. Бир маал ушул теректин түбүнө келип эс алабыз. Себеби, бизди энебиз ушул теректин түбүндө төрөптүр, -деп сырларын айтышат.

Анан алар тиги «жигиттин» кайда, эмне иш менен баратканын сурашат. «Жигит» өзүнүн бара турган жери менен максатын айтып берет. Ошондо баягы перинин уул-кыздары:

-Анда сенин ишиң оор экен, ага биздин падышанын уулдары да барып, сүйлөтө алышпай өлүмгө дуушар болушкан. Сага биз жардам берели, балким, жеңип кетерсиң, өлүмдөн калып, -дешет.

Биз үчөөбүз кыздын бөлмөсүнө кирип бирөөбүз керебет, бирибиз олтургуч, бирибиз сандык болуп кубулабыз. Сен кирип кызды сүйлөтө албаган соң:

-Зыйфырым, капкалуу шаарымды, туулган жерим менен өскөн элимди таштап, атайын бир өзүң үчүн келсем неге унчукпайсың, ушунчалык жүрөгүң таш беле, жок дегенде, Керебет, сен сүйлөсөң боло! -деп мени таягың менен бир чаап койгун. Ошондо мен сага сөз сүйлөйм. Аны тескери чеч. Ошентип калган экөөнүкүн дагы оң чечпей, тескери чечип жооп бер, -дешет.

Алар айткандай эле кызга келип сүйлөтө албаган соң, керебетти бир чаап перинин кызынын сөзүн кайталайт. Керебет сүйлөй баштайт:

- Мурун Мухарам деген падыша болгон экен. Анын үч уулу болуп, күндөрдүн биринде падыша үч уулун чакырып алып: «Силер мага кымбат баалуу бир нерсе сатып келгиле. Мен алардан силердин акылыңарды билгендей болоюн», -дейт. Үч уулу Шам шаарына келип, улуусу жер үстүн заматта айланып чыга ала турган ат, ортончусу бүт аалам көрүнүп тургудай күзгү, кичүүсү жыттатып койсо, өлгөн адамды тирилтчү алма алып келишет.

Алар: «Эми булардын касиетинин тууралыгын текшерип көрөлү» -дешип карашса, Куфа шаарынын падышасынын кызы өлүп, жаңыдан койгону даярдап жаткан экен. Кандын балдары кеңешип: «Алдыбызда ааламды айланып уча турган ат, өлгөндү тирилте тур-

ган алмабыз турса, биз падышанын кызын тирилтип алып келбейбизби» - дешет. Үчөө туура көрүшүп падышанын кызына барып тирилтип алышат.

Бирок эми ал кызды мен алам, сен алам болуп талашып киришет. Кызды ким алышы керек? -деп керебет суроо менен бүтүрөт.

- Андай болсо, кызды күзгүнүн ээси алышы керек, ал болбосо көрүшмөк эмес, -дейт бала. Ошондо Зыйфырым чыдай албай:

- Жок, кызды алманын ээси алышы керек, күзгүдөн көрүп ат менен келген менен алма болбосо ал тирилмек эмес -деп жиберди.

Ошол замат он эки капкасынан тең Зыйфырымдын бир жолу сүйлөгөндүгү жөнүндө кабар берилет.

Экинчи жолу бала отургучту чаап сөзүн кайталайт. Ал да сүйлөй баштайт:

-Бир кемпирдин балтыр бешик баласы болуптур. Күндөрдүн биринде уулунун сүтү түгөнүп калып, кемпир базарга барып, сүт алып чуркап келатса, бир айры куйрук жыланды илип алып, көтөрүп учуп бара жаткан болот. Жылан уусун кулгуп, бир тамчысы кемпирдин алып бара жаткан сүтүнө таамп калат. Муну кемпир билбейт.

Үйүнө келип баласына берер замат баласы өлөт. Күнөө кимде? -деп отургуч сөзүн суроо менен бүтөт. Бала дароо:

- Күнөө кемпирде. Себеби ал сүттүн үстүн жаап койгондо уу түшмөк эмес, -деди. Анда Зыйфырым:

- Жок, күнөө айры куйрукта. Ал жыланды асманга алып учпаса, сүткө уу таммак эмес, -деп жиберди.

Шаардын бардык тарабына Зыйфырымдын экинчи жолу сүйлөгөнү жөнүндө кабар берилет. Бала үчүнчү жолу сандыкты чаап сөзүн кайталаганда, ал да сүйлөй баштайт.

- Бир токойду баш кесер каракчылар уюктаган. Ошол жердин каны менен вазиринин балдары бир күнү каракчылардын колуна түшүп калышат. Кандын баласы эч нерсе билбеген, вазирдин баласы кыйын айлакер болот. Алар ал жерден эптеп амалын таап бошонуп чыгышат. Ал жерден ким алып чыкты, кимисинин эмгеги көбүрөөк экен? -деп сандык сөзүн суроо менен бүтүрөт.

- Кантсе да кандын баласы эмеспи, аны өлтүрө да алышмак эмес, ошол үчүн коё беришти, -деди бала.

Анда Зыйфырым үчүнчү жолу:

-Жок, эмгек вазирдин баласыныкы, ал болбосо кандын уулу эч нерсе кыла алмак эмес да, каракчылар аларды өлтүрүп коюшмак, -деди.

Ошол замат кандын кызынын үч жолу тең сүйлөгөндүгү жөнүндө шаардын капкасына чейин кабар угулуп, Зыйфырым баягы убадасы боюнча жигитке тиймек болду. Ошондо вазирдин кызы элди жыйып:

-Тойго шаардын ичинен бир да адам калбай келсин, -деди.

Эл жыйналганда: Бир да адам калган жокпу? -дейт Зыйфырым.

-Баягы энем өлүмдөн алып калган кызматчы жигит калды,- деди.

Жигит аны да алдырып келип, өзүнүн күйөөсү экенин тааныды. Анын чачын алдырып, алган чачын жоолукка түйүп, сууга түшүртүп, самсаалап жыртылган кийимин чечиндирип, аны да куржунга салып, жаңы кийим кийгиздирди. Зыйфырымды жигитке бермек болду. Бирок вазирдин кызы кайрылып:

-Менин жеримде өзүмдүн зайыбым бар. Мен бул жерге Зыйфырымга келгендерди өлүмдөн куткарып калыш үчүн гана келгенмин. Көп жигиттердин арасынан аман калган мына бул жигитке Зыйфырымды берели, -дейт.

Кан макул болот. Кыз күйөөсүнөн мурун келип, эркек кийимин чечип, өзүнүн кейпине келет. Кандын уулу Зыйфырым менен жашап калат. Кыз билмексен болуп жүрөт.

Кандын баласы күндө келип, баягы мурунку аялына кордук көрсөтө берет. Ошондо кыз чыдабай бир күнү элди чогултуп, Зыйфырымдын көзүнчө.

-Кана, сен бул жерден кеткенде жалгыз ат, бир куржун оокат менен кеттиң эле, эми кандын кызын кантип алып келдиң? -деп күйөөсүнө суроо берет.

Анда күйөөсү:

-Кыздын шартын аткарып, бир түндө үч сапар сүйлөтүп алдым, -дейт.

Аялы:

-Кантип сүйлөттүң? -дегенде жооп бере албай калат. Ошондо туруп элге куржундагы баланын чачы менен кийимдерин көрсөтүп, болгон окуяны айтып берди. Зыйфырым муну угуп:

-Мен өз антым боюнча үч жолу сүйлөткөн кишинин айтканын аткарып, кызматын кылам, мындан ары буга аял болбойм, өмүр бою кызга жолдош болуп кызматын кылам, -деди.

Ошентип, алар өмүр бою эң жакшы жолдош катары өз өмүрүн өткөрүп жашап калышкан экен.

***

## КАРЫШКЫРДЫН КАМКОРДУГУ

Илгери-илгери бир кан болуптур. Анын үч баласы болуптур. Балдарынын аттары бир бирине уйкаш экен. Улуу баласынын аты- Ормон, ортончу баласыныкы – Коргон, кичүү баласыныкы – Болгон экен. Балдары күн сайын бак-дарактарды кайтарышса да, күн сайын бактан бирден алма жоголо берет.

Бир күнү баягы бак-дарактарды кайтаралы деп Ормон, Коргон, Болгон үчөө тең келсе, бир куш алманы чокуп жеп отуруптур. Балдар тор жайышып кушту кармап алышат, куш көпкө чейин талпынып жатып учуп кетет да, бир канаты калып калат.

Балдар үйлөрүнө келип, атасына болгон ишти айтышып, куштун канатын атасына беришет. Канат жөн канат эмес, алтын канат болуп чыгат. Атасы ойлонуп отуруп:

-Эгерде менин балдарым болсоңор, ошол кушту таап кармап келгиле, эгер таба албасаңар кайтып келбегиле, -дейт.

Үч баласы атасынын айтканын эки кылбай, ата-энеси менен коштошуп жолго чыгышат.

Үч бир тууган жүрүп отурушуп, бир кырдын ары жагындагы сайга келип кеңешишет. Ормон улуулук кылып:

-Биз үчөөбүз бир жүрсөк эч нерсе таба албайбыз, үчөөбүз үч жол менен үч багытка: бирибиз батышка, бирибиз чыгышка, үчүнчүбүз кыбылага карап бөлүнүп кетели. Ошондо гана биз ал кушту табабыз, -деп акыл айтат.

Агасынын сөзүн макул көрүшүп, үч бир тууган үч жолго кетишет. Улуу агасы Ормон батышка, ортончусу Коргон кыбылага, кичүүсү Болгон чыгышка карап жол жүрүп кетишет.

Жүрүп отурушуп аз күндөн кийин Ормон менен Коргон кездешип чогуу жол улантышат. Кичүүсү Болгон күнү-түнү менен жол жүрүп, үч айрык жолго келет.

Жолго көзүн салып караса: «Оң жактагы жолго түшсө, өзү өлөт, сол жактагы жолго түшсө, аты өлөт, туура жолго түшсө, барса келбес» деген жазуу бар экен.

Болгон ойлонуп: «Эгер өзү өлөргө түшсөм, өзүм өлүп атым калса, барса келбеске түшсөм, барсам кайра келбесем: ата-энемди, элимди көрбөй каламбы? Аты өлөргө түшсөм, атым өлүп жөө калармын» -деп аты өлөр жолго түшөт.

Болгон жүрүп олтуруп жүрүп олтуруп бир сайга келет, сайдан бир карышкыр чыгып, баланы аттан оодарып салып, атын жара тартып жеп алат. Болгон жөө кайда барарын билбей туруп калат.

Ошентип турганда карышкыр кайта келип, адамча сүйлөп жай сурайт. Болгон куштун канатын издеп бара жатканын, атсыз калып, эмне кыларын билбей турганын айтат. Анда карышкыр:

-Сага убал болгон экен, алыс сапарга бара жатканыңды билбей атыңды жеп койбодумбу. Эми сен менин аркама мингин, адаштырбай керегиңди таап берейин, -дейт.

Болгон эмне кыларын билбей турганда:

-Мен сага кантип жамандык кылайын, аркама мингин, -дейт дагы карышкыр.

Карышкыр күнү-түнү жүрүп отуруп, бир айылдын жанындагы терең сайга келет. Карышкыр Болгонду аркасынан түшүрүп:

-Тетиги турган бийик чоң ак үйгө баргын да, эшигинен кирип барсаң, үйдүн капшытында жабышып турган бир куш бар. Бирок сен кызыгып аны колуң менен сылап жүрбөгүн, оң жагыңды карасаң бурчта конуп турган кушту көрөсүң, кушту алып чыгып тез келгин. Мен сени ушул жерден күтүп турамын – дейт.

Болгон айылга барып, баягы ак үйгө кирет. Кирсе, оң жак бурчта бир куш конуп отуруптур. Болгон кушту алайын деп бара жатып үйдүн капшытында жабышып турган кушка кызыгып сылап коёт. Ошол замат ка-

рышкыр «каңк» эте түшөт. Жан жактан кайтарып тургандар жүгүрүп келишип Болгонду кармап алышат да:

- Сен мында эмне үчүн келдиң? -деп сурашат. Болгон:

- Ушул алтын кушту атам алып кел деп жиберген, -дейт. Анда кайтаруучулар:

-Сен биздин айтканыбызды алып келсең, сага бул кушту беребиз, -дешет. Болгон:

- Эмне иш тапшырсаңар да орундатамын, -дейт.

- Ушул жерден жүрүп отурсаң бир сарайга кез келесиң, ошол сарайдын ичинде күмүш жалдуу, алтын куйруктуу бир айгыр бар. Ошону бизге алып келип берсең, биз сага кушту беребиз, -дешти кайтаруучулар.

Болгон сарайдан чыгып, башынан өткөн окуяны карышкырга келип айтат.

Карышкыр Болгонду үстүнө мингизип күнү-түнү жүрүп отуруп баягы сарайга келет. Дем алып отурушуп, карышкыр баланы баягы күмүш жалдуу, алтын куйруктуу айгырды алып келүүгө жиберет. Жибererде ал:

- Сарайга кирсең, байлануу турган күмүш жалдуу, алтын куйруктуу айгырды көрөсүң. Жан-жагыңа бурулбай, айгырды чечип алып, кирген жерден кайра ошол изиң менен чыккын, -дейт.

Болгон сарайга кирип, байлануу турган күмүш жалдуу, алтын куйруктуу айгырды көрөт. Айгырдын жа-

нына барып сырдалган казыкка кызыгып сылап коёт. Коңгуроо шыңгырап, кароолчулар келип Болгонду кармап алышат. Кароолчулар:

-Эмне кылып жүргөн жансың? -деп сурашат. Болгон аны кароолчулар жумшаганын, күмүш жалдуу, алтын куйруктуу айгырды алып барса, алтын кушту аларын айтат.

Кароолчулар:

-Көк-Дарыянын жакасындагы, Көкчо Тоонун арасында тоо менен теңдешкен, сырты күмүш менен жалатылган чоң бир үй турат. Ошол үйдүн төбөсүндө жашаган бир сулуу кыз бар. Эгерде сен бизге ошол кызды алып келип берсең, күмүш жалдуу, алтын куйруктуу айгырды сага беребиз, -дешет.

Болгон кайтып келип, карышкырга кароолчулардын айтканын айтып берет. Карышкыр ачууланып:

-Айткан тилди албайсың, аркама мингин! -деп баланы аркасына мингизип жүрүп кетет.

Күнү-түнү жүрүп олтурушуп, жүрүп олтурушуп Болгон менен карышкыр Көк-Дарыянын жакасына, Көкчө Тоонун арасына келип жетет. Карышкыр Болгонго карап:

-Сен ушул дарыянын жанындагы тоонун этегинде күтүп тургун. Эки жолу барып, эч нерсе алып келе албадың, эми мен өзүм барам, -дейт.

Ошентип кызды алып келүүгө карышкырдын өзү кетет. Карышкыр баягы жерге барса, кароолчулар

айткан үй турат. Үйдүн төбөсүнө чыкса, кыз уктап жатыптыр. Эч нерсе сездирбестен кызды сандыгы менен көтөрүп, жерге түшөт дагы Болгонго келет. Карышкыр кыз менен баланы аркасына мингизип, күмүш жалдуу, алтын куйруктуу айгыр турган сарайга келишет. Карышкыр Болгонго:

-Мен азыр кыз болоюн, ээрчитип баргын, -дейт.

Болгон макул болуп, баягы күмүш жалдуу, алтын куйруктуу айгыр бар жерге келишет. Жолдо келе жатканда карышкыр: «Сен мени таштап, күмүш жалдуу, алтын куйруктуу айгырды алып кете бергин. Эгерде чайга отур дешсе, отурбагын. Мен силерди кууп жетем», -дейт.

Болгон баягы карышкыр айткандай кылып, күмүш жалдуу, алтын куйруктуу айгырды алып, кыздын жанына келет.

Бир канча убакыт өткөндөн кийин карышкыр келет. Күмүш жалдуу, алтын куйруктуу айгырды алып, куш отурган сарайга келишет.

Ошондо карышкыр:

-Мен азыр күмүш жалдуу, алтын куйруктуу айгыр болоюн, мени минип бар дагы берип, кушту алгын, -дейт.

Болгон баягы карышкыр айткандай күмүш жалдуу, алтын куйруктуу айгырды, алтын канаттуу кушту алып кыздын жанына келет. Андан бир аз өткөндөн кийин карышкыр жүгөнүн шыпырып, билдирбестен сарайдан чыгат да, кыз менен Болгонго келет.

Экөөнү бир топ жерге узатып келип:

-Мен эми бул жерде каламын, менин айткан сөзүмдү уксаң үйүңө аман барасың. Сага жолдон эки коркунуч кездешет. Биринчиси күн абдан ысык болгондо суусарсың. Баратканда алдыңдан бир өзөн суу жолугат, канчалык суусасаң да суудан ичпегин. Андан өтүп уктагың келет, түбү чөп, салкын, бир ак терек бар, ал ак теректин түбүнө уктабагын. Уктасаң соо болбойсуң. Менин ушул эки сөзүмдү аткарсаң, үйүңө аман барасың, -деп акылын айтат. Карышкыр аларды жолго салып коштошуп, өз жайына кетет.

Болгон кыз менен бир күн, бир түн жүргөндөн кийин күн аябай ысык тиет. Болгон аябай суусайт. Ошондо «сууну кайдан издеп табамын» -деп ойлоп келатканда алдынан өзөн суу агып жатканын көрөт. Болгон атын сугарып, өзү да ичмекчи болот. Бирок, кыз Болгонго суу ичирбей коёт. Ал өзөндөн өтүп жүрүп кетишет.

Андан кийин Болгондун суусаганы басылып, чарчап уктагысы келет. Ошентип келе жатканда алдынан бир чоң ак терек кездешет. Болгон ошол теректин түбүнө эс алып жаткысы келет. Кыз каршы болот, бирок кыздын сөзүнө кулак салбай, Болгон атын тушап, жамбаштап жатып, көзү илинип кеткенин билбей калат.

Болгон чочуп ойгонсо, эки көзү жок, үңүрөйгөн орду гана калган. Эки жагын сыласа кызы да, аты да жок. Эмне кылар айласын таппай отуруп калат.

Бир аздан кийин баягы карышкыры келип:

-Менин айткан тилимди албай көзүңдөн айрылдың, - деп бир ууч топурак менен көзүнүн ордун укалап, айыктырып коёт. Болгон окуяны карышкыр угуп мындай дейт:

-Ашыгыңды, кушуңду, атыңды табабыз, кел, аркама мингин, - деп баланы аркасына мингизип алып, желмогуз кемпирди издеп жолго чыгат.

Кырлардан, белестерден, ашуулардан, токойлордон, чоң суулардан өтүп, бир кошко кирип келет. Болгондун көзүн ойгон желмогуз кемпирди ошол жерден карышкыр таап берип:

- Кыз менен күмүш жалдуу, алтын куйруктуу айгырды, кушту тапкын же сени азыр жеймин, -деп кемпирди коркутат. Ошондо кемпир калтырап:

- Карышкыр, карышкыр, менин жанымды калтыргын. Кушту дагы, кызды дагы, күмүш жалдуу, алтын куйруктуу айгырды дагы тиги суунун жакасындагы калың камыштын арасына барсаңар табасыңар, -дейт.

Кемпирди эки бүктөп отко салып өрттөшүп, кемпирдин баласын издеп жөнөшөт.

Бир нече күн жол жүрүп, суунун жакасына барып карашса, асман тиреген бир үй турат. Үйгө киришип, кызды табышат. Кыздан желмогуз кемпирдин баласын сурашат. Ошондо кыз:

-Энесин өлтүргөндү угуп, желмогуз кемпирдин баласы жумуртка болуп кубулуп, алтын куштун астында, камыштын арасындагы уясына кирип коркуп жатып калды, -дейт.

Карышкыр менен Болгон камыштын арасынан уяны таап, алтын куштун алдын аңтарып жумуртканы көрүшөт. Болгон жумуртканы алып, колу менен кыса баштаса, желмогуз кемпирдин баласы:

-Өлтүрө көрбө, коломтодогу күлүң болуп берейин, -деп жалынат.

Анда карышкыр:

-Калп эле жалына бербегин, желмогуз, тукумуна жана элге кайрымы жок, -деп катуу кармап жиберсе, ошол жерде жаны экен, сулап жатып калат. Кушту, кызды, күмүш куйруктуу айгырды алып, андан кийин карышкыр Болгонду адашпай тургандай кылып жолго салып жиберет. Коштошордо Болгон карышкырга мындай дейт:

Сен мага аябай кайрылышып, жакшылык кылдың. Адашканда жолго салдың, жүр мени менен конок болуп кеткин. Үйдөн эмне кааласаң ошону алгын, -дейт. Бирок, карышкыр макул болбой:

- Кысылган жерде керек болор деп жүнүнөн жулуп, керек болсом ушунун бир кылын жулуп түтөтсөң, мен даяр боломун, -деп убадасын берет.

Андан кийин кош айтышып, Болгон элине жүрүп, карышкыр да өз жайына кетти.

Ата-энеси баласынын келгенине кубанып, алып келген кызына үйлөндүрүп, элиндеги жаш, карынын бардыгын чакырышып, отуз күн оюн, кырк күн той өткөрөт.

Бир күнү бала аң уулап, куш салып талаада жүрүп, күндүн өткөнүн, кечтин киргенин билбей калат. Караңгыда адашып, жол таба албай жүрсө, бир желмогуз кемпир жолугуп:

-Издегеним сен элең, сиңдимдин баласын өлтүрүп мага кылган кордугуң аз эмес. Мына азыр мен да сага кордукту көрсөтөмүн, -деп тишин шакылдатып, Болгонго умтулат. Болгон атын сабап качып жөнөйт. Нечен кырларды басып, тоолорду ашып, «Эми кутулдум го» деп артын караса, кемпир жетип калыптыр.

Болгон дагы чу коюп жөнөйт. Жүрүп олтуруп, жүрүп олтуруп астындагы аты жүрбөй эмне кыларын билбей, шаштысы кетип, эси ооп турганда баягы карышкырдын жүнү эсине түшөт.

Болгон карышкырдын жүнүн күйгүзөт, ошо замат карышкыр пайда болот. Аңгыча тишин кайрап баягы желмогуз кемпир да жетип келет.

Болгон карышкырга:

Жанымды жакама келтирип, мени кысып коркуткан ушул, -деп желмогуз кемпирди көрсөтөт.

Карышкыр кемпирди өлтүрүп, Болгонду ажалдан аман алып калат. Болгон карышкырга алкыш айтып, үйүнө конокко чакырат. Карышкыр конокко барбай, башыңа кыйынчылык иш түшсө чакыр деп, коштошуп жолуна түшөт. Ошентип, Болгон ажалдан кутулуп эли кашында, бак-дөөлөтү башында болуп муратына жетиптир.

***

# АРСТАН МЕНЕН КОЁН

Калың токойдун четиндеги карагандуу жерде бир коён жашап, коркоктугунан казып алган ийнинен алыс чыкчу эмес. Бир күнү: «Коркуп ийинде жата берип, кантип күн көрөм?..

Атасынын көрү, баатыр болоюн»,- деп ойлоду да, ошол замат ийинден чыкты. Эки жагын каранып тиштерин арсайтып, жүндөрүн үрпөйтүп, так алдында турган арстанды көрө койду да жыгачтай катып калды. Арстан коёндун жанына келип:



- Бакыраң көзүм, колгө түштүң-ээ! Эми сени жейин, -деп тиштерин кычыратты.

Коён эсин жыйып, кантип кутулуштун аргасын изdеди. Акыры арстанга:

- Жесең мейлиң, бирок айта турган сырым бар, -деди.

- Анда тезирээк айт.

- Сен өтө күчтүүсүң, мунуңа толук ишенем, бирок тетигинде кудукта сенден да чоң арстан бар. Ал бая күнү сени жейм деп ачууланып жатканын уккам. Оболу, ошого бир беттешип кор, күчүңдү көзүм көрүп калсын, мени анан жебейсиңби... Эч кайда качпайм, арстаным.

Арстан чындап ачууланып:

- Кана?.. Кайсы жерде? Ээрчитип баргын! – деп буйрук кылды. Коён арстанды терең кудукка ээрчитип барып:

- Ушул кудукта... Өзүң карап көр,- деди. Арстан кудукту карап, өзүнүн сөлөкөтүн көрдү да:

- Мен ушундан кантип кем калайын? Күч сынашат, ээ! Кана кармашып көрөлү! – деп кудукка куюндап кирди. Сууга барып «шалп» эткенде гана өлөрүн билди.

Ошентип коён амал менен арстанды өлтүрүп, «анык макоо тура» деп секирип жолго түштү.

***

## БУЛАРДЫН КАЙСЫНЫСЫ ЧОҢ

Алабаш деген чалдын жалгыз карала өгүзү болуптур. Өгүздү дайыма өзү бакчу. Күндөрдүн биринде Алабаш узак жолго камынып, улуу баласына: Сен

өгүзгө убактысы менен жем-чөп бергин, -деп кичүү баласына:

-А сен убактысы менен жетелеп барып сугарып тургун, -дейт да, өзү жүрүп кетет.

Алабаштын улуу баласы өгүздүн оозун тындырбай чөп берип турду. Арадан бир жума өттү. Сегизинчи күнү өгүз такыр чөп жебей калды.

- Буга эмне болду? Ылаңдап калдыбы? Сен бирдеме билчү белең? -деп сурады агасы инисинен.

- Жок, муну атам гана билет.

Эки бир тууган жолдун боюнда өткөн-кеткенден өгүз канткенде чөп жей турганын сурай беришти. Күүгүм кире бир абышка өтүп:

-Өгүзүңөр чөп жебесе, суусап калганы ошол, эртең Ала-Көлгө жетелеп барып сугаргыла, -деди.

Атасынын тапшырган ишин аткарбаганын кичүүсү ошондо гана эстеди. Көрсө, өгүз бир жумага чейин суу ичпептир.

Эртеси өгүздү Ала-Көлгө алып барып сугарды эле, ал көлдү бүт ичип койду. Көл таза соолуп калды. Бала бул укмушту агасына айтмак болуп, өгүздү ошол жерде таштады да, өзү үйгө жүгүрдү.

Соолгон көлдүн ордунда калган балык өгүздү шак жутуп алды. Ал таноосун дердендетип оозун ачып, ары-бери ооналактап жатканда, кайдан келгени белгисиз кара бүркүт шукшурулуп кирди да, балыкты зооканын үстүнө көтөрүп барып жей баштады. Балыктын ичинен чыккан суу дарыядай ташкындап акты.

Ал аккан суу асканын түбүндө уктап жаткан абышканын бетине куюлганда, чал чочуп ойгонуп: «Күн азыр ачык эмес беле» деп күндү караса, көзүнө эмнедир бир неме түшүп кеткен сыяктанды. Абышка үйүнө келип, көзүн кызына каратты. Кызы ары карап, бери карап көзүнүн кычыгынан бир нерсени алып ыргытты. Көрсө, көлдү жуткан өгүздүн далысы экен.

Арадан бир нече күн өткөндө кербенчилер:

- Ушул жер түз жер экен, -дешип кыз ыргыткан далынын үстүнө жатып калышты. Таң аппак атты. Кербенчилер ойгонуп, кайдадыр жылып баратканын сезишти. Карашса кызыл түлкү бир нерсенин четинен тиштеп сүйрөп баратат. Кербенчилердин бири мылтыгын алып, түлкүнү атып жибергенде, түлкү жыгылып калды.

Кырк кербенчи кырк жагынан түлкүнүн терисин сыйрышты. Бул ишти күн чыга баштап, күн бата бир капталын зорго сыйрып бүтүштү. Экинчи капталын сыйрыш үчүн аны оодара албай коюшту.

Аңгыча жолоочу катын жетип келди да:

-Соогат! Ушул түлкүңөрдүн бир капталын мага бергиле, мен сыйрып алайын. Жаңы төрөлгөн балам бар, ошого тумак чыгар, -деди.

Аябай чарчап, муну эми оодара албасына көзү жеткен кербенчилер:

-Ала коюңуз, -дешти.

Катын ат үстүнөн туруп эңип алды да, бастырып кетти. Кана, ойлонуп көргүлөчү: өгүз, көл, балык, бүр-

күт, чал, түлкү, катын жана жаңы төрөлгөн баланын кайсынысы чоң?

***

## ЖЫЛАН МЕНЕН КИШИНИН АРБАШЫ

Илгери-илгери бир дыйкан болгон экен. Эгинин отоп жүрсө, жакын эле жерден ышкырган дабыш чыгат. «Эмне болду экен?» -деп карай калса, бет маңдайында эки-үч кадам аралыкта эгинден да бийигирээк болгон жылан куйругу менен тикесинен турат. Дый-



кан апкаарып жыланды тиктеген боюнча туруп калат. Баягы жылан да кишиден көзүн албай, тостоё тигилет. Дыйкан да көзүн ирмебей көпкө чейин карап тура берет.

Бир топтон кийин дыйкан жылан менен арбашып калганын билип, бир аз эсин жыйып, мындай учурда эмне кылуу керек экенин элден уккандары боюнча жасоого аракет кылат. Жылан менен арбашып турганда ал кыймылдап, же бурулуп кетпей, жыландын атын табууга аракет кылып, ар кандай ысымдарды айта баштайт: «Мар», «Могой», «Мокочо», «Кайыш», «Айнек», «Айнеккөз», «Уу», «Заар», «Чаар»!

Бирок жылан эч кыймылдабай тикесинен катып турат. Дыйкан жыландын аты ушул болуп калбасын деп болжогон сөздөрүн жобурап улантат. Бирок таба албайт. Жылан анда-санда ышкырып коюп, тилин соймоңдотуп, дыйкандан көзүн албай кыймылсыз. Булардын арбашуусу созула берип, бир топ убакыт өтөт.

Түш ченде дыйкандын кызы атасына тамак алып келет. Келсе, атасы жылан менен тиктешип турат. Атасы күндүн ысыгына каколып тура берип, бүткөн боюнан шорголоп тер кетип, деми кыстыгып, ичи көөп бара жаткан экен. Жыланды караса анын да ичи көөп, шайы кетип, көзү тостоюп чанагынан чыгарына аз калыптыр. Кыз жүрөгү түшүп бир кадам жасай албай каккан казыктай туруп калат.

Кызынын келгенин билген дыйкан: «Топчумду чеч!» -деп айтууга гана араң кудурети келет. Эмнегедир ошол замат баягы жыландын ичи тарс эте жарылып, сулап жатып калат. Көрсө, жыландын аты «Топчу» экен. Жыландын аты табылган соң, ичи жарылып кетиптир.

Жылан менен арбашкан адам жыландын атын таба албаса, ичи көөп, жарылып өлөт экен.

Ошентип дыйкан жыланды жеңип бала-бакырасы менен аман-эсен оокатын кылып жатып калган экен.

***

## КАЛП ЭМНЕГЕ АЛЫП КЕЛЕТ?

Илгери бир Жумаалы деген калпычы болуптур. Ал калп айтканды өнөр кылып алыптыр. Калп айтпаса тура алчу эмес экен. Бир күнү түн ортосунда эл кызуу уйкуда жатканда эшикке чыгып, үнүнүн барынча: Малга карышкыр тийди! Эл-журт, жардамга! - деп кыйкырат. Элдин баары ойгонуп туш-туштан жабыла чуркап келишет. Карашса бардыгы тынч, эч кандай карышкыр жок. Жумаалы калп айтып элди алдаганына кубанып күлүп отурат. Алданган эл Жумаалыны «акмак, келесоо» деп тилдешип үйлөрүнө кайтышат.

Күндөрдүн биринде Жумаалы дагы түн ортосунда туруп алып азан-казан түшүп:

Ой, эл-журт, сактангыла, тоодон сел каптап келе жатат. Өлдүк! - деп кыйкырат. Үрөйү учкан эл балдарын жетелеп, сыртка чуркап чыга баштайт, караса баары тынч. Эч кандай сел агып келаткANы көрүнбөйт. Жумаалы болсо калп айтканына кубанып, ыкшып күлүп жатыптыр.

Бул жорукка ыза болгон элдер аны урмакчы болушат. Ошондо аксакалдар арачалап: Акмакты жайына койгула. Бир күнү калпынын азабын тартат, - дешет.

Арадан көп күндөр өтөт. Түн ичинде капыстан Жумаалынын үйү өрттөнөт. Эптеп сыртка качып чыгышат. Жумаалынын жан-алы калбай: Ой, эл-журт, жардам бергиле! Үйүм өрттөнүп жатат. Өлүп кетейин, чын эле чатырап өрттөнүп жатат, - деп ары-бери чуркап элди чакырат. «Баягы көп калпынын бири да», - деп эч ким үйүнөн чыкпай коёт. Эртеси туруп карашса, чын эле үйү өрттөнүп дубалы эле калыптыр. Жумаалы үй-бүлөсү менен ыйлап отурушат. Элдер Жумаалыга жардам берип, өрттөнгөн үйүн оңдоп коюшат. Жумаалы ыйламсырап, элге ыраазылыгын билдирет. Ошондон кийин Жумаалы эзели калп айтпай калган дешет.

***

## ДАНЕК

Данек дүйнөгө жаңы келгенде жылаңач болчу. Эч кандай көрүмү жок, ар ким карап кайдыгер өтүп кетет. Бирок ичи толтура үмүт эле данектин. Ал данек алыс барып, суусу мол, күн ысык, топурагы жагымдуу жерге түшүп, ошол жерден зор дарак болуп өнүп чыгууну эңсейт.

Ооба, анын ичи толтура каалоо, үмүт эле. Ким аны ошондой жерге жеткирет, ким? Эч ким. Баары, чымчык да, карга да, же башка жандык да аны карабайт. Бардыгы башка жакка кетишет. Эмне издешет, ким билет. Жылаңач данек бутакта көпкө турду. Ал тажап кетти. Ыйлагысы келди. Күн бүркөлүп, тунук тамчылар көктөн учуп келип тийүүдө.



Асман ыйлап жатат. Жер күлөт. Ый, күлкү аралаш. Данектин жүрөгүндө жаңы сезим пайда болду. Аны өзү да толук түшүнө элек. Бирок ал дүйнөгө башкача

карап калды. Ушул күндөн баштап данектин сыртын эң жука көк кабык каптады. Кабык күндөн-күнгө калыңдай берди. Данек да демин ичине алып, жалп эткен желге да, тып эткен тамчыга да, учуп жүргөн канаттууларга да ыраазылык, урматтоо менен карайт.

Данектин кабыгы калыңдап, ал мурдагыдай көпкөк болбостон, аздап агарып калды. Данектин сезиминде кандайдыр таттуулук пайда болду. Күндөр өтө берди, күн өткөн сайын данектин кабыгы актан сарыга айланды, сарыдан кызыл боло баштады. Дагы бир жумадай убакыт өттү. Данектин кызарган сырты ого бетер калың тартып, жумшак, таттуу болуп калды. Данек эми сабагынан бошоп, ушул жерге түшүп каламбы деп коркту. Коркуу жана кубануу аралаш. Данек бекер эле корккон экен. Күндөрдүн биринде бышкан мөмөнү тумшугу курч, канаттары күчтүү чыйырчык келип, тиштеп алып, алыска учуп кетти. Бул убак күзгү бышыкчылык болчу.

***

## МИҢБАЙ МЕНЕН ЖҮЗБАЙ

Бар экен, жок экен, Миңбай менен Жүзбай деген болгон экен. Миңбайдын миң кою, бир баласы, Жүзбайдын жүз кою, бир баласы бар экен. Миңбайдын баласы бир күнү коюн талаага кайтарып чыгып уктап калса, карышкыр келип койду эртеден түшкө чейин кырат. Бала ойгонбостон уктап жата берет. Жүзбайдын баласы кой кайтарып жүрүп, Миңбайдын коюн карышкыр кырып жатканын көрүп, баласын ойготту:

- Кокуй, куураткыр, коюнду карышкыр кырып кетпедиби, -деди.

Миңбайдын баласы тура калып жаакка бир салат.

- Сен жүз коюң менен мага теңелгиң келеби? Менин миң коюм бар, эмне үчүн ойготосуң, эң кызык түш көрүп жаттым эле, түшүмдү таап бер, -деп урушту. Жүзбайдын баласы да карап турбастан экөө бешимден урушкан кечке чейин урушту. Акырында Жүзбайдын баласы:

- Эмне түш көрдүң, айтчы, каадалуу түшүңдү угайын? -деди. Миңбайдын баласы:

- Каадалуу түш дейт тура, башыма күн тууп, аягыма ай тууп, орто жериме чолпон жылдыз чоң тууп жатыптыр, бул каадалуу түш эмне дегенде карышкыр кырган кой каадалуу бекен? -деди. Жүзбайдын баласы:

- Сатасыңбы түшүңдү, -деди. Миңбайдын баласы:

- Сатамын, карышкыр канча коюмду кырса, ошончо кой берип алгын, -деп убадалашты.

Жүзбайдын баласы:

-Карышкыр канчалык коюңду кырды экен, батыраак санагын, -деп санаттырды. Миңбайдын баласы коюн санаса туура жүз коюн кырыптыр.

-Жүз коюм өлүптүр, жүз коюңду берип аласыңбы? -дейт.

-Алдым, саттым береке, -деп кол алышып кечинде үйлөрүнө кайтып кетишет.

Жүзбайдын баласы эл жата үйүнө барды. Жүзбай тура калып:

- Кокуй балам, коюң кана? -деди. Баласы:

- Атаке, түшкө сатып жибердим, -деди. Жүзбай:

- Ал эмне болгон түш экен, жүз койдун баарын саттыңбы? -десе, баласы күлүп жиберип:

- Башыма күн тууп, аягыма ай тууп, орто жериме чолпон жылдыз тууган түшкө саттым, атаке, -деди. Атасы ордунан тура калып, жеткен жеринде келтек менен, жетпеген жеринде тезек менен уруп баласын кубалады.

- Эгер койду таппай үйгө келе турган болсоң, ичиңди жарып, башыңды итке салбасам менин Жүзбай атым өчсүн, – деп атасы ачууланып кала берди. Бала айлап, күндөп жүрүп олтурду. Башы таз болду, курсагы ач болду, ошондо асманда учуп бара жаткан каргага карап айтты:

- Карга аке, ынтымакка келели, бир табактан жешели, ачкадан өлүп баратам, бир кайыр этиңиз, -деп колун каргага сунган убакта, карга айтат:

- Ошондой бол, таз балам! Коюңа салган чөптү жейин десем жата калып таш алып, тура калып баш алып уруучу элең, сага чала, -деп өтүп кетти.

Мындан кийин үстүнөн бир топ көгүчкөндөр өттү. Буга да:

-Көгүчкөн аке, ынтымакка келели, бир табактан жешели, ачкадан өлүп баратам, сен бир кылчы кайырды, -деп колун сунду. Көгүчкөн:

-Ошондой бол, таз балам, кар буркандап жамгыр жааганда, жем издеп кокус мен барсам, тузак тартып ата-энемди, бала-чакамды кармап алгансың. Ата-энең коё бер, убал болот десе, убал болсо кудайым адал кылбай эле койбойбу деп, шишкебек кылуучу элең, ии ошону эми көргөнүң! -деп өтүп кетти.

Канаттуудан айла болбогондой кийин бала жүрүп олтуруп, бутун шилтей албай, каруусу калбаганда «өлсөм дагы адам жатпас дөбө деген дөбөгө жетип этимди карга, кузгун жесин» деп, башына таяк жасап, көзү чекчейип, бели бөкчөйүп, жатып үргүлөп уктап кетти. Таң агарып атканда бир адам келип: «Тур, атка мингин», - деп мингизип алып жүрүп кетти. Түш болгондо баягы адам артын караса түрү суук бир таз бала атына минип келе жатканын көрүп, саадагын сууруп атайын деп, кайра ойлонуп:

«Никем ушуга буюрган экен» деп тура калып башына дары сыйпап, жети күндө капкара кундуздай чач чыгарды. Бул адам Күлгакы деген сыйкырчы кемпирдин кызы экен. Сейит чал дегендин Өмүралы деген уулуна тиймек болуп, убадасын берип, ушу түнү адам жатпас дөбөгө Өмүралы келип, кызды алып кетмекчи болгон экен.

Өмүралы бир күн эсебинен жаңылып калып, ал күнү келбей калыптыр. Кыздын аты Айымсулуу экен. Ал буйрук экен деп баягы таз балага тийди. Баланын аты – Чыныбек. Бир нече күндөн кийин Айымсулуу түш көрүп, эртең менен Чыныбекке:

-Түндө түшүмдө Өмүралы кырк жигити менен Чыныбекти өлтүрүп, колуктумду таап аламын деп жолго чыгыптыр, -деди. Чыныбек:

-Анда эң жакшы түш, эмесе мен аны өлтүрөт экенмин, -деп Өмүралынын келе турган жолуна чоң ак үй болуп кубулуп, кырк кулактуу казан болуп, ичинде толтура эт болуп кайнап турду. Өмүралы кырк жигити менен келип:

-Кокуй, Чыныбек таз ушул окшойт, сабагыла - десе, жигиттери:

- Адам баласы кантип үй, от болуп калсын, жолдогу бышып турган бейиштин тамагынан жебей кетсек жолубуз болбойт, -деп түшө калып казандын кырк кулагынан кармап чыгарайын дегенде, казан жарылып кетип, Өмүралы баш болуп кырк жигити күйүп өлүп калышты. Чыныбек так ушинтип, айла менен өлтүргөнүн Айымсулууга айтып берди.

- Эми уулунун артынан Сейит чал келет, -деп Чыныбек таз Сейит чалдын келе турган жолун тосуп, ак тайлак болуп кубулуп жүрдү. Сейит чал көрөрү менен Чыныбек таз экенин билип, тайлакты кармап алып үйүнө алып барып чөгөрүп, темир казыкты өркөчүнө кагып:

- Келинимди таап, баламды тиргизип бергин, -деп боздотуп кыйнай баштады. Чыныбек тайлак болуп муңканып, эки көзүнүн жашын мончоктотуп төгүп, боздоп турду. Сейит чалдын Ашымкан, Кишимкан деген эки кызы келип:

- Айланайын аке, адам баласы кантип тайлак болуп жүрсүн, бекер жанын кыйнабасаң, бу деле кудайдын бир макулугу турбайбы, -дешти. Сейит чал:

- Кыздарым, баламдын түбүнө жеткен чунак ушу, -деп ансайын тайлакты ура баштады. Эки кызы:

- Атаке, тайлагыңызды бизге бериңиз, Ит-Ичпестин Ала-Көлүнө сугаралы, эгер суудан ичсе тайлак экени чын, ичпесе адам баласы – Чыныбек таздын нак өзү болот. Андан кийин эмне кылсаңыз өзүңүз билиңиз, -дешти.

Сейит чал тайлакты кыздарына бербей койду эле, эки кызы таарынып мойнуна аркан тагып «муунуп өлөбүз» дешип атасын коркутушту. «Баламдын үстүнө кыздарымдан айрылбайын», - деп тайлакты кыздарга бере салды.

Кыздар жетелеп Ит-Ичпестин Ала-Көлүнө жетишти. Тайлакты сугармакчы болгондо Чыныбек акең коргошун болуп суунун түбүнө түшүп кетти. Эки кыз алаканын шак коюп, көчүгүн жерге так коюп, тилдерин жебиретип, атасына ыйлап келишти.

- Ырас эле куйту таз экен, суунун түбүнө коргошун болуп чөгүп кетти, -деди.

- Эчак эле айтпадым беле, чунак кыздар, чуулдап жүрүп ушуну кылмак элеңер, кайсы жерге түшкөнүн көрсөтүп бергиле, -деп эки кызын ээрчитип Сейит чал суугa келип, сууну ууртап коргошунду тиштеп алайын дегенде, Чыныбек жөргөмүш болуп, бир теректин ба-

шына жөргөлөп чыгып кетти. Сейит чал жылкычы чымчык болуп жөргөмүштү эми тиштеймин дегенде, Чыныбек асманга турумтай болуп учту. Жылкычы чымчыкты тырпыратып, кыздарын кыңшылатып, мээсин чукуп, көзүн оюп өлтүрүп таштады. Чыныбек турумтай болуп учуп кетти. Чыныбек Айымсулууга келип:

- Эми эл-журттуу жерге барып, оокат кылалы, - деп Кара хан дегендин жерине келишти.

Экөө чөп алачык кылып алып, айылдын четинде туруштү. Бир күнү хан кырк жигитин ээрчитип, куш салууга чыкты. Хан кушун бир коёнго салса, албастан айланып учуп, Чыныбектин чөп алачыгына конуп олтуруп алды. Хан келип:

- Ой, үйдө адам болсо чыгып кушумду алып бергилечи, -деди. Айымсулуу Чыныбекти карап:

- Хан келди, батыраак чыгып кушун алып берчи, -деди. Чыныбек:

- Өзүң деле алып бере койбойсуңбу, хан жутуп коймок беле сени,- деп кекетип койду. Айымсулуу кушту алып бере коёюн деп, эшикке чыга калды. Хан Чыныбектин аялынын сулуулугуна эси ооп аттан кулап түштү.

Айымсулуу:

-Ушунча хан болуп туруп киши көрбөгөн экенсиз, -деп аттантып, колуна кушун кондуруп узатып жиберди.

Хан Айымсулууга ашык болуп, кандайча колго түшүрөрүн билбей, бир күнү Чыныбекти чакырып алып:

- Чыныбек баатыр, бир тамаша салайын деп жатамын, жалгыз жатып сен да эриккендирсиң, көптөн бери тим жатып мен да эриктим. Ат сайышып жашынмак ойнойлу, -деди. Чыныбек:

- Макул, нече күндөн жашыналы, кимден башталсын? -деди. Хан:

- Үч күндөн болсун, менден башталсын,-деди. Хан жашырынды, таз ары-бери күйпөлөңдөп чуркап жүргөнүн Айымсулуу көрүп:

- Эмне кылып жүрөсүң? -десе,

- Ханды карап жүрөмүн-деди.

- Кайдан карайсын?

- Кайдан карамак элем, ушулардан карап табамын да! Айымсулуу наааразылык сөз катты:

- Булардан таба албайсың, ат байланган сарайда чоң ак эркеч турат, ушуну сакалдан алып сабасаң, хан өзү туруп келет.

Айтканыңдай ал эчкини сабаса, «Чыныбек баатыр, мөрөй сеники» - деп тура келди. Хан экинчи күнү жашынганда Чыныбек ары карап, бери карап, таба албай жүргөндө, Айымсулуу чакырып алып:

- Жардын түбүндөгү теректи өзөгүнө чейин кессең өзү туруп келет, -деди.

Чыныбек чуркап барып, өзөгүнө чейин теректи кессе, «мөрөй сеники, Чыныбек баатыр» деп, хан

ордунан туруп келди. Үчүнчү күнү хан жашынганда Айымсулуу Чыныбектен:

- Ханды кайдан табасың?- деп калат.

- Анын эмнесин сурайсың, сарайдагы ак эркечти сабап, жардын алдындагы теректи кессем өзү эле келбейби! -деди.

Айымсулуу:

-Ай кудай алгыр, ал хан жакын жерде жок, Сасык-Көлдүн аралында кара буура болуп чөгүп жатат. Он эки кайың таякты суусунан кесип алып, ошолоруң сынганча сабасаң гана хан анан туруп келет. Үйдүн тегерегинен ханды алты жыл издесең да табалбайсың, -деди.

Чыныбек он эки четин таяк, он эки кайың таяк кыйып алып, аралда жаткан кара бууранын бакылдатып жыйырма төрт таягы сынганча сабаганда:

- Чыныбек баатыр, мөрөй сеники, -деп ордунан туруп келди. Хан:

- Эми Чыныбек баатыр сен жашынгын, -деди.

Чыныбек кап менен кементайды көтөрүп алып чуркаган бойдон Айымсулууга келди да:

-Мен алачыктын артына жашынайын, сен ханга айтпагын, -деди. Анда Айымсулуу:

- Кокуй, сен куураткары жүргөн турбайсыңбы? -деп, Чыныбекти оймок кылып сөөмөйүнө салынып, көйнөгүнүн этегин кайып олтуруп алды. Хан ары карап, бери карап таба албай, айласы кеткенде:

- Чыныбек баатыр, мөрөй сеники, бери кел, -деп чакырды. Чыныбек колдон түшүп, хандын жанына келди. Экинчи күнү жашынганда Чыныбекти Айымсулуу колундагы ийнесинин саптаган жиби учундагы түйүнгө кошо түйүп жашырды. Хан ары-бери карап таба албай, айласы кетти.

Чыныбек баатыр, мөрөй сеники, -деп чакырды. Чыныбек: Жаныңызда олтурсам көрбөйсүз, -деп тура келди. Үчүнчү жашынганда Айымсулуу ийне кылып Чыныбекти жакасына сайып койду Хан ары-бери карап, таба албай айласы кеткен соң:

- Мөрөй сеники, Чыныбек баатыр, кел, -деди. Чыныбек дагы ордунан туруп келди. Хан эми өзү жашынганын да таптырып, Чыныбек жашынганда таба албай, аялын уттуруп ичи күйүп, хандыгына таянып аялын бербей койду. Хан бир күнү эли-журтун жыйнап:

-Ким Чыныбектин аялын алып берет? -деп жар чакырды. Ошондо оозунда тиши жок, алтымыш жаштагы бир кемпир:

-Таксыр, ханым, мени он беш жаштагы балага алып берсеңиз, мен алып берейин, аны «Ит-Ичпестин Ала-Көлүнөн суу алып кел, хан ооруп жатат, дарысы ошол суу экен десек барат, үч күндөн калбай келгин, кала турган болсоң, аялың хандыкы дейбиз. Ал сууга барган соң үч күн эмес, үч жылда да келбейт, -деди.

Хан бул ойду туура көрүп, Чыныбекти чакырып, бир көнөк берип:

- Ит-Ичпестин Ала-Көлүнөн ушуну менен бир суу алып кел, үч күндөн калба, үч күндөн калсаң, аялың меники болот, -деп буюрду. Чыныбек макул болуп көнөктү алып, үйүнө келип, Айымсулуу менен акылдашып, үч күнгө чейин көнөккө толтура малдын заарын жыйып, күнү бүткөндө ханга алып барып берди. Хан Ит-Ичпестин Ала-Көлүнүн суусу деп ичип, соо жанын оорутуп алды.

Кан төшөктө жатып, элдин тынчын алып күндө жыйын, күндө той кылып жар салды.

- Ким Чыныбектин аялын алып берсе, ошону тилегине жеткизем, -деди. Анда бир чал:

- Каным, мага он бештеги кызды алып берсеңиз мен алып беремин. Чыныбекти жаян балыкты өлтүрүп, бир жак кабыргасын алтын уук кылып, жети күндө кел, жети күндө келбесең аялың хандыкы болот дейбиз. Жаян балыкка жети күндө эмес, жети жылда да жетпейт. Жетсе да, жаян балык жутуп коёт, -деди.

Хан тазды чакыртып алып:

-Жаян балыктын бир жак кабыргасын алтын уук кылып кел, жети күндөн калбагын, жети күндөн калсаң, аялың биздики болот, -деди.

Чыныбек бул сөздү дагы аялы менен акылдашты. Айымсулуу жаян балыктын аксак тору атын семиртүү үчүн алган экен, ошол атты Чыныбекке миңгизип:

-Чолок кара кылычты, алтын сепкен жоолукту, алтын коңгуроону, алтын шакекти алып бар, -деди.

Чыныбек макул деп айткандарынын баарын алды. Айымсулуу асман менен түн ичинде учуруп жиберди. Чыныбек барса, жаян балык суунун түбүндө ойноп жүргөн экен.

Жеткенде алтын коңгуроонун үнү чыкканда жаян балык тору атымды аламын деп, суудан башын чыгарганда, кылычты кынынан чыгарса, жети кулач болуп узарды. Кылыч менен жаян балыктын башын жара чапты. Бир жак өрөөнүн тору атка кырк бүктөп салып, асман менен учуп, сегизинчи күндө үйүнө келип түштү. Жети күндөн ашкандан кийин:

- Айымсулууну аламын, - деп хан калкын жыйнап нике кыймакчы болуп жатканда, Айымсулуу жети катар темир үй болуп, жатып калган экен. Кандын айласы кетип, атып да, кесип да ала албай акыры от менен чыгар деп, тегерете карагайды үйүп, темирди ысытып жатканда, Чыныбек келип коңгуроосунун үнүн чыгарды. Айымсулуу угуп, сыйкыры менен жаккан отту хандын үйүнө көчүрүп, өзү Чыныбектин жанына бирге отуруп калды. Бүткүл эл-журт таң калып, эси кетип коркушту.

Мындан эки-үч күн өткөндөн кийин дагы хан калкына жар салды, анда бирөө:

-Ушу жакта көчүгү күмүш, көкүрөгү алтын элик бар, ошону алып кел деп жиберсек, Чыныбек сөзсүз өлөт, жолдо ажыдаарлар көп, -деди.

Чыныбектин аялы алардын сөзүн угуп, күйөөсүнө айтты:

- «Хан канча күндө келесиң» десе, «күнү-түнү он күндө келемин» деп, жылкынын артында сүйрөлгөн бир кунан бар, ошону ал, -деди. Эртеси эле хан Чыныбекти дагы жумшады.

- Ушу жакта көчүгү күмүш, көкүрөгү алтын элик бар экен, ошону алып келгин, сенден башка жарай турган киши жок, канча күндө келесиң? -деп сурады. Чыныбек баатыр:

Күнү-түнү он күндө келейин, -деп баягы жылкынын артындагы жаман кунанды алды. Ал тулпар экен, кунанын аялына алып келди. Аялы багып тулпар алына келтирип:

- Кечинде жатып эртең менен мойнуңа куруңду салынып баргын, ал элик чынар теректин түбүндө жуушап жатат. Арканыңды үч тегеретип ыргытып, өзүң көрүнбөй келе берсең, элик өзү барпандап алдыңдан чыгат, -деди.

Баатыр тулпарын минип кетти. Тулпар күчүнө келип, ар тоонун башын бир аттап басып отуруп жетти. Нечен ажыдаарлар, тулпардын туягын чагып өттү. Чыныбек эртең менен эликке барып чынар теректин түбүндө жаткан жеринен, арканын үч тегеретип ыргытып, атына минип, көрүнбөй кете берди. Бир убакта барпаңдап энтигип элик алдынан чыкты. Эликти ээрчитип алып, үйүн көздөй жолго салды. Чыныбектин келерине бир күн калганда, хандын бир вазири келип Айымсулууга:

-Жүрүңүз, баатырдын ашын берели, -деди.

Эртеси баатыр эликти жетелеп келип хандын колуна берди.

Хан айласы кетип, оорумуш болуп төшөккө жатып, Чыныбекти чакырып, Гүлгаакынын гүлүн алып келүүгө жиберди. Айымсулуу бир кат жазып Чыныбекке берди:

- Жолуңдан бир кемпир жолугуп туякка айран куюп берет. Оң колуң менен айранды алгын, сол колуң менен катты бер, -деп айтты. Бир нече күндүк жолдон кийин кемпирге жолугуп, оң колу менен айранын алып, сол колу менен катты берди. Кемпир окуп:

- Менин үч кызым бар эле, бербеске ылаажым жок, сенин албаска ылаажың жок экен, -деди.

- Эми мен кыздарымды чакырам, -деп бир кудуктун жанын көрсөттү.

- Ушу жерге менин үч кызым учуп келет, кичүүсү кийин келет, кичүүсүн өң кийиминен таанып алсаң болгону, -деди.

Кемпир ышкырып кыздарын чакырды. Үч көгүчкөн учуп өттү. Кичүүсү артынан келди, Чыныбек кичүүсүнүн кийимин жаасы менен түшүрө атты. Кыз Чыныбектин жанына учуп келип, кийимин сурады эле Чыныбек бербеди.

-Эгер сен мага тийсең беремин, тийбесең бербеймин, -деп Чыныбек туруп алды. Айласы кеткенде кыз макул болду. Кемпир төрт шакекти төрт жагына ыргытты эле, тиги жактан, бу жактан тегереги тең жак-

тан «той болот» деп чуулдашып көп кишилер келди. Той берип, элди ыраазы кылып, батасын алып, калкына күйөөсүнүн даңкын жайып Гүлгаакынын гүлүн берип узатмакчы болду. Узатаарында кыз энесине:

- Торт шакегимди бермейинче барбаймын, -деп ордунан турбай жатып алды. Айласы кеткенде кыйылып туруп, кемпир ары карап ыйлап, бери карап күлүп, кызын бир карап, күйөөсүн бир карап туруп араң берди. Кызы алгандан кийин Чыныбек менен жолго түштү. Үйүнө жетерге бир күн калганда кандын вазири Чыныбектин Айымсулуусуна келип:

- Жүрүңүз, Чыныбек баатырдын ашын берели, -деди. Айымсулуу:

- Эртең келбесе, өзүм барып берейин, -деди.

Эртеси Чыныбек баатыр колуктусун алып келип калды. Гүлгаакынын гүлүн ханга берди. Хан Чыныбектин колуктусун көрүп андан бетер эси кетип, оорусу чынга айланды. Колуктусу алып келген төрт шакегин төрт бурчка ыргытты. Эл батпай баягыдай чогулду, келген кишилерди хан көрүп «бу кайдагы эл» деп чочуду. Чыныбек баатырдын колуктусу ханга:

- Сиздин элиңизге эл, журтуңузга журт коштук, зыяны болбос, -деди. Хан элди көрүп:

- Эми ушуларымды өлгөн атам көрсө, эч болбогондо өз кулагы менен укса, менин ушунчалык көп элимдин бар экенин жана хан экенимди билдирейин, -деп Чыныбек баатырды жибермек болду.

- Чыныбек баатырым, сен элден-журттан ашкан баатыр болдуң, мен белгилүү, акылдуу ханың болдум. Бул дүйнө жүзү бизди билет. Эми тиги дүйнөдөгү элдер дагы бизди билсин, сен менин өлгөн атама барып, менин хан болуп турганымды, элимдин көптүгүн айтып атамдын өзүнүн колунан кат жаздырып алып кел,- деди.

Чыныбек:

-Бир дөңгөч, он аркан даярдап бериңиз, күнү-түнү менен барып келем, -деди. Үйүнө келип өзүнүн сүрөтүн тартып дөңгөчкө байлап, ай батып, жылдыз толуп турганда аркан менен дөңгөчтү учуруп жиберди. Убагы бүткөнчө хандын атасынын жазуусундай кылып Айымсулуу менен кийинки колуктусу үчөөлөп катты жазып, ханга алып барып берди.

Хан катты окуп ыйлап:

- Мени атам келип кет дептир. Чыныбек өзүндөй кылып мени учургун, -деп кыйнады. Чыныбек элинен кыл аркан жыйып, ханды кабыргасынан кан тамганча катуу таңып, тоонун башынан ылдый карай учурду. Бир күн-эки күн өткөн соң Чыныбек баатыр хандын аялына барып:

- Жүрүңүз хандын ашын берели, -деди. Аялы Чыныбек баатырдын Айымсулуусун туурап:

- Эртең келбесе, өзүм барып берейин, -деди.

Ханы тоодон учуп коктуга түшүп, атасынын барган жерине барып өлгөн соң, элине кайтпады. Чыныбек

ханга аш берип, аялын алып, эли-журтун жыйып, баягы Жүзбай атасынын алдына барып жүз койго алган түшүн айтты.

-Башыма күн, аягыма ай, орто жериме чолпон жылдыз чоң тууган түш, -деп айтып берип, ата-энеси менен жыргап ушул убакка чейин дүйнөнүн түбүндө, жер жүзүнүн үстүндө жашап жатышкан экен.

***

## НААБАТ

Илгери бир өткөн заманда Азил деген кан өзүнүн акылдуулугу менен элин жакшы башкарып, бейпил убак менен эли куунап-жыргап бир нече жыл жашаптыр. Бирок, оп тартканда үйдөй таштарды жутуп алуучу ажыдаар сууну бөгөп жатып алат. Ал эми ажыдаардын өзүнүн шарты боюнча күнүгө бир кыз бербесе суу берүүчү эмес экен.

Күндөрдүн биринде кезек Азил кандын улуу кызына келет. Кан элин чогултуп:

- Калайык-калк, ушул ажыдаардан куткаруучу күч элдин арасынан чыкпайт бекен?

Эгерде кимде ким ажыдаардан өз элин куткарып алса каалаганын орундатам. Мейли кандыгымды алсын же үч кызымдын жактырганын алсын, мен сөзсүз убадамды орундатам. Кана, ким барып берет, элимдин керегине-дейт.

- Мен! -деп кылычын көтөрүп Наабат деген жигит кандын астына келет.



Наабатка көпчүлүк эл батасын берип, ажыдаарга жиберишет.

Наабат үйүнө келип энесинен кыздын кийимин таптырып, кызча кийинип ажыдаарга барат. Ажыдаар оп тартканда Наабат кылычын көкүрөгүнө такап кармай салып, ажыдаарды экиге бөлүп салат. Жалаң ажыдаардын каны суу менен эки күн, эки түн агып, араң дегенде суу тазаланат.

Наабат канга келип, таазим кылат.

Ошондо кан:

- Кана уулум, эмнени каалайсың?

- Таксыр каным, сиздин үч кызыңыз бар экен. Биз үч бир тууганбыз. Айып этпесеңиз үч кызыңызды бизге бериңиз.

- Болуптур, уулум, жакшы болот.

Ошентип кандын ордосунда кырк күнү-түнү менен той болуп, кыздары турмушка чыгат.

Бул жыргалдуу турмуш, көпкө узабайт. Анткени Ак дөө, Кара дөө деген чыгып, элдин байлыгын, мал-салын талап ала баштайт.

Кан элге дагы кайрылат:

-Буга менин кичүү күйөөм жана ага кошулуп эки күйөө балам барып дөөлөрдү өлтүрүп мал-салды кайрып келишсин, -деп кан буйрук кылат.

Ошентип үч бир тууган сапарга аттанат. Эки улуусу кетет. Ал эми Наабат эки күндөн кийин барса, эки агасы жолдук азыгы түгөнүп, малдын кыгын талашып жатышкан экен. Наабат өзүнүн тамагынан берип, эки агасын калтырып, өзү жалгыз жортуулга жөнөйт.

Жүрүп олтуруп, жүрүп олтуруп тогуз канат өргөөгө келет. Ага кирип барса, бир кемпир отурган экен. Ал:

-Кел балам, жол болсун! Бизге адам эмес, чымын учуп келчү эмес эле, өлгөнү келген турбайсыңбы. Азыр менин уулум келип сенин сазайыңды берет, -дейт.

Көрсө, бул баягы Ак дөөнүн энеси экен. Наабат:

- Балаң кайда жүрөт? -деп сураса, кемпир:

- Айтпаймын эле, айтпаймын, -деп Наабатты жулмалап баштайт. Наабат кемпирди чачынан кармап туруп чапканда бакырып ыйлап:

– Өлтүрбө эле, өлтүрбө, жанымды кой, -деп жалынат. Ошондо Наабат:

- Андай болсо Ак дөөнүн кайда экенин айтып бер, -дейт.

- Ал ууга кетти эле, келээр маалы болуп калды. Жолу болсо тайгандары кубалашып келет, жолу болбой калса, тайгандары бөлөк-бөлөк келишет, -дейт кемпир.

Аңгыча болбой тайгандар желип-жортуп өз-өзүнчө келишет. Дөөнүн келерин билип, Наабат жолунан тосуп чыгат.

- Кана дөөм, биздин элдин мал-салын алган сенсиңби?

- Ооба.

- Андай болсо мен сени менен кармашканы келдим.

- Кармашса кармашалы. Ошентип Наабат менен дөө үч күн, үч түн кармашат. Дөө Наабатты көтөрүп урганда, кызыл ашыгына чейин жерге кирип кетет. Наабат кайра оңдонуп дагы үч күн, үч түн кармашып, дөөнү мүдүрүлтүп жерге жыгып, кылыч менен жарып салат.

Андан ары жүрүп отуруп, жүрүп отуруп дагы бир тогуз канат ак өргөөгө кез болот. Ага кирип барса, бир сулуу келин ыйлап олтурат. Келиндин жөн-жайын сураса, ал:

- Кара дөө мени туткундаганына бир нече жыл болду. Элиме жете албай зарлап жүрөм. Кара дөө эртең менен кетип, кечинде келет. Ал келгенче мен тамагын жасап, оокатын кылып отурам. Бул жерге келген адам кайра айланып элине жетпейт. Кара дөө нечен, нечен

мыкты жигиттерди өлтүрүп, сөөгүн сөпөт, устуканын упат кылды.

Кайдан келе жатасың? Кокуй, Кара дөө келээр маалы болуп калды, бул жерден батыраак кет, сени өлтүрүп койбосун, -дейт.

Наабат:

- Коркпо, мен азыр эле Ак дөөнү жайлап келдим, мунун дагы айласын табам, -деп Кара дөөнүн келер жолун тосуп жашынып жатат.

Бир убакта Кара дөө күшүлдөп-бышылдап келет. Наабат муну да чекеге атып өлтүрүп, талап алган малын, баягы келинди, эки агасын ээрчитип элине келет. Ошентип кайрадан эл жыргалдуу турмушта жашап калган экен.

***

## ТАЛ

(Уламыш)

Бар экен, жок экен, илгери-илгери өткөн бир заманда чал-кемпир жашаптыр. Алардын жападан жалгыз кызы болуптур. Ал ай десе айдай, күн десе күндөй, ай сымбаты келишкен, тоту куштай таранган, күзгүгө он маал каранган ашкан сулуу кыз экен.

Бирок атына заты, чырайына мүнөзү, келбетине касиети топ келишпеген акылы тайкы, арылдап беттен алган тажаал, көк муздай мелтейип мерез кыз экен. Айтканы айткандай, дегени дегендей орундалбай калса, көктүгү аша чаап, көк мелттей болуп турган

жеринде талып калчу дешет. Анын көктүгү ата-эненин көөнүнө көк таштай тиет, бирок ичтен чыккан ийри жыланды жокко чыгара албай, акыры унчукпай кутулууну адатка айландырышат. Кыздын мындай пейили айылдагыларга да маалым болуп, кыздын чырайынан жаман пейили аша өтүп, ал бойго жетип калса да ага жуучу түшүп бир да адам келбейт. Жалгыз кызыбызды эптеп тындырып алалы дегенде ата-эненин эки козү төрт.

Бир жерге орун-очок алса көк мелтейи жазылар деген үмүттөрү үзүлбөйт. Күндөрдүн биринде кемпир-чалдын үйүнө кыздын сулуулугун алыстан угуп, мерездигинен кабары жок жуучулар ат арытып, ашуу ашып келип калышат. Кызыбыздын багы ачылар бекен деп кудундаган эне-ата жуучуларды калың төшөк, сыйлуу оокат менен күтүп алышат. Кезек кыздын макулдугун алууга келгенде, баягы көк мелтейдин көктүгү тутуп айтканынан кайтпай туруп алат.

Кемпир-чалдын сылык мамилесине, ызат-сыйына ыраазы болгон бир келет, эки келет, үч келет. Бирок, өжөр кыз өз билгенин бербей айтканынан кайтпай ата-энени чоң уятка калтырат. «Өзөктөн чыккан өрт жаман, өздөн чыккан жат жаман» демекчи ата-эненин өзөгү өрттөнүп, жаны кашайганынан: Ылайым бизди какшатпай, ушундайында көгөрүп талып, өл, - деп каргашат. «Ата-эненин каргышы ок» демекчи кайтпас каргышка калган кыз заматта талга айланып калат имиш. Кыз ата-эненин, эл-журтунун каргышы-

на калбаганда мындай окуяга туш болбойт белем дегендей, кеч болсо да өз күнөөсүн мойнуна алгандай, уялгандай жерди карап өсүп келет. Анын ийилип өскөнүн көрүп, кеч болсо да таазим кылып, кечирим сураганын байкаган эл талды кароосуз калтырышпай, азыркы күнгө чейин пайдаланып келишет.

***

## АҢЫР

(Уламыш)

Илгери бир заманда абышка, кемпирдин жалгыз кызы болуптур. Экөө улгайганда көргөн кызын бөпөлөп, өзгөчө эрке өстүрүшүптүр. Кызы келбеттүү, сулуу, сымбаттуу экен. Кыз бойго жетет, ата-энеси болсо, карып алдан-күчтөн тайышат, оор көтөртпөй, жеңилге желпинтпей, эрте тургузбай, жанын кыйнап жумуш жасатпай, жокту көргөзбөй, жакшы менен жаманды айырмалап билгизбей өстүргөн кызы мерез, ташбоор болуп чоңоёт.

Ата-энесин карабай, өзүнүн боюн гана түзөп, сулуулугуна таянып, мага эч кимдин кереги жок, сулуулугум, сымбатым менен бул турмушта кор болбойм деген ой менен жашап жүрөт экен кыз.

Күндөрдүн биринде аңчылык кылып жүргөн хандын баласы кызды көрүп дароо ашык болуп калат. Жуучу жиберип, кызга куда түшүп, кызга үйлөнүп экөө баш кошушат. Абышка, кемпирге хан калың төлөп берет. Күндөр өтө берет. Абышка, кемпир бир

күндөрдө кой кызыбызды көрүп келели дешет да, хандын ак сарайына барышат. Кыз ата-энесинин келгенин угуп, желдеттерге эшиктерди бекиттирип, киргизбей коюптур.

Ошентип абышка, кемпир бир нече жолу келип, кызын көрө албай кетишет. Бир топ убакыт өтөт, абышка, кемпир бир чети карылыктан, бир чети кайгыдан чөгүшүп, алдан-күчтөн тайышат.

Хан берген мал да бүтөт. Кароосуз калган ата-эне ошондо кызына нааразы болушуп, кудайга жалынышкан экен: О, кудай, ушул кызыбызды бөпөлөп өстүрдүк эле, жокту билгизбей, чымын кондурбай, жанын кыйналтпай. Эми болсо бизди унутуп карыганда карабай кетти, - деп зарлашыптыр. Алардын зары кудайдын кулагына жетип, кудайдын ачуусу келип каргап салган экен:

Адам кейпинен ажырап, арам куш болуп кал. Турган жериң жар болсун. Бала-чакаң сууга жетпей зар болсун. Өзүң болсо өмүр бою зарлап аңкылдап өт, - дептир. Ошондо баягы сулуу, сымбаттуу хандын келини кушка айланып кетиптир дешет.

Аңкылдап учкан үчүн анын атын «Аңыр» деп коюшуптур. Аңырдын этин адамдар жешпейт. Жумурткасын жарга тууйт. Балапандары сууга жетпей, кокту, колот, арыктар менен арандан зорго көлгө жетишет. Жетпей бир тобу өлөт. Ал эми өзү болсо өмүр бою аңкылдап учуп калыптыр дешет.

***

# ЖАЛБЫЗ

Илгери Улукман дарыгердин Жалбыз деген жалгыз баласы болуптур. Баласы абдан акылдуу, зээндүү, өткүр болуп өсөт. Атасынын кубанычы койнуна батпай, баласына аябай ыраазы болот экен. Күндөрдүн биринде Улукман дарыгердин баласы ооруп калат. Оорусу күндөн күнгө күчөйт. Улукман аке билген дарысынын баарын берет, бардык билген чөптөн дары жасап баласын дарылайт. Бирок баланын оорусу айыкпастан кайра күчөйт. Байкуш ата күнү да, түнү да баласын кантип айыктырып, аман алып калсам деп ойлонот. Айласы кетет.

Ар кай жактан дарыгерлерди чакыртат. Баары тең баланы көрүшүп эч бир жардам бере албасын айтышып, кайра жолго түшүшөт. Күндөр өтө берет. Баланын оорусу күчөп, акыры көз жумат. Атанын кайгысы жүрөгүнө батпай, жалгыз баласын жерге жашырат. Күндөрдүн биринде Улукман аке чапанын желбегей жамынып, суунун жээгинде отуруптур.

Жээктен бир чоочун чөптү көрүп, акырын маки менен чөптү кесип алып, жээкке коюп, үстүнө макисин коюп коёт. Өзү колун жууп, жүзүн чайкап болуп, макисин алайын десе макисинин мизи карарып, чөпкө тийген жери эрип кетиптир. Ошондо Улукман аке: Атаңдын көрү ай, Жалбызым, Жалбызым, ушул чөптү билгенде ай, аман калмак экенсиң ай, жалгызым, жалгызым, деп буркурап ыйлаган экен. Ошондон бери ошол чөптүн атын «Жалбыз» деп атап калышыптыр.

Жалбыздан көп сандаган дарылар жасалып, көп ооруларга дары болуп, ооруган адамдарга пайдасы тийип келе жатат.

***

## КААРДУУ ХАН

Илгери бир хан элине абдан ырайымсыздык менен карап, алтымыш жашка чыкканча перзент көрбөйт. Мунун карамагында эки вазир болот. Бир күнү хан ойлонуп отуруп, биринчи вазирин чакырат:

-Менин өсөрүм калган жок, өлөрүм калды. Менден эч кандай перзент жок. Эгерде ажалым жетип өлүп кетсем, артымдагы мал-мүлкүмдү ким ээлейт? -деп биринчи вазирден сурайт.

Анда биринчи вазири:

Эгерде ажалыңыз жетип, көзүңүз өтүп кетсе, балам жок деп эч кандай капа болбоңуз, биз деле ээлейбиз, -дейт.

Хан вазиринин башын алдырып таштайт. Экинчи күнү экинчи вазирин чакыртып, хан жогорку сөзүн кайталайт. Анда ал вазири:

- Ханым, эч кандай капа болбоңуз, бир айласын табабыз, -дейт.

- Айласын тап, -дейт хан.

- Ханым, мага темирден таяк, темирден чокой, түгөнбөс гүлазык таап бериңиз.

Хан вазирдин айтканынын бардыгын берет. Вазир буларды алып, ханга бала тилеш үчүн жолго чыгат.

Айлап-жылдап жол жүрүп отуруп, бир күнү эки жолдун айрылышына барганда бир аксакал кишиге жолугат. Вазир салам айтат. Аксакал киши алик алып:

- Кайда барат элең, балам? -деп калды.

- Биздин ханыбыз алтымышка чыкканча перзент көрбөгөндүктөн, мен ханга бала тилеп чыктым эле, -дейт.

Анда аксакал киши:

- Сен ханга бала тилеп чыга турган болсоң, мен бир сөз айтамын: Сенин ханың абдан ырайымсыз, элге каардуу, жетим-жесирге кайыр санабайт. Элдин муңзарын түшүнбөйт. Ошондуктан перзент көргөн жок, силер чын ыкласыңар менен бала тилей турган болсоңор, дайындуу бир адам каттай турган тогуз жолдун тоомуна бир дүкөн, бир сарай, бир чайкана куруп, ошол жолдон өткөн-кеткендердин бардыгына, ач калган, кеч калгандарга оокатты, кийимди акысыз берип, адамдарды жети жылга чейин түнөтүп, өткөрүп турасыңар. Жети жыл өткөндөн кийин да жолугушарбыз, башка айтарым жок, -деп аксакал киши көздөн кайым болду.

Ушуну менен вазир жолго түшөт. Кайра дагы ошончолук жол жүрүп, жерине келет. Келгенде хан вазирди чакыртып:

-Кандай, айласын таптыңбы? -дегенде, вазир ошол сөздүн бардыгын ханга айтат. Хан макул болуп, тогуз жолдун тоомуна баягы аксакал кишинин айтканынын бардыгын куруп, иреттейт. Жети жыл бою жолоочу-

лардын бардыгын багып, кийим, оокат менен камсыз кылат.

Жети жыл бүтүп, сегиз жылга айланганда хан кургандарын көчүрүп, өзү алдында келе берет. Хан жалгыз келе жатса, жолдо бир аксакал киши жолугат. Ал ак сакал кишиге салам айтат. Ал алик алып туруп:

-Баягыларды аткардыңбы? -деп туюк гана сурайт. Хан ал сөзгө түшүнө коюп:

- Толук аткардым, таксыр, - дейт.

- Анда сен бул сөздү төлук аткара турган болсоң, жакшы болуптур, алтымышка чыкканча перзент көргөн эмес элең. Сен мына бул алманы ал - деп, бир алма берет.

- Бул алманы алып барып, кечке маал тышкы кабыгын аарчып кара бээге бер, алманы тең жарып, байбичең экөөн бөлүп же. Байбичеңдин боюна эгиз эркек бала бүтөт. Таптакыр туубаган кара бээң бооз болот. Ал эми эгиз эки бала төрөлгөндө бирөө сага, бирөө мага. Өзүндө калган баланын атын Шаайысмайыл коёсуң. Бээң тууганда кулундун атын Камыртай коёсуң, -дейт.

Ошону менен экөө ажырашып кете берет. Үйүнө келип, ордосунда иштерди жайлаштырып жүрүп, койнундагы алма эсинен чыгып калат. Чай ичкенде эсине келбейт. Чечинип жатар мезгилде койнуңдагы алма түшүп кеткенде гана эсине келет. Хан алманы аарчып, байбичеси экөө бөлүп жеп, ак сакалдын айтканын аткарат, ушундан баштап байбиченин да, бээсинин да

боюна бүтөт. Тогуз ай, тогуз күн болгондо хандын байбичеси эгиз эркек бала төрөйт. Бээси да эгиз эркек кулун тууйт.

Эгиз эркек баланы эч кимге көрсөтпөй, бир кемпирге каратып, кара бээни жер үстүнө чыгарбастан, жер астына орун жасап, ошол жерге бактырат. Төрт күн болот дегенде, кечки тамакты ичип жаткан убакта эшиктен салам айтып, бир ак сакал киши кирет. Хан алик алып, төр жактан орун берет.

- Кандай, аялың төрөдүбү, бээң туудубу? -деп сөзгө келет. Анда хан.

- Аялым эгиз эркек, бээм эркек кулун тууду-дейт.

- Балдар кайда? -дейт ак сакал.

- Балдарды бир кемпирге бактырып жатам, -дейт хан. Ак сакал киши эки баланы алдырып келип, бир баланы ханга берип, бирөөнү өзү астына алып олтурат.

- Сенин алдында отурган баланын аты Шаабысмайыл, кулундун аты Камыртай болсун, кулун Шаабысмайылдын келечекте мине турган аты, – деп бир баланы алып, көздөн кайым болот.

Ошондон баштап хан баланы бага баштайт. Молдого берип кат таанытат. Бала сегиз жашка чыгат. Ал дайым сууга барып, кайырмак салып жүрөт.

Ошол мезгилде суунун боюна бир боз үй пайда болот. Андан бир кыз дайыма суу алып кетет. Бала кызды көрүп, сүйүп калат. Бала бир күнү энесине:



- Мага аял алып бергиле, -дейт. Энеси ханга айтат. Хан:

- Шаабысмайыл али жаш, аял алгыдай боло элек, коё турсун, -дейт.

Ага Шаабысмайыл болбойт. Хандын айласы кеткенде вазирлерин чакыртып, Шаабысмайылга кыз тандатып жөнөтмөк болот. Муну Шаабысмайыл угуп:

- Атам убаракерчилик тартып, башка жакка киши жөнөтпөсүн. Ушул жерде бир кыз бар, ошону алып берсин, -дейт.

- Мен өзүм хан болуп, эл бийлеп туруп, ушул кызды балама кантип алып беремин, -деп хан болбойт.

Мында бала сүйлөбөстөн, тамак ичпестен, эки күн жатып калат. Хандын айласы кетип, суунун боюндагы боз үйгө жуучу жиберет. Жуучу суунун жээгинен бул үйдү таппай кайта келет. Бала энесине:

- Камыртайды бир көрөйүн, -дейт. Энесинин болбогонуна койбостон, атты жетелеп чыгып, минип алып, ары-бери бастырып:

- Апа, атты менин атым дедиңер эле, «камдалган жоо-жарак, кийим-кечек бар дедиңер эле, мага көрсөтүңүзчү, кийип көрөйүн, жарашар бекен, жарашпас бекен? -дейт.

Энеси жоо-жарагын, кийим-кечесин, ээр токумун алып берет. Бала жарагын асынып, кийимин кийинип, атка минип ары-бери бастырып көрсө, ат жер баспайт, учкан сыяктуу болуп көрүнөт. Ары-бери бастырып келип, энесине:

-Мен кеттим, эне, -дейт.

Энеси чачын жулуп ыйлайт. Ага да болбойт. Анда энеси:

-Түгөнбөстүн күл азыгын көп кылып камдап берейин, анан кеткин, -дейт.

Бала ага да болбойт. Күн жүрүп, түн жүрүп, ай жүрүп, жыл жүрүп бир жерге барса, бир боз үйдүн орду турат. Бул журтта бир кеседей таш жатат. Ташты аңтара салса, таштын астында Гүлдүзардын жазган каты бар экен. Ал катта мындай деп жазылган: «Шаайсмайыл, сен анык эр жүрөк, туруктуу жигит болсоң, мени издеп келерсиң. Биз Мисир шаарына көчүп кеттик. Жок, коркок жигит болсоң, ушул жерден кайра тартарсың» деп жазылган.

Катты окуп, Шаайсмайыл андан ары жолун уланта берет.

Дагы эки күн жүрүп, түн жүрүп, ай жүрүп, жыл жүрүп, бир жерге барса, эки жагында жол жок бир капчыгайга туш келди. Ал капчыгайдын өндүрүндө жалаң гана адамдын башынан бүткөн, эч бир жан өтө алгыс бир чоң дубал турат. Ары-бери бастырса, жол жок, айласы куруп турганда Камыртайга тил бүтүп сүйлөйт:

- Мен жүгүрүп бара жатып токтоймун, ошол учурда кылычың менен дубалды колуң жетсе, жетпесе да шилтеп от. Ошондо дубал урап түшөт. Андан ары дубалдын ичине киргенден кийинкисин өзүң билесиң, -дейт.

Ат айтканындай бир жерге келип токтойт. Шаасмайыл кылыч менен чаап өтсө, дубал кулайт. Бул дубал жалаң гана кишинин башынан курулуп, бир кишинин башынын гана орду калыптыр. Ал дубалдын ичине кирсе, бир чаар тулпар Камыртайды көргөндө кишенеп тизесине чейин, дагы арыраак бастыра түшсө, көзүнө чейин жерге батты. Далдаага Камыртайды байлап, арыраак барат.

Эч кандай адам жок. Бирок, коргондун ичинде абдан сонун кооз бак асман тирейт. Ал бактын ортосундагы көлдүн четинде бир терек бар. Аяк-быягына көз жүгүртсө, эч ким билинбегендиктен, Шаасмайыл теректин башына чыгып кетет да, уктап калат. Ошол мезгилде үч кыз келип, көлдөн суу алайын десе, сууда бир абдан сулуу жигиттин сүрөтү турат. Кыздар ал жигитти кармап алабыз деп, көпкө убара болушат. Чакаларына суу сузуп алышса, анда да жигиттин сүрөтү түшөт. Кармап алалы дешсе, колго илинбейт. Кыздардын айласы кетип чарчаганда кетип калышат.

Кыздардын падышасы:

-Эмне кечиктиңер! Силердин башыңарды аламын, -деп кысымга алат.

Кыздар көргөнүн айтып беришет. Аны уккан падыша кыз:

- Биздин коргонго кандай киши келди экен? Дубалга бир кишинин башы жетпей турат эле, жакшы болду, -деп падыша кыз кыздарды ээрчитип чыгат. Барса, кыздар айткандай сууда бир сүрөт турат. Ал дагы

кармап алайын деп аракеттенсе, колго илинбейт. Аякбыягын айланып караса, теректин үстүндө бир жигит уктап жатат.

- Муну өлтүрбөстөн тирүү кармап алсак, зыян келтириши мүмкүн. Ошондуктан жарадар кылып, сууга түшүрүп, башын алып, дубалды бүтүрөлү, -деп падыша кыз эки кызын жумшап, теректи аралата баштайт. Терек солкулдаган кезде, Шаайсмайыл ойгонуп кетип, түшүп келет. Падыша кыз:

-Жигит, мага келдиңби? -дейт.

-Жолоочунун жолу ушундай экен, -деп бала жооп берет. Анда кыз:

-Бул жерге келген кайтып кетчү эмес. Тетиги дубал сага окшогон жигиттердин башынан бүткөн, -деп дубалды көрсөтөт. Ал падыша кыздын аты Рабизаңга болот. Кыз:

-Менин шартым бар, күрөшөм, мен жыксам башыңды алам, сен жыксаң сага тиемин, -дейт. Атайын койгон калыстарын чакыртып, каратып коёт. Экөө күрөшүп, Шаайсмайыл жыгып алат.

Падыша кыз кайрадан күрөшөт. Шаайсмайыл дагы жыгат. Эки жолу жыкканда кыз таажысын тартып жиберет. Тартып жибергенде кыз экени көрүнө түшөт.

-Эркек башым менен кыз менен күрөшүп эмне пайда таптым, - деп Шаайсмайыл кыздын үстүнөн ооп түшөт.

Ооп түшкөндөн кийин кыз Шаасмайылдын үстүнө минип, канжарын алып, башын алмак болот. Бул учурда турган калыстар:

-Ээ, Рабизаңга, наамарттык кылбагын, бул жигит сени бир эмес, эки жолу жыкты. Жеңиш бул жигиттики, -дейт.

Ушул сөздү уккандан кийин, ордунан ыргып туруп, жигитке жүгүнүп:

-Жеңиш сиздики, мен да сиздики, -дейт. Шаасмайыл андан ары жолун улантмак болот. Рабизаңга уруксат бербейт.

Кеч курун бир күндүк той жасап, экөө бирге жатмак бөлот. Шаасмайыл кылычын экөөнүн ортосуна коюп коёт. Анда кыз:

-Шаасмайыл, сен эмне үчүн мындай ишти жасайсың, эмне үчүн унчукпайсың, же сага менин сулуулугум жакпайбы, же баатырлыгым жакпайбы? Менден коңүлүң калдыбы? -дейт.

Анда Шаасмайыл айтат:

- Мен үйдөн атанып чыкканда болөк максат менен чыкканмын. Менин сүйгөн кызым бар болчу. Сиз меники, мен сеники болдум. Сизди мен аламын. Бирок экоөбүздүн ким-кимибиздин ниетибиз, ишибиз кылычтын мизиндей курч болсун деген ой менен койдум. Мен азыр сапар кетип бара жатамын. Ошол сапарымды туура аткарыш үчүн мен түз жана туура жолдо болөюн. Кайра келе жатып, той жасап, анан сүйлөшөбүз, -дейт. Эртеси андан жөнөп кете берет.

Мында да ай жүрүп, күн жүрүп, түн жүрүп, жыл жүрүп, бир капчыгайга туш келет. Капчыгайда бир чоң таш жатат. Өтүп кетүүгө жол жок. Ары-бери бастырат. Ошол кезде Камыртайга тил бүтөт.

-Ээ, Шаасмайыл, камчы сап менен ташты көтөр. Ал таш ачылгандан кийин каалга, каалгада кулпу бар. Ал кулпунун ачкычы ошонун үстүндө турат. Ал эми ачып киргенди өзүң билесиң.

Аты айткан ишти жасаганда жол ачылат да, атын жетелеп кирип жатса, оң жактан дагы бир кичине каалганы көрөт. Ал каалганы ачып кирсе, караңгы үй, төрдө бир кыз чачын сылап отурат.

Анын сулуулугунан үй жарык көрүнөт. Баягы кызга сүйлөшүүдөн сүрдөп, кичинекей майда таштарды кызды көздөй ыргытат.

Анда ал кыз:

-Ой, сен кандай бейтартип жансың? Жырткыч карышкыр болсоң, мени жегин. Жок, сөз түшүнгөн адам баласы болсоң, жолуңа түшкүн, -дейт.

Анда Шаасмайыл:

-Мен жырткыч эмесмин, адам баласымын. Караңгы жердин астында жашаган өзүң кандай жансың?

-Эгерде сиз муну уккуңуз келсе, тарыхымды айтып берейин. Жети эркек бир туугандын ичинде бир жалгыз кыз элем. Атым Гүлпаары. Эң кенжеси болчумун. Биздин ханыбыз мени аламын деп агаларыма айттырат. Бирок, агаларым болбой коёт. Болбогондо хан

уруш ачты, быйыл жети жыл толот. Ошондон бери эки акем өлүп бешөө калды. Мындан ары жүрүп олтурсаңыз, жолдо бир жагында көп киши, бир жагында беш киши эки тарап болуп согушуп жатканын көрөсүз. Ошол беш киши – менин бир туугандарым. Ошондуктан ханга бербес үчүн мени ушундай караңгы жайга сактап турушат, -дейт кыз.

Сөздүн маанисине түшүнгөндөн кийин Шаасмайыл жолуна түшүп кете берет. Жүрүп отуруп барса, жолдун бир тарабында көп киши, бир тарабында беш киши болуп согушуп жатат. Кетип бара жатып, Шаасмайыл жакын келгенде эки жактагыларды карабай туруп салам айтайын, кайсы жагы алик алса, ошол жагына кошулайын деген ойго келет. Ойлогондой салам берсе, беш киши алик алат, көп киши тарабы унчукпайт.

Шаасмайыл бешөөнө кошулуп согушка кирет. Ошентип, падышанын аскерлерин кырат, жеңишке ээ болушат.

Бирок, беш бир тууган сүйлөшүп Шаасмайылды кетирбей, үйлөрүнө алып барышып, карындашын ага бермекчи болушат.

Ал кечеси той жасап, карындашын Шаасмайылга беришет. Бирок, түндөсү бирге жаткырганда Шаасмайыл ортосуна кылычын жылаңач коюп коёт. Анда кыз кылычтын ортого коюлушунун жайын сурайт.

Менин сулуулугум көңүлүңө толбодубу, же беш бир тууганымдын баатырлыгы жакпадыбы?- дейт.

Силер жөнүндө эч кандай наразычылыгым жок. Мен үйдөн жөнөгөнүмдө бир максат менен чыккан-мын. Ошол максатым аткарылмайынча, менин сиз менен сүйлөшүүм туура келбейт. Бул кылычтын коюлушунун себеби – экөөбүздүн сүйлөшүүбүздүн маңызы, мына ушундай курч болсун. Эрте менен сапарымдан калбай жөнөп кетейин. Мен сизден айныбайм,- дейт Шаасмайыл.

Ошону айтып кайта келишке убада кылып жөнөп кетет. Ошентип күндөп-түндөп жүрүп отуруп, бир шаардын четине жетип, бир жесир аялдын үйүнө түшөт. Ал аялдан:

- Элиңерде эмне кеп бар?- дейт.

- Бизде эч деле кеп жок, бир гана жаңылык, падышабыз Гүлдүзар деген кызды аламын деп, тою болуп жатат. Бүтүшүнө эки гана күн калды!

- Андай болсо жакшы. Сиз мына бул акчага базарга барып, жууркан-төшөк, жемиш алып келиңиз,- дейт.

Акчаны алып, аял базардан айткандардын баарын алып келет. Кеч киргенде аялга Шаасмайып айтат:

-Сиз ханга жакшылап оокат жасаңыз. Мына бул шакекти кошуп алып барасыз да, тасмалды хандын астына коёсуз. Сиз өзүңүздү Гүлдүзардын эжесимин деп, ханга билдирбестен туруп шакекти Гүлдүзарга көрсөтөсүз. Анда Гүлдүзар сизге эмне десе, мага айтып келесиз.

Айтуусу боюнча жесир аял шакекти кошуп, дасторконду алып барат. Анда Гүлдүзар:

- Сиздин үйүңүзгө ким келди?- деп сурайт.

- Менин үйүмө бир жигит келип, ушундай жасагын деди,- дейт аял.

Анда Гүлдүзар:

-Андай болсо мен ханга айтып тойду токтото турайын. Эрте менен көчөгө бир киши чыгарбас үчүн буйрук бердирейин. Өзүм кырк кызды ээрчитип бакка барайын. Ошол жерден мени алып кетсин. Ушундай деп айтып барыңыз,- дейт кыз.

Аял бардыгын Шаасмайылга айтса:

-Жок, сиз кайра барыңыз да мындай деңиз: мейли тоюн токтото турсун, эрте менен көчүрүп жөнөсүн. Мен хандан тартып алып кетем, кудурети болсо тартып калсын,- дейт.

Хан Гүлдүзарды алып келе жаткандыгын көрүп, Шаасмайыл алдынан тосуп чыгат да, Гүлдүзарды ала качат.

Хан кабарды катуу салып, артынан куугунтукташып, хандын тулпарлары да кууп жетпейт.

Шаасмайыл менен Гүлдүзар аттан түшүп эс алышат. Артынан хандын аскерлеринин келгендерин Шаасмайыл жеңе берет. Ошентип, төрт-беш күн ошол жерде согуш болот.

Алар жолдон Гүлпаарыга келет. Анда жети күн той жасап, сегизинчи күнү Гүлпаарыны алып жөнөйт. Гүлпаарыга агалары эки тулпар, үч куржун алтын жана үчөөнө тиешелүү кийимдер, Гүлпаарынын бала кези-

нен бирге жүргөн күчүгүн кошо беришет. Күчүк бардык жаман, жакшылыкты алдын билет экен. Андан жүрүп отуруп, Рабизаңгага келишет.

Рабизаңга аябаган баатыр кыз болгон экен. Ал карамагындагы элди, шаарды бүт Шаасмайылга бүтүн өткөрүп берет. Ал жерден алынын келишинче алтын-күмүштөрдү, кымбат баалуу таштарды жүктөп алып жөнөйт.

Айылга жакын келгенде Гүлдүзар:

-Биз кайнатабыздыкына барбастан, ушул жерге жай салып туралы- дейт.

Шаасмайыл макул болуп, атасынын айлынан он беш, жыйырма чакырым алыстыкта үй салдырат. Анын жайлары кымбат баалуу таштар менен бүтөт.

Хан бир күнү саякатка чыгып, кеч калып келе жатса бир канча алыстыкта абдан жаркыраган кооз жай көрүнөт. Эртеси хан изилдетип жиберсе, уулу Шаасмайылдын жайы болот. Эртеси атасын үйүнө чакырат. Гүлдүзар:

-Кайнатабыз үйгө келсе, бизди көрсөтпө,- дейт.

Хан баласы менен кошо жөнөйт. Шаасмайыл атты жайлаганча хан үйүнө кирип барат да, тамак даярдап жаткан үч аялды көрүп калат. Хан:

-Мен жетимиш-сексен жыл хандык доорон сүрүп, ушул жашка келгиче мындай сулуу аялдарды көргөн эмес элем. Чыныгы аялдар ушулар турбайбы!- деп баласын өлтүрүп, келиндерин алмакчы болот.

Ошол жерден калп ооруп калат. Баласына:

- Мен ооруп калдым, күн сайын келип кабар алып тургун,- деп тамак ичпестен аттанып кетет. Кемпирине барып:

- Балабыз динден чыгыптыр, каапырды алыптыр. Жети атабыздан бери тозокко түшө турган болдук. Уулду эптеп өлтүрөлү,- дейт.

Кемпири макул болуп, хандын акылы боюнча бал жана уу ачытат. Баланы чакыртат. Бала жөнөөрдө Гүлдүзар күчүктү кошуп берип:

- Атаңкына барганда күчүктүн кылганын кыл, баскан изин бас,- дейт.

Бала барса, атасы кыңкыстап жаткан болот. Ошол мезгилде энеси бир пиялага бал алып келип, ханга сунат, экинчи пияладагы ууну баласына сунат. Хан балды ичип жиберет. Шаасмайыл ичейин десе күчүк колдон тырмалап ичирбей коёт. Анда атасы менен энеси:

- Эмне үчүн ичпейсиң?- деп сурайт. Мындай оокатты ичип көргөн эмесмин, мага жакпайт,- дейт Шаасмайыл.

Бул сапар өлүмдөн калып, үйүнө кайтат. Экинчи жолу дагы чакыртат. Энеси палоо басып, бир жагына май аралаш, бир жагына уу аралаш палоону экиге бөлүп алып келет. Хан жей баштайт. Күчүк Шаасмайылга жегизбей коёт. Шаасмайыл өлүмдөн экинчи жолу калып, үйүнө кайтат.

Үчүнчү күнү чал ордосунун эшигинен тартып, төрүнө чейин килем менен төшөйт. Эшигинен төрүнө чейин терең чуңкур каздырат. Бул чуңкурдун ичине учун жогору каратып, эки шиш темир кактырат. Ал темир шиштердин учу ууланган болот. Ушинтип даярдатып коюп, баласын дагы чакыртат. Шаайсмайыл күчүктү астына коё берет. Күчүк килемдин ортосун баспастан чети менен басат, күчүктүн изи менен Шаайсмайыл да жүрүп отурат.

Барганда ууланган күрүч берет. Аны да жебей коёт. Ошентип, үйүнө дагы аман-эсен кайтат.

Төртүнчү жолу дагы баласын чакыртат. Хан:

- Балам, мен сени өлгөндө-талганда ак деп, так деп-көрдүм эле. Сен мага ишенбей, күчүктүн бир баласына ишенип калыпсын. Чын сырыңды айтчы, сенин күчүң эмнеде? - дейт.

- Менин эки колумду алтымыш кулач аркан менен артыма байласа, күчүм ошондо, ошону чече албаймын, - дейт бала.

Айткандай хан алтымыш кулач аркан менен Шаайсмайылдын колун байлап:

-Башын алгыла! - деп кыйкырат.

Шаайсмайыл күйшөнүп койсо, аркан бытырап, үзүлүп кетет. Хан:

- Ии, балам, мен сени катыксын деп жатам,- дейт. Хан экинчи жолу дагы сурайт.

- Алтымыш кулач чынжыр менен колумду аркага байласа, менин күчүм ошондо,- дейт бала.

Хан Шаасмайылды байлатып:

-Алгыла, жигиттер, башын!- деп кыйкырат. Ал күйшөнүп койсо, чынжырдын көзү сайын үзүлөт.

Үчүнчү жолу таарынычтуу, ырайымдуу сөздөр менен баласынан сурайт:

-Менин өлөрүм калып, өсөрүм калган жок, чын сырыңды айт, күчүң эмнеде?- дейт.

Бул сөзгө бала эрип кетип:

-Мен чын сырымды айтайын, Камыртайдын куйругунан бир тал кылын алып, эки чыпалагымды бириктирип байласаңыз, менин күчүм ошондо,- дейт.

Аны менен байлатып, хан:

-Алгыла башын!- деп кыйкырганда, Шаасмайыл үзө албай калат.

Хан эки көзүн чукутуп, көзүн көлгө салдырат да, өзүн орго салдырат.

Хан үч келинине: «Шаасмайыл болсо ордо, мага тийсин» - деп кабар айттырат.

-Биз тирүүбүздө тийбейбиз, күчү жетсе, бизди өлтүрүп алсын,- деп келиндери жооп кайтарат.

Ошондо согуш башталат. Хандын аскерлери жеңиле берет. Алар согуша берсин, биз ордо жаткан Шаасмайылдан кабар алалы.

Бул ордо жаткан Шаасмайылга кайдан-жайдан тамак таап, күчүк алпарып таштай берет.

Күндөрдүн биринде бир чоң соодагер келип, ордонун туурасында бир-эки чакырым алыстыкта түнөп

калышат. Ал соодагердин жанында дайыма күчүк болот дагы, күчүккө канчалык оокат берсе дагы аны жебестен, тиштеп алып кете берет.

Акырында соодагерлер:

-Бул кандай күчүк?- деп аңдып калышат. Күчүктүн артынан аңчы коёт. Аңчы күчүктүн артынан барса, тиштеп алган оокатты бир жерге алып барып эле таштап жиберет.

Артынан барып караса, бир чоң ордун ичинен бир кишинин добушу чыгат.

- Сен кандай жансың? - дейт.

- Мени ордон чыгарып койгула! - деп суранат.

Бул сөздү угуп, баягы кербен башы соодагерге айтат. Алар төрт качыр менен аркандарды алып, орго барышат. Арканды таштап, качыр менен сүйрөтүп чыгарат.

Ордон чыкканда Шаасмайылдын эки көзү көр, сакал муруту өскөн болот. Аны алып булакка келишет. Ал булактын суусу менен бети-колун, көзүн чайкап отура берет. Күчүк көлгө барып, Шаасмайылдын эки көзүн алып келип берет. Ошол кезде Шаасмайылга түбүндө отурган талдын башына эки көгүчкөн келип конот. Алар кишиче мындай деп сүйлөйт:

-Көздү жакшылап жууп туруп, өз көзүңө сал. Көзгө салгандан кийин экөөбүз куйругубуздан эки тал таштайбыз. Талды эки колуңа ал да, оң колуңдагың менен сол көзүңдү, сол колуңдагы менен оң көзүңдү сыйпайсың. Анда көзүң кадимкидей таза болот.

Шаасмайыл көгүчкөндөр айтканын кылат. Күчүктү ээрчитип кете берет. Жүрүп отуруп эки өгүз менен кош айдап жаткан дыйканга жолугат.

Дыйкан:

- Падышабыз согушуп жатат. Алардын катары мага жакындап калды. Согушка барсам, келемби, келбеймби деп эгин айдап жатам. Сен кимсиң? - дейт.

- Мен баласызга бала болоюн, ботосузга бото болоюн деп жүргөн жанмын, - дейт. Аңгыча эки өгүзү чарчап калат. Бала эки өгүздү чыгарып коюп, бир колу менен тартып, бир колу менен кармап, жерди айдап таштайт.

Анан дыйканга:

- Сиздин ордуңузга мен барамын, «менин балам бар, ошол барат» деп айта бергин,- дейт.

Дыйкан:

- Болуптур,- деп баланы үйүнө ээрчитип жөнөйт. Үйүнө келип, үйүндө болгон бар тамагын берип:

- Балам, сен эмне оокат жейсиң?- дейт.

- Мен кочкор, теке, бука, айгырдын этин жеймин. Дыйкан ал түнү бир кочкору бар экен, ошону союп берет. Аны бүт жеп жатат. Саар менен бир текенин этин жейт. Дыйкан кечте бир букасын союп берет. Бала аны эки күн жейт.

Ошол мезгилде хандан чакыруу кагаз келет да дыйкан Шаасмайылды жөнөтөт. Аялдары Шаасмайылдын келатканын, согушка киререрин билет. Баатыр аял Рабизаңгага беркилер:

-Шаасмайыл келип азыр согушка кирет. Бирок, алдан-күчтөн тайыган немени этияттагын,- дейт.

Шаасмайыл барып:

-Биз бул хандын баатыр баласынын аты бар деп уктук эле. Ошону берсе, душманын сөзсүз жеңип берем,- деп ханга айттырат.

Атасы Шаасмайылды тааныбай калат. Анткени күчүк көзүн таап келгенде, көздөрүн алмашып салып койгон экен.

Хан бул Шаасмайылдын суроосун канааттандырып атын берди. Атты минип, согушка киргенде, аялы Рабизаңга дароо тааныйт да, кача берет. Шаасмайыл Рабизаңганы эңип, хандын астына алып келет. Хан Рабизаңганын башын алганга желдеттерге буйрук кылат. Муну угуп турган Шаасмайыл "Ханды кармагыла!" деген буйрукту берет.

Ошентип нысапсыз хандын ниети өз башын жоготкон экен.

***

## ЖАГАЛЫМ

Илгери-илгери бир кан болгон экен, анын аялы өлүп, андан Жагалым деген уул, Карчыга деген кыз калат. Күндөрдүн биринде кан бир сулуу аялга үйлөнөт. Аялы балдарга аябай өч чыгат.

Жагалым көзгө атар мерген экен, күнүгө кийикке чыгып, үйүн майга толтурат. Бир күнү кандын аялы:

-Үйдү эт, майга толтуруп балаң үйдү сасытып жиберди, бул баланды жогот, же өлтүр, болбосо мен кетем,- деп ыйлай баштайт.

Кандын айласы кетип, баланы өлтүрмөкчү болот. Муну Карчыга билип калып, агасын кайтарып калат.

Бир күнү Карчыганын башка бир жеңеси келип:

- Кыз, бүгүн биздин үйгө барып, мага бир кемсел бычып берчи -дейт. Карчыга: «Кокус мен кетип калсам, булар Жагалымды өлтүрүп коюшат, ошондуктан үйдөн эки жакка чыкпайын» дейт да, жеңесине:

- Баралбайм, колум бошобойт,- деп барбай коёт.

- Эртеси баягы жеңеси келип, Карчыганы акидей асылып жатып, үйүнө ээрчитип кетет. Кан менен аялы көк уйду туюк союп, Жагалымды өлтүрүп ага салып, оозун бекем бууп, көлгө салып жиберишет. Жагалымдын кийимдерин жүктүн артына катып коюшат.

Карчыга үйүнө келсе агасы жок, «Жагалымды өлтүрүшкөн экен» дейт да, аны издей баштайт. Жүктүн артынан агасынын кийимдерин таап, аларды өзү кийип, атын минип, талаага чыгып, ар кимден сурап жүрүп олтурат. Эч бир көргөн, билген киши жок, табалбай кыйналат. Карчыганын атына тил бүтүп: «Агаң көлдө жатат», - дейт.

Карчыга бир койчуга барып:

- Койчу, койчу, дешелик, бир табактан жешелик, тар төшөктө жаталык, Карчыгадай кара беттин кара башы сүйүнчү, ушул көлдөн Жагалымды алып чыгып бергин,- дейт.

Койчу кочкорун минип көлгө түшөт, кочкору суугa кетет, өзү өлдүм-талдым дегенде араң чыгат.

Карчыга андан кийин уйчуга, төөчүгө, жылкычыга барат, алар да алып чыга албайт. Айласы кеткенде сууга өзүм түшөйүн, бир тууганымдан ажыраганча, өлгөнүм жакшы деп сууга түшмөкчү болгондо атына тил бүтүп:

- Сен түшпөгүн, мен алып чыгамын,- деп сууга түшөт да, суудан Жагалымды алып чыгат. Карчыга «агамды курт-кумурска жебей турган жерге көмөйүн» деп көзүнүн жашын көл кылып, өңөрүп алып кетип баратып, кара ташка жолугат.

-Жарылгырдын кара таш, жарылып кетсең не болот, Жагалымдай жалгызды, коюп кетсем не бөлот?- дейт.

Ошенткенде кара таш чарт тең бөлүнөт, бирок ичи курт-кумурскага жык толгонун көрүп, ага көмбөй андан ары кетет. Андан ары жүрүп отурса, алдынан ак таш көрүнөт, ага кайрылып Карчыга:

- Жарылгырдын ак ташы, жарылып кетсең не болот, Жагалымдай жалгызды көөмп кетсем не болөт?- дейт.

Ак таш жарылат. Курт-кумурскалар жок, ичи таптаза экен. Карчыга агасын көмөт да, андан ары өзү кетет.

Жүрүп олтуруп, жүрүп олтуруп Карчыга «Ким жамбыны атып түшүрсө, кызымды ошол жигитке беремин»,- деп Кара кан элин жыйып алып, төй берип

жаткан жерге барып калат. Жамбы аткандарды карап турса, аны эч ким атып түшүрө албайт.

- Мен атып көрөйүнчү, тээ атымдын жанындагы мылтыгымды алып келе койчу,- деп Карчыга бир баланы жумшайт.

Ал бала барып мылтыгын көтөрө албайт. Карчыга барып мылтыгын чыпалагы менен көтөрүп келет да, жамбыны атып түшүрөт. Эл Карчыганы:

- Кан күйөө, бек күйөө,- деп көтөрүп кетишет.

- Бир агам жолоочу жүрүп кеткен эле. Ошол агамды таап келейин,- деп Карчыга колуктусун алгандан кийин, андан ары жөнөп кетет.

Жүрүп олтуруп, жүрүп олтуруп, Карчыга «Ким жамбыны атып түшүрсө, кызымды ошого беремин» деп элин жыйып алып, жамбы аттырып жаткан Кызыл кандын тоюна кез келет. Карап турса, жигиттердин эч кимиси ата алышпайт.

- Мен атып көрөйүнчү,- деп Карчыга мылтыгын алат да, жамбыны байлап койгон жибин үзө атат. Эл Карчыганы:

- Кан күйөө, бек күйөө деп, топтолгон элдер көтөрүп кетишет. Карчыга Кызыл кандын кызын алат да:

- Менин жолоочу жүрүп кеткен бир агам бар эле, ошол агамды таап келейин,- деп дагы издеп кетет.

Жүрүп олтуруп, жүрүп олтуруп Карчыга «Ким жамбыны атып түшүрсө, ошого кызымды беремин», деп той берип жаткан Ак кандын тоюна туш келет. Карчы-

га карап турса, жамбыны эч кимиси ата албайт. Карчыга жамбыны саландата байлап койгон жибин үзө атат.

- Кан күйөө, бек күйөө, - деп Карчыганы топ элдин ичинен көтөрүп кетишет.

Ошентип Карчыга Ак кандын да кызын алат. Бирок Ак кандын кызы: «Бул эркек эмес – аял, мунун эркек же аял экенин билиш үчүн буга ийик саптаталы. Эгерде эркек болсо, ийикти сулуу кылып саптайт», - деп Карчыгага ийик берет.

- Ийикти кантип сулуу саптаймын? - дейт Карчыга атына. Аты ийиктин сабын оозуна салып туруп кайра таштап коёт, ийиктин сабы жылмаланып түшөт. Карчыга ийикти саптап бере салат. Кыздын жеңелери сапталган ийикти көрүп:

- Сонун саптаган турбайбы, койчу, ботом, эркек эле экен, аял болсо ушундай сулуу саптамак беле? - дешет.

Ак кандын кызы буга ишенбейт да, үйдүн эки капшытына бир эркектин ээр токумун, бир аялдын ээр токумун коёт.

Эгерде эркек болсо, эркектин ээр токумун, аял болсо, аялдын ээр токумун карап өтөт дейт да, Карчыганы:

- Үйгө кирип үйдөгү ээр токумдарды көрүп чык,- дейт. Карчыга дагы атына кеңешет. Аты «Эркектин ээр токумун карап, аны кармалап өт», - дейт. Карчыга эркектин ээр токумун карап өтөт.

-Эркек эле турбайбы, кыздын ээр токумун карабастан, эркектикин карап өттү го, курулай эле сүйлөй бересиңби?- дейт кыздын жеңелери.

Кыз буга да ишенбей өңчөй эркектерди жарыштырып сынаймын, «кыз болсо, этегин кымтырынып жүгүрөт, эгерде эркек болсо, кымтырынбай жүгүрөт» дейт да, Карчыганы жарышкын дейт. Карчыга атына айтат: Аты: «этегиңди кымтырынбай жүгүргүн» - дейт.

Карчыга жарышка катышып, этегин кымтырынбай жүгүрөт. Кыздын жеңелеринин айтканы чын болуп чыгат, кыз да эркек экен деп ишенип калат.

Карчыга үч аялынан:

- Атаңардын кандай жакшы буюму бар, ошону мага сурап бергиле, - дейт.

Ак кандын кызы өлгөн кишини түртүп койсо аласалып кетет деп, атасынын алтын чокморун сурап берет. Кызыл кандын кызы өлгөн кишиге тийгизип койсо, күңгүрөнүп калат деп атасынын күмүш чокморун сурап берет.

Кара кандын кызы өлгөн кишини түртүп койсо, ал үшкүрүп тура келет деп, атасынын жез чокморун сурап берет. Карчыга үч чокморду алып, үч аялын үч жол менен көчүрөт, мен агамды издеп таап келейин деп, өзү андан ары жөнөп кетет.

Үч аял көчүп барып баягы белгилеп койгон жерге конушат.

Карчыга ак ташка барат, башынан өткөндөрүн, көргөн-билгендерин бүт жазып туруп, ээрдин алдыңкы кашына жабыштырып коёт да:

-Жарылгырдын ташы жарылып кетсең болбойбу, мен бир боорум Жагалымды алып кетсем болбойбу?- дейт.

Ак таш жарк деп ачылат. Карчыга ак чокморду агасына тийгизип койду эле, агасы аласалып кетти, күмүш чокморду тийгизип койду эле, агасы күңгүрөнүп сүйлөдү, жез чокморду тийгизип коюп, өзү коён болот да, жылт коёт. Өх, көпкө уктап калган турбаймынбы,- деп агасы үшкүрүп тура калат.

Жагалым кийимин кийинип, атын минейин десе кат жатат, ал катты окуп бардык болгон ишти түшүнөт, анан атын минип алып жөнөйт. Кетип баратса бир топ киши бир коёнду тызылдатып кууп келе жатат. Ал коён чымылдап келип эле Жагалымдын койнуна кире качат. Кууп келаткан кишилер коёнду таба албай калышат. Жагалым болсо, аны Кара кандын кызына алып барып:

- Ушул коёнду жакшы бак,- деп колуна берет.

- Бирок Кара кандын кызы жакшы карабай, коёнду арыктатып жиберет. Жагалым андан коёнду алып, Кызыл кандын кызына:

- Ушул коёнду арыктатпай жакшы бак,- деп дайындап берет. Бирок ал дагы жакшы бакпай андан бетер жүдөтөт.

Жагалым андан коёнду алып, «жакшы бак, жакшы кара» дебей эле Ак кандын кызына алып барып берет. Ал аялы коёнду убагы менен тамагын, суусун берип жакшы багып, жакшы карайт.

Коён он чакты күндөн кийин эттенип, кулпунуп өңүнө чыга келет. Ак кандын кызы анын адамзат экенин билип:

- Сен коён эмессиң, сен адамзатсың, чынынды айт,- деп өпкүлөп, жыттагылап, бооруна кысса, бир маалда баягы коён кыз түрүнө келет.

«Ак кандын кызы коёнду жакшы багып жүрүп кыз түрүнө айландырыптыр» деген сөз тигил эки аялына угулат. Эки күндөш Ак кандын кызын көрө албай, кайын сиңдисин бага албай өлтүрүп алыптыр деген жаманаттыга калтырыш үчүн «кыздын башын сен кара, ошондо мен мээсине темене кагайын, ошентип кызды өлтүрөлү»,- деп кеңешип, Ак кандын кызыныкына келишет.

Эки күндөш кызды боюна тарта башташат, бири жүйрө олтуруп кыздын башын карайт. Экинчиси:

-Иий, мына бит, иий, мына сирке,- демиш болуп олтуруп, кыздын мээсине теменесин кагып жиберет.

Жагалым ыйлап-сыктайт, айласы канча, көнөт. Жагалым алтындан көмүркөй жасатып, карындашын ошого салып коёт. Жапайы бугуну карматып келип баягы карындашы жаткан көмүркөйдү бугунун эки мүйүзүнүн ортосуна бекем байлап кадайт да, бугуну

жибек аркан менен аркандатып коёт. Көп мезгилден кийин аркан чирип үзүлөт, бугу болсо качып кетет.

Жагалым түгөнбөс күл азык алып, темир чокой кийип, темир таяк таянып, карындашынын сөөгүн издеп жөнөйт.

Баягы бугу качып жүрүп олтуруп, жүрүп олтуруп капкан салып, тузак тартып оокат кылып жүргөн кемпир-чалдын капканына түшүп калат. Чал капканына түшкөн бугуну союп, көтөрүп жүргөн көмүркөйүн алып үйүнө келет. Көмүркөйдү ачса, андан айдай сулуу кыз чыгат. Аны көмүүгө ыраа көрбөй башын сылап отурушса, бир маалда колдоруна баягы темене урунат. Ал тেменени сууруп алышса, кыз тирилип кетет.

Чал эртеси тузагына барса, бир карга жатат, алып соёюн десе, карга адамдын тили менен:

- Мени сойбогун, Карабай деген бай мен боломун, менден каалаганыңды алгын,- деп жалынат.

- Мен сени коё берейин, кийин сага барганда сураганымды бересиң,- деп чал Карабайды коё берет.

Чал бир күнү Карабайдыкына барып келейин деп барса, кой, уй, жылкы жер бетин бербей жайылып жүрөт. Чал малчылардан:

- Бул кимдин малы?- дейт.

- Бул төрт түлүк Карабайдыкы!

- Карабай менин тузагыма түшкөндө «эмне алсаң, ал» деди эле, эми малынан сурап алайын,- дейт чал малчыларга.

Анда малчылар:

-Сен бул малды алып эмне кыласың, андан көрө Карабайдын жайыл дасторкон деген дасторкону бар, аны «жайыл дасторкон» десең, бүт тамак-аш, дүйүм жемиштер даяр болот. «Чыч чебич» деген чебичи бар, аны чыч чебич десе, өрүк мейиз чычат, «быш сабасы» бар, аны «быш саба, быш» десе, кымыз бышышы даяр болот. Ур токмогу бар, аны «ур токмок» десе, душманыңды токмоктоп талкалайт, сен ошолорду сурап ал, -дешет.

Чал барып Карабайдан жайыл дасторконун, чыч чебичин, быш сабасын, ур токмогун сурайт. Карабай ары карап ыйлап, бери карап күлүп баягыларды берет. Чал жайыл дасторконду, чыч чебичти, быш сабаны, ур токмокту алып үйүнө келип байып жатып калат.

Чалдын бул буюмдарын көрүп жана анын байып кеткенине ичи тарланган айылындагы кескилер токмоктон башкасын уурдап кетишет. Эртеси чал айылындагыларга барып:

-Менин жайыл дасторконумду, чыч чебичимди, быш сабамды уурдап кетиптир, ким уурдаганын көрдүңөрбү? - деп сурайт.

Айылындагылар:

- Көргөн жокпуз, билген жокпуз, - деп коюшат.

Чал:

- Силер эле уурдадыңар, алыстан ууру келмек беле, ур, токмогум, ур,- дейт.

Ур токмок бир асманга чыгып, бир жерге тийип элдин башы-көзүн, колу-бутун сындырып, тоз-тополоң кылат.

- Берели эле берели, биз алганбыз, деги токмогуңду токтотчу бөөдө өлүп калбайлы,- дешип уурулар чалга жалынышат.

- Урба, токмогум, урба,- деп чал токмогун араң токтотот. Уурулар уурдап алгандарын чалга беришет.

Ошол күндөрдө бир кан жигиттерин ээрчитип куш салып чыгат, ал куш чалдын алачыгынын түндүгүнө келип конуп калат. Кандын жигити келип:

-Үйдө ким бар, кушту алып бергин,- дейт.

Үйдөгү кыз кушту алып эшикке чыгат. Ал кызды көрүп сулуулугуна суктанып, жигиттин эси ооп калат да, кушун камчыланып чапкан бойдон канга барат. Караса, колундагы куш өлүп калыптыр.

Кан үйүнө барып башка куш алып келип дагы салат. Ал кушу дагы баягы алачыктын түндүгүнө барып конот. Кандын бир жигити келип:

-Кушту алып бер!- дейт.

Карчыга кушту алып чыгат. Жигит кызды көрүп эси ооп, кушун камчыланган бойдон канга барат, кушу дагы өлүп калат.

Кан үйүнөн куш алдырып, эми өзү салып чыгат. Бул жолу да куш баягы чалдын алачыгына барып конот. Кан өзү барып:

-Кушту алып бер,- дейт.

Карчыга кушту алып чыгат. Кан кыздын сулуулугуна кызыгып чалды чакыртат. Карчыга чалды эмне үчүн чакыртканын билип, көздүн кабыгынан тигилген баштык берип:

-Ушул баштыкты толтуруп алтын берсеңиз, мен сизге кызымды берем деңиз,- дейт.

Чал канга келет. Кан:

- Мага кызыңды бер,- дейт.

- Ушул баштыкты толтуруп алтын берсеңиз, кызымды сизге берем,- дейт.

Кан казынасындагы алтындан баштыкка салдырат, баштык толбойт. Бүт алтынын салдырат, эч толбойт. Айласы кетип, эмне кыларын билбей турганда бир мастан кемпир:

-Мени он сегиздеги балага алып берсең, мен мунун айласын табам,- дейт.

Кан макул болот. Ошондо кемпир төгөрөктүн төрт бурчунан төрт чымчым топурак салат, баштык толуп, ашып-ташып кетет.

Той берип, шаан-шөкөт менен кан Карчыганы алат, ал бир эркек бала төрөп берет. Бала чоңоюп балдар менен чүкө ойной баштайт. Энеси баласына болгон окуяны айтып түшүндүрөт да, балдар менен чүкө ойногондо:

- Бул менин колум эмес, таякем Жагалымдын колу деп ойногун,- дейт. Баласы балдар менен чүкө ойногондо:

- Бул менин колум эмес, таякем Жагалымдын колу,-деп балдар менен ойноп жүрөт.

Карчыганы издеп жүргөн Жагалым тиги баланын сөзүн угуп балага келет, баладан жөн-жай сурайт.

- Мен кандын баласы боломун, энемдин аты – Карчыга, таякемдин аты – Жагалым, - дейт бала.

Ошентип Жагалым карындашын таап, жыргап-куунап жатып калышыптыр дейт.

***

## АСАН МЕНЕН ҮСӨН

Илгери-илгери бир чал-кемпирдин Асан, Үсөн деген эки баласы бар экен. Бир күнү чал отун алып жатса, калың куурайдын ичинен бир тоок учуп чыгат. Ал тооктун жаткан жерин караса, уя толгон жумуртка. Чал тузак тартып коюп базарга кетет. Отунун сатып, кайра келип караса, тузагына баягы тоок түшүп калган. Чал жумурткасын этегине салып, тоогун көтөрүп үйүнө келет. Тоокту жүк жыйчу тактанын алдына бутунан байлап бактырып коёт.

Бир күнү чал беш-алты жумурткасын алып, «падышанын тоогунун жумурткасына салыштырамын», деп падышанын сарайына барат. Чалды падышанын жигиттери кармап, падышага алып барат. Падыша чалдын жумурткасын көрүп, алты дилде берип, алты жумурткасын сатып алат да:

- Жумурткаң болсо алып келгин, дагы дилде беремин,- дейт. Кийин чал бир этек жумуртка алып барып,

падышадан бир этек дилде алып келет. Чал дилдеге мал алып байып кетет. Арадан көп убакыт өтпөй, чалдын кемпири өлүп калат да, жаш катын алат.

Күндөрдүн биринде чал базарга сатамын деп, бир короо ириктерин айдап, шаарга барат. Ошол шаардын каны бул кедей чал тез эле кантип байып кетти деп таң калат да, чалдын үйүн тегерете карап эч нерсе байкабайт. Эми кетейин деп эшикке чыгып бара жатып, жүк жыйгыч тактанын алдындагы байланып турган тоокту көрөт.

Кан:

«Ырыс мунун мал тегинде эмес, ушул тоокто экен. Бул тооктун канатын жеген токсон күндө кандыкка, башын жеген киши кырк күндө падышалыкка жетет. Мен мунун башын жеп, түшпөс падыша болоюн» деп ойлойт да, чалдын жаш катынына:

-Мен сени аламын. Сен тиги тоокту союп, башы менен канатын бышырып кой, бир аздан кийин келемин,- деп үйүнө кетет:

Аял тоокту союп, казанга салып, баягы канды күтүп, күтүп кечиккенинен:

-Кан эмне кечикти? Мен барып ээрчитип келейин, силер этти бышырып тургула, – деп Асан, Үсөнгө тапшырып, канга кетет.

Асан менен Үсөн баягы тооктун этин бышырып жатып башы менен канатын жеп коёт. Кан этти караса, канат менен баш жок.

-Бул этти жебеймин, мага тооктун канаты менен башы керек болчу,-деп тоокту жебей коёт.

Анда аял:

-Иий, тооктун канаты менен башын Асан менен Үсөн жеп койгон турбайбы,- дейт.

Анда кан:

- Балдардын өпкө-боорун бышырып кой, мен эртең менен келип жеймин,- деп үйүнө кетет.

- Эртең менен балдар медресеге кеткенден кийин жолунан тосуп Асан, Үсөнду өлтүрүп, өпкө-боорун алып кел,- деп аял үйүндө оокатка жардам кылып жүргөн чалды жиберет.

Чал мектепке барып, Асан, Үсөнду чакырып алып:

-Өгөй энеңер силерди өлтүрүп, өпкө-бооруңарды алып келгин деп мени жиберди. Силер бир күчүк, бир мышык таап келгиле, ал экөөнү өлтүрүп, өпкө-боорун көйнөгүңөргө ороп койгула, мен шаарга барып силерге көйнөк, оокат алып келемин. Көйнөк кечекти кийип, азыгыңарды көтөрүп алып качкыла,- дейт.

Асан менен Үсөн бир күчүк, бир мышык алып келишет, баягы чал айткандай кылат.

Чал балдарга кийим-кечек, азыктарын алып келип:

-Эми силер качкыла, мен «өлтүрдүм» деп кан болгон көйнөгүңөрдү жана ит менен мышыктын өпкөбоорун аялга алып барып беремин. Силер ушул жол менен жүрүп олтурсаңар, жүрүп олтурсаңар эки айрылыш жолго кез келесиңер, Чоң жолуна улууң, кичине-

сине кичүүң түш,- дейт да, жолду көрсөтүп өзү кайра кетет.

Чал аялга келип, баягы өпкө-боорду берет. Кан ошол өпкө-боорду жеп, ууланып өлөт. Асан, Үсөндүн атасы базардан келсе, балдар жок. Болгон окуяны баягы чал толугу менен айтып берет, Асан, Үсөндүн атасы катынын кырк кысырактын куйругуна байлап, сүйрөтүп жүрүп өлтүрөт.

Асан, Үсөн болсо баягы чал айткандай, эки айрылыш жолго түшүп кетет.

Асан жүрүп олтуруп, жүрүп олтуруп бир калың элге жолугат.

Асан:

- Бул эмне болгон эл?- деп бир карыядан сураса, ал:

- Кан шайлашканы жаткан эл, - деп жооп берет.

Ошондо бир аксакал адам бөлүнүп чыгып:

- Мен кан боломун, мен кан боломун деп талашпагыла, андан көрө кандын кушун учургула, ал кимдин башына барып консо, ошол киши кан болсун,- деп кеңеш берет.

Эл кандын кушун учурат. Куш Асандын төбөсүнө конот. Асан таажы кийип, такка олтуруп кан болуп калат.

Үсөн жүрүп олтуруп, жүрүп олтуруп бир үйгө келет. Ал үйдө бир кызы бар чал-кемпир бар экен. Чал:

- Кайдан жүргөн баласың?- деп сурайт Үсөндөн. Анда Үсөн:

- Баласы жокко бала, ботосу жокко бото болоюн деп жүрөм!- дейт.

- Мага бала болгун, балам!- дейт чал.

- Болсо, болоюн.

Үсөн баягы үйдө жатып калат. Эртеси чал менен кемпир эртең менен эрте туруп:

Бул эмне болгон бала болду экен?- деп карашса, Үсөндүн башында бир шише дилде турат.

Кемпир ал шише дилдени катып коёт. Ар күнү Үсөндүн башында дилде боло берет, аны кемпир алып ката берет.

Ошол элде бай жана дубакөй, эри жок, Шатырадолу деген аял болот. Ал Үсөндүн ичинде тооктун канат эти бар экенин билип, ошол тооктун канат этин алуу үчүн:

-Ким чыгып келсе, мен ошого чыгамын,- деп балдарды жарыштырат.

Үсөн балдар менен жарышып биринчи болуп чыгып келет.

-Жарыштан чаңкап келдиң,- деп Шатырадолу туз чыланган суу берет. Үсөн ичип жиберип, кайра жүрөгү айланып кусат, ичинен тооктун канаты чыгат.

Шатырадолу канатты көрөр замат жутуп жиберип, үйүнө кирип жатып алат. Үсөн үйүнө келип жатат, бирок эртең менен турса баягыдай күндө чыгып турчу дилде жок. Ал бардыгын түшүнүп:

Кой, бул үйдөн кетишим керек, -деп жөнөп кетет. Жүрүп олтуруп, жүрүп олтуруп бир жерге келсе эле үч киши мушташып жатат. Үсөн:

- Эмне мушташып жатасыңар?- деп сураса, алар:

- Биз жайыл дасторконду, ур токмокту жана аса-мусаны талашып урушуп жатабыз, - дешет.

Үсөн:

- Жайыл дасторконуң эмне?

- «Жайыл дасторкон, жайыл» десе дүйүм тамак даяр болот.

- Ур токмогуң эмне?

- Кимге каршы болсоң, ошону «ур, токмок, ур» десе, аны селейте коёт экен.

- Аса-муса дегениң эмне?

- «Каалаган жериме жеткир» деп минсең, каалаган жериңе жеткирет. Биз аса-мусаны талашкан элек! Эми урушпагыла, үчөөң жарышып келгиле, кимиңер чыксаңар ошонуңар алгыла, мен Аса-мусаны кармап турайын,- дейт бала.

Ошентип Аса-мусаны Үсөнгө карматып коюп, баягы үчөө бул айтылган сөздү ырас көрүшүп жарышат, узап кетер замат Үсөн дасторконду курчанып, токмокту белине кыстарып, Аса-мусаны минип:

-Эми, Аса-муса, мени бир жакшы жерге жеткир,- деп көзүн жумат.

Бир маалда көзүн ачса, тунжураган токойдун ичиндеги көлөкөлүү чынар теректин түбүндө жатат, Үсөн

баягы дасторконду жайып алып, тамак ичет да, теректин түбүнө жатып уктап калат, ойгонсо түш болуп калыптыр.

«Ии, мен ушул жерге, Шатырадолуну алып келсем, жакшы болгон турат» - деп бала баягы аялга барат. Шатырадолуну ээрчитип келип, Үсөн жайыл дасторконду жайып, Шатырадолуга тамак берет, аябай сыйлайт. Ошол жерде Үсөн бир маалда уктап кетет. Шатырадолу жайыл дасторконду, токмокту алып, Аса-мусаны минип үйүнө кетип калат. Үсөн ойгонуп караса, жайыл дасторкон, ур токмок, Аса-муса жана, Шатырадолу жок. Үсөн аябай капа болуп, ары чуркайт, бери чуркайт, бирок, Шатырадолудан кабар жок, акыры чарчап чаалыгып уктап калат.

Бир маалда ойгонсо:

-Ой, бала, тургун! Чынар теректин жоонураак бутагынан кескин, анын баш аягын таарыгын да, минип алып, Шатырадолунукуна жеткир десең, ал жеткирет. Ага барганда, Шатырадолуну көк эшек бол деп, ошол терек менен башка ур, ал эшек болуп калат деген үн чыгат.

Үсөн туруп чынар теректен кыркып, баш-аягын кесип минет да: Шатырадолуга жеткир! - дейт.

Чынар теректин бутагы Үсөндү Шатырадолуга жеткирет. Үсөн Шатырадолунун үйүнө кирип барып:

-Көк эшек бол,- деп башка бир коёт. Шатырадолу ошол замат көк эшек болуп калат.

Бир күнү Үсөндүн үйүнө отун алып саткан үч жетим келет. Үсөн аларга:

-Силер мынабу эшекке отунуңарды жүктөп, оокатыңарды кылгыла, бирок дайыма мойнунан байлап жүргүлө, болбосо качып кетет,- деп эшекти берет.

Балдар отун жүктөп бир күнү эшекти качырып жиберишет. Ал барып падышанын жигиттеринин колуна түшүп калат.

Эртеси балдар эшегин издеп такыр таба алышпайт. Издеп жүрүп, издеп жүрүп Асан падышанын жигиттери байлап койгон жерден табышат. Асан падыша жигиттерине:

-Бул эшек тегин эшек эмес, ээси келсе, менден уруксатсыз бербегиле,- дейт.

Баягы үч жетим эшекти таанып алып кетебиз десе, падышанын жигиттери такыр бербей коюшат. Ал үчөөнү ээрчитип алып падышага алып барат, падыша:

- Бул кимдин эшеги эле?- деп балдардан сураса, алар:

- Үсөн мырзаныкы,- дешет.

- Үсөн менин иним окшойт, ээсин алып келмейинче бербейм,- деп эшекти Асан балдарга бербей коёт.

Үч жетим Үсөндү падышага алып келсе, өзүнүн бир тууганы. Ошол жерден Асан менен Үсөн табышып, атасын алдырып, экөө эки жерге падыша болуп жатып калган экен.

***

# БУЛБУЛ

Байыркы заманда бир чал булбул экөө дос болуптур. Чал мергенчи да, комузчу да экен. Ал ар күнү мылтыгын ийнине асып алып, токойдон кийик атып келип оокатын өткөрөт. Токойдо сайраган түрдүү канаттуу куштардын үнүн угуп, үйүнө келгенде аларды тууратып комуз чертип, түрдүү-түрдүү күү чыгарат.

Күндөрдүн биринде булбул чалдын күүсүнө кызыгып:

- Досум, мага күүлөрүңдү үйрөтүп койчу,- дейт.

- Макул,- деп чал ар күнү кийиктен келгенде комузун колуна алып, ар кандай мукам күүлөрдү кубулжута сайратып черткенде булбул тыңшап, анын күүлөрүн туураганга тили жатыга баштап, аздан-аздан үйрөнүп кетет. Бара-бара тим эле комуздай таңшытып, бүт үйрөнүп алат.

Булбул кийин абдан такшалат.

Анын сайраганын уккан эл тыңшап эле олтургусу келип, таң калышат. Ошондо абышка тигиге кайрылат.

- Досум, сенин сайраганын бүткүл элге жагып калды, бардыгы эле уккусу келишет. Бирок күндүзү иш менен күйпөлөктөп жүрүшүп жакшы уга албай жатышат. Ошондуктан түнкүсүн сайрагын, түнкүсүн эл бош, сайраганыңды угуп ырахаттана маашырланышсын.

Булбул сайроону комуздай үйрөнүп, чал досунун айтуусу боюнча дайым түнкүсүн сайрап калган экен.

# АЛТЫН ШАКЕК

Илгери-илгери бир чалдын жалгыз баласы бар экен. Бир күнү чал «баламды бир сынайынчы» деп, жыйырма тыйын берип базарга жиберет. Ал барып беш тыйынга күчүк, беш тыйынга мышык, беш тыйынга короз жана беш тыйынга жыландын баласын сатып алып үйүнө келет.

«Балам тыйынын бир оокатка жаратат экен десем, капкайдагы жарабаган нерселерди алыптыр» деп, чал ачуусу келип, үйүнөн кууп жиберет.

Бала күчүктү, корозду, мышыкты, жыланды көтөрүп алып, бет алган жагына кете берет.

Күндөрдүн биринде жыландын баласына тил кирип:

- Досум, мен жыландын падышасынын баласы элем, адамзаттын колуна эмне болуп түшкөнүмдү билбеймин, сен атамды издеп тапсаң, бул дүйнөдө эч нерседен кор болбойсуң. Бир чоң кара дөбө бар, аны тапсаң, бир кичине жылан чыгат, андан ары жүрүп олтурсаң, бир чоң жылан чыгат, аларга менин башымды көрсөтүп койсоң дароо кетет. Ошол жыландын изи менен баса берсең, бир үңкүргө келесиң. Ал үңкүрдө бир чоң чарада алтын бар, ошол алтындын ичинде менин атам жатат. Мени ошол үңкүргө барганда коё бер. Үңкүрдүн ичинде түрдүү тамак-аш бар, өзүң ошол тамак-аштан ичип жата бер,- дейт.

Бала жүрүп отуруп, чоң кара дөбөгө келсе, алдынан бир кичине жылан чыгат, ага койнундагы жыландын

башын көрсөтүп коёт, кичине жылан коркуп качат. Бала андан ары басат, алдынан дагы бир чоң жылан чыгат, ага да жыландын башын кылтыйтты эле, ал да ийнине кире качат. Бала анын изи менен үңкүргө кирет. Анда бир чоң чарада алтын, анын үстүндө чоң жыландын жатканын көрөт. Көтөрүп жүргөн жыланды коё берет да, өзү ар түрдүү тамактардан ичип жатып калат. Бирок көп күн жүргөндүктөн зеригет. Анын зерикkенин билип, жыландын баласы:

- Досум, зериктиңби, кетесиңби?- дейт.

- Уруксат берсең кетем.

- Досум, бул алтындар сага опо болбойт, атамдын тилинин алдында алтын шакек бар, ошол шакекти атамдан сурагын. Шакектин алтымыш эки дубасы бар, ал дубаларды үйрөтүп коёмун, анан кор болбойсуң, - дейт жылан.

- Алтын шакекти өзүң сурап бергин. Жылан атасына келип:

- Ата, сиздин алтын шакегиңизди досум сурап турат, ошол шакегиңизди досума бериңиз,- дейт.

Атасы ары карап ыйлап, бери карап күлүп, «Эми болбостур» деп, күңгүрөнүп сүйлөнүп туруп «ту-у-у» деп бүркөп жиберет, ошондо алтын шакек оозунан ыргып кетет.

Жылан алтымыш эки дубаны үйрөтөт. Бала шакекти тилинин алдына салып, дубаны үйрөнүп, короз менен мышыгын көтөрүп, күчүгүн ээрчитип жөнөйт.

Жүрүп олтуруп бала бир чал менен кемпирге жолугат. Чал:

- Балам, эмне болуп жүргөн баласың,- дейт.

- «Баласы жокко бала болоюн, ботосу жокко бото болоюн» деп жүрөм,- дейт бала.

Чал аны бала кылып алат. Ал күндордүн биринде «атамдын үстүндө үй, өрүшүндо жылкы, короосунда кой, котологон уй болсун» деп, алтын шакегин жерге бир урат. Баланын айтканы бир заматта даяр болот.

Балага түнкүсүн күнүгө эле чыгыш жактан бир жарык көрүнөт.

- Ата, ата, күнүгө эле түн ичинде чыгыш жактан бир жарык көрүнөт, бул эмне болгон жарык?- деп бала сурайт.

- Балам, ал падышанын кызынын нуру, ал кызына үй салып берген, ошол үйдө багат. Жанагы жарык ошол кыздан чагылышып турат.

- Ата, ошол кыздын атасына жуучу түшүңүз, мен ошол кандын кызын алайын.

- Ал кыздын калыңын кайдан табамын?

- Ата, коркпой эле бара бериңиз, калыңга берүүчү малды мен табамын,- дейт.

Ошентип чал канга барат да:

- Кан, мен сага жуучуга келдим, кызыңды менин балама бересиңби?- дейт.

- Чал, сага кызымды берейин, бирок капшытымда калмак айгайлап, тушумда тулпар туйлап турсун,

эшигиме чөккөн төөдөй алтын коюлсун, тоодогу жайлоомо алтын-күмүштөн сарай салынсын. Ал сарайлардын ичинде май көл менен сүт көл болсун, ошол көлдөрдө алтын-күмүш чабактар секирип ойноп турсун.

Үйүмдүн четине чынар терек менен күмүш терек орнотулсун, ал чынарларда алтын булбул менен күмүш булбулдар сайрап турушсун, кызымдын калыңы ушул, ушул калыңды кырк күндө бүтүрүп, тоюңду берип, келиниңди ал,- дейт кан.

- Ушунчалык калың салды, «кырк күндө бүтүп, тоюнду берип келиниңди алгын» деди, мен мынча калыңды кайдан табам, качан бүтүрөмүн,- деп чал баласына ыйлап келди.

- Эй, ата, ыйлаба, анын баарын мен табамын, эсенчилик болсо келиндүү болосуз,- деп бала бир түнү кандын шаарынын четине барып: «Калың жөнүндө кандын айткандары таң атканча бүт аткарылсын» - деп, алтын шакегин жерге бир урат.

Эртең менен караса, айлана жарк-журк этет, кандын айткандары бүт аткарылып калган.

Кан көрүп, сүйүнүп, «чал келинин алсын» деп чалга жигиттерин кабарга жиберет. Чал баласын жана башка кишилерин алып канга келет. Кан той берип кызын берет. Аларга алтын сарай менен күмүш сарайын энчилеп, кыз күйөөсүн киргизип коёт.

Бала мышык менен корозду үйүнө коюп, өзү итин ээрчитип ууга чыгып кетет.



Бир күнү ысык ичкен, суюк чычкан, коко тикен менен көчүгүн аарчыган мастан кемпир баланын келинчегине келип:

-Балам, менин багар, көрөрүм жок, сенин кешигиңди ичип оокат кылып жүрөйүн, - деп ыйлап кирет.

-Жүрсөңүз, жүрүңүз, - деп келин кабыл алат. Бир нече күндөн кийин мастан кемпир келинге сөз катат:

-Эркек эле курусун, аялга сырын айтпайт тура. Сенин эриңдин тилинин алдында бир алтын шакеги бар, эриң уудан келгенде тилиңдин алдындагы алтын шакекти көрсөт деп ыйлактагын. Эриң алтын шакекти көрсөтөт. Көрсөткөндөн кийин «алтын шакегиңди мага бергин, мен кээ-кээде көрүп коюп жүрөйүн» дегин, ал берет, алтын шакекти экөөбүз көрүп коюп жүрөлү.

Бала уудан келгенде келинчеги таарыныч кылат:

-Сенин алтын шакегиң бар турбайбы, мага айтпай жүрүпсүң. Ошол шакегиңди мага бер, анда-санда көрүп коюп жүрөйүн.

Бала алтын шакегин келинчегине берет. Келинчеги ал шакекти алып, көрүп коюп жүрөт. Бир күнү мастан кемпир:

-Балам, алтын шакегиңди берчи, мен да көрөйүн, - дейт. Келин алтын шакекти кемпирге берет. Мастан кемпир алтын шакектин алтымыш эки дубасын окуп, «ушул келин менин Кейбат деген балама катын болсун» деп жерге бир урат. Ошону менен мастан кемпир

келинди жети суунун ары жагындагы Кейбат деген таз баласына алып берип коёт.

Бал кечинде уудан келсе, үйдө келинчеги жок, мышыгы менен корозу калган, өзү эмне кыларын билбей отуруп калат. Итке, мышыкка тил кирип, балага:

- Капа болбогун, алтын шакекти биз табабыз, – дешип жөнөп кетишет.

Үчөө суудан өтүп, мастан кемпирдин үйүнө барышат. Ит итке кошулат, короз корозго кошулат, мышык болсо шып этип үйгө кирип кетет. Короз:

- Мен боз үйдүн жабуусун тартканда, түндүккө чыгып барып кукулуктаймын, мастан кемпир «өлүгүңдү көрөйүн, бул кандай тоок?» деп мени караганда оозуна жаба «шарт» эттиремин. Ал какырынып түкүрүнгөндө оозунан алтын шакек ыргып кетет. Мышык, сен шып дедире илип кач. Ит, сен эшиктин алдында тургун, мышык келип үстүңө жабышсын, мен да учуп түшүп, аркаңа конуп калам. Анан алып качпай жаның жокпу!- дейт да түндүккө конуп кыйкырат.

Мастан кемпир:

- Бул кайдан келген короз?- деп таңыркап оозун ачып карап турганда короз шарт бир коёт. Ал: «өлүгүңдү көрөйүн!» -деп түкүрүнгөндө, алтын шакек бок менен бирге ыргып кетет. Мышык шып этип илип качат, ит мышык менен корозду үстүнө кондуруп алып зымырап жөнөйт.

Мастан кемпир кандай ит экенин тааный албай калат. Ит алты суудан өтүп, жетинчи сууга барганда:

- Мен алып барамын,- деп мышыктан талашып шакекти алат. Ал сууну кечип бараткан маалда чарчап акактайт да, оозунан шакекти түшүрүп жиберет.

Үчөө суудан өтүшөт, ит балага барып:

- Мен алтын шакекти сууга түшүрүп жибердим, ал шакекти балык жутуп алат, балыкты балыкчылар кармайт, мен ошол кармалган балыктарды жыттап, алтын шакекти табамын -дейт.

Ошону менен төртөө сууну бойлоп жөнөшөт. Жүрүп олтуруп, жүрүп олтуруп төрт балыкчыга жолугушат. Кармаган балыктарын караса, бирөө тим эле жылтылдайт. Ит балыктарды жыттагылап, таптым дегендей ишарат берет. Бала:

- Курсагым ачып турат, мага төрт балык сат, кууруп жейин -дейт балыкчыга.

- Сатса сатайын, алыстан келе жаткан жолоочу окшойсуң,- деп балыкчы төрт балыкты сатат.

Бала төрт балыкты сатып алып, баягы жалтылдаган балыктын ичин жарат, ичинен алтын шакек чыгат. Бала алтын шакекти тилинин алдына салып:

- Мастан кемпир жер жүзүнөн жоголсун, келинчегим үйүмдө болсун,- деп алтын шакекти жерге бир урат.

Ошентип, бала мастан кемпирди өлтүрөт, келинчегин өзү алат, ата-энесин алдырып, жыргап жатып калат.

***

## БААРЫНАН КИШИ КҮЧТҮҮ

Кыштын күнү кызыл кыргоол жээктеги бадалдан койкоюп чыгып, чаңкаганын жазыш үчүн астындагы чоң сууга кирди. Каптаган көк музду кыдырып жүрүп, күбүрдү араң таап, муздак суудан иче баштады. Ошондо булайган куйругу музга чып жабышып, чыкпай калган экен.

- Ой-эй, көк муз! Дүйнөдө сенден күчтүү эч ким жок бейм... Заматтын ортосунда куйругумду куп кармайсың,- деди кыргоол.

- Жок, кыргоол,- деди көк муз,- менден жамгыр күчтүү. Ал жааганда тымтыракайым чыгып бат эле эрип кетем.

Кийин жамгыр айтты:

-Мен кайдан күчтүү болоюн! Менден жер күчтүү, канчалык шатырата жаасам да, бүт бойдон соруп алат.

Анда жер күңгүрөнүп тилге келди:

- Менден токой күчтүү. Ал үстүмдү каптап, жалбырактуу бутактары туш-тушка жайылып, болгон күчүмдү бүт тартып кетет.

Жо-жок, менде да күч жок,- деди токой. Баарынан өрт күчтүү. Ал каптаса,оройгон гана сөңгөгүм калат.

Муну угуп турган өрт күңк этти:

- Менден шамал күчтүү. Андан аябай корком. Шамал катуу сокcondo, чаңым асманга чыгып, кайда качарымды билбей калам!

- Ырас эле менде күч көп, - деди шамал. – Жыгачты түбү менен жулам, үйдү кулатам, отту чачам... Би-

рок ошондой болсо да, жерге жаңы чыккан көк чөпкө эч алым жетпеди. Канчалык каарданып соксом да, ал былк этип койбойт. Ошондуктан көк чөп күчтүү го.

Анда көк чөп сөзгө келген экен:

-Менде эч кандай деле күч жок. Калың кой каптаганда чымчылап, мүлжүп жеп, туягы менен тепсеп, таза айламды кетирет. Жо-жок, баарынан да кой күчтүү.

Анда кой байкуш минтип маараган экен:

- Ма-а! Менде балээнин күчүбү? Көк карышкыр жолукса, куйругумду бир апчып сугунуп, кекиртегимди чарт жулуп, анан баса калып жей баштабайбы! Дүйнөдө карышкырдан өтөр эч балбан жок!

Силер эч нерсени билбейт турбайсыңарбы! - деп улуду анда көк карышкыр.

- Баарынан киши күчтүү! Ал кыргоолду кылтактайт, музду бузат, жааңды болсо эч тоотпойт, жерди тыткылап айдайт, токойду тыптыйпыл кыркат, өрттү, шамалды өз пайдасына жумшайт, чөптү чаап алат, койду союп жейт, мендей карышкыр эмес, илбирс, жолборстун жанын чыгарып жок кылат. Мына ошондуктан дүйнөдө баарынан киши күчтүү!..

***

## АЮУ МЕНЕН ЧИРКЕЙ

Дөбөдөй болгон чоң аюу муштумдай болгон коёнду кармап алып, эч бир жазыгы жок байкушту кула-

гынан чойгулап кыйнайт. Өлүмгө жеткирбесе да эсин оодарганга чейин алпарат. Ошондо коён капаланып:

-Кулак жазылар, көздүн жашы кургар, бирок ушунча кордук көрө турган эмне жазыгым бар! Аюу токойдогу аңдардын чоңу, күчтүүсү, карышкыр менен түлкү араларынан кыл өтпөгөн ысык достор. Эми мен кимге корголойм? - деп арман кылат.

Ошол убакта калың камыштын ичинен:

- Мага корголо! - деген бир абдан ичке үн чың эте түштү. Коён көзүнүн кыйыгы менен караса, үн чыгарган чиркей экен.

- Сен мени коргой аласыңбы? Аюу аңдардын чоңу, күчтүүсү, сен болсо чиркейсиң. Сенин колуңдан эмне келет?

- О, жолуң болгур! Мен аны уктатпай, тынчын кетирүүгө жараймын. Ошону билбейсиңби?

...Жайдын ысыгында токойдо чабыттап жүргөн аюу жанын коёрго жер таппады. Тынчы кетип, бүлдүркөндүн жалбырагынын үстүнө дем алайын деп жатса, кулагынын түбүнөн ызың-ң, ызың-ң-ң деген дабыш чыгат. Аюу чиркейдин табышын угуп, тааныйт. Чиркей аюунун мурдуна келип конуп, каңылжарына кирип кетет. Аюу чыдабай күчүнүн бардыгынча таманы менен мурдун ургулап, жерге ооналактап эси оойт. Дыңылдаган чиркейдин үнү кулагынан кетпейт.

Аюу андан жүрөксүп коркуп, «эми кай жериме конор экен» деп уктамыш болуп, козголбой тыңшап ка-

лат. Аюунун бут жагында ызылдап жүрүп, бир кезде чиркей ың-жың дабышы жок болуп кетет.

«Чиркей учуп кетти го» деп ойлоп турганда, ал аюунун кулагынын түбүнө эптеп коно калып, «тыз» эттире чагып алат. Аюу көзүнүн от чагылып кокуйлап ордунан ыргып турат. Оң тамaны менен кулагын кагып: «Жеди эле, жеди! Бу кандай жаны бек неме эле» деп өңкөңдөп качып жөнөдү.

Чиркей токойду кыдырып, бутак, бадалдарды койбой тинтип, дыңылдап аюунун артынан түштү. «Зың-ң-ң – ызың-ң-ң» деген чиркейдин үнү аюунун алапайын таптырбайт.

Жүгүрүп отуруп бир жерге келгенде алы кеткен аюу эс алгысы келип, башын бадалга сүйөп уктап кетсе, түш көрөт. Түшүндө токойдун ичинен аарынын уюгун таап алат. Аарынын уюгундагы балга бутун сала бererде «зың-ң-ң – зың-ң-ң» деген үндү дагы угат. Баягы чиркей аюуну дагы кууп жөнөйт. Көзү умачтай ачылып, кайран неме зымырылат.

Аюу жан талашып качып баратса да чиркей тынчтык бербеди. Ызылдап, ызылдап келип кайрадан жымжырт боло калат. Аюу шектенгендей тыңшап туруп, жаңгак жыгачынын түбүнө жашырынат. Бир аздан соң кыйналган шордуу көзүн жуумп үргүлөп кетет. Бирок чиркей мурдагыдай эле ызылдап аюунун жанын жай алдырбай таң атып, күн чыкты. Уйпаланып, түктүйүп уктабай сенделип келе жатса, чиркейдин ызылдаган үнү аюунун кулагына дагы угулду. Ал селт эте түштү.



Алыстан байкап турган коён чиркейге:

-Жарайсың, кайраным!- деп көзүнүн жашы чыкканча күлүп, ыраазы болот.

Чиркей болсо аюуга:

- Коёндун күйөөрү жок деп ойлогонсуң го. Эми, баатыр акеси, буга кордук көрсөткөнүңдү койгун. Мунуңду койбосоң, айлаңды гана кетирем да, тытынып жүрүп өлөсүң! - деп коркутуп «ызылдап» учуп кеткен экен.

***

## БУЛБУЛ МЕНЕН ТОРГОЙ

Булбул торгойго: Бардык жан-жаныбарлардын атасы ким? Аныгын айтып бер. Төмөнкү суроолорго жооп бер? - дейт. Энеси ким? Түшүндүрүп чечип бер. Каны, жаны кайсы? Ар жандын өмүрлүк досу ким болот. Аныктап түшүндүр? Ар ким досту таанып күтө билсин, кеп-кеңешин угуп, кежирлик кылбай жүрсүн. Адамдын өмүрлүк душманы ким? Түбүнөн түрө түшүндүрүп айтып бер. Ар ким душманын таанып, жанына жакын барбасын. Билинбей торуна илинип калбасын.

Торгой мындай дейт: Ааламга жарык нур берген, кулак берип угузган, тил берип сайраткан, денеге аракет-кыймыл киргизген бардык жан-жаныбарлардын атасы – күн. Бешик болуп жай берген, бапестеп багып май берген, эмчегин эмизген, эр-азамат дегизген энеси – жер. Жер болбосо, бешик жок. Бешик эмес, эшик жок.

Чөлдөсө суусун кандырган, кирдесе жууп чайдырган, тамырга тарап жайылган, күч берген, кубат кийирген каны – суу. Суусуз чөлдө жан болбойт, жан

болсо да ал болбойт. Суулуу жерде жемиш көп, жемиштүү жерде жеңиш көп. Демек, жаны – аба. Кирбесе аба алың жок. Алың түгүл жаның жок. Ар жандын өмүрлүк досу – сабыр. «Сабырдын түбү – сары алтын, саргарган жетер муратка, алда кайдан оолугуп, ашыккан калар уятка», - деген макалды өткөндөгү ата-бабаларыбыз мурас кылып калтырган.

***

## КЫЗ - КҮЙӨӨ

(Уламыш)

Илгерки бир замандарда Ысык-Көлдүн Тоң тарабындагы бир байдын ашкан сулуу кызы болуптур. Ал кызды ошол байга жалданып жүргөн жылкычы жигит сүйүп калат. Кызды алууга калыңы жок, калың төлөгон күндө да томаяк жигитке бай кызын бермек эмес. Жигитти кыз да сүйүп калат. Эмне кылыштын айласын таппаган эки жаш күйүп жүрө беришет. Акыры байдын кызын күйөөгө узатмак болушат. Ошондо акыл ойлогон жигит кызды алып качмакчы болот. Бул сунушка кыз да макул болот.

Күн болжолу жете электе эле кызды кудалаган байдын уулу келип түшүп, кызды алып кетишмекчи болушат. Ошондо жигит жылкыларынын арасынан эки мыкты атты токуп минип, кызды алып качат. Жигиттин Чүй тарапта илик-жилик туугандары бар экен, ошол жакты карай бет алышат. Аңгыча кыз менен жигиттин качканын туюп калышып, артынан куугун түшөт. Качып бараткан кыз-жигит Боом капчыгайы-

нын ичиндеги эки асканын жанына келгенде, бирөө оң жаккы бетке, экинчиси сол жаккы бетке качышат. Алды артынан чыккан куугунчулар экөөнү ошол жерден кармашат да, байдын буйругу менен экөөнү тең ошол жерде союп ташташат. Сүйүүнүн айынан курман болгон эки жаштын күнөөсүз канынан эки булак жаралып, сызылып агып чыгып, ошол жер «Кыз-Күйөө» деп аталып калган экен.

***

## МЭЭР ЧӨП

Илгери бир хандын жалгыз кызы айыкпас дартка дуушар болот. Хан жарыя салып дарыгерлерди чакыртат. Айыктыра албасаңар, башыңардан ажырайсыңар, - деп катуу шарт коёт. Ошондо бир кыйын дарыгер: Бир гана мээр чөптөн жасалган дары жардам бере алат - деген экен. Хан жигиттерине үч күн мөөнөт берет. Эгер таап келбесеңер, башыңардан ажырайсыңар, - дейт. Хандын жигиттери ары ойлонушуп, бери ойлонушуп, айласы кетип карыя аңчыга барышат. Иштин жайын түшүндүрүшөт. Карыя аңчы: Бул чөптү табуунун бир гана жолу бар деген экен.

Сагызгандын балапанын таап келгиле деп буйрук берет. Жигиттер сагызгандын балапанын таап келишет. Карыя аңчы балапандын бир канатын сындырат да жигиттерге кайра ордуна алып баргыла, -дейт. Сагызган балапанына келет, ошондо силер аттарыңарды суутуп даяр болгула, сагызган кайда учса, ошол жакка барасыңар. Сагызган учуп олтуруп жалама аска

зоолорго барат, ошондо силер өтө кылдаттык кылып аңдышыңар керек, сагызган ошол аска зоодон мээр чөптү таап, балапанына алып келет, - дептир. Хандын жигиттери баягы карыя аңчы айткандай кылышат, чын эле сагызган балапанынын жанында бир аз болуп, учуп кетет. Жигиттер калбай жүрүп отурушат, бир күн өтөбү, эки күн өтөбү, айтор, жалама аска зоого жетишет. Жигиттер аярлашып, өтө кылдаттык менен аңдышат, баягы сагызган конгон жерди белгилешип, аңчы айткан белгилери менен чөптү издеп табышат.

Ошентип чөп табылып, дарыгер дары жасап, хандын жалгыз кызын айыктырыптыр. Сагызган болсо балапанына чөптү берип, канатын айыктырып чогуу учуруп кетиптир. Илгертен бери элде "Миң дартка даба мээр чөптү бир гана сагызган таба алат" деп айтылат.

***

## БИР ТУУГАНДАР

Бактыяр жана Ыктыяр деген эки бир тууган жашынан кырман четине конуп топтоло калышат. Жетим калышып, көрүнгөндүн колунда малай жүрүп, күн өткөрүп жашай беришиптир. Орок оруп, кетмен чаап, маңдай терин агызып, ак эмгегинен тапкан оокаттарын бирге бөлүп жешиптир. Айлар жылып, жаш өтүп, экөө тең бой тартып чоңоюшат. Улуусу Бактыяр өзүнө окшогон кедей адамдын кызына үйлөнөт. Бактылуу жашап, бала-чакалуу болушат. Андан кийинки үйлөнүү кезеги иниси Ыктыярга келет.

Ага арнап там салышат. Эми жаңы келе турган колукту үчүн жарашыктуу жакшынакай кийим-кече, үй эмеректерин, тамак-ашын даярдоо керек болуп, эки бир тууган биргелешип, шериктешип, эрте жазда буудай эгишет. Аны жакшылап карап, чөбүн отоп, сугарып, күн-түн дебей күч аяшпай иштешет. Жаркырап жай айлары да келет. Буудай бышат. Аны оруп, кырманга көтөрүп ташышат. Жанчып, данын экөө тең бөлүп алмак болушат. Бирок агасы Бактыяр бул жылкы эгилген буудайдын түшүмүн бүт бойдон инисине берип, аны үйлөп коюну ойлойт. Муну уккан Ыктыяр көнбөйт: Оо, урматтуу агатайым! - дейт ал,— биздин атабыз, анын аталары да тамани чор жакыр адамдар болуп өткөнүн сиз жакшы билесиз.

Алар «Ынтымак бар жерде ырыс бар» дешип, тапканын ортодо бөлүп жешкен. Көрдүңүзбү, демек, бул кырман толгон кызылды экөөбүз тең бөлүп алалы. Сиздин бала-чакаларыңыз бар. Жетет экөөбүзгө тең. Бактыяр сөзгө жыгылып, инисинин айткан кебин туура деп таап тыр. Ошентип, бир тууган ага-инилер буудайды бөлүп, үй-үйлөрүнө ташый башташат. Үч күн, үч түн ташышат. Деги кырмандын чети оюлбайт. Бир күнү кенжеси кырманга келип, агасынын буудайы азайып баратканын байкайт, байкайт да, өзүнүкүнөн ага кошуп коёт.

Ал кеткен соң, улуу агасы келип, көрүп турган көзүнө ишенбейт. Аң-таң болуп туруп калат. Ар тарабынан караса, кыбыр эткен жан жок. Чымчыктар гана асман-

га дүрр эте учуп чыгып, кайра Бактыяр тердеген чекесин сүртүп: Кызык, эмне үчүн менин буудайым ошол эле бойдон турат, азайбайт? Үч күндөн бери ташып эле жатам го? Мында бир сыр бар? Кой, андан көрө иниме көбүрөөк болгону жакшы, ага жардам берейин. Быйыл ал үйлөнөт, кыйналып калбасын! - дейт. Өзүнө энчилеген кызылдан күрөп, инисиникине кошуп коёт.



Мындан кийин Ыктыяр келет кырманга. Үйүлүп жаткан данды көрүп:

Эхэээ, бул эмне болуп кеткен? Буудайым мурдагыдан да көбөйүп калыптыр го? Кой, агам жогунда, ага билдирбей, өзүмкүнөн кошуп коёюн. Ал эми бышыкчылык маалына чейин кыйналып калбасын?!- деп, беркиге бир капты жылдырат. Акыры бул сыйкырдуу

иштин сыры, себеби эмнеде экени экөөнө тең белгилүү болуп калат. Көрсө, бу ынтымактуулуктун, кайрымдуулуктун касиети, жакшылык каалоонун улуу шарапаты экен! Муну бир туугандар түшүнөт. Ошондо улуу агасы Бактыяр кызыл данды уучтап: Иним, «Ырыс алды – ынтымак» деген ушул. Мындан ары да ар убак бири-бирибизге каралашып жардамдашып, ынтымактуу жүрсөк, өмүр бою кордук көрбөйбүз! - деген экен. Анда кичүүсү агасына башын ийип, жооп кайтарыптыр: Кебиңизде калет жок, агатай! Айтканыңыздын баарын аткарамын! Сөзүңүзгө даярмын.

***

## УУРУ

Илгери атагы чыккан ууру болуптур. Анын жалгыз баласы бар экен. Баласы чоңойгондо атасы чакырып алып:

- Балам, мени сыйласаң, ууру бол. Мындан бөлөк кесип жок, - дейт. Анда баласы капаланып:

- Ата, мени адам болсун десең, уурулукка үйрөтпө, андан көрө адал эмгек кылайын, - дейт. Ууру ачууланып:

- Атанын тилин албайт деген эмне жакшылык! Айтканымдан кайтпайм. Бүгүн кошунанын уюн уурдап кел. Уурдабасаң ошондон аары жөгол, - дейт. Бала айласыздан макул болот да, кошунанын уюн эгинге алмаштырып келет. Бирок аны атасына айтпайт. Уйду союп алышат.

- Ата, бул этти жээрден мурда таразага түшүп алалы, эт түгөнгөндөн кийин кимибиз канча семирет экенбиз, ошону билели, - дейт бала. Ошентип экөө таразага түшөт.

Эт түгөнгөндө кайрадан таразага түшүшөт. Атасы мурдагыдан 2-3 килограммга арыктап калыптыр. Ал эми баласы 5-6 килограмм кошуптур. Буга атасы таң калат.

- Таң кала турган эч нерсе жок, - дейт бала. Сиз эт жеп жатканда уурулугум билинип калбаса экен деп коркосуз. Мен уйду сатып келгем, ошондуктан корккунум жок, жегеним аш болуп, тамагым жакшы сиңди. Ар ким өз эмгеги менен гана адал жашай алат. Жеген да аш болот, - дептир. Ошондо атасы уялып:

- Уурулук жаман иш турбайбы, балам, сенин оң жолго түшкөнүң жакшы, - деген экен.

***

## КЫЗ МАЗАР

(Уламыш)

Биздин айылдан он эки чакырым алыстыкта Кыз Мазар деген капчыгай бар. Капчыгай ичи арча, карагай, жапайы карагат, бөрү карагат, ышкынга толуп, жолдун четинде көк кашка тоо суусу агып өтөт. Асмандан бүркүт шаңшып, айланып учса борчуктарда жойлогон сур түлкүлөр, кез-кез чакчыгайдын чаңырыгы бадал түбүнөн булт этип суурулуп, кайра жашынган коён, түркүн куштардын сайроосу коороздуктун

көркү сыяктанат. Бул капчыгайдын «Кыз Мазар» аталып калышы жөнүндөгү уламышты укканым боюнча жаздым.

Илгери Ак булактыктар өрүшүндө малы күтүрөп, желе-желе бээ байланып, кымыз, айран, жуурат, эжигей, курут, сары май берекеси төгүлүп, бир айыл болуп ынтымакта жашашчу экен. Айылда туура сүйлөгөн сөзү, көрө билген көзү бар калыс Бердике уста жашаптыр. Кемпири экөө карыганча жалгыз кызынан башка балалуу болушпаптыр.

Күндөн-күнгө кызы суналып, ажары жанган, келишимдүү, айдай сулуу, колунан бардык иш келген уз, акылы жетик токтоо болуп, суктанбаган жан калбайт. Жуучунун саны көбөйүп, бирок кыздын көңүлүнө жакпайт.

Жетиген уруусунун Жедигер байы жетимишке барып калса да, Айгеримди токолдукка алам деп эки жолу колун суратып киши жиберет. Бердике ичинен чочуласа да, ичи күйүп түтөсө да:

- Кызым өзү каалаганына барат. Жедигер байга менин кызымдан башка кыз толуп жатпайбы? - деп жөнөтүп коёт. Бул жоопту уккан Жедигер бай жинденип үчүнчү жолу өзү келип:

- Кызыңды сыйың менен бергиниң, болбосо кемпириң экөөңдү кул кылып, үйүңдү өрттөп, кызыңды зордоп алып кетем. Эртең даяр кылгын, - деп жигиттери менен тебелеп кетчүдөй омуроолоп кетет. Аялы экөө көз жашын төгүп:

- Эркек болуп калсаң эмне, каралдым. Буга чейин жашыраак бирөөнө макул болуп койгондо эмне! - деп чолпондой жанган кызын Жедигер чалга ыраа көрбөй ичи өрттөнүп, айласы куруп турганда, кызы суйсала басып келип:

- Ата, апа, ыйлабаңыздар, тагдырыма жазганын көрөйүн. Жедигер чалга баргыча жер кезип тентип өлөйүн. Багым болуп аман болсом кабарлашам» - дейт. Ата-энеси ыйлап сыктап акыры макул болушат. Эртеси таң куланөөк салганда Айгерим эркекчесинен кийинип, чачын башына ороп түйүп, жан азыгын алып, бычагын жанына салып, ата-энесин ойготпостон жөнөп кетет.

Кыз шашып, чуркап да, басып да жүрүп олтуруп, капчыгайдын оозуна келип, булакка жүзүн жууп, эс алып олтура кетет. Күн көтөрүлүп калган эле. Кыз жүрөгү коркунучту туюп, шашып ордунан тура капчыгайды аралай чуркайт. Куугун жакындагандан жакындайт. Бирде жыгылып, бирде туруп, чуркап олтуруп, капчыгайдан чыгып, өйдө төш таяна жөрмөлөп чыга баштайт. Жедигер бай жигиттери менен текиреңтаскак түшүп жетип келишип, тоого чыгып бараткан кызды көрүп «тигине кармагыла» дешип, аттарын таштап жабыла жөнөшөт. Айгерим тоонун кыл чокусуна чыгып эки жагын караса, аркасы аска, алды жагында жан алгычтай жабылып келе жаткан Жедигердин жигиттери. Кайда качарын билбей, айласы куруп, жанындагы бычагын алып, жаш толгон көзүнө дүй-

нөнү акыркы ирет чөгөрүп кош айтышып, жүрөгүнө бычак сайып жан берген экен. Жетип келген Жедигер бай менен жигиттери канга боёлуп суналып жаткан кызды көрүшүп дал болушат.

Жедигер башын мыкчып, жер чапчып, өз кылган күнөөсүн мойнуна алып, өкүрүп ыйлап турган дешет. Ошол чокуга жай каздырып, ак кепиндеп көөмп, белги коюп, куран окуп кеткен экен. Ур токмокко алып, үйүн өрттөгөн ата-энесинин алдына түшүп, үстүлөрүнө үй, өрүшүнө мал бериптир. Жалгыз кызынын күйүтүн көтөрө албай Бердике аялы экөө көп өтпөй каза болушат. Капчыгайдын кире беришиндеги кош булак Айгеримдин көзүнөн аккан жаш дешет. Капчыгай – кыз жаткан мазар. Кыз Мазар аталышы ушундан экен.

***

## БАКА ТЕРЕК

(Уламыш)

Илгери-илгери өткөн заманда бир кемпир-чал жашаптыр. Алардын карыганда көргөн, кудайдан тилеп алган, мазар кыдырып, жер кезип жүрүп тапкан бир жалгыз көзгө басар уулу болуптур. Бирок уул ата-эненин тилегин, мээнетин актабай адепсиз, айтканын кылган ээн чоку, ээн баш бала болуп чоңоёт. Күндөрдүн биринде үйдө отун калбай калгандыктан энеси уулуна жалынып жалбарып жатып, токойдон отун алып келүүгө жөнөтөт. Бала жолдо бара жатып, карыган ата-энесин каргап шилеп, жаман сөздөр менен

сөгөт. Ошондо мындай каргыштан, адепсиз сөгүштөн кулагы уялганбы, кудай жубарымбектин басып бара жаткан жеринде колун-бутун тырыштырып коёт. Тырышып калган бала кыймылга келбей, жерге бакадай болуп жатып калат. Күн кечтеп калса да отундан кайтпаган баласынан кабатырланган ата кеч киргенде уулун издеп жөнөйт. Баягы жерге келип уулунун абалын көргөн ата ыйлап-сыктап, эмне болгонун сурайт. Бирок, бала жалдырап эч кандай жооп кайтара албайт, атасы уулун жонуна көтөрүп үйүнө келет. Муну көргөн эне ботодой боздойт. Ошентип, бала төшөктөн турбай калат. Арадан бир жыл өтүп, баланын абалы начарлагандан начарлайт, бирок оңолбойт. Дагы деле баштагыдай сүйлөбөйт, бакадай болуп жатканы жаткан. Карылыгы жетип, чал-кемпир да катуу ооруп калат. Өзүнүн оорусунан, баласынын абалынан, күндө төккөн көз жаштан арыган эне кудайдан жалбарып суранат.

- Ээ, кудай, балам тирүү болуп тирүүнүн санында жок, же өлүктүн санында жок. Минтип кыйнагыча алып тынсаңчы. Биз өлүп калсак, уулубуздун көргөн күнү не болот, - деп жаратканга жалынып, жалбарат. Күндөгүдөй эле эрте туруп баласын караса, уулу ордунда жок. Кемпир чалын тургузуп, экөө бирин-бири жөлөп-таяп, сыртка чыгып карашса, үйүнүн дал маңдайында бир ийри дарак пайда болуп калыптыр.

Эне зар какшаган үнү кудайга жеткенин билип, жаратканга миң мертебе ыраазычылык айтат. Ошондо баягы терекке басып келип, аны акырын сылап:

- Айланайын, бакадай балам, тирүүндө өз ордуңду таба албай, кеч да болсо бир жерден байыр алыпсың. Мейли эми, тамырың өсүп, көбөйө бер. Жашыңда жакшылыгыңды эч кимге тийгизе албадың, эми көлөкөңө адамдарды тартып, аларга ыракат тартуула, көп жаша деп батасын берет.

Ошол күндөн ушул күнгө чейин бул терек «бака терек» аталып, өзүнөн өзү тамырлап көбөйүп, элге саябанын жаап келет.

***

## БАЙЧЕЧЕКЕЙ

(Уламыш)

Илгери өткөн заманда короо-короо малы, өрүш бербеген жылкысы, сандыгына батпаган алтын зери бар бир бай болуптур. Бай сексенге таяп калса да бала көрбөй, «баланын ыңаалаган үнүн укпай, бул жашоодон куу баш өтөмбү» деп кайгырып жүргөн мезгилде кебезден ак, айдан сулуу, гүлдөн назик, жалгыз чечекей кыздуу болот.

Мезгил өтөт кызы чулдурап сүйлөп, тамтуң басып, атанын кайгыдан карып болгон жүрөгүн жашартып, жашына жаш кошуп, көңүлүн кушубак кылат. Күндөр айга, айлар жылга алмашып, кыз кол арага да жарап калат. «Кыз да болсо туяк», - деп ата өзүн сооротот. Күндөрдүн биринде кыз талаадан ойноп келип эле, «башым» деп ооруп калат. Табити эч нерсе тартпай, жеген тамагы аш болбой, төшөккө жатып калат.

Тегеректеги табыптарды алдырат. Бирок, бири да кыздын оорусунун себебин билбей баштары катат. Айласы кеткен ата короо-короо малын, өрүш бербеген жылкысын, сандыкка батпаган алтың зерин чачып, туш-тушка жарчы жайып, чабарман чаптырып, оорунун жайын билген табып издетет. Келген шыпаакерлердин бирөө да сыркоонун сырын ача алышпай, келген жактарына тарай берет. Амалы түгөнгөн бай: Карыганда тапкан жалгыз чечекей баламдан айрылат турбаймынбы, кудай, - деп бótодой боздойт.

Күндөр өтө берет, кыздын адам болбосу билинип, эл-журт камылгасын көрө баштайт. Ошол мезгилде кайдан жайдан белгисиз бир жер кезген думана пайда болот. Ал акырын басып келип, кыздын тамырын кармап:

- Бактыңыз бар экен, байым, кызыңыздын үч күндүк гана өмүрү калган экен, улуу тоонун башында, калың карга карабай желегин жайган, сыздаган суукка турушлук берип өскөн, жаздын, жашоонун жышаанын берген бир кичинекей гана сары гүл бар, колуңуздан келсе, ошону алдырыңыз, кызыңыздын дартына бир болсо, ошол өмүр гүл гана даба болот, - дейт.

Сүйүнгөн ата жигиттерди аттап-тондоп ошол улуу тоого жиберет, ат арышын токтотпой, бел чечип эс албай барып келүүлөрүн катуу эскертет. Үчүнчү күн дегенде жигиттер баягы кереметтүү сары гүлдү алып келишет. Табып аны кызга искетип, кайнатып берип, кыздын дартын тапка салып, кырк күн жанынан жылбай карайт.

Кырк биринчи күн дегенде кыз төшөктөн туруп, сыртка өз алдынча чыгып калат. Күндөр өтүп байдын кызынын демине дем, күчүнө күч кошулуп тыңып калат, өз ишин аткарган касиеттүү думана табыпты бай ыраазы кылып узатат. Оюнкарак кызынын баштагыдай так секирип ойноп, күлкүсү шаңдуу чыгып калганын көргөн байдын көңүлү тынат. Ошондон кийин эл ошол кереметтүү, байдын жалгыз чечекейин өлүмдөн алып калган кичинекей гана сары гүлдү «байчечекей» деп атап калышат.

***

## ЭМНЕ ҮЧҮН ҮКҮ ТҮНКҮСҮН УЧУП КАЛГАН?

Үкүлөрдүн эмне үчүн түнкүсүн учуп калгандыгы жөнүндө ар кандай уламыштар бар. Ошолордун бирөө мындай экен. Албетте, бул окуя мындан көп кылымдар мурда болгон. Күндөрдүн биринде ойдо-тоодо жашаган куштар өздөрүнүн курултайына жыйылышты. Анда өздөрү жашаган жерден башка чөбү от, суусу мол жерди издеп табууну чечишти. Курултайда куштардын төрөсү бүркүт аларга кайрылып, минтип айтты:

- Андай жерди табууга кимди жиберебиз? Кеңешке келгендер чурулдашты:

- Учкул эмеспи, ылаачын барсын!

- Сак эмеспи, сагызган барсын? Алп эмеспи, таз жору барсын! Бирок булар жараган жок. Акыры тырмактуу десе тырмактуу, тумшуктуу десе тумшуктуу,

күчтүү десе күчтүү дешип, үкүнү жибермек болушту. Үкүнү үч ай бою жакшылап багышты. Анан жолго салышты. Ал тоо-талааны кыдырып, ашуу бел ашып учуп отурду. Бир нече айдан кийин кайра келди. Аны тосуп чыккандарга:

- Жакшы жерди тапкан жокмун, - деп жооп берди.

Көпчүлүк буга ишенишкен жок. Ага тыңчы коюшту. Үкү болсо өз атасына барды да, минтип айтты:

- Эң сонун жер Ала Тоо экен. Ал жердин жайы салкын, кышы мээлүүн. Бирөөлөргө сөз чыгарба. Ал жакка экөөбүз эле кетебиз! Бирок булардын сөзүн тыңчы чымчык угуп алды да, башка куштарга айтып койду. Куштар чогулуп келишип, бүркүттүн буйругу менен үкүнү аябай сабашты. Үкү жан соогалап качып жүрдү. Мына ушул окуядан кийин ал калпычы аталып, күндүз элге көрүнгөндөн уялып, түнкүсүн ууга чыгат дешет.

***

## КӨКӨ МЕРГЕН

Илгери-илгери өткөн бир замандарда ушул азыркы Нарын турган жер учу кыйры көрүнбөгөн чытырман түнт токой болуп, анда не бир түркүн жан жаныбарлар күн кечиришип, не бир сонун түмөн түрлүү канаттуу куштар безеленип сайрап турчу дешет. Мына ошол ажайып бейиш бакты мекендеп, аңчылыкты кесип туткан кыргыздардын моңол деген уруусунан Көкө аттуу ары балбан, ары көзгө атар мерген чыгыптыр. Ал ата кесибин улантып, мергенчилик менен күн ке-

чирип жатканда, өзүнүн жериндеги азыраак элди кара тумоо, чечек, сынга, мерез сыяктуу дабаасыз дарт каптап, жумурай журттун шаштысын, тынчын алат.

Ошондой дарттын зардабынанбы, же жоокерчилик замандагы уруулар ортосунда тез-тез болуп туруучу кандуу кагышууларданбы, айтор, эл абдан кыйналат, бирок ырыстуу ынтымакчылыктан, касиеттүү кайрымдуулуктан кайтышпайт, бири-бирине кол кабыш кылып, журт уюткусу бөлүнбөйт. Ошондой күндөрдүн биринде Көкө мерген аң уулоого барат, бирок көзүнө эч нерсе чалдыкпай, колуна мүдүр нерсе урунбай, ойду-тоону бүт кыдырып, арып ачып келе жатса, алдынан бир бугу ойт берип чыга калат. Мерген анын соңунан түшүп кубалап, жаасын тартып калат, кийик жараланганына карабай карагай аралап качып олтурат.

Баатыр из кубалап артынан барса, кийик бир асканын түбүнө ташка жыгачтан жөлөп, үстүн карагай, арчанын бутактары менен жаап жасалган жарты алачыктын жанына токтойт. Аңгыча жарты алачыктан тери шым, кемсел, башына малакай кийген бир байбиче чыгып, ага аралдуу кийикти көрсөтүп:

- Мен кайберендин ээси болом. Сен «элимди багам» деп, кайберендерди эсепсиз кырып тукумкурут кылдың, кайберендердин учугу уланбас болду. Касиеттүү кайберен эненин каргышына калдың. Мындан ары өзүң кырган кайберендерге жем бол, - деп батасын берип, көздөн кайым болот. Ошондо элин багам деп

аңчылык кылып, бирок табияттын мыйзамын бузуп, кайберендерди ашыкча бүлгүнгө учураткан Көкө мерген чөпкө айланып, жараланган кийик болсо, аны жеп сакайып кетет. Ушундан улам бул чөптү эл Көкө Мерген деп жүрүп, бара-бара көкөмерен атанып, жабыркаган жарааттарга шыпаа, дабаасыз дарттарга дабаа болуучу чөп чай катары бааланып, колдонулуп келет. Көкөмерен гүлүнүн көк болгону Көкө мергендин мылтыгынын көк экенин билгизет имиш.

***

## ЫНТЫМАКТУУ БЕШ БИР ТУУГАН

(Бирма эл жомогу)

Ал эми азыр, балдарым, ынтымактуу беш бир тууган жөнүндөгү жомокту уккула.

Алардын бардыгынан улуусу акылдуу жана тажрыйбалуу болуптур. Аны кичүү инилери дайыма жардамга чакырып, кеңештерин угушчу. Ал кыска бойлуу, бирок жоон-жолпу экен, андыктан аны Бекбекем деп чакырышчу. Экинчи жигиттин аты Чырбаш болуп, аты эле айтып тургандай ал адамдарга өзү биринчи тийишип, болбогон жерден чыр чыгарып, кемчилигин сайып көргөзүп, жекеме-жекеге чакырчу экен.

Үчүнчү бир тууган бардыгынан бийик бойлуу болгондуктан анын аты Упузун болуптур. Бир туугандардын төртүнчүсү бою бийик эмес, күчү анча көп болбогону менен абдан сак жана өтө үнөмчүлдүгүнөн улам аны Казыначы деп коюшчу экен. Алардын бешинчи,

эң кичүү иниси абдан кичине, жаш жана тентек болгондуктан аны бир туугандар эркелетип Балакай дешчү.

Бир туугандар абдан ынтымактуу болушуп, анан бири-биринен эч качан ажырашышчу эмес экен. Андыктан аларды эл ынтымактуу беш бир тууган дешчү экен.

Алар бир жылдары жер кыдырып, эл көрүп жүрүшүп, бир каардуу хан башкарган чоң шаарга келишет.

Ошондо улуу катары Бекбекем мындай дейт:

-Биз эл кыдырып жүргүчө даңкыбыз жерде жата берет? Көтөрүлбөйт, чыкпайт. Келгиле жакшылык иш жасап бул шаарды каардуу башкаруучудан бошотобуз! Ошондо гана биз бир орунга токтойбуз, ал эми жерде жаткан даңкыбыз тездик менен дүйнө кыдырып кетет.

- Макулбуз! - деп бир оордон бир туугандар жооп беришип, шаардын дарбазасына келишет.

Чырбаш алдыга чыгып каардуу ханды согушка чакырат.

Айыгышкан согуш башталат. Беш ынтымактуу бир тууган каардуу хан менен жана анын жан-жөкөрлөрү менен жан аябай салгылашышат. Өзгөчө бул кармашта Упузун айырмаланып, аз эмес душманды талкалайт. Бирок жексур хан каармандык менен каршылык кылып шаар чебине бекинип алат. Ошондо кичинекей Балакай байкалбай кирип барып бир туугандарына

шаар дарбазасын ачып берет. Каардуу хандын аскери талкаланып, жамандыктан шаар бошотулат.

Жеңишке жетишкендеринен кийин Ынтымактуу бир туугандар шаарды ким башкарат деген суроого баш оорутушат.

-Шаарды Бекбекем агабыз башкарышы керек, анткени ал бардыгыбыздан улуу,- дешет кичүү бир туугандар.

Бирок Бекбекем мындай жооп берди:

-Шаарды Чырбаш иним башкарышы керек, анткени ал согушту биринчи баштады. “Баштамайын аягы болбойт” деген жакшы сөз бар.

Бирок Чырбаш дагы мындан баш тартты. Анын сөзү боюнча хан Упузун болушу керек, анткени анын эрдиги жеңишти алып келди.

Анткен менен Упузун колун шилтеп мындай деди:

-Эрдик эмне шаарды алганга эле жетет, ал эми аны кармап калыш үчүн токтоолук, багып кетиш үчүн бүйрөлүк керек. Мындай сапаттар Казыначыда бар...

Бирок Казыначы дагы бийликти колго алгысы келген жок.

- Хандыкты Балакайга беришибиз керек,- деди ал.

-Анткени ал бизге шаар дарбазасын ачып берди. Чынында эле ал отө жаш, бирок бул анын келечегинин алдыда экенин гана айтып турат.

Балакай өзүнүн жаш экенин, тажрыйбасыздыгын шылтоолоп, дегеле башкаргысы келбей жатканын

ачык айтып, бул жоопкерчиликтүү иштен жаа боюу качты.

Ошентип бир туугандар көпкө талашып-тартышышып акыры мындай чечимге келишти:

-Шаарды баарыбыз бирге башкарабыз. Жалгыздап эч кимибиз каардуу хандын чеңгээлинен шаарды бошото алмак эмеспиз. Бир-бирден шаарды башкарыш дагы кыйын. Ал эми ынтымак менен биримдикте болсок, кандай кыйынчылык болсо дагы жеңип чыгабыз.

Алар кандай чечимге келишсе, дал ошондой кылышты. Чынында эле алардан, Беш ынтымактуу бир туугандардан өткөн жакшы башкаруучу бул дүйнөдө болгон жок.

Эми балам, сен өз колуңду кара!

Сенин дагы колундагы беш ынтымактуу бир тууганды, беш тил алчаак жардамчың бар экенин көрдүңбү? Мына сенин баш бармагың жомоктогу бир туугандардын улуусу Бекбекемге окшош бекен? Ал эми Чырбаш сенин сөөмөйүңө окшош. Качан сен бирөөгө эскертсең, сөөмөйүң менен кезеп, жиниң келгенди аны менен көрсөтөсүң.

Ортонуң болсо баарынан узун болуп, жомогубуздагы Упузунду эске салып турат. Аты жок манжаңа алтын же күмүш шакек салынып, бир туугандардын байлыгын кармаган Казыначыга окшошуп жатат. Ал эми сенин чыпалагың бир туугандардын эң кенжеси арык жана кыска Балакайдын эле өзү.

Мына көрдүңбү, балам, сага жардам берүүгө дайым даяр колуңда беш манжаң-беш элпек жардамчыңды. Сен алар менен бактылуу жашооңду курсаң болот.

* * *

## СТАН МЕНЕН АЖЫДААР

(Румын эл жомогу)

Илгери Стан аттуу өтө иштерман жана акылман киши жашаптыр. Анын үйү дагы, жери дагы, малы дагы бар болуп, жашоодогу бардык каалоолору аткарылып, бир гана баласы жок экен. Ушул арманы менен ал Кудайга күнү-түнү жалынып, ал тургай ыр дагы чыгарып жиберет:

Сыйынам сага мен дайым,
Угуп койчу, Кудайым!
Үйүм толо бала бер,
Бапырап жыргап калайын.

Ушул ырын ал сан жеткис ирет айтканда асмандан үн чыгат:

-Эй Стан! Үйүң толо бала берсем бага аласыңбы?

-Багам, багам!-дейт Стан.

-Бага албай калып, ыйлатпайсыңбы?-деп сурайт баягы үн кайрадан.

-Ыйлатпайм!-дейт кайрадан Стан.

-Анда үйүңө бара бер.Бирок балдарыңды ыйлатпа! Ушул сөзүңө тур!



-Балдарым болсо эле ыйлатпайт болчумун,-деп Стан үйүн карай жөнойт.

Үйүнө жакындаганда ал жактан кандайдыр ызычуу угулат. Тимеле үйүнө базарды көчүрүп келип койгондой кыйкырыктар чыгат. Стан жүгүрүп барып үйүнүн эшигин ачса, үйү толтура бала дейт. Ал эсине келгиче балдардын баары аталап аны басып жыгылышат, алдына отурушуп, үстүнө чыгышып эркелей башташат. Стандын кубанычы коюнуна батпай Кудайга ыраазы болот. Бирок Анын балдарыңды ыйлатпа дегенин эстеп коркуп кетет. Анткени ушунча баланы ыйлатпай багыш оңой эмес болчу. Курсактарын тойгузуш керек эле.

Стан колунда баарын балдарына берет, ороодогу аштыгын, короодогу малын сатып, аларды бага баштайт. Бирок үй толо баланы багыш оңой болбойт. Балдарын караганга бала баккыч жалдап, балдарына бир жылга жеткидей азык даярдап берип, өзү иш издеп жөнөйт.

Көп жүрдүбү, аз жүрдүбү бир кезде калың токойдун арасынан үч койду карагайга байлап коюп, өздөрү окчун жакта отурган он эки жигитке жолугат.

-Эй ага, бул жерден тезирээк алыс кет! Азыр ажыдаар келип бул үч койду алып кетет. Сени дагы кошо соруп койбосун, - дешет.

-Ал эмне болгон ажыдаар,- деп кызыга кетет Стан.

-Ал ажыдаар бизден салык катары жумасына үч кой алат. Бербесек миң коюбузга кошуп өзүбүздү дагы соруп коюшу мүмкүн.

-Ал ажыдаардан мен силерди куткарайын эмне бересиңер?- дейт жигиттердин күчтүү болсо дагы аңкоо экендиктерин байкаган Стан ойлонбостон.

Койчулар эгер Стан ажыдаардан куткарса, миң коюнун теңин берерин убадалашып ажыдаар келчү жолду көргөзүшөт.

Стан күч жагынан ажыдаарга алдырса дагы акыл жагынан алдырбасын ойлоп аны күтүп калат.

Бир аздан кийин жолдон ажыдаар көрүнөт. Стан алдына ак таштарды үйүп, куржунунан катуу кантын алып чыгып катыратып жеп отуруп калат. Ажыдаар

сойлоп келип жол боюнда таш жеп отурган шумдуктуу кишини көрүп токтой калып сурайт:

-Эй, сен кимсиң?

-Мен ажыдаар жегич, ажыдаар жок болсо таш жегич Станмын. Бирок көптөн бери ажыдаар жебей жаман арыктап кеттим. Анткени мен ажыдаар жесем чоңоём, таш жесем арыктайм.

- Кел, күч сынашалы. Эгер мен жеңсем, сен ажыдаар аттууну жегениңди токтотосуң, эгер сен жеңсең мен сенин каалаганыңды аткарам.

-Андай болсо таш жешип мелдешели, бирок мен жеңсем тигил байкуш койчуларга экинчи салык салбайсың. Жакын дагы жолобойсуң! Эгер сен жеңсең, мен ажыдаар жегенимди токтотом.

Ансыз дагы Стандан коркуп турган ажыдаар дароо эле макул болуп, үйүлүп турган таштын чоңураагын алып, оозуна салып качырата чайнай баштайт.

Бирок ошентип чайнаганы менен нары карай жута албай какап түкүрүп салат. Стан болсо жерден таш алымыш боло куржунунан катуу бышкан төрт чарчы сыр алып, аны эки чайнап бир жутуп ажыдаарды жеңип кетет.

-Сен жеңдиң! - деп ого бетер коркуп кеткен ажыдаар артка качмакчы болот. Бирок аны Стан токтотот.

-Токтой тур, ажыдаар, менин курсагым ачып жатат. Таш жеп жатып тажадым. Сага кечинде конокко барайын дедим эле, дарегиңди таштап кет!

-Барсаң бар, бирок мен сени эмне менен коноктордu билбей турам...- деп ажыдаар калчылдап коркконун билдирбөөгө аракет кылат.

-Мен жана айттым го ажыдаар жейм, ажыдаар болбосо таш жейм деп. Анан мен алтын жечү элем...

-Алтын! - деп сүйүнүп кетет анда ажыдаар. Менде алтындан көп неме жок. Бир кап алып келип берейинби?

-Мен бир капка тойчу эмес элем. Сени убара кылбай эле өзүң менен барып алтыныңдан каалашымча жейин.

-Убара деле болбойм. Тоюшунча алып келип берейин, менин үйүмө барбай эле койчу,- дейт ажыдаар балдарымды көрсө жеп коёт деп коркуп.

-Андай болсо мага төрт кап алтын алып келип бер!

-Алты кап деле алып келип берейин, бирок экинчи бул токойду аралабай эле койчу, - дейт ажыдаар жеңилдене дем алып.

-Макул. Бирок алтын таза болсун. Болбосо... - деп Стан ажыдаарды кабак чытый сүрдүү карайт.

Ошентип токойду аралап чуркап жөнөгөн ажыдаар көп өтпөй эки колтугуна үчтөн кап алтын кысып кайра келип калат.

-Мен силердин тең коюңарды албай эле коёюн, анын ордуна менин каптарымды үйүмө жеткирип берсеңер эле болду,- дейт Стан таңкалып турган койчуларга.

Сүйүнүп кеткен койчулар Стандын каптарын өгүзгө артып, өзүнө ат мингизип узатышат.

Ошентип Стандын үйү толо бала, кампасы толо алтын болуп жыргап-куунап жатып калыптыр.

***

## КИЧИНЕКЕЙ ЧЫМЧЫК МЕНЕН ПИЛ

(Индия эл жомогу)

Чытырман токойдо абдан бийик чынар терек өсүп туруптур. Ага бир кичинекей чымчык уя салып, балапан чыгарыптыр.


Бир жолу бул бакка бир алп пил келип сөйкөнө баштайт. Терек түбүнөн омкорулчудай кычырап, кулачудай теңселет. Жүрөгү түшүп калган эне чымчык пилди айлана учуп, андан чырылдап суранат:

-Оо, жунглинин улуу кожоюну! Бул даракка сөйкөнбөөңүздү суранам. Мында менин уям бар. Уямда балдарым бар. Алар коркушат, жерге да кулап түшүштөрү мүмкүн. Айланада миң сандаган башка деле дарактар турат го...

Алп пил эч нерсе деп жооп бербей, кичинекей кызыл көздөрү менен чымчыкка мыскылдуу карап, даракка дагы сөйкөнүп- сөйкөнүп алып, кычуусу канганда оолактап басып кетти.

Эртеси күнү пил кайрадан келип даракка сөйкөнө баштады. Дарак кычырай теңселди, шуудурай сең-

селди. Балапандар чыйпылдап энесине жабышышты. Чымчыктын абдан ачуусу келип, пилге катуу чырылдап мындай деди:



-Даракка тийбе! Болбосо менден бирди көрөсүң!

Буга пилдин ачуусу келди:

-Эй, кибиреген неме! Мендей тоодой болгон пилге, Индистандын жунглилеринин ээсине эмне кыла аласың?! Мен азыр бул даракты түбүнөн омкорсом, уяң турмак өзүңдүн дайыныңды таппай каласың!

Коркуп кеткен чымчык унчукпай калды.

Үчүнчү күнү дагы пил келип, даракка кайрадан сөйкөнө баштаганда чымчык уясынан түптүз учуп чыгып, чагылгандын тездигинде анын калдайган кулагына кирип кетти. Чымчык пилдин кулагынын ичин

кытыгылап, тытмалай баштаганда өзүн жунглинин кожоюну эсептеген ал жанын коёрго жай таба албай калды. Пил башын чулгуп, кулагын силкти, бирок, эч кандай натыйжа чыкпады. Айласы кеткен пил акырында чымчыкка жалына баштады:

-Болду, бул даракка экинчи жакындабайм, өлүп кетейин! Кулагымдан чыксаң эле болду. Мени кечирип кой!

-Мен дагы сага жалынган элем. Балапандарымды коркутпа деп суранган элем. Болгон эмессиң! Эми жазаңды ал!-деп чымчык пилдин кулагын ого бетер тытмалады.

Пил кыйкырып-өкүрүп, кулактарын шалпаңдата башын чулгуп, бүткүл жунгли боюнча жанын коёрго жай таппай күнү бою чуркап жүрүп, акыры шайы кеткенде бүк түшүп жыгылды. Ошондо гана кичинекей чымчык пилдин кулагынан учуп чыгып, балапандарына келди.

Ошондон кийин пил чымчыктардын уясы бар дарактарга сөйкөнгөнүн койду.

* * *

## АЮУНУН БАЛА БАКЫЧТАРЫ

(Коми эл жомогу)

Бир аюунун үч мамалагы болуптур. Бул кичинекейлер энесине көп эле түйшүк тарттырышыптыр. Улам бири ыйлап, ар кайсысы чырдап тынчтык бербейт. Бир күнү аюу эне аюу акеге айтат:

- Эй токой кишиси, эгер үч бала баккыч жалдап бербесең, мен сенден тогузунчу чытырмандагы төркүнүмө кетип калам!



Аюу аке коркуп кетти. Айбандарды, канаттууларды чогултуп бала баккычтарды кайдан табууну кеңешти. Эч кимиси эмне кеңеш беришерин билишкен жок, бир гана түлкү мындай деди:

-Токойдогу кепеде мергенчи жашайт. Анын үч кызы бар. Кичүүсү тамакты жакшы жасайт, тимеле анын жасаган тамагын ичкиң эле келип турат.

-Андай болсо бала баккычтыкка жарайт! - деп аюу күрүлдөдү.

Түлкү сөзүн улантты:

- Ортончу кыз жакшы ырдайт. Ал үнүн созо баштаганда эле, баары тынчыйт, ал тургай шамал да токтоп, аны тыңшайт.

-Мындай болсо ортончусу дагы бизге жарайт!- деп ырылдады аюу аке.

Түлкү улантты:

-Эң улуусу акылдуу. Кимди болбосун акылына муютат.

-Ал дагы бизге жарайт! - деп майрык алаканын шилтеди аюу аке.

Ошентип аюу аке чытырманга жөнөдү. Андагы чоң дарактын түбүндө мастан кемпир жашачу. Ал аюунун эмнеге келгенин угары менен ага бир тоголок жибек жип, ийик жана шайы жоолук белек кылып мындай деди:

-Бул оокаттар сыйкырлуу, алар кыздарды үңкүрүңө азгырып келет.

Ал эми үч кыз эч нерседен бейкапар жашап жатышкан. Таң атканда алардын кенжеси токойго бүлдүркөн терип келгени камданат. Ага эң улуу эжеси мындай дейт:

-Токойго барба, синдим! Бүгүн түнү токойдон үкүлөр үн салып чыкты, карышкырлар улуду, аюу күрүлдөдү. Кебетеси мастан кемпир адамдарга жамандык ойлоп жатат окшойт.

Бирок синдиси аны укпады, себетин алып токойго чуркады. Бир маалда караса, жер үстү менен жибек жип тоголонуп баратат. Кармайм деп кубалап жөнөдү. Мына кармайм деп кармай албайт, ана кармайм дейт, кармай албайт. Анткени аны мастан кемпир сыйкыр

менен жасаган эле. Бир кезде жип чириген карагайдын түбүндөгү үңкүргө кирди. Кыз анын артынан калбады, ал жактан аюу акеге кармалды, айласыз бала баккычтыкка жалданды.

Улуу эжеси түнү бою уктабай сиңдисинен санааркап чыкты. Ал эми эртең менен ортончу кыз токойго камданды. Ага эжеси мындай деди:

-Барба токойго, сиңдим, бул түндө үкүлөр кубанычтуу кыйкырышты, түлкүлор шаңданып үрүштү, карышкырлар сырдуу, сүрдүү улушту, ал эми мастан кемпир шалбаада шапар тээп жүрдү. Барба токойго, үйдө отур!

-Үйдө отуруп думугуп кеттим. Андан көрө токойго барып чымчыктардын ырын угуп, өзүм дагы аларга ырдап берип келейин, - деп ортончу кыз эжесин укпастан токойго жөнөдү.

Бир кезде алдында ийик чимирилип турганын көрдү. Ала калайын десе карматпай качып жөнөдү. Кыз кубалады. Бир кезде сыйкырдуу ийик чириген карагайдын түбүндөгү үңкүргө кирди. Кыз артынан калбады, ал жактан аны аюу акең кармады, бала баккычтыкка жалдады.

Ошентип эки кыз эжесин укпай токойго барышты, аюулардын малайы болуп калышты. Аюу эне аңчылыкка кетип жатып экөөнө мындай тапшырма берет:

-Мамалактарымды жакшылап карагыла! Сен ортончу аларга бешик ырын ырдап берип уктат, сен кенжеси түшкүгө тамак жаса.

Ошентип кыздар тентек мамалактарды багышты, бири дайыма бешик терметип, экинчиси тамак жасап калышты, бошогондорунда кучакташып ыйлап дагы алышты, жан дүйнөнү козгогон муңдуу обон салышты.

Үңкүрдүн жанына оттоп барган кочкор муну угуп калды, чыгырык мүйүздүү башын чээнге салды, кыздардын кырсыкка кабылганын капыс билип алды, аларды куткарайын деген жакшы ойго барды.

-Мага мин, сени үйүңө алып барам, бактылуу кылып салам.

Ортончу кыз кочкорго мингенде, үйүн карай жүргөндө, аюулар аңчылыктан келип калышты, артынан куугун салышты, кочкордон кулап түшкөн кызды кайра кармап алышты. Кызды аюу кайра үңкүргө камады, камаган соң жөн отуруп калабы, майрык колу менен эки күн бою сабады, кыздардын кыйын болду абалы, кайрадан мамалак багып калышты түгөнгөндө амалы. Аюу акең эми сак болду, ортончуну мастан кемпир берген сыйкырдуу жип менен бекем байлап койду. Кичүү кызга качсаң жеп коём деп эскертип, арсайган тишин көргөзүп сестентип, аюулар аңчылыкка кетишти, тамак издеп чытырман токойго житишти. Жаш кыздар жанын кыйнап мамалактарды багышты, сагынышып өскөн үйүн кучакташып ыйлап дагы алышты, айлананы жаңыртып муңдуу обон салышты, ал жерден өтүп бара жаткан бука угуп бул дабышты, кыздарды көрүп үңкүрдөгү ойлонду аларды куткарып алышты.

Ал:

- Каарман бука менмин,- деди, тез үстүмө мингин,- деди, бекем кармап мүйүзүмдөн, үйүңдү карай жүргүн,- деди.

Ортончу айтты кенжесине:

- Бара бер, сиңдим, бука менен, бул жакка мергенчилерди ээрчитип келип куткарып алгын мени.

Ошентип кенже кыз букага минип качып калды, бирок үйүнүн чатыры көрүнгөндө алдыдан аюу тозуп калды, бука аны ыргыта сүзөйүн деди, бирок түз качырганы менен ийри кетип, ача бакка башы кирип, калдайган мүйүзү чыкпай калды. Күркүрөй жини келген аюу кенжени үңкүрүнө алып барды, аны дагы сыйкырлуу жип менен байлап салды, майрык колу менен сабап эки күн бою жазалады. Аюулар үңкүрдөн экөө бирдей кетпес болушту. Алар эми мергенчинин улуу кызын колго түшүрүүнү ойлошту. Ал мамалактарыбызга акыл үйрөтсө жакшы болот эле деп болжошту. Анын жолуна мастан кемпир дубалаган ар кандай буюмдарды коюшту. Бирок ал азгырылбады, алдамчылыкка жазгырылбады. Улуу кыз токойдон чыгып жаткан буканын аянычтуу үнүн угуп издеп барды, аны кептелип калган дарактын ача бутагынан бошотуп алды. Бука көргөн билгенин кызга айтып салды. Кыз кечинде атасы менен кеңеш кылды.

-Ата, барып сиңдилеримди куткарып келейин. Сен мен үчүн тынчсызданба. Адам болуп туруп айбандарды кантип алдай албайын.

Ата кызына уруксат берди. Ал чуркап барып, үңкүргө кирип аюу эне менен аюу акеге мындай деди:

-Саламатсыздарбы, кожоюндар! Мен сиңдилеримди сагындым, мен силерге өз эрким менен келдим. Силердин балдарыңарга акыл үйрөтөм.

Аюулардын кубанычында чек жок! Алар улуу кызды дасторкон жайып сыйлашты. Кыздардын улуусу сиңдилерине аюулардын тилин алуусун, шек алдырбай балдарын багуусун буюрду. Эми кичүүсү жакшы тамактарды жасоого киришти, ортончу мамалактарга жакшы ырларды ырдап, жакшы карай баштады. Улуу кыз аларга акыл үйрөтүүгө аракеттенди. Ал сиңдилерине дайыма шыбырап жүрдү:

-Коркпо, адам болуп туруп айбандарды кантип алдай албайлык.

Аюу эне кыздарды карап туруп, ичи жылып, аларды кантип сыйларды билбей бир күнү улуу кыздан сурады.

-Бизге эч нерсенин кереги жок, - деди улуу кыз аюуга. Бирок атама бир сандык белек жиберсек, жакшы болот эле.

Аюулар макул болушту. Аюу аке балтасын алып, чоң сандык жасаганы кетти, анан аны кыздардын атасына өзү жеткирип бермей болду. Кенже кыз тамак жасап ага уйкунун дарысын кошуп, аюу эне менен мамалактарга берди, ортончу бешик ырын ырдап аларды уктатты. Үч кыз үч устунга кийимдерин кийгизип жоолуктарын салышып, орундарына отургузуп коюш-

ту. Өздөрү сыртка чыгып жашынып турушту. Аңгыча жасаган чоң сандыгын көтөрүп аюу аке келип калды. Улуу кыз аны утурлап чыгып, өзү белектерин салгыча үйгө кирип тамактанып алуусун өтүндү.

-Тамак ичип чыгып эле сандыкты көтөрүп алып жөнө, бирок жолдо-ката сандыктын оозун аччу болбо! Мен үңкүрдөн туруп алып курч көздөрүм менен алты күндүк алысты көрө алам, кыйкырсам үнүм үч күндүк жерге угулат, сен жетип кайра кайткыча карагайга чыгып карап турам. Белегибизди атама жакшылап жеткирип бербесең, мамалактарыңды жакшы бакпайбыз!- деп коркутту.

Аюу тамагын ичип чыккыча кыздар сандыкка кирип отуруп, оозун бекем жабышты. Ал үңкүрдөн чыкканда улуу кыз сандыктын оозун кыңайта ачып:

- Аюу аке, мен карагайдын башында карап турам, бара бер!- деп үн салды.

Аюу сандыкты араң көтөрүп жонуна салды. Күшүлдөп-бышылдап бир топ узап барып тынып, сандык эмнеге мынчалык оор деген кызыгуу менен аны ачмакчы болгонунда улуу кыз үн салды:

- Алты күндүк алыстыкты көрө алам, үч күндүк жерге үнүм жетет, аюу аке сандыкты аччу болсоң, бала баккычтарың үйдөн кетет!

Аюу муну укканда коркуп кетти. Сандыкты жонуна салып жолун улантты. Орто жолго жеткенде кайра тынып, кайрадан сандыкты ачкысы келгенде кыз кайрадан үн салды:

-Аччу болсоң, аюу аке, сандыкты, кыздар сага абдан-абдан таарынат, мамлактарыңды бакпай коюшат баарылап!

Күшүлдөп-бышылдаган аюу сандыкты көтөрүп мергенчинин үйүнө жакындаганында беш- алты тайган туш тарабынан чыгып талашты, мылтыктын тарс эткен үнү жаңырып, ал алды-артын карабай качып жөнөдү.

***

## ПАДЫША МЕНЕН ВАЗИР

(Түрк эл жомогу)

Бир күнү падышага бир кайырчы дербиш келип мындай дейт:

-О шах! Мен бир сыйкырдуу сөздү билем. Эгер мен ал сөздү айтчу болсом, менин жаным каалаган жансыз денеге көчүп кетет.

Шах өлгөн казды алып келүүнү буйрук кылып, ал алынып келингенде мындай дейт:

-Кана көрөлүчү, сенин жаның ушул казга өтө алар бекен.

Дербиш сыйкырдуу сөздү күбүрөнгөндө каз дароо эле жанданып, Ал эми дербиш өлүп калат.

Муну көргөн падыша абдан таң калды. Ал эми бөлмө ичинде каркылдап жүргөн каз кайра эле баягы сыйкырдуу сөздү айтканда дербиш жанданып өзү өлүп калды. Падыша дербишке көп сыйлык берип бул сыйкырлуу сөздү жаттап алды.



Бир нече күндөн кийин падыша вазирин ээрчитип мергенчиликке чыгып, бугу атып алышкандарынан кийин, хан вазиринин көзүнчө жанын өлүк бугуга көчүрүп, өзү жансыз калып, анан кайра сыйкырдуу сөздүн жардамы менен тирилип, буга вазир абдан таң калып, мындай өнөрдү кайдан үйрөнгөнүн сурайт.

- Мен муну бир дербиштен үйрөндүм,-дейт хан.

- Мага дагы бул сыйкырдуу сөздү үйрөтүңүзчү! - деп сурана баштайт вазир.

Вазир көпкө сурангандан кийин ак көңүл хан акырында сыйкырдуу сөздү ага үйрөтөт. Ошентип дагы бир жолу падыша менен вазир бакта сейилдеп жүрүшүп дарактын түбүндө өлүп жаткан тоту кушту көрүшөт.

-Ханым, сен ушул тоту кушту тирилте аласыңбы?- дейт вазир.

Вазиринин арам оюн билбеген хан дароо эле сыйкырдуу сөздү айтып тоту кушка өз жанын которуп, аны тирилтет. Ошондо вазир дароо сыйкырдуу сөздү айтып, жанын хандын денесине көчүрүп, курч кылычын сууруп алып өз денесин бөлө-бөлө чапкылап салат дагы, жигиттерди чакырып, вазир өзүн өлтүрмөкчү болгонунда кылыч менен чапкылап салганын түшүндүрүп, хан катары жансыз денени көмүп салууну буюрат.

Ошентип вазир ханга айланып, хан тотукуш бойдон калат. Вазирдин арам оюн эми гана билген хан эч нерсе кыла албай шакта кайгырып отуруп калат.

Ал эми хандын денесине ээ болгон вазир эч нерсе болбогондон бетер хан сарайга келип мамлекетти башкара баштайт. Тоту кушка айланган хан учуп отуруп куш саткан базарга келип, капастын үстүнө конуп адамча сүйлөй баштайт.

Мындай өзү келип берген кымбат олжону соодагерлер коё беришмек беле, дароо тор ыргытып кармап алышып, капаска салышып, адамча сүйлөй алгандыгы үчүн жогорку баа коюшуп, кардарларга сунуштай баштишат. Адамча сүйлөп, ошондой эле адамдай акылдуу кеңештерди айткандыгы үчүн көптөр кызыккандары менен кымбаттыгынан улам аны эч ким сатып ала албайт.

Бир убакта эки соодагер урушуп кетишет. Көрсө, бир соодагер түшүндө экинчисине жүз алтын тыйын карызга берген экен, эми ошону доолап жатыптыр.

- Сен ошондо карыз алып жатканыңда жума күнү берем дегенсиң. Бүгүн жума, келе акчамды! - дейт биринчиси.

- Мен сенден качан жүз алтын тыйын алдым эле? Жөн эле догуруна бербечи! - дейт экинчиси.

- Түшүмдө бербедим беле!

- Качан? Алган эмесмин!

- Алгансың!

- Түштөгү акчаны дагы доолайбы?

Эки соодагер ушинтип кызыл чеке болуп уруша башташат. Алардын жанына ар кимдер чогулушуп кызыга карап калышат. Кээ бирөөлөр калыс сөздөрүн айтышат. Бирок чатакташкандар эч кимдин сөзүнө ынанышпайт.

- Кандай макоо немесиң түштө берген акчаны да доолайбы? Сеники туура эмес экенин тээтиги тоту куш деле айтат! - дейт бир соодагер. Кел, андан сурайбыз.

- Сураса сурайбыз! - деп экинчиси макул болуп, аркасынан көп кишилерди ээрчиткен алар баягы тоту кушка айланган ханга келишип, болгонун болгондой айтып беришип, калыстык кылуусун суранышат.

- Акчаны түштө алган киши төлөп бериши керек, - дейт тоту куш. Угуп тургандар бул чымчыктын калыссыздыгына наарazы болсо, жөн жеринен акча төлөмөр болуп жаткан соодагер сөгүнүп жиберет.

- Бирок, түшүндө, - дегенде элдин баары тоту куштун акылдуулугуна ыраазы болуп, кол чаап жиберишет.

-Мен буга макул эмесмин! - дейт соодагер. Мен, биринчиден, түш көрүш үчүн азыр чак түштө жатып уктай албайм, экинчиден, бул менден акча алып жатканда жума күнү соодасы болгондо кайтарып берем деген!

-Андай болсо азыр бул жерге чоң күзгү алып келгиле,- дейт тоту куш.

Кызыгып карап тургандар базарда сатыкта турган күзгүнү көтөрүп жетип келишет.

- Сен, - дейт анда тоту куш жөн жеринен төлөмөр болуп жаткан соодагерге кайрылып. Күзгүнүн алдына келип жүз алтын тыйынды андан чагылышкандай кылып кой, - дейт.

Соодагер акчасын капчыгынан чыгаргысы келбесе дагы тоту куштун калыстыгына ишенип, анын айтканын жасайт.

- Эми,- дейт тоту куш жөн жеринен акчалуу болгусу келген экинчи соодагерге кайрылып. Күзгүдө чагылышкан алтын тыйындарды ал дагы ыраазы бол, - дейт.

- Күзгүдөгү тыйын кантип алынсын! - дейт соодагер.

- Ошондой эле түштө алтын тыйынды көрсө, берсе, алса да болот, бирок аны өңдөгүдөй алганга дагы,

бергенге дагы, кармаганга дагы болбойт! - дегенде тоту куштун акылдуулугуна таң калган эл аны колдоп, тиги уятсыз соодагерди базардан кубалап чыгышат. Бул иш заматта бүт өлкөгө чагылгандай тездик менен таралып, тоту кушту сатып алгысы келгендер, же аны жөн гана көргүсү келгендер туш тараптан агылып келишип, эми ага жараша тоту кушту сатып жаткандар анын көлөмүнчөлүк алтын сурай башташат. Муну уккан ханыша аябай кызыгып калат дагы, акылдуу тоту кушту саттырып келип өз бөлмөсүнө койдурат.

-Менин сизден бир гана өтүнүчүм бар, мени падышага көрсөтпөңүз,- дейт тоту куш. Ханыша буга макул болот.

Бир күнү тоту куш ханышадан:

-Падышанын кандайдыр бир укмуш өнөрү барбы?- деп сурайт.

-Билбейм, - деген ханыша падыша өзүнө келгенде андан бул тууралуу сурайт.

-Оо, менин бир укмуш өнөрүм бар! - деп мактанмакчы болгон хан дароо эле нөкөрлөрүнө өлтүрүлгөн каз алып келүүсүн буюрду. Каз алынып келингенден кийин хан дароо эле сыйкырдуу сөздү айтканында каз тирилип хандын денеси жансызданды. Ушуну эле күтүп далдоодо жашынып турган тоту куш дароо эле сыйкырдуу сөздү айтып, хандын денесине кирди дагы, казды моюндан алып, нөкөрлөрдү чакырып, аны союп салууну буюрду.

Бул кубулуулар менен өлүп-тирилүүлөрдү көрүп эч нерсеге түшүнө албай турган ханышага падыша болгонун болгондой айтып берип, алар кайрадан мурунку жашоолорунда жыргап-куунап жашап калышыптыр.

***

## БАРДЫГЫНЫН ӨЗ УЧУРУ БАР

(Беларус эл жомогу)

Биздин кыштакта ушунчалык сараң поп-атакебиз бар эле. Ал пайда табуу менен чыгым болбоону гана ойлоп турчу. Күз келип, эгин чабык менен түшүм жыйноонун учуру келип, жери көп поп-атакебиз үч батракты жалдады. Таң атары менен поп батрактарды ойготуп тамактандыра баштады. Батрактар апылдата тамак жеп жатканын көргөн поп ыйык санаган башын чайкап ойго батты: “Булар азыр тамакты ушундай жеп жатышат, түштө да ушундай сукулдашат, ал эми булар түштөнүш үчүн талаадан келгиче канча убакыт өтөт, эгер талаага тамак алып барсак аттар чарчайт. Андан көрө түшкү тамагын азыр эле берип салайын” - деп дароо эле кемпирине түшкү тамакты берип кутулууга буйрук берди. А мужуктарга эмне оңдонуп отурушуп кайрадан апылдатып киришти. Ал эми поп кайрадан ойго батты.

- Кемпир, бер кечки тамагыңды, мужуктар кечке чейин алаксыбай иштешсин!

Ошентип кечки тамак дагы алдыга келди. Бирок, жегендери кокосуна жеткен батрактар жей албай калышты. Буга поп ого бетер сүйүнүп кетти:

- Андан бетер жакшы, бул тамакты эртең эртең менен беребиз.

Бирок батрактар башкача ойдо экен тамак желип бүтөрү менен бирөө чалкасынан түшүп, ошол жерден эле оозун чоң ачып эстеп уйкуга баш койсо, экинчиси үстөлдүн алдына сойлоп кирди, үчүнчүсү болсо уктоочу бөлмөнү карай басып баратып:

- Рахмат, кожоюн, меймандостугуңа! Курсак ток болсо адам жакшы уктайт.

- Эмне дейсиң? Кандайча жакшы уктайсың? А ким иштейт, менби?!

- Биз иштейбиз, бирок эртең...

- Кандайча эртең? Таң жаңы эле атты го...

- Биз деген азыр эле кечки тамакты ичтик, а кечки тамактан кийин жатып эс алыш керек. Ар биринин өз учуру болот...

Поп айтарга сөз таппай калды. Анан ал ач көздөнөм деп жатып өзүн өзү алдаганын түшүндү. Ал эми биз калп айткан жокпуз, ишенбесеңер, поптукуна барып карасаңар, дагы эле үч мужук үч жерде коңурукту кош тартып, токпейил уктап жатканын көрөсүңөр.

***

## БАЙ МЕНЕН ЖОМОКЧУ

(Беларус эл жомогу)

Бир бай жомок укканды абдан жакшы көрчү экен. Ага жомокту канчалык апырта айтышса деле баарына ишене берер эле.

Ошентип жүрүп ал бир күнү өзү ишенбегидей жомок уккусу келип: "Кимде ким мен ишенбей, "калп айтасың" деп, кыйкырып жибергидей жомок айтып берсе, ага бир табак алтын берем" - дейт.

Көптөр жомок айтып байдын алтынын ала алышпайт. Бир күнү Янка аттуу жомокчу байга келет.

- Байым, алтыныңды чоңураак табакка толтура сал, мен аны алып кеткени келдим.

Бай табакка алтынын үймө салып, өзү кебелбей чылымын түтөтүп, тыңдай баштады.

- Кана айта башта, бирок табак алтындын ордуна мобул табактай болгон муштумум менен беттен ары жеп калбагыдай бол! - деп эскертип дагы койду.

Янка байдын маңдайына отуруп, алтындан көзүн албастан жомогун жобурап айта баштады.

- Ээ байым, бул дүйнөдө эмнелер гана болбойт! Бир жолу менин башымдан дагы ошондой окуя болуп өткөн... Мени атам төрөлө электе чоң атам бир балчыга малайлыкка берди. Ал балчынын ошол кезде элүү бал челеги болуп, андан эртең менен ызылдап чыккан аарыларды бирден санап мага өткөрүп берип, мен аларды кечке жайып келгенимден кийин бирден санап, ар биринин балын саап алып, кайра өткөрүп алчу. Анткени кожоюн мени жумушка аларда: "Эгер бир эле аарыны жоготчу болсоң, бир жылдык эмгек акыңды бербейм,- деп эскерткен болчу. Мына ушундай оор жумуш болчу меники!

- Болушу мүмкүн,- деп бай аны менен макул болуп баш ийкеди.

Янка табак толо алтынды карап шилекейин жутуп алып жомөгун уланттьы:

-Бир жолу аарыларды жайыттан айдап келип санасам бир аары жок. Кара басты! Кудай урду! Мен артка аарыны издегени чуркадым. Ошентип ары-бери чуркаганымча караңгы кире баштады. Бир кезде аарынын зыңылдаганы угулду. Карасам суунун аркы өйүзүндө жети карышкыр менин байкуш аарымды тегеректеп алышыптыр. Жети карышкыр жети жагынан кол салса дагы болбой аарыкем моюн бербей жатыптыр. Мен ага жардам бергени чуркадым. Бирок суудан өтө турган кечмелик жок экен. Эмне кылыш керек? Карышкырлар болсо аарыны жарганы калышты.

Мен көпкө ойлонбостон өзүмдү-өзүм көкүлдөн кармап, катуу күүлөп наркы өйүздү карай ыргыттым. Бирок аркы өйүзгө жетпей суунун так ортосуна кулап түшүп таш байлап койгонсуп чөгө баштадым.

Эсиме келип, эки жакты карап, өйдө чыгыш үчүн жол издей баштадым. Атайылап кыянаттык кылгансып дарыянын түбүнө бирөө ушундай бир от жаккан экен, тимеле түтүндөн айлана көрүнбөйт, ал тургай балыктардын көзүнөн жаш тамып жол таппай жүрүшөт. Колум менен алды жагымды сыйпалап, кайсалап жол издеп келатсам, бир түктүү тери колума урунду, жакшылап кармалап көрсөм аюу экен. Аны мен куйруктан алып ары-бери сүйрөйүн дегенимче болбой, ал

бурула берип, “ар” деп качырганда мен анын оозуна колумду сойлотуп барып сыртынан табылбаган куйругун ичинен кармап алдым. Коркуп кеткен аюу катуу булкунганда дарыядан атып чыктык. Аюу качкан бойдон токойго кирип кетти, мен эсиме келип карасам, өзүм каалаган жээкке чыкпаптырмын. Мен дароо эле кайрадан өзүмдү- өзүм көкүлдөн алып, мурдагыдан дагы катуу күүлөп туруп наркы өйүзгө ыргыттым!

-Бул жарык дүйнөдө эмнелер гана болуп өтпөйт. Балким, сеники чындыктыр,-дейт бай.

-Чындыгы го чындык, бирок зыян тартып калганым дагы чындык болуп жатпайбы! Анан мындай болду. Мен өзүмдү катуурак ыргытып алган экенмин жээкке түшкөнүмдө жерге белиме чейин кирип кеттим. Жулкунуп көрсөм чыга алгыдай эмесмин. Күрөксүз эч жакка жыла албасымды билип, үйгө чуркап барып, күрөк алып келип, өзүмдү ары-бери казып чыгарып эле аарыга жардам бергени жүгүрдүм. Жетип эле карышкырларды кубалап карасам, кеч болуп калыптыр.

Мен ары-бери жүгүргүчө кашабаңдар аны жара тартканга үлгүрүп калышыптыр. Эмне кылыш керек? Мен өлгөн аарыны карышкырлар жебеши үчүн өсүп турган уйгактын жалбырагына чыгарып, бир жалбырак менен жаап, үйдү карай жөнөдүм.

- Кырсык басты, бай аке! - дедим үйгө кирип барып.

- Эмне болгон кырсык - деп сурады кожоюн.

- Карышкырлар аарыны жара тартышты. Кожоюндун жини келип мени тээп жиберди.

- Эми сага бир тыйын дагы бербейм. Күнөөлүү жаным унчуккан жокмун. Аздан соң кичине ачуусу тарап менден сурады:

- Аарыны бүт жеп кетишкен жокпу?

- Жара тартып эле кетишти дедим го -дедим мен.

- Андай болсо дагы жакшы, бас алып келели. Биз бал челектен эки аарыны алып чыгып, аларга араба куруп алып барып, ошол жактан эле өлгөн аарынын терисин сыйрып, кол санга бөлүп жүктөп келдик. Үйгө келгенде бөлүктөргө майда бөлүп туздадык эле он эки челек эт чыкты. Аны кожоюн экөөбүз толук бир жыл жедик.

- Дүйнөдө эмнелер гана болбойт. Балким сеники туурадыр, - деди бай башын ийкегилей.

- Ошентип бир жыл өткөн соң кожоюн мага эч нерсе бербей жумуштан бошотуп койду. Мен андан бир кесим гана мом сурап алып, андан ат жасап минип жолго чыктым. Чоң атамды карай келатам, анткени ал кезде өз атам туула элек болчу да. Ошентип жүрүп отуруп чытырман токойго келдим. Курсагым ачты. Бир кезде куурулган эт жыттанды. Мурдум менен искеп көрсөм, ал карагайдын коңулунан чыгып жатат. Эмне кыларды билбей турсам, майга кызара бышкан тоңкулдак ал жактан көрүнүп кайра кирип кетти. Ачкалыкка чыдабай карагайга тырмыша чыгып тоңкулдактын коңулуна жеттим. Колумду ага салсам батпай

койду, башымды тыксам батпады, бир кезде бүт денемди салсам, колок этип кирип кеттим. Коңулда толтура бышкан тоңкулдактар бар экен алардан тойгончо жеп чыгайын десем, семире түшкөн окшоймун тешикке батпай койдум. Ошондо кожоюндун курч балтасы бар экенин эстей калып, ага учуп жеттим дагы, кайра келип, коңулду кеңейте оюп, өзүмдү-өзүм чыгардым.

- Бул жарык дүйнөдө эмнелер гана болбойт! Балким, сеники дагы чындыктыр,- деп бай кайрадан тыңшады.

- Ошентип кайрадан атыма минип жолго чыктым. Балтаны болсо канжыгага байлап койдум. Ошентип келатсам алдыга бир дагы аяк шилтебей туруп бербедиби атым. Эмне болуп кетти деп карасам курч балта канжыгада салаңдап баратып, атымдын тең ортосунан бөлүп түшүптүр. Шайтан алгырдын балтасы десе! Атымдан секирип түшүп, жоон карагайдан жонуп, атымдын түшүп калган ордуна чаптап, кайра жолго чыктым. Бир кезде атым дагы баспай калганынан карасам баягы жонулган карагайым асманга чейин өсүп кетиптир. Мен ага тырмышып чыгып, асмандагы бейиште эмне болуп жатканын карай баштадым.

Бай чылым соргонун токтотуп сурады:

- Анан ал жактан сен эмнени көрдүң?

- Оо, мен ал жактан эмнени гана көргөн жокмун, байым! Ошентип анан асманды көчөмө-көчө кыдырып бара жатсам, бир үйдө ыйыктар ичип-жеп, ырдап-чордоп, жыргап-куунап жатышыптыр. Мен алар-

га кирейин дедим, бирок кызуу немелерге жакпайм го деп ойлодум. Андан ары бассам кийинки үйдө ыйык Микола азыр эле жоону сүрүп келгендей болуп, коңурукту кош тартып уктап жатыптыр. Кебетеси ал деле жакшы эле бастырган окшойт.

- Бул кызык дүйнөдө эмнелер гана болбойт! Балким, сеники дагы чындыктыр, - деди бай башын ийкей ынана.

- Чындык экени айдан ачык! Анткени өз көзүм менен көргөм! Миколадан бирдеме калгандыр деп кирсем балакеттинби?! Эч нерсе калтырбаптыр. Бөтөлкөлөр жерде тоголонуп жатат, нан дегендин күкүмү дагы жок! Ары-жак бери жакты карасам Миколанын алтын шапкеси жерде жатат. Жок дегенде ушуну алайын дагы жолдон ашкана жолукса өткөрүп карынды кампайтайын деп, аны колго аларым менен Микола чукуранып ойгонуп, кыйкырык-чуу салып, шапкесин издей баштады. Эртерээк үйдү карай сызбасам кырсыктан кутулбай калдым деп ойлонуп артты карай чуркадым. Же баягы аттан өсүп чыгып асманга жеткен карагайымды тапсамчы.

Ары-чуркап, бери-чуркап жүрүп карасам жерде эки кулач жип жатат. Айлам кетип ошону ала калып, жерди карай салаңдатып, бир учунан бир колум менен кармап, экинчи колум менен экинчи учун кармап ылдый түшө баштадым. Бир кезде аркан түгөндү, жер болсо көрүнбөйт, өзүм болсо асман жердин ортосунда асылып турам. Дагы жакшы жанымда курч балтам

бар! Аны менен асылып турган арканымдын теңинен бөлүп, кайра экинчи учуна улаштырып, тырмышып түшө баштадым.

-Дүйнөдө эмнелер гана болбойт! Балким, сеники чындыктыр, - деди бай кайрадан баш ийкеп.

-Ошентип түшүп кете берип, кете берип катуу кызыгып кетип, бул ортоңку дүйнөдөн өтүп, жер алдындагы тозокко жетип калыптырмын. Тозоктун тар көчөлөрүн кыдырып таанышып баратам. Бир кезде сиздин маркум атаңыз ач- жылаңач, кебетеси кеткен, маанайы түшө чочко кайтарып жүрүптүр!

Муну укканда байдын көзү акшыя түштү, оозунан чылымы ыргып кетти:

-Калп айтасың шүмшүк! Менин атам эч качан чочко кайтарбайт!

Муну укканда Янка табактагы алтынды бурдай кармап заматта эшиктин ары жагына шуңгуду...

* * *

## ЭКИ АЯЗ

(Беларус эл жомогу)

Талаада Көк мурун, Кызыл мурун деген эки аяз - эки бир тууган сейилдеп жүрүштү. Ал экөө ойноп-күлүп бири бирин мактай берип тажашты. Ал эми түн болсо узун, дүйнө болсо кенен, аяздар болсо эркин. Айлана тынч, дүйнөдө эки аяздан башка эч ким калбагандай. Зериккен аяздар талаадан токойго келишип, бактан-бакка секиришти, коёндорду коркутушту. То-

койдон кыштакка келишти терезелерге сайма сайышты, үйлөрдүн жыртыктарынан үйлөштү, чатырларда оюн салып, көчөлөргө муз тоңдурушту.

- Эхе, карачы, бизден баары коркушат! - деп улуй кыйкырды Көк мурун аяз.



-Чыгып эле көрүшсүн, көк муштум кылып тоңдурабыз! - деп жооп берди Кызыл мурун аяз.

Таң ата баштады. Морлордон түтүн булады. Эшиктер чыйкылдап ачылды. Кишилер көчөгө чыгышты. Ар ким өз иштери менен алектеништи.

- Жүрү бир тууганым, буларды биз талаада күтүп туралы, - деди Кызыл мурун аяз.

Экөө талаага куушуп жетишип жолоочуларды күтө башташты.

Аңгыча кош ат чегилип, коңгуроосу шыңгыраган, чанасын арабакеч малайына айдаткан байбача карышкыр ичик кийип сөөлөттөнө көрүндү.

Эки аяз анын артынан кубалап далайда жетишип, байбачанын карышкыр ичигинин алдына киришип, ал жактан жылуулукту кубалап чыгышты. Байбача титирей баштады, аяздардын алдында бийлеп кирди, ээги-ээгине тийбей шакылдады, мурду кызарып кетти. Бир тууган аяздардын моокуму канды, текебер немени калчылдатып, өлтүрө үшүткөндөрүнө мактанышты, каткырышты...

Аңгыча кыштактан дагы бир караан көрүндү. Байбачадан кызыгы тарай түшкөн эки аяз учкан бойдон ага жетишти.  Ал караан жалгыз атына чана чегип отунга бараткан мужук экен. Кийими дагы, өзү дагы жука көрүндү аяздарга. Аяздар аны тоңдуруп ойной башташты.

- Ээ аяз акелер, тамашаңарды койгула! - деген мужук чанасынан секирип түшүп жөө басты. Жарым чакырым барган соң чекеси нымшып, кайрадан чанасына отуруп алды, кыңылдап обон салды, эч бир кайгыны билбей калды.

Эки аяздын жиндери келди, токойго жеткиче далбастап жүрүшүп араңдан зорго мужукту чыйрыктыра алышты. Токойго киргенде мужук балтаны колго алды, үстүңкү кийимдерин чечип салды. Эки аяз ооздоруна жел толтуруп мужукту музга айландыра тоңдуруш үчүн үйлөп киришти.

Бирок, мужук мулжундап иштей берди, иштей берди, бир кезде үшүмөк тургай тердеп чыкты. Үйлөй берип үшүтө албаган Кызыл мурун аяздын мурду ого бетер кызарды, Көк мурундуку ого бетер көгөрдү. Ага алы жетпестерин түшүнгөн аяздар эми мужуктун тонунун алдына жашынып, отун алып бүтүүсүн күтүштү, үйгө бара жаткан жолдо тоңдурууну ойлошту. Бирок мужук отун алып бүткөн соң тонун чана толо отундун үстүнө ыргытып, өзү атын жөө жетелеп алып жолго түштү. Аяздар болсо эмгек деген куралы бар бул мужукту жеңе албастарына көздөрү жетип, жалкоолорду издеп жөнөштү...

***

## БӨРҮ, МЫШЫК ЖАНА ИТ

(Беларус эл жомогу)

Бир эптеп күн өткөргөн абышка болуптур. Анын өзүндөй болуп карыган ити бар экен. Карыган иттен пайда болбой калганда чал аны көчөгө кубалап чыгыптыр. Ит токойдо каңгып баратып карышкырга жолугуп калат. Карышкыр ага мындай дейт:

- Мага кошул, экөөбүз ынтымакташып жашайлы.

Ит макул болот. Алардын үңкүрдө жата берип курсактары ачат.

- Баргын, - дейт бөрү. Балким, талаада жегидей бирдемелер жүргөндүр карап кел.

Ит сыртка чыгып талаага көз жүгүртүп айтат:

- Каздар жүрөт!



- Түйшүгү көп, эти аз! - дейт карышкыр.

Ал эми иттин эт жегиси келет. Ага каздын аз эти деле боло бермек. Дагы бир топ убакыт өтүп, бөрү итти кайра жумшайт:

- Кана чыгып карачы, талаага дагы бирөөлөр чыгып калгандыр.

Ит сыртка чыгып караса талаада чочколор жүрөт.

- Чочколор жүрөт! - дейт ит кубанычтуу үндө.

- Койчу ошолорду! Эти аз, түйшүгү көп.

Итке чочко деле боло бермек, жаланып тим болду.

Дагы бир сааттай өткөндөн кийин бөрү итти кайра жиберет:

- Чуркап чыгып карачы талаада бир нерсе барбы?

Ит бөрү айткандай чуркап чыгып кыйкырат:

- Ат жүрөт!

- Эми барсак болот!

Карышкыр суута чөмүлүп, кайра кумга оонап иттен сурайт:

-Таанылбай калдымбы?

- Жерге окшоп калдың.

Карышкыр жер менен жер болуп жатканында ат аны көрбөй жанына оттоп келип калат. Карышкыр бир секирип атты алкымдан алып өлтүрөт. Экөө аттын этине жакшылап тоюнушат. Ит бөрүгө мындай дейт:

- Эми мен аңчылыкты үйрөнүп алдым жалгыз кетсем болот.

Ошентип ит кетип баратса, алдынан мышык чыгат.

-Жүрү мени менен, мен сага мал жегенди үйрөтөм.

Мышык макул болуп, экөө ээрчишип токойго келишет.

Ит мышыкка буйрук берет:

-Кана карап кел. Талаада бирөөлөр жүрөбү?

Сыртка чыккан мышык кыйкырат:

-Каздар жүрөт!

-Алардын эти аз, түйшүгү көп, - дейт ит. Ал эми мышыктын эт жегиси келип чыдамы кетет. Бир топтон кийин ит айтат:

-Бар талааны карап кел!

Мышык чыгып кыйкырат:

-Чочколор жүрөт!

-Ээ, түйшүгү көп, эти аз, - деп күңкүлдөйт ит.

Бир сааттан кийин ит мышыкты кайра жумшайт:

-Чуркап чыгып карачы талаага бирөөлөр келгендир?

Мышык чындап эле чуркап чыгып кыйкырат:

-Талаада ат жүрөт!

-Эми барсак болот!

Ит жүгүрүп барып сууга түшүп, чыга калып кумга оонап, мышыктан сурайт:

-Жакшы эле таанылбай калдымбы?

-Жок, - деп жооп берет мышык.

-Антпе, жакшы эле таанылбай калдың деп айт!

-Болуптур... Жакшы эле таанылбай калдың!

Ит темселей басып аттын артына барат. Чочуп кеткен ат кош аяктай калып тепкенде иттин тумшугу асманды, ээги жерди карап, кулап түшөт.

-Мына эми таанылбай калдың десем болөт, - деди мышык жаңы кандын жытынан улам жалана берип...

***

## ОҢОЙ НАН

(Беларус эл жомогу)

Шалбаада көпкө чейин чөп чапкан чалгычы чарчап чөп үстүнө отура кетти. Баштыгынан көмөч нан алып чыгып, шашпай чайнап жей баштады.

Токойдон чыгып келе жаткан ач карышкыр чалгычынын тамшана чайнап даамдуу бир нерсе жеп жатканын көрдү дагы, ага жакын келип сурады:

- Эй адам, сен эмне жеп жатасың?

- Нан,- деп жооп берди чалгычы.

- Ал даамдуубу?

- Оо, даамдуулугун айтпа!

- Берчи ооз тийип көрөйүн.

- Көрсөң көр.



Чалгычы нандан сындырып карышкырга берди.

Нан карышкырга абдан жакты, анан мындай деди:

- Мен күнүгө нан жегим келет, бирок аны кайдан табам? Айтып берчи?

- Макул, - деди чалгычы,- мен сага кайдан жана кантип нан табышты айтып берейин.

Ошентип ал карышкырга үйрөтө баштады:

- Эң биринчиден жерди айдоо керек...

- Ошондо нан болобу?

- Жок, досум, токтой тур. Андан кийин жерди тырмоо керек...

- Ошондо анан нан табылабы?- карышкыр куйругун шыйпаңдатты.

- Жок, күтө тур. Андан соң жерди малалап, буудайдын үрөөнүн сээп, кайра тырмаш керек...

-Ошондо анан нан болобу? - деп чыдамы кеткен карышкыр жаланды.

- Жок! Күтө тур, буудай өнүп, тутам болуп өсүп чыккан соң сугарыш керек, анан күзгө чейин баш алып, дан байлап, бышышы зарыл.

- Ох,- карышкыр күрсүнүп алды,- узак экен, бирок, күзгө чейин күтө деле алам. Ошондо анан нанды тойгончо ээн-эркин жеймби!..

- Кайдан тоймок элең?- чалгычы анын сөзүн бөлдү.- Дагы эле эрте. Андан соң бышкан буудайды чаап, жыйнап, боолап, кырманга ташып келип, бастырып, саман-топонунан арылтып тазалаган соң, тегирменге алып барып ун кылып тарттырыш керек.

-Оо-уу, кандай узак!- деп улуп жибере жаздады карышкыр. Ошондо нан жеймби?

- Э, кандай гана чыдамсызсың!- бөрүнүн сабырсыздыгына баш чайкады. Унга көптүргүч кошуп камыр жууруп, ал ачып көтөрүлгүчө күтүш керек. Ошондон соң гана от жагылып кызытылган мешке салынат.

- Анан нан бышабы?!

- Ооба, нан бышат. Мына ошондо гана сен аны тойгончо жейсиң,- деп чалгычы сөзүн бүтүрдү.

Карышкырдын нан жегиси келбей калды, башын кашып мындай деди:

- Жок! Бул абдан оор жана узак иш экен. Андан көрө сен мага, оңой тамакты кайдан жана кантип тапса болоорун айтчы.

- Демек,- деди чалгычы,- оор нанды жегиң келбесе, оңоюн же. Жайыт тарапка бар, ал жакта жылкы оттоп жүрөт.

Карышкырга бул жага түштү. Жайытка келсе чын эле жылкы жүрүптүр.

- Жылкы, жылкы! Мен сени жейм.

- Жесең же,-деди жылкы. Бирок, биринчиден, менин туяктарымдагы такаларды чыгарып сал, аларга тишиң тийип сынышын каалабайм.

-Чын эле,- деген карышкыр такаларды чыгарайын деп жылкынын артына келгенде ал ээктен ары тээп калды... Карышкыр кулап түштү дагы, тура калып качып жөнөдү.

Дарыя тарапка каңгып келип, анын жээгинде каздардын оттоп жүргөнүн көрүп: " Ушуларды жесемби?" - деп ойлоп мындай деди:

- Каздар, каздар! Мен силерди жейм!

- Макул, жесең же. Бирок сен биздин бир өтүнүчүбүздү аткар.

- Кандай өтүнүч?

- Бизге ырдап берчи, өлөрдө ыр угуп калалы.

- Ырдаса болот. Ырдаганды өзүм дагы жакшы көрөм.

Карышкыр дөңчөгө чыгып, мойнун созуп улуп кирди. Каздар болсо карышкыр алыстаары менен канаттарын каккылап учуп жөнөштү.

Карышкыр дөңдөн жүгүрүп түшсө, каз эмес алардын канаты дагы калбаптыр.

Кетип баратып ал ичинен өзүн- өзү жемеледи: "Кандай гана акмакмын! Эмнеге ырдайм деп макул болдум экен? Эми, кимди жолуктурсам дагы сүйлөшүп отурбай эле баса калып жейм!"-деп ойлонуп оюн жыйгыча, жолдо ак сакал кары бара жатканын көрдү. Карышкыр ага чуркап келип:

- Абышка, абышка, мен сени жейм!

-Эмнеге мынча шашасың?-деди абышка.- Баары бир жейсиң да! Андан көрө өлүм алдында жыпар жыттуу тамекиден бир жыттап алууга жол бер, таксыр бөрү. Өзүң дагы жыттап көрсөң болот.

-Ал жыттуубу?

- Жыттап көрсөң билесиң...

- Алып кел!

Абышка чөнтөгүнөн тамекини алып чыкты дагы өзү жыттап көрүп, карышкырга берди. Карышкыр болушунча демин тартты эле, тамекинин баары мурдуна кирип кетти. Анан ал токойду жаңыртып чүчкүрө баштады... Көздөрүнөн жаш агып, эч нерсе көрүнбөй,

мээси кеңгиреп мас болуп калды. Ошентип бардык тамекини чүчкүрүп атып мурдунан чыгарып, соолуккуча бир сааттай убакыт кетти. Эсине келип айланасын караса, абышканын өзү турмак изи калбаптыр.

Карышкыр андан ары жөнөдү. Бара берди, бара берди, бир маалда караса эле талаада бир короо кой жайылып жүрөт, ал эми койчу болсо беймарал уктап жатыптыр. Карышкыр ошончо койдон бир семизин тандап кармап алды да:

- Кой, кой, мен сени жейм,- деди.

- Макул, жесең же,- деди кой. Сенин көпкө чейин эт чайнатып кыйнап жүрбөй, менин катуу сөөктөрүмө тишиңди тийгизип мокотпостон мен сенин ичиңе өзүм эле кирип кетейин. Сен барып тээтиги дөбөнүн этегине оозуңду чоң ачып өйдө карап турсаң, мен дөбө ылдый чуркап келип курсагыңа өзүм эле кирип кетем.

- Бул жакшы кеңеш экен, рахмат,- деп ичинен кымылдады карышкыр. Мейли, дал ошондой кылалы.

Ал дөбө этегине барып оозун ачып, күтө баштады. Ал эми кой кырга чыгып барды дагы, ушундай бир катуу жүгүрүп келип карышкырды ооздон ары сүздү эле, көк бөрүнүн көздөрүнөн учкун учуп, башы кеңгиреп, өзүн жоготуп кулап түштү. Аңкоо карышкыр бир топто барып эсине келип, башын чайкап, өзү менен өзү сүйлөштү:

- Мен аны жедимби, же жеген жокмунбу?

Ошол убакта чалгычы жумушун бүтүрүп үйүнө кетип баратып, карышкырдын бул сөздөрүн угуп мындай деди:

-Жээриңди го жеген жоксуң, бирок оңой нандын даамын татып калдың!

Ошентип маңыроо карышкырдын жоругу да бүттү, атаңардын жомогу да бүттү.

***

## АЛТЫН АЛМА

(Беларус эл жомогу)

Илгери абышка менен кемпир жашаптыр. Кемпирдин Юля деген кызы, ал эми абышканын Галя аттуу кызы бар экен.

Кемпир өзүнүн кызын бапестеп багып, эркелетип өстүрүп, абышканыкын бала ордуна көрбөй катуу кармап, дайыма уруп, күн көрсөтчү эмес экен.

Бир күнү абышка базарга барып үч жаштагы бука сатып келип кыздарга мындай дейт:

- Экөөңөр буканы күн алыстан кезектешип кайтарасыңар.

Ошентип биринчи күнү буканы чалдын кызы кайтармак болот. Каардуу өгөй эне анын колуна бир кап жүн жана шиш менен ийик карматып буйрук берет:

- Кечке чейин жүндү тытып, ийрип, байпак токуп келесиң! Айтканымды аткарбачу болсоң, жакшылык күндү көрбөйсүң!

Галя буканы короодон жетелеп чыгып, моюнунан назик сылап жайытка айдап жөнөйт. Айдап бараткан-да көзүнөн жашы агып, шолоктоп ыйлап жиберет.

Бука бурула калып, адамча сүйлөп сурады:

- Кичинекей айдай кыз, шолоктоп неге ыйлайсыз?

- Өгөй энем мына бул бир кап жүндү тытып, ийрип, байпак токуп, бүтүрүп кел, болбосо үйгө келбе деди. Мынча жумушту бир күндө бүтүрүүгө мүмкүн эмес. Анан кантип ыйлабайм?!

- Ыйлабагын,- деди бука. Мени ширелүү чөп өскөн шалбаага айдап барып тойгуз. Анан экөөлөп бир айла өйлоп табаарбыз.

Галя буканын айтканындай кылып, аны шалбаага айдап барып ширелүү чөпкө тойгузду. Аңгыча бука мындай деди:

-Анда эмесе менин оң мүйүзүмө жүнүңдү, ийигиңди, шишиңди илип, сол кулагыма үйлөп, эмне болорун карап тур.

Галя бука айткандай жасап караса, жүн озүнон-өзү эле тытылып, ийрилип, байпак токулуп жатат дейт...

Ошентип кеч да кирип, байпак да токулуп бүткөндө Галя маанайы көтөрүлгөндүгүнөн улам мандайы жаркырап, букасын айдап үйгө келди. Каардуу өгөй эне жолунан тосуп алып сурайт:

- Кана! Байпакты бүтүрдүңбү?

- Бүтүрдүм,-деп Галя даяр байпакты көргөзөт.

Көргөн көзүнө ишенбеген кемпир өгөй кызынын кыйындыгына ичи күйүп, башын мыкчып отуруп калат. Аңгыча уй тоскону чыккан кошуна аялдар чебер токулган байпакты көрүшүп, Галяны мактап эле жатып калышат.

Кийинки күнү бука кайтаруу кезеги кемпирдин кызына келди. Ага энеси жарым кап жүн, ийик жана токуганга шиш берип:

- Чалдын кызынан эмнең кем?! Кечке чейин аныкынан жакшы байпак токуп кел. Сени дагы эл мактаганын көрүп бир сыймыктанып калайын.

Юля жоон таякты колго алып, аны менен буканы улам ургулап жайытка айдап жөнөдү. Буга жинденген бука ары-бери кача берди, адепсиз кыз байпак түймөк тургай качкан буканы оозуна келген бардык жаман сөздөр менен каргап, кубалап жүрүп, ийигин жоготуп койду. Юля акыры буканы бир короого камап салып, өзү жайма-жай жатып уйкуга кирди. Бука ого бетер жинденип, байпакка деген жүндү ары-бери мүйүзү менен челип туш келди чачып, чылаага тебелеп салды. Юля кечке жакын ойгонуп, чачылган жүндү көрүп, буканы кайрадан таягы менен ургулап, кубалап жөнөдү. Жан айласы кылган бука үйгө карай качты, артынан айкырыкты катуу салып Юля жөнөдү.

Үйгө жеткенде энеси алдынан тосуп чыгып сурады:

- Кана кызым, ишти бүтүрдүңбү?

- Жок, бүтүрө албадым.

- Эмне болуп бүтүргөн жоксуң?

- Бука күнөөлүү. Ал токтобой качып ийигимди жоготтум, ал аз келгенсип жүндүн баарын жерге тебелеп салды.

Букага ачууланган кемпир абышкага келип кыйкырды:

- Абышка буканы сойгун!

- Сен кемпир жинди болдуңбу? Буканы эмнеге союшубуз керек? - деп чал чочуп кетти.

Кемпир сөзгө келбей эле абышканы тепкилеп, чапкылап долулугун карматып, акырында мындай талабын катуу койот:

- Эгер буканы сойбосоң кызынды ал да, жолуңа түш!

Байкуш абышка эмне кыла алмак эле, буканы соймокчу болду. Муну уккан Галя букага барып, моюнунан кучактап ыйлап турду.

- Кичинекей айдай кыз, неге минтип ыйласыз,-деп сурайт бука.

Галя ага өгөй ененин жаман оюн айтып берди.

- Ыйлабагын,-дейт ага бука.-Андан көрө жакшылап ук.

Мени союшкандан кийин боорумду колго алып карасаң, андан алтын данек табасың. Аны эч кимге көргөзбөй үйдүн жанындагы бакчага отургуз. Мына ошону менен иш бүтөт.

Кыз бардыгын бука айткандай жасады.

Данек отургузулган жерден кийин алтын алма байлаган бак өсүп чыгат. Ага өткөн-кеткендин баары суктана башташат.

Бир жолу согуштан келаткан жаш жоокер алтын алманы көрүп токтоло калды. Ал алтын алманы үзмөкчү болуп кол сунганда бутактар кол жетпегидей болуп бийиктеп кетти. Колун тартып алса кайра ордуна келип калды.

Муну терезеден көргөн Галя өгөй энесине айтты:

- Барып жаш жоокерге алма үзүп берейинби?

Муну уккан кемпир айкырыкты салды:

- Мен сенин башыңды жулбасамбы?!

Ал Галяны жертөлөгө камап салды дагы, анын ордуна жаш жоокерге алма үзүп берип жагынышы үчүн өзүнүн кызын жиберди. Ошентип Юля алтын алмадан үзмөкчү болгондо бутактар дагы өйдөнү карай көтөрүлүп кетти. Ачууланган Юля алма бакты жаман сөздөр менен тилдеп кирди. Аңгыча короодо кык чокуп жаткан корозго тил бүтүп мындайча кыйкырып жиберди:

-Ку-ка-ре-ку-у! Чалдын кызы жертөлөгө катылган, кемпирдин кызы алтын алма үзүп берем деп жаш жоокерге жагынган!

Муну уккан жоокер үйдүн жертөлөсүнө түшүп барып караса бир сулуу кыз отурат. Ошол караган бойдон көзүн тартып ала албаган жоокер андан суранат:

- Ай чырайлуу сулуу кыз, мага кереметтүү багыңдан алтын алма үзүп берчи, эстеликке алып жүрөйүн.

Галя бактын түбүнө барары менен алтын алмалар бутунун алдына жаап түштү. Ал алмалардын баарын себетке салып жаш жоокерге тартуулады. Жаш жоокер Галяны алмасы менен кошо эңип алып, өңөргөн бойдон оз жерине алып кетти. Ошентип алар үйлөнүү-үлпөт тоюн майрамдашып, жыргап-куунап, ынтымакта жашап калышты. Жыл отпөй уулдуу болушкан эки жаш анын жытын жыттап тойбой, карап кылыгына канбай турушту.

Ал арада каардуу өгөй эне жаш жоокер өзүнүн эмес, чалдын кызын тандаганына ичи тарып, уйкусу качып, кантип өч алышты билбей жүрдү. Бир жолу ал өзүнүн кызына мындай деди:

-Бар кызым Галяга мейманчылап барып, аны сууга түшөлү деп дарыяга ээрчитип барып чөктүрүп жибер.

Буга макул болгон Юля мейманчылап барып, энеси айткандай Галяны дарыяга ээрчитип жөнөйт дагы, жеткенде мындай дейт:

- Отур, эжеке, көпүрөгө, мен сенин аркаңды жышып берейин.

Галя көпүрөгө бутун салаңдатып отурары менен Галя аны дарыяга түртүп жиберип, үйүн карай чуркайт.

Үй-бүлөсү Галяны канча күтсө дагы келбейт. Кичинекей баласы ыйлап, эч ким соөрото албайт. Үй кызматчы аял аны көтөрүп алып, дарыяга келип, жээк бойлой үн салып жүрүп отурат:

-Галя, Галяжан, сен кайдасың? Уулуңдун курсагы ачып, сени издеп ыйлап жатат. Соорото албай алым кетти. Элдин баары уктады, бир гана ал уктабай сени күтүп жатат...

Аңгыча дарыядан үн угулат:

- Ой, мага балама чыгып барышка кандай кыйын! Бутумду таш басып калган, көзүмө суу толуп турат!

Бала энесинин үнүн угуп ал ансайын ыйлайт.

- Баратам, балам, жүгүрүп баратам,-деген Галянын үнү кайра угулат. Сенин үнүңдү укканда мен түтпөй кетем.

Ошентип эне суудан чыгып, баласын эмизип, курсагын тойгузуп, сууга кайра кирип кетет.

Үйүнө араң жеткен кызматчы үйгө эптеп жетип дарыянын жээгинде болгон окуяны айтып берет.

Эртеси эртең менен атасы өзү баланы жана алтын алма алып дарыянын жээгине барып кыйкырат:

- Галя, Галяжан, уулум сени сагынды! Сенсиз жашай албайт! Музоонун энеси бар, кулундун энеси бар, жөжөлөрдүн энеси бар. Бир гана анын энеси жок болгондуктан ыйдан баш көтөрө албай калды! Курсагы он жыл тамак жебегендей ачты.

Муну билгендей эси жок бала ого бетер өпкө- өпкөсүнө батпай ыйлайт.

Аңгыча дарыядан Галянын үнү угулат:

- Каралдым, балам, баратам! Сенин үнүңдү укканда кантип чыдап жата алам?

Ошентип Галя дарыядан чыгып келип, баласын эмизгенде, ал көшүлүп уктап кетет. Ошондо күйөөсү коюнунан алтын алма алып чыгып Галяга берип, ал аны тиштеп-тиштей электе эле ойгонуп кетет, эсине келет. Кубанычы коюнунан ашып-ташкан күйөөсү аны үйүнө алып келип, алар мурдагыдай эле ынтымактуу жана бактылуу жашап калышкан экен. Ал эми абышканы өздөрүнүкүнө көчүрүп келип камкордукка бөлөшүп, беймаал өгөй энеси менен анын кызын экинчи босоголорун аттатышпаптыр.

Алардын бакчасында алтын алма өсүп турат деп мага жакында эле айтып келишти.

***

## ТОҢКУЛДАК, ТҮЛКҮ ЖАНА КАРГА

(Беларус эл жомогу)

Тоңкулдак карт даракты тоңкулдатып жатып терең оюп, уя салат, жумуртка басып үч балапан чыгарат.

Балапандар чоңойгон сайын сүйкүмдүү көрүнүп, тоңкулдак кубанат:

-Балдарымды чоңойтуп алсам, карыганда мага өбөк-жөлөк болушат.

Бирок, "Тоңкулдактын тумшугу тынч болгонунда аны эч ким токойдон таба алмак эмес" деген сөз жөн жеринен айтылган эмес.

Ал өз ичинен кубанганды билбегендиктен өзүнүн балдары кандай татына экенин бүт токойго жар салып жүрдү. Кимди жолуктурбасын "Ох, менин кандай гана

жакшы жана акылдуу балдарым бар! Эч кимдин бул дүйнөдө менкиндей балдары жок!..”

Муну уккан түлкүнүн шилекейи куюлуп, жаш балапандардын этине тойгусу келди. Бирок, дарактын бийиктеги коңулунан кантип аларды тумшукка тийгизерди ал билбейт. Бакка чыга албайт, канаты жок. Тоңкулдак болсо балапандарын ичирип-жедирип өстүрүп жатат, алардын канаты жетилип учуп кеткени калды. Муну ойлогон сайын түлкүнүн айласы кетти.

Бирок, акыры чыгынган түлкү куулугуна салып көрмөй болду.

Ал карт даракка шашпай басып келип, аны куйругу менен ургулай баштады. Тоңкулдак уясынан башын чыгарып сурады:

- Түлкүм, сен эмнеге менин балдарымды коркутуп жатасың?

- Охо-о! Сенин да балапандарың барбы?

- Бар,-дейт тоңкулдак.

- Бар болгондо дагы кандай керемет балапандар дейсиң!

- Андай болсо аларыңды алып-алып көздөн далдоо жогол! Азыр мен бул даракты кыям!

- Бул дарактын сага эмне кереги бар?..

- Эмнеге керек болмок эле? Отун кылып жарып мешке жагам.

- Айланайын, түлкү аке, балдарымды чоңойтуп алайын,-деп жалына баштады тоңкулдак. Андан ки-

йин бул карт даракты эмне кылсаң ошо кыл! Болбосо мен кичинекей балапандарым менен кайда барам?

Аны түлкүнүн уга турган түрү жок, ого бетер даракты катуулай ургулады:

-Сенин балдарың чоңойгуча күтө албайм! Сенин бул даракка уя салып алганыңа мен күнөөлүү эмесмин. Же мындан башка бул токойдо дарак калбай калды беле?
- Аның деле туура дечи,-дейт тоңкулдак айласы кете. Бирок токойдогу толгон дарактын ичинен ушул ичи чириген карт дарак сага отун үчүн керек болуп каларын ким билиптир.

- Уя салаардын алдында менден сурашың керек болчу! - деп ого бетер жинденет түлкү. Өзүң күнөөлүүсүң!

Өзүнүн ала башын кашып алган тоңкулдак түлкүнү үмүттүү карайт:

- Эми эмне кылам, түлкү аке, кеңеш берчи?

Ичинен кымылдаган түлкү куйругу менен азыр эле даракты кыя чапчудай боло анысын түз кармап, кызыл тилин жаланып алып, минтет:

- Мага бир балапаныңды түшүрүп берсең, даракты кыйбайм.

Терең ойго баткан тоңкулдак: "Даракты кыйчу болсо үчөө тең өлөт, андан көрө бирөөнү салып берейин" - дейт ичинен. Ошентип ал ыйлап-ыйлап бир балапанын жерге түртүп жиберет. Аны түлкү абадан эле "ап"деп тиштей тосуп алып, бадалдардын арасына кирип жеп койду.

Кийинки күнү уятсыз түлкү кайра келип, тоңкулдакты коркутуп кирди:

-Дагы бир балапаныңды ыргыт, болбосо даракты кыям!

Тоңкулдак канчалык жалынып, суранса дагы түлкү карайып эле болбойт. Аргасыз тоңкулдак дагы бир балапанын салып берет.

Түлкүгө тоңкулдактын балдары аябай жагып калды. Бир күн өткөндөн кийин ал кайра келди. Тоңкулдак акыркы балапанын аяп ыйлап отуруп берди. Анан башка айла таба албай мындай деди:

- Балапаным менен коштошууга бир күн бер. Жыттап жытын көкүрөгүмө сактап калайын.

- Болуптур,-дейт түлкү боорукерлигин көрсөтүмүш боло. Эртең келем.

Тоңкулдак коңулунда ошентип кайгыга батып отурса, курдашы ала карга конокко келет.

- Менин конок сыйлагыдай маанайым жок,-деп тоңкулдак узун мурдун жерди карай салаңдатып, түлкү менен болгон окуяны каргага айтып берет.

Ала карга көптү көргөн, башкалардай маңыроо эмес, акылдуу канаттуу эле.

- Келесоо,-дейт ал тоңкулдакка жини келип.

- Сени алдаган турбайбы!

Кандайча алдайт. Ал бакты кыйганда баары бир балапандарым өлмөк да.

- Ал жөн эле коркутуп жатат. Даракты баары бир кыя албайт. Эртең келгенинде ага: “Кыйсаң кыя бер!”- деп айт.

Тоңкулдак буга аябай сүйүнүп кетти. Жакшы кеңеши үчүн аны дарак жегич курттар менен жакшылап сыйлап кетирди.

Кийинки күнү түлкү жетип келди.

- Кана, тоңкулдагым, убадаңды аткар! Болбосо даракты кыям!-дейт түлкү.

Тоңкулдак коңулдан узун тумшугун чыгарып:

- Кыйсаң кыя бер! Мен сенден коркпойм!

Маңыроо тоңкулдактын маң башына акыл кирип калганына түлкү таң кала түштү.

- Сага минтип сүйлөгөндү ким үйрөттү?

- Мени курдашым ала карга акылга келтирди.

Түлкүнүн ала каргага ачуусу келип өч алмак болуп, ойлоно баштады.” Карап тур, сага бирди көргөзбөсөмбү!” деп кекенди.

Акыры бир куулук ойлоп тапты. Талаага чуркап чыгып өлүмүш болуп жатып калды.

Аны бакта отурган ала карга алыстан эле көрүп: “Аа белен эт талаада жатат” - деп кубанды. Заматта кош канатын сабалап түлкүнүн жанына жетти. Алгач акылдуу карга куу түлкү арамза өлүп, алдап жаткан жокпу деп куйругунан чокугулап көрдү. Тиги буга былк этип да койбогондуктан түлкү чындап эле өлүп калгандай сезилди каргага. Ушул жерден ала

карга: "Башка куштар келгиче көзүн чукуп жеп жиберейин" - деп ач көздүккө алдырганында сактыгы дароо жоголуп, бир канат шилтеп, түлкүнүн баш жагына конуп, көзүн чокурда түлкү капысынан жанданып "шап" эттире бутунан тиштеп калды!

-Ии-хи-хи,-деп тишин ырсайтып күлдү түлкү. Тоңкулдактын кичинекей балапанынын ордуна сендей чоң карганы жемек болдум! Акылың жок туруп бирөөгө үйрөткөндү эмне кыласың дейм да!

-Болуптур,-дейт ала карга ач азуудан кантип кутулуштун амалын издеп. Сен менден куу жана акылдуу экенсиң. Азыр эми менин сенин энең менин энемди кыйнап жегендей кыйнабай жесең экен деген бир гана тилегим калды.

-Качан менин энем сенин энеңди кыйнап жеди эле? Негедир эстей албай турам...

-Анда сен кичинекей болчусуң...

-Кана өлөрүңдө ошол окуяны айтып берчи.

-Болуптур айтып берейин,-деп дароо макул болду ала карга. Азыр сен мени кармап алгандай, сенин энең да менин энемди кармап алган...

-Ал түшүнүктүү,-деп карганын сөзүн бөлдү түлкү.

-Менин энем сенин энеңдей маңыроо эмес болчу.

-Ооба, ооба,-деп жооп берди карга шашыла.

-Сенин энең чынында эле абдан акылдуу болчу, ал менин энемди канат-жүндөрү менен жеген эмес. Алар менен кошо желген эттин даамы бузулат да.

-Албетте, жүн менен кошо жеген этте кайсы жакшы даам!-деп макул болду түлкү.

-Сенин акылдуу энең менин энемдин жүндөрүн адамдар сыяктуу отко куйкалап жиберип анан жеген. Оо тирүүлөй отко куйкалануу деген кандай гана кыйноо! Мени анте көрбө-ө!

-А менин энем сенин энеңди каяктагы отко куйкалады эле?

-Адамдар жаккан отко алып барган.

-Кантип?

-Сенин раматылык энең акылдуу гана эмес эр жүрөк дагы болчу. Токойго эс алганы келген адамдар жаккан отторунан нары карап алаксый түшкөндөрүндө чуркап барып менин энемди тирүүлөй эле отко салып жиберип, бүт канат-жүндөрү күйүп түшкөн соң окчун алып барып бышып калган энемдин этине тойгон. Сен бышкан эт кандай даамдуу болорун билесиңби?

-Жок,-деди түлкү. Чын эле бышкан эт абдан даамдуу болсо жеп көрүш керек экен.

-Бир келген өмүрдө бышык эт жеп көрбөсөң... Мына мен дайыма адамдардан артып калган бышык эттерди жеп жүрбөймүнбү. Аны жесең экинчи канаттууларды жүн-пүнү менен чийки жегиң келбей калат.

-Ошондойбу?

-Ошондой! Бул жагынан сенин раматылык атаң дагы кыйын болчу. Дайыма адамдар жаккан отко эт

бышырып жечү. Бирок мен сени түшүнөм. Бардык эле балдар энесинин акылдуулугу менен атасынын эр жүрөктүүлүгүн тарта бербейт да. Андан көрө мени отко куйкалап кыйнабай жүн-пүндөрүм менен эле жөн жеп койчу. Суранам!

-Мени ата-энемди тарткан эмес деп ким айтат?! Мен муну сени адамдар жаккан отко куйкалап жеп далилдейм! Буга өзүң күбө болосуң!- деп намыска алдырган түлкү ала карганы тирүүлөй тиштеп алып, адамдар дайыма от жагып эс алуучу токойдун четин карай салып-уруп жөнөдү. Адамдарга жакын барып караса, оңдой берди болуп, жалбырттап күйүп жаткан оттун жанында эч ким көрүнбөйт. Ушул жерден карга кайра түлкүдөн суранымыш боло дагы көкүтүп койду:

-Отко эт бышырып жеш үчүн атаңдай баатыр болушуң керек! Андан көрө мени ушул жерден эле жеп койчу.Суранам!

-Аа, куу каргам, отко куйкаланбастын амалын кылып баштадың ээ! Мен сага атамды тарткан эр экенимди азыр көргөзөм!-деп катуу чуркап отко жакындаганда айланадан:

-Түлкү!

-Түлкү!

-Кутурган түлкү!- деген адамдардын кыйкырыктары угулуп, ага аралаш мылтыктын тарс эткен катуу үнү чыгып, түлкү оңкосунан барып жыгылганда ала карга оозунан ыргып, жерге түшпөстөн калкылдап уча качты.

Ошентип балдарым, бул жомокто тоңкулдак маңыроолугунан түлкүгө алдатты. Ал эми түлкү канчалык акылдуу жана куу болсо дагы, кур намыска алдырып, ажалдын оозунда айласы куруп турганы менен сабырдуулугунан жазбаган ала каргага жеңилди. Калганын өзүңөр дагы ойлонуп көргүлө...

***

## УУРДАЛГАНГА ТОЙБОЙСУҢ

(Беларус эл жомогу)

Бир кишинин эки уулу болуптур. Балдары эрезеге жеткенде атасы аларга мындай дейт:

-Олуттуу жумуш кыла турган убагыңар келди, балдарым. Кана кандай кесипке ээ болгуңар келет?

Балдары буга даяр болбогондуктан унчукпай туруп беришет.

-Анда эмесе дүйнө кыдырып кимдер эмне кылып жатканын байкаштыралы.

Беленденип алышып жолго чыгышты. Жолдо-ката элдерге коз салып, кимдин эмне кылып жатканын изилдеп жүрүп отурушту.

Кесип караштырышты.

Бир күнү бир кыштакка келип жетишти. Карашса бир кепеден бууга аралаш түтүн чыгып жатат, киришсе ал устакана экен. Уста менен учурашышып, көпкө сүйлөшүп отурушту. Ал тургай улуу уулу балканы колго алып, устага жардам да берип жиберди. Андан ары жол тартышты.

Дагы бир кыштакка келип жетишти. Улуу уулу эки жакты караса, бул айылдан устакана көрүнбөдү. Ошондон улам атасына кеңеш курду:

-Эмне үчүн бул кыштакка устакана курсак бөлбосун! Менин ушул жерде уста болуп калгым келет. Мага бул кесип жагат.

Муну укканда ата уулу жан баккыдай кесип тапканына кубанып кетти.

-Болуптур,-дейт ал. Ушул кыштактын устасы болуп кала бер.

Ошентип ата устакана куруп, уулу жең түрүп, ардеме-бирдемелерди жасап, узана баштады. Анын колу жөндүү, өзү кол өнөрчүлүккө шыктуу болуп чыгып, элдер мактай башташты, өзү дагы өзүнө ыраазы болду.

Ата улуусунан көңүлү жайланып, кенжесин алып кайрадан жолго чыкты. Кичүүсүнө эч бир кесип жакпады, бир да жумуш көңүлүнө толбоду.

Бир жолу экөө шалбааны аралап келатышса, семиз өгүз оттоп жүрүптүр. Айланада эч кандай анын кожоюну байкалбады, кыштак болсо бул жерден итапкан эле алыс бөлчу. Бул өгүзгө кызыккан бала атасына кеңеш курду:

-Мен өз эмгек жолумду ушул өгүздү уурдоо менен баштабаймынбы? Уурулук иш жеңил, пайдалуу, күнүгө эт жеп турабыз, өзүм дагы мобул өгүздөй бөлуп семирем.

-Уурда,-дейт атасы. Бирок бул өгүздү жеп бүткөнчө башка эч нерсе уурдабай ойлон, уурулук кылыш керекпи же жокпу, болбосо башка кесип аркалаш керекпи деп. Балким дүйнөдө жаман жана жеңил кесип жок экенине ошондо көзүң жетер.

Атасынан уруксат болору менен бала өгүздү үйдү карай айдап жөнөдү. Ага атасы аркасынан кыйкырды:

-Мени токойдун арасына жашынып күтө тур! Тетигил кыштакта таанышым бар эле учураша кетейин...

Бала токойго жеткиче эч ким карап турган жокпу деп алактап айланасын каранып, өгүздүн ээси арттан кууп келаткан жокпу деп артка кылчактай берди. Коркконунан калтырап, шырп эткен дабыштан селт этип чочуп жатты. Ошентип атасы кайтып келгиче токой арасында бугуп жатып, ал келгенде өгүздү бирге айдап алышып үйгө келишти.

Өгүздү дароо эле көтөрүп чаап союшуп, терисин сыйрып, жиликтеп, казанга эт асышты.

Эт бышып, казандан чыгарып, жемей болушканда ата баласына сунуш менен кайрылды:

- Кел уулум, эт жээрдин алдында ушул өгүздүн эти түгөнгүчө кимибиз канча семирер экенбиз ченеп коёбуз.

Уулу макул болуп, ата алгач өзүнүн моюнун жип менен ченеп түйүн түйүп, андан соң уулунун моюнун ченеп түйүн түйүп, анан бул жипти катып коюшту.

Дасторкон четине отуруп эт жей башташты. Ата каамарабай этти жай чайнап, шорпосунан чоң уур-

тап, жакшы табит мене жеп отурду. Уулу болсо өгүздү издеп ээси келип калчудай боло каалгадан көзүн тарта албады. Иттер үрсө же үй сыртынан дүбүрт чыкса, дасторкондун үстүндөгү эттин баарын чогултуп жашына калып жатты. Дене-бою дүркүрөп, колу-буту калчылдап, колундагы шорпо куюлган кесеси ыргып кетчүдөй титиреди...

Ушинтип күндөр өтүп жатты. Акыры өгүздүн эти дагы түгөндү. Ата уулуна кайрылды:

-Эми кимибиз өгүздүн этин жеп бүткүчө семирдик экенбиз билелик, баягы жибиңди алып чык.

Ченешти. Атанын моюну мурункудан эки эсе жоонуюптур, ал эми баланыкы, тескерисинче, эки эсе ичкериптир.

Бала буга абдан таң калды:

-Эмне үчүн мындай болуп калды?

-Анткени сен уурдалган өгүздү жедиң,-деди атасы.

-Сен деле жебедиңби аны!

-Жок, мен баягыда сен өгүздү уурдап алып токойду карай жөнөгөнүңдө, мен аны ээсинен сатып алыш үчүн кыштакка баргам. Ошол үчүн мен өгүздү өзүмдүкү катары коркпой жеп семирдим. Ал эми сен дасторконго отурган сайын коркуп, кекиртегиңден эт араң өтүп, аш кыла албай, ууру катары кармалып калбасам экен деп, жегениң желим, ичкениң ирим болуп жүрүп арыктадың. Жөн жеринен уурдап жеген аш болбойт деп айтылган эмес.

Уурулук кесип эмес кылмыш болот. Ошон үчүн сен эртерээк бир кесипти тандап, аз болсо дагы өз ак эмгегиң менен акча тап. Ошондо гана көңүлүң жай болуп, тынч уктайсың, санааң жоголот. Ал эми санаасы жок киши эт жемек тургай сары суу ичсе дагы семирет,- дейт. Буга баласы ынанып, анан уялып кетет дагы, ошол эле күнү кетмен менен күрөктү колго алып, талаага чыгып, дыйканчылык кыла баштайт. Ошентип ал келечекте колунан береке төгүлгөн баба дыйкан болот... Мына бул дасторконубуздагы ак нан менен түрдүү жемиштер ошол баланын таман акы, маңдай тери, балдарым...

***

## КУУ ТҮЛКҮ

(Беларус эл жомогу)

Илгери бир абышка менен кемпир жашашкан экен. Алардын жалгыз байлыгы Хохлатка деген тоогу экен. Бир күнү чал кемпирге мындай дейт:

-Кемпир тоокту союп шорпо жаса! Болбосо ачкалыктан алым кетип араң турам...

Кемпир муну укканда чочуп кетти:

-Коку-уй, абышка, не дейсиң? Жалгыз тоокту сойгончо мени сой! Ал жок болсо жумуртканы ким берет?

Муну уккан Хохлатка талаага чуркап чыгып жалгыз даана төө буурчак таап жетип келип, кемпирге берди.

Чал кубанымыш этти:



-Буга да шүгүр... Жок дегенде ушуну бышырчы.

Аны ары-бери карап көргөн кемпир мындай деди:

-Ай, абышка, жалгыз таруу ботко болбойт деген сөздү унуттуңбу? Андан көрө муну тигип коюп, күздө түшүм бергенде суюк болсо дагы суп жасап берейин.

-А муну каякка отургузабыз?-деп сурайт чал.

-Талаага.

-Талаадан карга жеп коёт.

-Короого отургуз.

-Короодон тоок өстүрбөйт.

-Кел анда муну үй ичине, үстөлдүн алдына тигели.

Ошондой кылышты.

Өлөрман урук эртеси эле башын кылтыйтты. Үч күндөн соң үстөлдү сүздү.

Абышка-кемпир кеңешип үстөлдү алып салышты.

Кененчилик сезилгенде өйдө өрмөлөп өсө берип, он күндөн кийин шыпка тийди.

-Эми эмне кылабыз, байбиче?-дейт абышка.

-Шыпты бузабыз да. Ушунча өстүрүп алгандан кийин...

Шыпты алып салышты.

Бирок, өжөр өсүмдүк өсө берип, көп өтпөй чатырга жетти.

-Балээ баскы-ыр! Эми эмне кылабыз?-алаканын шак койду чал.

-Ушунча болду эми, чатырды буз, чал!

Абышка балтасы менен аттишин алды...

Ошентип күндү көргөн төө буурчак ого бетер дүркүрөдү. Өсө берип акыры асманга жетип, барар жери калбаганда, айласы жок дан байлады. Күнгө жакын болгондуктан эки күндө эзиле бышты.

Акыбети кайткан чал эптеп тырмышып асманга чыгып барып, бир кап төө буурчак чогултуп түштү. Мына сага! Бир казан суп турмак бир далай нанга жеткени калды деп сүйүнгөн абышка менен кемпир кудундаган бойдон бир табак данды жаргылчакка тарта салышып, камыр ачытышты.

Аңгыча камыр ушундай көтөрүлө көөп чыкты эле өзү ачыган кырдуу табак көрүнбөй көмүлүп калды. Башынан бутуна чейин агала болгон кемпир-чал камырды эптеп ийлешип, экөөлөп көмөч казанга салышып, мешке коюшту. Далайда барып, кыпкызыл боло дардая көөп, дарбыздай тоголок көмөч пайда болду. Мындан бетер дардаңдаган чал далдая кучактап келип дасторконго койгуча колу күйүп, алаканы турмак бою күйүп: "Калак-чолок катыгүн!"-деп таштап жибергенде тоголок токоч топтой тоголонуп үйдөн чыга качып, ылдыйышка сала токойго кирип кетти. Абышка-кемпир артынан жетчүдөй болуп жүгүрүштү, бири-бирин сүрөй чуркап күйүгүштү, бирок кайдан жетип үлгүрүштү?! Кала беришти...

Жандуудай тоголонгон токоч жоболоңдуу, бирок жолдуу түлкүнүн жолунан чыгып, ал басып жыгылды. Эки күн бою сырткы катуусун калтырып, ички жум-

шагын чукуп жеген түлкү токочтун ичин чөп-чар жана тобурчак менен толтуруп, топтой тоголотуп койчумандарга жетип барып, мындай деди:

-Койчу акелер! Топтой тоголок семиз көмөчтү илмийген арык букачарга алмашам!

Кыпкызыл көмөчтү көргөндө койчулар кызыгып кетишти. Кежирлигинен баскысы келбеген букачарды арыктыгынан баспай калды деп жаңылышып көмөчкө айырбаштай салышты.

Түлкү букачарга секирип минип куйругун булактатканда баспайт деген букачар булкуна үркүп жөнөп калды. Койчумандар топтошо калып, тоголок көмөчкө тоймокчу боло сындырышканда ичинен толо тобурчак чыгып, бири-бирин күнөөлөп токмоктошуп кетишти...

Ошентип түлкү букачарын булкунтуп келатса жол боюнда араба турат, кожоюну нары жакта дүмүрөңдөп жер айдап жүрөт. Кудай мындай бербеспи деп кудуңдаган куу түлкү акырын барып арабаны букасына чеге качты. Жылуу жумшак арабага ыңгайлаша отуруп, жол тартып келатса алдынан өлбөгөн торт шыйрагын сүйрөгөн бөрү чыгат.

- Кайран түкө, кайда жөнөдүң?-деп сурайт ал.

-Жердин түбү желпиништеги падышалыкка.

-Эмне үчүн?

-Ал жакта топурактын ордуна тоок, таштын ордуна каз дешет.

-Ал эми койлор бар бекен ал падышачылыкта?-деп карышкыр жаланды.

-Кой аттуу анда кокодон!

- Ой, түлкү курдаш! Мени болбосо дагы менин куйругумду ала кет.

-Куйрукту алганда эмне? Өзүң отур!

Карышкырды салып алып дагы илгерилешти. Аңгыча алдыларынан аюу чыкты.

-Курдаштар, кайда жөнөдүңөр?

-Жердин түбү желпиништеги падышалыкка.

-Эмне үчүн?

-Ал жакта топурактын ордуна тооктун эти экен.

-Коргул таштардын ордуна койлор экен,-кошумчалайт карышкыр.

-Ал эми бал жагынан кандай экен?

-Ал жакта суу ордуна бал дешти.

-Андай болсо өзүмдү албасаңар дагы, бир колумду ала кеткиле!

-Бир колуңду алып жаманатты болбойбуз.Өзүң отур!

Үчөө жолго чыгышты. Оор болуп кетип бир кезде арабанын ок жыгачы сынып кетти.

Түлкү аюуну токойго жиберди:

-Бар, курдаш, ок жыгач таап кел.

Аюу токойго кирип кетип аздан соң жоон карагайды араң сүйрөп келди. Муну көрүп түлкү жинденди:

-Майпайган гана майрык десе! Букачар бул карагайды көтөрөбү же үчөөбүздү көтөрөбү?-деп кайра карышкырга кайрылды:

-Бар, курдаш, ок жыгачка жарагыдай ичкерээк жыгач таап кел.

Карышкыр токойгө кирип кетип көп өтпөй карагайдын ийри бутагын алып келди. Түлкү аныкын дагы жаратпай кыйкырып урушуп салды дагы, түкүрүнүп алып токойго өзү жонөдү.

Ал келгиче аюу менен карышкыр букачарды жеп салышты дагы, терисине саман толтуруп, бутуна тургузуп коюшуп, каткырган бойдон жолдоруна түшүштү.

Түлкү кайтып келип караса бөрү дагы жок, аюу дагы жок, бир гана букачар ордунда кыймылдабай турат. Ок жыгачты тагып, арабага отуруп, букачарды бастырмакчы болуп шапалагын шилтесе, ал басмак тургай талп этип кулап калды. Ошондо гана түлкү букачарды жакшылап карап, баарын түшүндү.

-Карап тур силерди!-деп кекенген түлкү өз жолуна түштү.

Ошентип жүргөндө күз дагы кирип келип, күн суктай баштады. Бир күнү баягы букачарын жеген карышкырды жолуктурду.

-Салам, курдаш, жашоо кандай?

-Жаман, -дейт бөрү. Жамгырда калып суук тийгизип алдым. Тимеле тишим тишиме тийбей калчылдап жатам.

-Демек, жылуураак тон тиктиришиң керек,-деп кеңеш айтат түлкү.

-Курдаш, сен туура айтып жатасың,-деп макул болгон карышкыр жайытка жортуп барып бир койду сүйрөп келди. Аны экөөлөп жешкендеринен кийин бөрү койдун терисин боюна чактап сурады:

-Тонго жетеби?

-Аздык кылат.

Карышкыр кайра барып дагы бир кой алып келди.

-Эми жетеби?

-Аз. Дагы бирди алып кел.

Карышкыр кайра барып үчүнчү койду алып келди.

-Эми жетет,-дейт түлкү. Жакшы бычмачы табышыбыз керек.

-Биз аны кайдан табабыз, курдаш?

-Мен жакшы бычмачыны билем. Жүрү ошого.

Түлкү карышкырды шалбаада аркандалып турган атка ээрчитип келди.

-Мына бычмачы.

Карышкыр каткырып жиберди:

-Ха-ха-ха! Ушул дагы бычмачыбы?! Бетиңе эле айтып коёюн, курдаш, сенде акыл деле жок.

Түлкү буга арданды:

-Сен менин акылыма асылбай эле кой! Ал өз ордунда эле. А сен келесоо болчусуң, келесоо бойдон каласың.

Эми карышкыр арданды, ал тургай жинденип дагы кетти:

- Көрөбүз кимибиз акылдуу экенибизди!

- Дардандабай эле кой! - дейт түлкү. Азыр көрөбүз сенин териңди тетири сыйрышарын.

- Ким сыйрыйт, - карышкыр тишин кычыратты.

- Бул аттын ээси.

- Андай болбойт! - карышкыр ишенбеди.

- Көрөбүз! Ат эмнеге байланып турат?-сурады түлкү.

- Арканга.

Түлкү күлүп жиберди:

- Мына келесоосуң десем болбойсуң.

- Эмне деп турасың?!-жиндене баштады бөрү.

- Ат казыкка байланган.

- Андай эмес!-Көзүн чакчайтты карышкыр.

- Жүрү көрсөтөйүн.

Түлкү карышкырды аркандын бир учу байланып турган казыкка ээрчитип келип, арканды чечип, казыкты сууруп, ага карышкыр алаксый түшкөндө дароо аркандын учун сыйыртмак жасап бөрүнүн моюнуна сала калып, куйругун булгалай атты үркүтүп жиберди. Чочуган ат карышкырды сүйрөгөн бойдон үйүнө кетти, ал жактан аттын ээси карышкырдын терисин тетири сыйрыды.

Түлкү токойго кайтып келип, койлорду союп, кышкыга арнап эттерин катып, бир гана мээлерин түштө-

нүүгө калтырды. Ошентип карагайдын түбүндө шашпай мээ жеп отурса, баягы букачарын жеген аюу өтүп баратып, түлкүнү көрүп калып кайрылды:

-Сен эмне жеп отурасың, курдаш?

-Мээ жеп отурам. Эмне көрбөй турасыңбы?!

-А сен аларды кайдан алдың?

-Башымдан. Эгер кааласаң сен деле өз мээңди жей аласың.

-Кантип?

-Ал оңой эле! Чу-уркаган бойдон барып даракты катуу сүзсөң, мээң чыга түшөт, болду.

-Рахмат, курдаш, жакшы кеңешиң үчүн. Ошондой кылбасам курсак жаман ачты.

Ал токойдогу эң жоон даракты мелжеп жүгүргөн бойдон барып катуу сүздү эле, түлкү айткандай чындап эле мээси чыгып кетти. Бирок ал ордунан тура алган жок.

Ал эми куу түлкү болсо курсагын тойгузуп, булакка суу ичкени барганда койчумандар көрүп калышып:

-Аа, алдамчы түлкү, эми сен бизден кутула албайсың!-деп бир үндө кыйкырышып түлкүгө тайгандарын айдакташты. Топ тайгандын алдында булактап бараткан түлкүнүн куйругу бир кезде жок болуп кетти...

***

## КАРЫШКЫР, ҮЛҮЛ ЖАНА ААРЫЛАР

(Француз эл жомогу)

Бир жолу бөрү токойдо келе жатып үлүлдү басып алды. Ал убакта жаныбарлар адам сыяктуу сүйлөшө алышчу экен. Үлүл карышкырга мындай дейт:

-Сен кандай гана жаман жаныбарсың! Эмне үчүн алсыз жана кичинекейлерди тебелейсиң? Кайсыныңа мактанасың? Мени кыбыр дебе! Кааласам сенден тез чуркай алам. Жарышчу болсок сени досторуңа кошуп күйүктүрүп коём билсең.

-Ушу сенби?! Хе-хе-хе! Жаман күлүксүң го, кыбырап...

-Ооба, мен – күлүкмүн! Ишенбесең эртең күн чыкканда досторуңду ээрчитип алып дал ушул жерге кел. Жарышабыз! Ким биринчи деңиздин жээгине жетсе, мөөрөй ошонуку.

-Болуптур. Келебиз!-дейт карышкыр.

Карышкыр андан ары баратып, жыйырма кадам да өтпөй аарылардын уюгун тебелеп кетет. Аарылар ызылдашат:

-Калдаңдабай алдыңды карап баспайсыңбы?! Же кичинекей байкуш деп эле тебелей бересиңби? Эгер биз жинденчү болсок, сени досторуңа кошуп деңизге чөктүрүп салабыз.

-Хе-хе-хе! Ушул силерби?! Ызылдаган байкуштарым, жөн эле жашай берсеңерчи...



-Ишенбесең эртең таң ата ушул жерге досторуң менен кел. Анан көрөсүң, деңизге барып чөгөсүң!

-Келсе келебиз! Силердей кичинекей ызылдактардан дагы корколубу?!-деп карышкыр өз досторуна муну айтканы жөнөйт.

Бул сүйлөшүүнү угуп турган үлүл аарыга кайрылат:

-Аары дос, силер эртең баарыңар чогулуп деңиздин жээгиндеги бадалдарга жашынып тургула, мен токой-

догу бардык үлүлдөрдү чогултуп, карышкырларды ал жакка айдап барганга аракет кылайын. Силер баарылап аларды чагып, талап, деңизге кире качканга мажбурлагыла.

-Жакшы болот, үлүл дос, айтканыңдай кылабыз,- деп аары өз элине бул тууралуу кабарлоого учуп кетти. Үлүл болсо дароо эле ишке киришип, токойдогу бүт үлүлдөрдү чогултуп, иштин жагдайын түшүндүрүп, түнү бою деңизге кеткен жолдун ар бир беш кадамы сайын бирден үлүл коюп чыкты.

Эртеси карышкыр өз достору менен болжошкон убакта келди. Эки жакты карап алган карышкыр кыйын боло кыйкырды:

-Эй кыбыраган үлүлдөрдүн күлүгү, сен бул жердесиңби?

-Ушул жердемин! Жарышты баштадыкпы?

-Баштадык!

Карышкырлар адырандап чуркап жөнөштү. Бир топ барышып, үлүл көрүнбөгөндө токтой калышып, ал алда кайда калган экен деп жай баскандарында беш кадам алды жактагы үлүл кыйкырды:

-Аа, кашабаларым, чарчадыңарбы?!

Бөрүлөр кайра салып-уруп жөнөштү.

Бир топ барып дагы токтой калгандарында алды жакка коюлган үлүл кыйкырды:

-Аа, бөрүлөрүм, жеңилдиңерби?!

Карышкырлар кайрадан чуркап токтогондо, алды жактан баягыдай эле үлүлдүн үнү чыгып, улам ошентип жүрүп отуруп, деңиздин жээгине жетишкенде бадалдарга жашынып турган аарылар аларды кара тумандай эле каптап, талап киришти. Жаны ачышкан карышкырлар деңизге кире качышып, акырында суудан дем ала турган мурундарынын тешиги гана калганда аарылар ага баткак тыгып жиберишти.

Ошентип карышкырлар бүт деңизге чөгүп кетишкен экен... Ошон үчүн балдарым күчтүүмүн деп эле кичинекей менен алсыздарды таарынта бербеш керек...

***

## СОГУШКА БАРГАН КЫЗ

(Грек эл жомогу)

Бар экен, жок экен бир падыша жана анын үч кызы болгон экен. Бир жолу ага башка олкөнүн ханы согуш жарыялайт. Ал карып калган эле, андыктан согуша турган алы жок болчу. Ошентип ал эмне кыларын билбей ыйлап отурат. Аңгыча улуу кызы келип сурайт:

-Эмне болду сага?

-Ал сенин түйшүгүң эмес, билбей эле кой.

-Жок, атаке, айтпасаң кетпейм!

-Байкушум, сенин колуңдан эмне келмек эле! Мени согушка чакырып жатышат.

-Аах, согуш башталса мени күйөөгө дагы бербей калат экенсиң да!-деп өзү үчүн кейип кетип калат.

Падышага ортончу кызы келип сурайт:

-Сага эмне болду, атаке, эмнеге ыйлап отурасың?

-Сен кызсың, бул эркектердин иши, билбей эле кой.

-Жок айт! Эмне болду?

-Айтпайм! Сен дагы эжеңдей эле жооп бересиң.

-Жок, ата, эжемдей болуп жооп бербейм.

-Анда угуп тур, алтыным, карыган атаңды согушка чакырып жатышат.

-Кандай гана жаман болду, сен согушка кетип калсаң, мени ким күйөөгө берет эми?!

Акырында падышага кенже кызы келип сурайт:

-Сага эмне болду, атаке? Эмнеге ыйлайсың?

-Билбей эле койгун, жарыгым, ал кыздардын иши эмес.

-Айткын, ата, айта гой, менин кымбатым.

-Уккуң келсе, мейли айтайын, бирок эжелериңдей жооп бербе.

-Жооп бербейм.

-Карыган кезинде атаңды согушалы деп чакырып жатышат.

- Ушуга да ыйлайсыңбы, атаке! Андан көрө сен мага жакшы ат, жоо-жарак, эркектин кийимин бер, сенин ордуңа өзүм согушуп келемин.

- Согуш деген кыздардын иши эмес, жарыгым.

- Тынчсызданба, атаке, согушуңа барам дагы, жеңиш менен келем.

- Мейли, сен айткандай болсун!

Падыша кызына жакшы ат, жоо-жарак, соот-чопкут кийгизип, эркек кийимин берип, аскерлерин ээрчитип, согушка жөнөтөт. Ошентип ханбийке душмандар менен көпкө айыгыша согушуп, акыры жеңип чыгат. Ал согушта ханбийке менен бир тилектештикте кошуна өлкөнүн ханзадасы дагы чогуу согушкан болот. Кайра кайткан жолдо ошол өлкө аркылуу өтүп келе жатышкандарында ханзада жолдошунун кыз экенин байкап калат дагы, энесине мындай дейт:

- Апаке, бул эркек эмес эле, кыз окшойт.

- Болбогон сөздү айтпа! Кыз кантип согуша алсын.

- Айтып атам го. Бул кыз экен!

- Анда эмесе сынап көрөлү. Караңгы киргенде сен ага талаага түнөп чыгууну сунушта. Ал эми жата турган жериңер жашыл чөптүү болсун. Эртең менен турганда ал жаткан жердин чөбү уйпаланып калган болсо, анда ал – кыз, уйпаланбаса эркек.

Ханзада баарын энеси айткандай жасады. Кыз ханзада уктап кеткенден кийин башка жерге барып жатты дагы, таң ата жигит ойгоно электе ордуна келип жатып калды. Эртең менен ханзада кыз жаткан чөптөр уйпаланбаганын көрүп энесине айтып келди.

- Мына мен айтпадым беле, эркек эле деп...

- Жок, апаке, мунун кыз экенине көзүм жетип турат. Үйүнө кеткенде артынан барып баары бир эле ким экенин билип келем.

Айтканындай эле кыз кетери менен ханзада жөнөкөй кийимдерди кийип, жанына ийик, жип, шуру-мончокторду алып артынан жөнөдү. Падыша ордосуна келип көрүнөө туруп алып:

-Кимге шуру-мончок, кимге ийик, жип!-деп соода кылып кирди.

Муну уккан үй кызматчылары ханбийкеге жүгүрүп келишти.

- Ханышам, чоочун жерлик киши шуру сатып жатат!

- Сата берсин!

- Биз соода кылсак болобу?

- Кыла бергиле.

Сүйүнүп кеткен кызматкерлер бир топ шуру алып, акчасын төлөйлү дешсе тигил албайт:

- Мага алтын тыйындардын кереги жок. Андан көрө бир чака таруу бергиле.

Ого бетер сүйүнгөн кызматкерлер сураганын алып келип беришти.

Кууланган ханзада таруну бир колу менен капка салганы менен экинчи колу менен жерге чача берди. Анан отуруп алып жерден таруушарын бирден чогулта баштады.

Кызматкерлер кайра чыгып келип:

-Сага дагы бир чака таруу берели чогултпай эле кой,-дешти.

-Жок, мага ушул тарууларды бергенсиңер, башкасын албайм,-деп таруу терип отуруп кеч киргизип, кызматкерлерден жатар түнөк сурады:

-Эптеп түнөп чыкканга бир кепе таап бергиле.

Хансарайдын жанында кайдан кепе болсун. Ага хансарайдын жертөлөсүнөн орун беришти. Ага ушул эле керек болчу, түн кирип эл жатканда акырын уурдана басып хан бийкенин каалгасына келип, жыртыктан шыкаалайын дегиче болбой ал ачылып кетип, ханбийке менен тиктеше түштү.

-Мен сенин келериңди билип күтүп отурам,-деди ал жылмайып.

Алар эми кыз-жигит катары сүйлөшө башташты.

-Сен эмне баягыда кыз экениңди жашырдың эле?

-Анда мен согушта жүргөм, Ал эми согуш деген эркектик эркти талап кылат, кыз экен деп душмандар дагы коркпой коюшмак.

-Эмичи?

-Эми болсо мен кызмын. Эрге тиейин десем эжелерим бут тосот. Аларга согушка барсам чоңмун, турмушка чыгайын десем, өзгөчө сендей ханзадага турмушка чыгайын десем кичинемин. Аларды болсо эч бир ханзада албай коюп карышты, жөнөкой жигиттерди болсо теңсинишпейт.

-Анда эмне кылабыз?

-Бир амал бар барып колуңду чогултуп, бизге согуш жарыяла. Атам кары, эжелерим биз эркек эмеспиз деп четке чыга беришет. Анан мен сага өзүм барам.

Ошондой кылмай болуп ханзада элине барып, аскерлерин ары-бери чогулта салып жетип келди. Падыша баягыдай эле ыйлап отурду. Анын эки кызы биз кызбыз согуш менен ишибиз жок дешип, бөлмөлөрүнө жашынышты. Ханбийке атасына барып жоону тосуп чыгууга бата сурады. Падыша керекке жарачу кызына жараган атын, жоо-жарагын, эркек кийимин, аларга кошуп батасын берди.

Бирок ханбийке атты минбеди, жоо-жарагын илбеди, эркек кийимин кийбеди. Тетирисинче, бул жолу ал чыныгы ханбийкече жасанып хансарайдан чыга келгенде анын сулуулугунан душмандын көзү уялып, акылы айнып, куралы колунан ыргып, аттарынан кулап түшүп багынып беришти. Ханзада өзү аны утурлай басып алдынан чыгып, шап кучактай калып, атына өңөрүп өз элин карай алып жүрүп кетти...

Эртеси күнү кары падышанын өлкөсүнө кудалар келип, той башталып, кечээ эле согушуп ый менен муңга, түтүн менен чаңга чулганганы калган эки өлкөнүн аймагы той менен майрамга айланып кетти деп жаңылыктардан айтып жатышат...

***

## СЫЙКЫРДУУ ТАЯК

(Украин эл жомогу)

Илгери бир абышка менен кемпир жашаптыр. Алар өмүр бою кедейликти башынан кечиришип, карыган кездеринде жалгыз уюу менен калышат. Уй аларга сүт

бергени менен эки кары ага чөп бере алышпайт, жайытка жаялы дешсе алдары жок. Акыры жалгыз уйду сатып жибермек болушат.

Ошентип абышка уюн базарга жетелеп келет. Аны соодагерлер тегеректешип, уйдун тишин ачып, жонун басып көрүшөт. Уй анчалык чоң болбогону менен этинен кетип арыбаптыр, тиши түшүп карыбаптыр. Бирок, ач көз соодагерлер аны ары-бери алдап, жаш уюн кары кылып, семиздигин арык деп баалап арзан алып коюшат.

Абышка базар аралап кемпирине көлөч –маасы, көйнок, жоолук, өзү болсо байдын атасындай болуп байпагынан калпагына чейин жаңы алып киет. Калган акчасына өзүнө колбаса, кемпирине ал өмүрү жеп көрбөгөн момпосуйларды алат. Ошентип, анча-мынча тыйыны калып базардан чыгып келатса отун саткан соодагер балдар токтотуп алышып:

- Эй, абышка, өзүң салабаттуу эле киши экенсиң, бирок кичине карый түшүпсүң, сендейлерге баскан сайын таянганга, бирөө тийишсе чапканга, ит капса тап бергенге жакшы таяк керек!- дешип, дагы бир топ жакшы сөздөрдү айтышып, ары-жак бери жагына чыгып жатышып, момун чалга токойдо ар бир эле даракта өсүп турган жыгачты карматышып, калган акчасын кагып алышат.

Абышка таягын таянып, жөө-жалаңдап кечинде эптеп үйүнө жетет. Жеткени курусун аны кемпири көрөрү менен айкырыкты салат:

- Эй, чал, уйдун акчасы кана?

- Мына!- деп үстү башындагы жаңы кийимдерин көргөзөт абышка. Өзүнө эч нерсе албай койгонуна жини келип таарынган кемпир ого бетер кыйкырат:

- Алжыган, чал, акчанын калганына эмне алдың?!

- Калган акчага мобул таякты алдым,- дегенде эми чындап ачууга алдырган кемпир ого бетер айкырып:

- Бар, ошол таягыңды көтөрүп алып көзүмө көрүнбөй жогол!-деп эшигин катуу жаап, бекитип алат.

Абышка өзүнө дагы көлөч-маасы, көйнөк, жоолук, таттуу алганын айтса дагы кемпири укпай коёт.

Ошентип үйүнөн куулган чал токой аралап өткөн жолдо "карыганда уй сатам деп атып талаада калдым, мындай абалга сенин айыңдан түштүм"-деп таягын бадал арасына ыргытып жиберсе, ал жактан апакай коён булт этип качып чыгат.

- Арам таяк, сени акчага алдым эле жок дегенде ушул коёнго тийип өлтүрсөң кана! Апакай коён экен терисин кемпириме жака, этин шорпо кылып берсем, ал мени кечирет болчу,- деп акчага алган таягын кайра барып алып, жол боюнда ыйлап отурса, баягы уюн арзан алып койгон соодагерлер келатканын көрөт. Базардан алдоо жолу менен арзан сатып алган көп малдардын арасында өзүнүн дагы ую жүрөт.

Буларды көргөндө абышкага бир ой келип, сүйүнүп кетет дагы баягы кемпирине алган кийимдерди бир бактын түбүнө, таттууларын болсо дагы бир ба-

далдын түбүнө катып, өзү болсо колбасасынан кыя-кыя кесип жеп жол боюна отуруп калат. Соодагерлер өтүп баратып жол боюнда колбаса жеп отурган чалга таңгала карашып, кызыга кетишет:

- Эй, абышка, эч адам жашабаган токойдун арасынан колбасаны кайдан таптың?

- Мен токойдун арасынан колбаса турмак башкасын деле таба алам,-дейт абышка сыр алдырбай.

- Кантип?-дешет соодагерлер ого бетер таң калышып.

- Анткени менин мобул таягым сыйкырлуу, азыр эле аны мобул бактын түбүнө ыргытып чыштай болуп кийиндим, колбаса жегим келип тээтиги бактын түбүнө таягымды ыргытып, эми аны жеп отурам-дейт. Соодагерлер оозун ачып чалды бир, таякты бир карагыча абышка ордунан туруп алар менен коштошуп:

- Кой, балдар, мен шашып аттым эле, кемпириме кийим-кечек, балдарыма таттуу алып жолума түшөйүн,- деп таягын бакка ыргытып кепиринин кийимдерин алып, бадалга ыргытып таттууларын алып кетмекчи болгонунда соодагерлер аны бура бастырбай таягын сатуусун сураныщат. Абышка алгач такыр макул болбой, акырында ак көңүлүн карматымыш эте таягын уйга алмашмакчы болот. Сүйүнүп кеткен соодагерлер ага өзүнүн баягы арыган, карыган деп арзан алган уюн мактап жетелетишет. Сыйкырлуу таягы менен жакшылап коштошкон абышка кетип баратып эскертет:

-Мен көрүнбөй калгыча таякты ыргытпай тургула, болбосо артымдан ээрчип кетет.

-Макул, макул,-деп соодагерлер таякты бекем кармап кала беришет.

Абышка үйүнө жеткенде ую мөөрөп жиберип, муну уккан кемпир үйүнөн атып чыгып, бир мүйүзүнө кийим-кечек, экинчи мүйүзүнө таттуу момпосуй салынган баштык илинген уюн көрүп сүйүнгөнү менен абышкасына көрсөткөн ажаандыгы үчүн уялып кетет. Ал эми соодагерлер болсо абышканын карааны жоголору менен таякты:

-Бир кап акча тап!-деп катуу ыргытышканда таяк даракка катуу тийип сынып кетет дагы, абышкага алданып калгандары менен иши жок боло:

-Акмак! Сыйкырлуу таякты сындырдың, акырыраак ыргытпайсыңбы!-дешип бири-бири менен жакалашып кетишет...

Абышка менен кемпир болсо жалгыз уюн экинчи базарга саткыс болушуп, жыргап-куунап ынтымактуу жашап калышат.

***

## ПЕТР КУУ ЖАНА ЖЫЛАН

(Болгар эл жомогу)

Бир кезде жер жүзүнө түрдүү желмогуздар, ажыдаарлар жана учуучу жыландар ээлик кылып турушчу экен.

Анан Кудай бүткүл дүйнөлүк топон суу жүргүзүп жер жүзүн алардан тазалап, бул жарык дүйнөгө азыркы жашоону жаратат. Бирок, ошол ажыдаарлардын доорунан бир жылан кандайдыр калып калган болот. Ошол жылан топон суу соолуп, жер кургаары менен жолго чыгып жүрүп-жүрүп отуруп болгар тоолорунун арасындагы бир терең үңкүргө туруп калат.

Үй жумушун жасатканга жезкемпирди жалдап, көп жыл туруп зеригип, урушарга жоо таппай, күч сынашыш үчүн баатырларды издеп жөнөйт.

Ал эми ошол учурда кара күчтүн баатырлары тургай жер жүзүнө күк эмес айла менен жеңе турган куулар төрөлүп калган болот. Көпкө жол жүргөндөн кийин жыланга ошондойлордун бири Петр куу жолугуп калат. Жылан аны көрөрү менен алыстан кыйкырат:

-Эй, киши, сен баатырсыңбы?

-Баатырмын,-деп жооп берет Петр куу.

-Аны кантип далилдейсиң?

-Ташты сыгып суу чыгара алам.

-Ишенбейм,-дейт жылан.

-Кел, мелдешебиз, бирок сен биринчи башта.

- Мейли,- деген жылан жерден таш алып сыкканда таш быркыранып кетти, бирок суу чыкпады.

- Кана эмесе мени карап тур!-деп Петр куу эңкейип бир колу менен жерден таш алып, экинчи колу менен баштыгынан жаңы быштак алып чыгып, жыланга бай-

катпай таш менен кошо кармап сыкканда суу сарыгып агып кетет. Мындай баатырлык күчкө жыландын оозу ачылды.

- Сен менден күчтүүрөк экенсиң,-дейт жылан. Кел дос бололу.

- Макул,-деди Петр куу.

Достошушуп андан ары жөнөштү. Көп жол басып жүзүм багына келишти. Ал эми жүзүмзардын дал ортосунда мөмөлөрү мөлтүрөп бышкан алча өсүп туруптур. Жылан куйругуна тик туруп алчаларды каалашынча үзүп жей баштайт. Кодойгон Петр болсо бир дагы алчага колу тийбей бак ичинде чебеленип чуркап жүрөт. Бир кезде жылан бактын шактарын ылдый басканда ага Петр куу шак жабышып, алча үзүп жей баштады. Тойгон жылан шакты капыстан коё бергенде ал өйдөнү карай серпилип, жабышып турган Петр чымчыктай болуп асмандап учуп барып бадалдардын арасына түштү. Дал ошол жерде жашынып жаткан коён булт этип качып чыкты.

- Эмне болду, досум?-деп сурады жылан.

- Эч нерсе деле болгон жок! Карасам коён жашынып жатат. Бул алаң көздү алчадан аттап, дал үстүнөн түшүп, кулактан алайын деп секирдим эле, колума чала илинип, качырып жибердим. Каргыш алгырдыкы!

Жылан буга ишенип, абдан таң калды. Андан ары жөнөштү. Көп жол басып токойго келишти. Карашса токой ичинде ар түрлүү айбанаттар жайылып жүрү-

шөт. Жыландын аларды көргөндө жегиси келди. Андыктан Петр кууга кайрылды:

- Кел, токойду бийик дубал менен айланта курчап, жаныбарлардан кармап, бышырып жейбиз.

- Андай болсо мен макулмун,-деди Петр куу.

Жеңди түрүп ишке киришишти. Жылан чыныгы дөөлөрчө иштеп, тоодой таштарды ташып, биринин үстүнө бирин коюп жатат. Ал эми Петр куу болсо таштардын ортосундагы жылчыктарга баткак толтуруп жүрөт.

Ошентип бийик дубал менен токойду курчашып, камалып калган айбандардын жылан улам бирин кармап, өлтүрүп, бир жерге чогулта баштады. Ал эми Петр куу кайдадыр жоголуп кетти. Жылан аны кыйкырып чакыра баштады. Кыйкырды, кыйкырды, акыры Петр куу колуна эки балапан кармап пайда болуп мактанып турду:

- Карасаң? Мен канаттууларды дагы кармай алам. Жерде басып жүргөндөрдү кармаш мактанчу деле иш эмес. Ал эми асманда учкандарды кармаш оо!

Ошентип жылан менен Петр куу чоңарактарды жыгышып улуу от жагышып, жаныбарлардан шишкебек жасай баштады. Жылан дайрадай узун шишине жүз бугу, эки жүз элик, беш жүз коён сайып отко кактап, бышырып Петр кууга кайрылды:

-Отур, досум, эт жейли!

Отурушту. Жылан жыландарча коёндорду оп тартып бүкүлү жутту, бугуларды үч бөлүп, эликтерди

экиге бөлүп чайнабай эле кулкунуна кулатып жатты. Жыландын мындай тамактануусуна суктанган Петр куу өзү дагы баатырлардын тамак жешин көрсөтсөм дейт, бирок жарты коёндун этине эле тоюп калып, алдындагы эттерди жыланга байкатпай башынан алыс ыргыта берди.

Ошентип кеч дагы кирди. Жылан Петр кууну үйүнө чакырды.

-Жүрү бүгүн меникине түнө.

Алар үңкүргө барышты. Аларды жез-кемпир тосуп алып жыландан жыландардын тилинде сурады:

- Бул ким өзү?

- Бул менин жаңы досум.

- Кандай артыкчылыгы бар?

- Бул баатыр. Менден күчтүүрөк.

- Эмне үчүн сен аны өлтүрбөйсүң?

- Кантип өлтүрсө болот?-деп сурайт жылан.

- Түндө уктап жатканда жүз пуддук барсканыңды ал дагы, берип кал.

Петр куу жыландардын тилин түшүнчү. Өлөрчө коркуп кетти, бирок сыр алдырбады. Чыракты өчүрүп, уйкуга баш коюшту. Караңгылыкка жамынып, төшөктөн турган Петр үңкүрдөн чыгып, бир кап таш чогултуп, ордуна эптеп жеткирип, адамдай кылып жамынчынын алдына жаткырып, сыртка чыгып, каалганын сыртынан тыңшап турду.

Түн ортосунда жылан ордунан козголуп, окчун турган жүз пуддук барсканын алып, Петр куунун тө-

шөгүнө басып келип, аны сабай баштайт. Күчүнүн бардыгынча урганда таштардан учкун учту, чаң чыкты, кумга айланды. Ошентип уруп-уруп чарчаганда жез кемпирге басып келди:

- Эми чындап өлтүрдүм! Чынында эле ал менден күчтүү экен, уктап жатканынан пайдаланып чаап калбасам мени оңой эле жеңип коймок окшойт. Тимеле денеси таштай катуу экен, чапкан сайын учкун учуп атты.

Ошентип көңүлү жайланган жылан жатып уктап кетти.

Эртең менен жылан караса Петр куу эч нерсе болбогондой ордунда жатат. Жыландын көзү чакчая түштү.

-Кандайча? Сен дагы эле тирүүсүңбү?-деп калды жылан. Мен деген сени барскан менен чапкылап өлтүрбөдүм беле?!

Петр куу күлүп жиберди:

- А сен мени уруп жаттың беле? Мен келесоо бүргө чагып жатат деп жата бербедим беле! Дагы жакшы сен экениңди билбей калыпмын болбосо ачуум менен сендей жакшы досумду майып кылып коймок окшоймун.

Се-ен, досум, мени өлтүрөм деп убара болбо, мени деген бышкан киши дейт!

- Сен кантип быштың эле?

- Кадимки эле кайнак сууга бышкам.

-Жакшылык кылып мени дагы бышырчы,-деп жылан Петрдан сурана баштайт.- Экөөбүз деген достошподук беле!

-Эмне үчүн бышырбайм? Бышырам!-дейт Петр ишенимдүү түрдө. Бирок өзүң чыдай алар бекенсиң...

-Чыдайм!-деп чыдамы кетти жыландын. Мен дагы сен сыяктуу бышык баатыр болгум келет.

-Болгуң келсе боло аласың,-дейт Петр куу. Жезкемпир кызматчыңа эң чоң казанга суу кайнатууга буйрук бер. Анан бул жакка жыгач челекти тоголотуп кел.

Жез кемпир менен жылан Петр куунун айтканын жасашты. Казандагы суу бороктоп кайнап чыкканда Петр жыланга кайрылды:

-Кана, баатыр, челекке киргин! Мен сени бышырам.

Жылан ушундай көңүлдөнүү менен челекке сойлоп кирди. Петр челектин оозун жаап мыктады дагы, кайра ага чоң оюк жасап ал жерден кайнак сууну куя баштады. Жылан бир куйганда эле бакырып жиберди:

-Оой, досум! Ысык экен!

-Чыда, досум!-деи тынчытты Петр куу аны. Чыдасаң мендей болгон бышык баатыр болосуң.

Акыры Петр куу челекке кайнак сууну толтура куйду дагы, жез кемпирге мындай деди:

-Сен муну ушул бойдон кечке чейин карма дагы, күн батары менен темирден дагы катуу болуп бышкан кожоюнунду челекти жара чаап чыгарып ал. Менин жумушум бар эле бүтүрүп эртең эле келип калам...

Петр куу айткандай, жез кемпир кечке чейин күтүп, күн батары менен жыланды чыгарса, ал чындап эле бышып калыптыр, бирок жаны жок экен...

Ошондон соң жер жүзүнөн мындай чоң жыландарды эч ким көрбөптүр.

***

## КАРЫНЫН АКЫЛЫ

(Болгар эл жомогу)

Бир каардуу падыша мамлекеттеги бардык кары адамдар өлтүрүлсүн деген мыйзам кабыл алат.

- Карылар жер айдай албайт, орок оро албайт, отун камдашпайт,- дечү ал. Үйгө жатып алып, бекер эле нан жешет, кийим кирдетишет, бутка чалынышат... Андан көрө алардан кутулуш керек!

Ошентип падышанын баш кесерлери жеңдерин түрүнүшүп колго кылыч алышып, бүт бардык карылардын башын алышты. Ал падышалыкта бир гана кары калды. Аны бояр баласы эч кимге билгизбей сактап калып, жашыруун жерде багып жүрдү.

Ошол мыкаачы падышанын бир азоо аргымагы болот. Ал адамды мингизмек тургай жанына жакын жолотчу эмес экен.Падыша аны жоошутуштун эч кандай аргасын таппайт. Хансарайда бир абдан куу жана кара ниет табып кемпир бар экен. Ал каардуу ханга мындай кеңеш айтат:

Падышам, бул азоону кумдан эшилген аркан менен гана жоошутса болот. Боярларыңыз жөн эле басып

жүрүшөт, ошолорго кумдан эшилген арканды жерден чукуса дагы таап келүүлөрүн буюруңуз.

Бул кеңешке ынаган падыша бүт боярларын өзүнө чакырып:

-Эртеңден калбай мага кумдан эшилген арканды таап келгиле! Антпечү болсоңор бириңерди калтырбай өлүм жазасына тартам! Муну уккан боярлар кайгырган бойдон үйлөрүнө тарашты. Алардын эч кимиси кумдан аркан эшмек тургай ал жөнүндө биринчи жолу угушкан эле. Баягы атасын катып жүргөн бояр дагы маанайы пас үйүнө киргенде кыраакы атасы андан сурайт:

-Эмне болду, балам?

Бояр хандын аткарылбас буйругу тууралуу айтып берет.

-Ушул элеби?-дейт кары. Мындан коркпой эле койгула. Эртең силерден падыша кумдан эшилген арканды талап кылганда, силер кайра андан: "Падышам, биз кумдан аркан эшкенге даярбыз, бирок сизге андай аркандын ичкесиби же жоону керекпи билбей жатабыз, бизге анын үлгүсүн берсеңиз жакшы болот эле"-деп кайра өзүнөн сурагыла. Андан аркысын дагы көрө жатарсыңар...

Эртеси бояр атасы айткандай падышага жооп бергенде ал жүйөлүү сөзгө аргасыз башын ийкеп:

-Мунуңар туура, мен өзүм билбеген нерсени силерден талап кылып аткан турбаймынбы,- деп баягы табып кемпирди чакыртып, өзү айткан кумдан эшилген

аркандын үлгүсүн сурады эле, ал дагы аны таап бере албай койгонунда боярлары менен өзүнүн ортосуна от жаккан кемнирдин башын чаптырып салды.

Бул жолу хандын каарынан акылман карынын кеңеши менен ушинтип өлүмдөн кутулушту боярлар.

Бирок ошол жайда жер жүзүндө улуу кургакчылык болуп бардык өсүмдүктөр, эгин-тегин күйүп кетип, мамлекетти ачарчылык тооруп келди. Падыша буга арга издеп кайрадан боярларын чогултуп өзүнүн буйругун угузду:

-Бүгүн түндөп ойлонуп, жазгы үрөндү кайдан табышты билип, эртең мага айтып бересиңер! Болбосо башыңар кетет!

Боярлар падышадан өздөрүн жогото кайгырып чыгышты. Алардын арасындагы карыган атасын катып жүргөн бояр дагы кабагын карыш салаңдатып үйүнө кирди. Атасы мунун себебин сурады.

-Ата, бул жолу мага жардам бере албайсыз го.

-Эмне үчүн?

-Анткени жер жүзүндө бир да тоголок дан калган жок. Ал эми каардуу хан жазга үрөндү кайдан алышты эртеңден калбай билип келүүнү талап кылды, болбосо башыбыздын кетерин эскертти.

-Коркпо, балам, эртең бар да падышага бүт мамлекеттеги кумурскалардын уюктарын ойдуруп, алар көп жылдап чогулткан жер алдындагы дандарды алдыруусун айт.

Бояр айтып келген бул кеңешке падыша ишенбегени менен, дыйкандарга кумурскалардын уюгун каздырып көрсө, ал жактан чындап эле бир кап дан чыгып, бүткүл өлкө боюнча ушундай жол менен жазгы үрөнгө жеткидей дан чогулду.

Ошондо гана падыша боярга жакшы мамиле кылып, акырында андан сурады:

-Чыныңды айтчы, бул кеменгер кеңешти сага ким берди?

-Айта албайм, падышам. Айтчу болсом кеңеш берген кишини дагы, мени дагы дарга астырасыз.

-Ачарчылыктан сактап калган адамдарды кантип астырмак элем? Айта бер, чачыңардын бир талына дагы зыян келтирбейм.

Ошондо гана бояр атасын үйүнө жашырып багып жүргөнүн, ал кумдан эшилген аркан окуясында жүйөлүү сөз таап берип өлүмдөн куткарганын, кумурскалардын уюгун казып дан алуу дагы анын акылы экенин айтып берет.

Ошондо падыша карыларды жөндөн-жөн эле өлтүрткөнүнө өкүнүп, карыларды кайсы жерде болбосун сыйлоо тууралуу, таарынтпоо керектигин, кимде-ким карыган ата-энесин таштачу болсо өлүм жазасына тартыларын камтыган жаңы мыйзам чыгарат...

***

# АКЫЛСЫЗ АЮУ

(Парсы жомогу)

Бир жолу аюу түшүндө үч кесим майлуу этке ээ болуптур. Ойгонуп кетсе ал жок экен. Ошентип ал үч кесим этин издеп жолго чыгат.

Кетип баратып ал улакты көрүп жанына барат. Аюуну жакын келгенинде гана көргөн улак качып кете албасын билип, алдынан чыгып учурашып, таазим этет.

-Сен эмне мени тааныйсыңбы?-деп таң калган аюу сурайт.

-Албетте! Кантип таанnetwork байын.Сиз кожо аке эмессизби! Мен сиздин сарайыңызда ырчы болуп иштесем болобу?

-Кана анда ырдап көрсөң,-дейт өзү качан кожо болгонун эстей албаган аюу. Улак катуу маарай баштаганда муну уккан койчу жетип келип, таягы менен сабап, тайгандарына талатканда аюу арандан зорго качып кутулат.

Ал андан ары кетип баратып короосунан бөлүнүп калган эки койду көрүп кубанып кетти.

-Оо! Кана мен бүгүн бир койдун этине тоёюнчу,-деп койлорду качырбай камап калды. Качып кетүү мүмкүн болбой калганын билген койлор өз ара кеңеше калышып кууланып киришти:

-Биз кожонун тамагы болорубузга абдан кубанып турабыз,-дешти койлор.



-Анан,-деди аюу кайрадан өзү качан кожо болгонун эстей албай.

-Анан кимибиз сизге биринчи жем болорубузду гана чече албай жатабыз,-дешип экөө урушумуш этишти, калп эле талашышты. Акыры бирөөсүнүн мындай сунушуна экинчиси макул болду:

-Кел экөөбүз сүзүшөлү, кимибиз жеңсек, ошонубуз кожо акеге биринчи жем болобуз.

-Макул.

Эки кой аюуну калыс катары ортого коюшуп ар бири элүү кадамдан артты карай кетенчиктешип, ка-

чырып келип бири-бирин сүзбөстөн аюуну капталдан ары берип калышты...

Аюу эсине келгенде койлордун өзү турмак жыты да калган эмес болчу. Ал эки саатай дарактын түбүндө жатып эс алган соң кайрадан жолго чыгып, төөнү жолуктурду. "Ырас болду бул койлорго караганда чоң жана семиз, аларды жеп алганымда мындай олжону жей албай калмак экенмин,"-деп ойлонгон аюу төөгө өкүрдү:

-Эй, төө, токтогун! Түшүмдөгү белги боюнча мен сени жешим керек!

-Саламатсызбы, кожо аке! Сизге жем болуш – мен үчүн сыймык.

-Коё турсаң баары эле мени кожо аке деп жатышат. Мен качан кожо болдум эле?

-Болдуңуз! Куттуктайм! Азыр эле мен сиздин кожо болуп шайланганыңыз тууралуу падышанын буйругун алып келатам.

-Кана ал!-уккан кулагына ишенбеген аюу кыйкырып жиберди.

-Аны мен арткы таманыма катып алгам.

Аюу падышанын буйругун окуш үчүн төөнүн артына чыгып эңкейгенде ал чокмордой болгон таманы менен ээктен ары берип калды... Бир топто барып эсине келген аюу түшүндө таап алган үч кесим майлуу эттин үчүнчүсүн төөдөн жегенин түшүндү...

***

# МЫШЫК МЕНЕН МАЙМЫЛДАР

(Индонезия жомогу)

Бир жолу бир мышык жол тартып келатып, көзүнө көрүнгөн жандын баарын алдаптыр. Бара түшкөндө ага маймылдар жолугуп калышты. Алар чоң дарактын бутагында илинип турган аарылардын уюгун карап турушкан эле. Мышыктан сурашты:

-Айтсаң, мышык аке, тээтигил бутакта илинип турган эмне?

-Оо, ал, менин чоң атамдын барабаны.

-А анын үнү катуу чыгабы?- деп сурашты маймылдар.

-Албетте!-деп кууланды мышык. Эгер аны бир эле урсаң бүт өлкө угат.

-Биз уруп көрсөк болобу?

-Ой, жок, чоң атам мени урушат.

-Бирок ал бул жерде жок да. Бир эле урабыз,-деп жалоорушту маймылдар.

-Туура, чоң атам жок, бирок ал мага барабанга эч кимди тийгизбей кайтарып тур деген.

- Эми бир эле жолу уруп көрөбүз, үнү кандай чыгарын билсек эле болду. Бизге абдан кызык болуп жатат.

- Жок болбойт! Үнү бүт өлкөгө угулат дедим го... Анан кантип чоң атам укпай койсун. Ал алыс деле эмес.

Бирок маймылдар барабанды абдан уруп көргүлөрү келишти. Андыктан алар мышыкты ой-боюна койбой сурана беришти:

- Бир эле жолу урабыз, би-ир эле... Уруксат берчи...

- Эми, ушунча каалап калыпсыңар, урсаңар ургулачы,-деп макул болду мышык. Бирок мен бул жерден алысыраак барайын. Антпесем чоң атам барабанды урганы жаткан силерди тыйбаганым үчүн мени жазалайт.

- Жакшы болот!-сүйүнүп кетишти маймылдар. Эртерээк чурка, биздин аябай барабанды ургубуз келип жатат.

- Эй коё тургула урбай!- деп кыйкырды качып бараткан мышык. Менин карааным көрүнбөй калганда ургула.

- Тезирээк чурка!

Качан мышык көздөн кайым жок болгонунда маймылдар бакта асылып турган аарылардын уюгун таяк менен чабышты эле, чындап эле уядан аарылардын ызылдаганы урулган барабандыкындай катуу чыкты. Кызыгып кеткен маймылдар дагы бир жолу чабышканда ичи аарыга толо уя жерге кулап түшүп, оозун ачып карап турган маймылдарды уюктан уюлгуп учуп чыгып, кара тумандай каптап талай баштаршты.

Дене-бою бүт аарыга чактырган, дагы эле талатып жаткан маймылдар тызылдаткан ооруга чыдай албай качкан бойдон келип көлмөгө кирип кетип араң кутулушту.

Аарылар учуп кеткиче көлмөдө отуруп үшүгөн маймылдар суудан чыгып, келип карашса, баягы өз-

дөрүн алдаган мышык жээкте өскөн кандайдыр бир кызыл мөмөлөрү бар бадалдардын түбүндө жатат. Жини келип калган алар мышыкты куйругунан сүйрөп мыялаталы деп жакын келишсе, ал өз күнөөсүн сезе алдыларынан тосуп чыгып, жалооруп жиберди:

- Маймыл акелер, мен силерди жөн эле тамашалайын десем, келесоо аарылар анымды түшүнбөй калышпадыбы. Бирок, уюкту бир эле жолу чап десем эки жолу чаап жиберип өзүңүздөрдөн дагы кетип калды. Алдыңарга түшөйүн мени кечирип койгула.

-Алдыбызга кандайча түшөсүң?-деп маңыроо маймылдар жибий түшүшүп, кызыга кетишти.

-Чоң атам мага таттуу мөмөлөрүн кайтартып койду эле, ушундан тойгончо жеп, анан мени кечирип, туура эмес кылыгымды унутуп койгула,-деп бутагында эзиле бышып турган абдан ачуу, кыпкызыл калемпирлерди көргөздү.

-Оо андай болсо кечиребиз,-деп маймылдардын көздөрү жайнап, дароо эле ачуулары тарады.

-Бирок, мен алыстап кеткенден кийин жеп баштагыла, антпесе силер жеп жатканда менин жаныңарда турганымды чоң атам көрсө, эмнеге кой деп койбойсуң деп өлтүрөт.

-Бол анда тезирээк бул жерден кет,-дешип маймылдардын чыдамы ан сайын азайды.

Мындайда мышык карап турмак беле, заматта маймылдардан алыстады. Маймылдар болсо ачуу калем-

пирди бири-биринен кызганып, экиден, үчтөн ооздоруна салып, чала чайнап жутуп жиберишти дагы, азга селейе туруп калышып, анан чок жутуп алгандай бакырышып, кайрадан көлмөнү карай чуркашты.

Бул жолу алар көлмөгө киришкен жок, тетирисинче, көлмөнү бүт ичтерине киргизип жиберчүдөй болуп, суудан жутуп жатышты...

***

## КАРЫГАН СЫЙКЫРЧЫ

(Моңгол эл жомогу)

Байыркы убакта бир карыган сыйкырчы жашаптыр. Бир жолу аны өзүнө хан чакыртыптыр. Бул хан өмүрүндө кайгы-капа эмне экенин билбептир да, көрбөптүр. Андыктан ал абдан каардуу экен.

Ошентип карт сыйкырчы ханга келет. Хан ага мындай дейт:

-Укканыма караганда сен укмуштай кыйын сыйкырчы экенсиң. Андайың чын болсо, мага өз өнөрүңдү көрсөтө салчы.

-Менин ханым эмнени көргүсү келет болду экен?

-Эмне болсо дагы! - чыдамы кете жооп берди хан.

-Жакшы болот. Кесеге ысык чай куюп, алдыңызга коюп, өзүңүз эшикке чыгыңыз.

Хан карт сыйкырчы айткандай жасап, өзү сыртка чыкса, ушундай бир сындуу кара аргымак жер чапчып, эшигинин алдында турат дейт! Хан болсо дагы

андай тулпар өзүндө жок болгондуктан ага абдан жагып, секирип минсе, ал ала качып жөнөйт.

Ошентип учкул аргымак ханды ал мурда эч качан көрбөгөн жерлер менен алып учуп кете берет, кете берет. Бир кезде аргымак элсиз талаага жеткенде ханды жыгып, өзү көздөн кайым жок болот.

Өмүрү жөө баспаган хан бутун сүйрөп күндөп-түндөп жол жүрөт, ачка калып, эзели эттен башка жебеген жаны чөптөрдүн тамырын, курт-кумурска, чегиртке терип жейт, жыттуу чайдан башкага табити тартпаган неме айласыз жата калып чыла суудан шимирет.

Ошентип эптеп өлбөй калыштын камы менен келатып, бир күнү кипкичинекей, илмийген эки баласы бар аялды жолуктурат.

Аял ага өзүнүн бардык оокаттары менен азыктарын хандын салык чогултуучулары тартып алышып, эми жээрге эч нерсе таппай тентип калышканын айтат. Боору ооруган хан аларга кам көрүп чогуу жашай баштайт. Эптеп кышты өткөрүп, жазды көрүшкөндөрүндө балдардын бири ооруп, каза болуп калат.

Хан аны аяп, жүрөгү эзилип, чоң ташка отуруп, шолоктоп аябай ыйлайт. Бир кезде ал өпкөсүн басып, сооронуп, өзүнө келип айланасын караса, өзүнүн хан ордосундагы бийик тактысында отурат! Башынан өткөн кордуктун баары түшүнө кирдиби дейин десе, алар чын болгон эле, буга ишенбейин десе сыйкырчы ошондогудай эле мандайында отурат, ал тургай ал-


дындагы чай да муздабаптыр, өзүнүн көзүнүн жашы кургабаптыр...

-Кана эмесе, ханым, өзүң эзген элиңдин кыйналган жашоосун башыңдан өткөрдүңбү? - деп сурайт андан карт сыйкырчы.

- Кайгысы жүрөгүңө жеттиби?

Хан башын ийкегилеп жибергенде карт сыйкырчы ордунан шарт туруп, жолуна түшөт. Ошондон кийин хан элине ырайымдуу болуп калган дешет.

***



## ТҮЛКҮ ЖӨНҮНДӨГҮ АВАР ЭЛИНИН АЛТЫ ЖОМОГУ

## ТҮЛКҮ МЕНЕН ЖЫЛАН

Кайсы бир кезде түлкү менен жылан дос болушуптур. Бир жолу алар саякатка чыгышып, чытырман токойлорду, бийик тоолорду аралашып, кенен талааны басышып, акыры бууракандап аккан чоң дарыяга келишет. Бирок, анда кечмеликтин, же көпүрөнүн жоктугунан улам сапарларын уланта албай калышат.

-Кел, дарыядан сүзүп өтөбүз,- деп сунуш кылды түлкү.

-Мейли. Бирок мен сүзгөндү билбейм да,-деп калп айтты жылан.

-Эч нерсе эмес, мага оролуп ал.

Ошентип жылан түлкүнүн денесине оролуп, экөө дарыяны кечип жөнөштү. Түлкүгө оор болду, бирок ал сыр алдырбай бүт күчүн үрөп бара жатты. Дал жээкке жеткени калышканда жылан бардык күчүн салып түлкүнү кысып, мойнунан муунта баштады.

-Эмне кылып жатасың? Сен мени өлтүрөсүңбү? Муунтпа!

-Анан эмне кылганы жатам! Өлтүрөм!-деп жылан эми гана арам оюн билгизди.

-Аа, досум, көзүңдү ала качып турчу элең, көрсө, ушундай экенсиң да! Мейли, тагдырым ошол болсо кантмек элем. Өлтүрсөң өлтүрөрсүң...-деп муунуп баратып араң сүйлөсө дагы түлкү кууланды. Менин бир гана өтүнүчүм бар: өлөрүмдө көзүмө тигиле карап чыныгы жүзүңдү көргөзүп койчу, эсиме сактаган бойдон кетейин. Кантсе дагы жакшы достордон элек...

-Жакшы болот. Мен дагы сени акыркы жолу карап алайын,-деп жылан түлкүнүн башына башын бетме-бет келтиргенде түлкү аны моюнунан шап эттире тиштеп чайнап жиберип, жээкке секирип чыгып силкине берип, өлүк жыландан кутулганына сүйүнүп сүйлөндү:

-Айланаңдан кетпей ийрилип жүрсө дагы, көзүңө тике карабаган досторго ишенбеш керек экен!

## ТҮЛКҮ МЕНЕН КАЗ

Бир күндөрү түлкү менен каз чогуу жашай башташты. Мунун эң жакшы жери бири тамак издеп кеткен-

де, бири балдарын карап калып жатышты. Ушинтип ынтымак менен бир топ убакыт жашашты. Бир күнү каз токойго тамак издеп кетип, түлкү балдарды карап калды. Күн ачык-жарык болгондуктан ал өзүнүн бачикилери менен каздын жөжөлөрүн сыртка ойнотуп чыкты. Курсагы ачкан түлкү чыдабай кетип бир жөжөнү жеп алды. Каз кайтып келип, түлкүдөн сурады:

-Эмне жаңылык болду мен жокто, балдарыбыз кандай?

-Биздин ишибиз чатак,-деп ыйламсырап жиберди түлкү. Бир балабыз жоголуп кетти.

-Сенин бачикиңби, же менин жөжөмбү?-деп сурады каз.

-Айырмасы кайсы? Балдардын баары бирдей да. Бир гана эсимде калганы жоголгон баланын узун моюну бар болчу,-деди түлкү өлүмүш боло.

Түлкү менен төө

Бир жолу төө талаада жайбаракат оттоп жүрсө түлкү анын жанына келип:

- Эй ыйлаак! Менин жериме жайылгандай кандай акың бар? Көзүмө көрүнбөй жогол!

- Кандайча бул сенин жериң?- буркулдады төө.

- Ошондойчо! Бул жер мага атамдан мураска калган. Ага болсо чоң атамдан энчиленген. Эгер сен буга ишенбесең күбөнү чакырам,- деп ал карышкырды ээрчитип келди.

- Эй ийри тумшук! Сен эмне бөтөн бирөөнүн коругунда оттоп жүрөсүң? Бул күнөөң үчүн мен сени жешим керек!- деп ыркырады бөрү.

- Туура кыласың, эң туура кыласың! Мындай немелерден жеп эле кутулуш керек,-деп түлкү өзүнө да андан бирдеме ашаарынан үмүттөнүп шакылдады.

- Андай болсо тагдырым ушул экен да!-деп төө букулдап ыйлап жиберип, анан карышкырдан суранды:

-Таттуу чөптү жакшы көргөн тилимдин айынан өмүрүмдөн айрылып отурам. Ошон үчүн мени тилимден баштап жегин. Анын үстүнө ал аябай таттуу жана жумшак,-деп төө оозун ача калды. Карышкыр төөнүн тилин жулуп алмакчы болуп анын оозуна башын тыкканда арсайган тиштер кабыштыра тиштеп, чириген жаңгактай быркыратты. Ал эми түлкү иш жаман экенин көрүп, бул жерден көздөн-кайым болуп, азыр деле ал алды-артын карабай кайдадыр качып баратат дешет.

## ТҮЛКҮ МЕНЕН КАШКУЛАК

Түлкү менен кашкулак достошуп, бирге жашай башташты. Бир ирет алардын жолдору болуп сүрсүтүлгөн май куйрук таап алышты. Не бар не жок деген алар куйрукту жеп салбастан кыйын күндөргө сактап коюшту. Бирок, бир күнү түлкүнүн куйрукту жегиси келип, кашкулакка кайрылды:

-Кел куйрукка мелдешебиз: кимибиз эң кызыктуу түш көрсөк, ошонубуз аны жейбиз.

Кашкулак макул болуп, уйкуга баш коюшту. Ал дароо эле уктап кетти. Түлкү болсо куйрукту шашпай жеп алып, анан коңурукту кош тартууга киришти. Бир кезде кашкулак туруп, түлкүнү ойготуп мындай деди:

- Анда эмесе түкө, түшүңдү айта бер!

- Жок, сен биринчи ойгондуң, сен баштап айт,-деди түлкү.

- Мен бир керемет түш көрдүм, андай түш сага өмүрү кирбейт. Түшүмдө мен ханзааданын үйлөнүү тоюнда эң ардактуу конок катары отуруптурмун. Алдымда дүйүм тамак үйүлүү экен: кайсы бирин жээрди билбей көзүмө жакшы көрүнгөнү менен колума урунганын ашап жаттым.

- Мен дагы түшүмдө ошол эле үйлөнүү тоюна барганым менен сенчилеп төрдүн төбөсүнөн орун албай улагада эптеп отуруптурмун. Анысы аз келгенсип жаңы эле ашка колум тиерде ойготуп жибербедиңби, ачка бойдон калдым. Сендей тойдон тоюп келген кашкулакка жаман куйруктун эмне кереги бар?!

## ТҮЛКҮ МЕНЕН БӨДӨНӨ

Бар экен, жок экен Хунзаха жергесинде бир түлкү жашаптыр.

Ал бир күнү коңшу айыл өрттөнгөнүн угуп "Барып көрөйүн тумшугума бирдеме илинип калгысы бардыр" деген ойго келди.

Жолдо келатып ал бытпылдыктап жаткан бөдөнөнү көрдү. Айран таң калган аңкоо кебетени кие калган түкөң үн катты:

- Сен кандай гана жакшы сайрайсың! Мындай ар-гендей кооз үндү сеникиндей көздөр гана чыгара алат.

- Хе-хе, мына бул келесоону карасаңар!-деп келе-келеп күлдү бөдөнө. Кайсы атаң айтты эле көздөрдөн үн чыгат деп?..

- А сен көздөрүңдү жумуп туруп ырдап көрсөң, ошондо анан билесиң, -деп түкөң кууланды.

Акылдуусунган бөдөнө ошол замат көздөрүн жума салып бытпылыктай баштады. Ушуну гана күткөн түлкү акырын жылып барып, сактыгын жоготкон бө-дөнөнү кармап жеп салды.

## ТҮЛКҮ КАРЫШКЫРДЫ КАНТИП АЛДАДЫ?

Бир жолу аңчы талаага капкан салып, жанына ал-дооч-азгырык катары бир чоң кесим майлуу эт кой-ду. Анын жытын алган ачка түлкү жетип келди. Май-луу этти басып жыгылчудай болуп барып, "Мында бир мандем бар. Кайсы келесоо жөндөн-жөн эле ай талаага майлуу этин калтырып кетсин"-деген ой ба-шына келип, өз жолуна салып жөнөп кетти. Жолдон карышкыр алдынан чыкты.

- Кандай, түкө? Сенин эмнеге мынчалык маанайың пас?

- Чоң кесим эт таап алып жей албасам кантип ка-паланбайм?

- Эмне үчүн жей албайсың?

- Мен орозо кармап жатам.

-Менин орозо кармабаганым жакшы болгон турбайбы,- деп сүйүнүп кеткен карышкыр түлкүдөн таап алган этин өзүнө көрсөтүүсүн талап кыла баштады.

-Тигил эле жерде, алыс деле эмес,- деген түлкү карышкырга этти көрсөттү. Ач көз бөрү этти карай атырылып, бирок, арткы бутунан капканга түшүп калды. Ал эми түлкү болсо ачып көздү жумгуча этти илип алып, окчун барып, жыргап жей баштады.

-Эй сен эмне кылып жатасың?-кыйкырып жиберди кашабаң. Сен деген орозо кармап жатам дебедиң беле?

-Мен азыр эле айдын жаңырганын көрдүм, демек, орозо аяктады, - деп түлкү этти майга аралаштырып жей баштады.

***

## СЫЙКЫРДУУ РОЗА

(Армян эл жомогу)

Илгери-илгери бир хан жашаптыр. Анын аксарайынын алдында жалаң роза гүлдөрүнөн турган бакча болуптур. Бакчада бир түп сыйкырдуу роза гүлү өсчү экен. Хан канчалык каарын төгүп эскертпесин, багбандар кандай амал таап аракеттенип, кайтарышпасын сыйкырдуу роза ачылып баштаганда эле аны зыяндуу курт жеп кетчү экен. Ошентип жыл сайын кайталана бергендиктен хан өзүнүн сыйкырдуу розасын көп жылдар бою такыр көрө албады. Күндөрдүн биринде ханга жаш бакчы жигит келип, мындай деди:

- Мени жумушка алсаң, розаңды курттан сактап калам. Ал гүл ачаар замат үзүп алып, сага алып келем.

- Жигит,-деди хан,- менде канча деген бакчылар болгон жок, бири да аны сактап кала алышпады, сенин колуңдан бул иш кантип келмек эле?

- Колумдан келет, болбосо башымды алууга буйрук бер.

- Макул, өзүң бил, алың жетсе кайтарып көр.

Жаз келди, жаңы бакчы жаасы менен жебелерин алды дагы, бадалдын астына кирип розаны кайтара баштады. Бир күн, эки күн, үч күн, жума бою кайтарды. Акыры роза ачыла баштады, бирок дал ушул маалда жаш бакчынын көзү илинип кетти. Ушуну эле күтүп турган курт акырын жылып келди дагы, розага жабышып аны жеп алып кайра артка сойлоп кетти. Бакчы ойгонуп, розанын жок экенин көрдү. Кайгырып-капаланып, корксо дагы ал ханга барып, кечирим сурап минтип айтты:

-Бир жума бою мен роза өскөн бадалды кайтардым, роза ачыла баштаган убакта көзүм илинип кетиптир... Ойгонсом курт розаны жеп салганга жетишиптир. Бул жолкусун кечир, кийинки жылы мен сөзсүз куртту жазалайм.

- Эч нерсе эмес, -деди хан,- бул үчүн курт жазаланат.

Бир жыл өттү. Жаз келди, хандын жаш бакчысы бадалды кайтарганга дагы жөнөдү. Эми гана роза ачыла

баштаганда, курт дагы розага сойлоп жөнөдү. Бирок бакчы ага жебе кадайын дегенинде, кайдан-жайдан бир белгисиз булбул куш учуп келди дагы, курттту бир чокуп жутуп алып учуп кетти. Роза бүтүн бойдон калды. Бакчы сүйүнүп кетип, розаны үзүп алды да, ханга алып келди.

-Ханым,- деди ал, мен сага розаны алып келдим. Мында да курт розаны жеп салайын деди эле, кайдан-жайдан белгисиз булбул учуп келип, курттту жутуп алып учуп кетти.

-Эч нерсе эмес,- деди хан,- булбул дагы бул үчүн жазаланат.

Бир жыл өттү. Жазында бакчы дагы да бадалды кайтарганга жөнөп, күн-түн дебей жанында отурду. Роза ачыла баштаганда курт дагы гүлдү жегени сойлоп жөнөдү, бирок кайдан -жайдан белгисиз былтыркы булбул пайда болду да, курттту чокуп жутканда, бадалдын түбүнөн ажыдаар чыга калып, ал дагы булбулду жутуп алды. Ошентип роза бул жолу да сакталып калды. Бакчы сүйүнүп кетти дагы, гүлдү үзүп алып, ханга алып жөнөдү.

Ал ханга болгонун болгондой кылып айтып берип, сыйкырдуу розаны берди.

-Эч нерсе эмес,-деди хан,-ажыдаар дагы бул үчүн жазасын алат.

Дагы бир жыл өттү. Жаз келгенде жаш багбан кайрадан розаны кайтара баштады. Роза жаңыдан гүл ача баштаганда адатынча ага курт сойлоп келди. Ошол

учурда кайдан-жайдан учуп келе калганы белгисиз бинты булбул пайда болуп, куртту чокуганда бадалдын арасынан чыга калган ажыдаар ал экөөнү тең жутуп жибергенде жаш бакчы жаа тартып ажыдаарды өлтүрүп, сүйүнгөн бойдон рөзаны ханга алып келип, болгонун болгондой айтып берди эле, ал бир гана сөз айтты:

-Эч нерсе эмес, бул үчүн сен дагы жазаланасың.

Бул сөзгө жаш багбан абдан таң калды. Анда эмне деген табышмак катылганын миң ойлоп дагы чече албады. Хандын өзүнөн сурайын деп ал ачууланабы деп коркту. Акыры эмне болсо дагы көрөйүн деп чечти.

Хандын ак сарайында анын үй-бүлөөсү түшүп сергүүчү көлмө бар болучу. Бир күнү жаш багбан бийик даракка чыгып алып аны бутап жатса, ханыша ак сарайдан чыгып келип, чечинип көлмөгө чүмүй баштады. Жаш багбан бактан түшүп үлгүрө албай калгандыктан ханышаны чочутуп албас үчүн ал көлгө түшүп бүтүп кеткиче бак башында отура турууну чечти. Бирок ханыша көлдөн чыгып келатып багбанды көрүп калды дагы айкырыкты салды. Муну уккан падыша ак сарайдан чуркап чыгып, көлдөгү ханышаны, коркконунан бактан түшө албай калган жаш багбанды көрдү дагы, баарын түшүнүп, катуу кыйкырып баш кесер желдеттерин чакырды.

Жазалоочу баш кесерлер жаш багбанды хандын алдына алып келатканда ал бир нерсени түшүнө калды дагы, андан өлөөр алдында бир гана сөз айтып калууну суранды.

-Мейли, акыркы сөзүңдү айтып кал!-деди хан ачуусун араң басып.

-Ханым, эч нерсе эмес, бул үчүн сиз дагы жазаланасыз.

Муну укканда хан селт этип, өзүнүн мурдагы багбанга айткан ушул сөзүн эстеди дагы, аны кечирип, бошотуп жиберди.

***

## ДУДУК ЭЛЧИ МЕНЕН АКЫЛДУУ ТИКМЕЧИ

(Армян эл жомогу)

Бир жолу хан өз тактысында отурганда кошуна падышанын жиберген элчиси келип, эч нерсе деп айтпастан анын тактысын айланта чийип, бир дагы сөз айтпай отуруп алды.

Хан элчиден бул эмнеси экенин сураса, ал эч нерсе деп жооп бере албады, көрсө элчи дудук экен. Хан кошуна падышанын мындай ишаратынан эч нерсе түшүнбөгөндүктөн бүт жан-жөкөрлөрүн чогултуп бул табышмакты чечмелөөнү буюрду. Бирок алар дагы оңчулуктуу жооп таба алышпады.

Ошондо хан өз өлкөсүндөгү мен акылдуумун дегендердин баарын чогултса дагы алар бул табышмактын жообун чечмелей алышпады. Хан өз өлкөсүнөн кошуна хандын табышмагын чечмелеген бир дагы акылман адам чыкпаганына арданып: "Эгер бул табышмакты эч ким чече албаса, өлкөдөгү бардык би-

лермандардын башы алынат! - деген каардуу буйругун берди.

Жан алакетке түшүп бул табышмактын жандырмагын тапчу акылманды издеген билермандар кокусунан эле аны жөнөкөй үйлөрдүн биринен табышты. Ал үйгө кирген билермандардын көзүнө биринчи эле өзүнөн-өзү эле термелип жаткан бешик урунду. Башка бөлмөгө киришсе, анда да өзүнөн-өзү термелип жаткан бешикти көрүштү.

Ал эми бул үйдүн чатырына чыгышса, ал жерге угут үчүн өндүрүлгөн буудай жайылыптыр дагы, анын жанына орнотулган каракчы өзүнөн-өзү кыймылдап, угутка таранчы сыяктуу канаттууларды конгузбай туруптур. Буга айран-таң калган хандын жан-жөкөрлөрү үйдүн жер төлөсүнө түшүшсө, ал жерде бир тикмечи машинеси менен кийим тигип отуруптур. Баарынан кызыгы анын тигүү машинесине үстү жактан түшкөн жиптер туташтырылып, алар менен алиги өздөрү көргөн үстү жактагы эки бешик термелип, дан коругуч каракчы кыймылдап жатыптыр.

- Мына уста деп ушуну айт! Акылы адамдан башкача турбайбы! - деген билермандар дароо эле ага элчинин табышмагын айтып беришип, эгер мунун жандырмагын тапса, хандан чоң белектерди аларын айтышты. Тикмечи буга көпкө ойлоно түшүп, үйүнөн эки чүкө жана бир тоок алып билермандарды ээрчип ханга келди. Ал эми хан болсо алиги дудук элчи менен аны жолуктурду. Элчини көргөндө тикмечи анын

алдына эки чүкөнү ыргытты эле, ал чөнтөгүнөн бир баштык таруу алып чыгып жерге чачып жиберди. Тикмечи дароо эле тоокту коё бергенде ачка тоок бир заматта жерден таруунун бирин калтырбай терип жеп салды. Муну көргөн дудук элчи ордунан ыргып туруп, өтүгүн кийип кетип калды.

- Дудук элчи эмнени айткысы келиптир?-деп тикмечиден сурады хан.

- Кошуна падыша дудук элчисинен жакында жериңди курчап, эл-журтуңду кырам, андан көрө өз эркиң менен багынып бер деп айттырыптыр. Жанагы тактыңызды айланта чийгени ошонун ишараты экен. А мен ага жооп кылып эки чүкөнү ыргытканым «Силер биз үчүн бала сыяктуу элесиңер, көтөнгө чаап жазалап коёбуз, андан көрө өз жериңерде бири-бириңер менен чүкө ойноп тынч жашай бергиле» - дегеним болчу.

Анын буга жооп кылып бир баштык буудай чачканы; “Биздин аскер ушул баштыктагы таруудай сан жеткис көп, ошон үчүн сыйыңар менен багынгыла” дегени болчу. А мен ага тоокту коё берип “Силердин миң сан аскерди биздин бир эле баатырыбыз жок кылып коёт” деген маанини билдирсем, ал бизге алы жетпестерин түшүнүп, аны ханына айтканы кетти.

Тикмечинин бул акыл-айласына ыраазы болгон хан ага урмат-сый көргөзүп, берешендик менен белектерди берип, өзүнө башкы вазир болуусун сунуштады. Бирок, тикмечи буга макул болбостон мындан

ары өзүндөй карапайым кишилерди адам катары санап жүрүүсүн жана айланасындагы жан-жөөкөрлөрүн жөн эле акылман санай бербей, алардын мактоолору менен курулай кошоматчылыктарынан сактанып жүрүүсүн өтүндү.

***

## ЖАМЫНЧЫҢА КАРАП БУТУҢДУ СОЗ

(Армян эл жомогу)

Бир жолу адилетсиз падыша өлкөсүндөгү уздарды чакыртып, өзүнүн боюна чоң да эмес, кичине да эмес жамынчы тигүүнү, же токууну буюрду. Эч ким анын бул буйругун так аткара албагандыктан падыша алардын баштарын алдырып салды.

Бир күнү падышага бир тикмечи келди.

- Падышам,-деди ал. Мен сенин боюңа чапчак келген жамынчы тигип берем.

- Тигип көр, бирок алдын ала эскертип коёюн:

аз-маз кичине же кең болчу болсо башыңдан айрыласың!

- Макулмун,- деген тикмечи жумушка киришип, атайылап эле бир топ кыска жамынчы- жууркан тикти. Ишти бүткөргөнүн хандын кызматчыларынан айттырып жиберип, ал чакырган күнү тиккен жууркaнын хандын алдына коюп, өзүнүн алжапкычынын алдына өрмө камчыны катып турду.

- Падышам, көп жашаңыз! Мен сиз буйрук кылып тиктирген жамынчыңызды алып келдим. Өз боюнуз менен ченеп, өз көзүңүз менен көрүп алыңыз.

Падыша мамык төшөк салынуу жерге жатып, төшөктү жамынганында ал бутун жаппай калды. Ошондо тикмечи алжапкычы алдына каткан камчыны алып чыга калып:

- Төшөгүңө карап бутуңду соз! - деп падышанын жылаңайлак таманына чаап калды эле, ал бутун жууркандын алдына ката салды. Бул акылдуу айтылган сөзгө жыгылган падыша тикмечинин башын алмак тургай кайра ага жакшы сыйлык берип узатты.

Ошондон соң "Мурдуңа карап ышкыр, алыңа карап иш кыл. Төшөгүңө карап бутуңду соз" деген сөз калыптыр элде.

***

## ХАН ЖАНА ДЫЙКАН

Бир хан эсирип отуруп, өзүнүн жигиттерине:

- Мага акмак киши таап бергиле! -деп буйрук кылды. Эки жигит жолго чыгып, акмакты издеп кетишти.

- Эми кимди алып барабыз? Жөн эле кишини кармап барсак, хан бизди жазага тартат,- деди биринчиси. Экинчиси айтты:

- Сен кандай макоосуң? Кимди деген да сөз болобу? Жолуккан эле кишинин эркине койбой жетелеп барабыз. Хан чакырып жатат десек, барбаска айласы



канча! Экөө ушинтип келе жатып, карагай сүйрөткөн бир кишиге жолукту.

- Карагайыңды таштагын, азыр ханга жүргүн, сени чакырып жатат,- дешти жигиттер.

- Токтогула, карагайды үйгө жеткирип коёюн да, анан барайын. Эмне үчүн чакырды? Жигиттердин бири:

- «Эмне үчүн чакырды» дейт тура. Аны эмне кыласың? Жүр дегенде жүрбөйсүңбү! Хан акмакты таап кел деген, жүргүн! -деп шаштырды.

- Жок, жигиттер, карагайды атайы тоодон мээнет менен алып келе жатып, орто жолго таштай албайм,- деп бастырып кетип калды ал. Эки жигит жүрүп отуруп, өрмөк соккон катынга жолугушту.

- Жеңе, сени хан чакырып жатат, тезинен жүргүн, - дешти.

- Ботом, катынды хан эмне үчүн чакырат? - деди аял.

- Катынды кепке-сөзгө чакырмак беле, акмак адамды таап кел деген. Эркектер менен айтышпай, жүр тезирээк.

- О, кокуй күн, ушул ала жазда бекер жүргөн кишиден бөлөк акмак табылбас... Өз оокатым үчүн керек ишими бүтүрүп алайын деп, мен мында жанталашып жатам. Акмакты тапчу жериңерден издегиле! Мен барбайм! -деп катын катуу айтты. Эки жигит дагы жөнөп:

-«Эгер сырыбызды ачык айтсак болбойт экен. Андан көрө кезиккен эле кишини зордоп алып кетели» -деген акылга келишти. Алар жер айдап жаткан бир дыйканга жолугуп:

-Ой, дыйкан, жүргүн ханга! -дешти.

-Эмгек кайнап турган убакта, эмне үчүн барам?- деди дыйкан.

-Көп сүйлөбөй, жүргүн дегенде жүргүн! Хан акмакты таап кел деп айткан, сен акмак экенсиң!.. Жигиттерге дыйкандын абдан ачуусу келди:

-Силер үчүн акмакты даярдаган киши жок. Көзүмө көрүнбөй жоголгула!

-Эмесе акмакты таап бер,-деп эки жигит дыйканды бекем кармап туруп алышты.

-Мени коё бергиле күн ысып баратат, жер кургай электе айдоомду бүтүрүп алайын,- деди дыйкан.

-Жок, же өзүң ханга жүргүн, же бизге акмак ким экенин айтып бергин. Баарыңар эле акмак эмеспиз дейсиңер, кимиңер акмак экениңерди таптакыр билбей койдук.

-Макул эмесе, акмакты айтып берейин, бирок мени көё бергиле,- деп дыйкан айтканда, жигиттер аны шаштырып турушту. Дыйкан ойлоно калып

-«Акмакты таап кел» деген хандын өзү акмак, же акмакты издеп жүргөн экөөң акмак. Мындаң артык акмакты дүйнө жүзүн кыдырып жүрүп таппайсыңар, -деди. Жигиттер ачууланып:

-Сен ханга тил тийгиздиң, барып айтабыз! -дешти.

-Бир айтмактан миң айткын, деги ушуну хандын кулагына куюп айтсаңар экен! -деди дыйкан. Эки жигит ханга келип айтышты. Ошол дыйкандын колу-бутун байлап алып келгиле! - деп хан буйрук кылды. Дыйкан хандын астына келип олтурду. Хан дыйканды кекетип:

-Сен мени акмак депсиң, эгер акылдын баары сенде болсо, менин мына бул тулпарымды колуңа алгын. Үч күндүн ичинде муну жакшылап таптагын. Таптай албасаң – башынды кесем! - деди. Дыйкан тулпарды колуна алып, ага жем-чөптү маалы менен берип, суутуп, сууну да убагы менен ичирип, төртүнчү күнү хандын алдына келип минтип айтты:

-Таксыр ханым, сенин тулпарың анык күлүк экени чын экен, бирок мунун канында уй менен эшектин жалгашкан жери бар экен. Муну укканда хандын ачуу-

су келип, дыйканды даргага астырмак болду. Ошондо ортого хандын картаң энеси түшө калып, минтип айтты:

- Балам, сен жөнү жок жерден ачуулана бербе. Биздйн жылкы жайлоонуу карай кетип баратканда, бир эшек жылкыны аралап кирип кетип, дал ушул сенин тулпарыңдын энесин карап коюптур. Кулунду туугандан кийин, ал бээ өлүп калды. Анан мен бул кулунду саан уйдун эмчегин эмизип бактырдым.

- Мунун ушул эшек менен уйдан жалгашкан жери бар экенин сен кантип билдиң? -деп сурады хан дыйканга карап.

- Үч күн бою мен бул тулпардын жанынан карыш жылган жокмун,- деди дыйкан.

- Сууну кечип чыкканда, арткы бутун силкип-силкип алат, бул уйдун кылыгы. Түн ичинде мен буга чөп салсам, эшекче бакырат. Мына ошондуктан сенин тулпарында кандайдыр эшек менен уйдан жалгашкан жери бар экен деп ойлодум. Дыйкандын бул сөзү ханга аябай жагып, аны жакшылап конок кылып, хандын зайыбы дыйканга бир алтын акча берди.

- Арадан бир топ күн өткөндөн кийин, хан баягы дыйканды өз алдына чакырды.

- Эгер сен чындап эле билгич болсоң, муну тапчы, экөөбүздүн кимибиз анык хандын тукумубуз -менби же менин зайыбымбы? -дөп сурады хан.

- Сенин зайыбың нагыз хандын тукуму, ал эми өзүң болсо наабайчынын баласысың, - деп дыйкан жооп кайтарды. Хандын каары чындап козголуп, дыйканды ошол замат даргага астырып жибермек болду. Бирок мунун алдында өзүнүн картаң энесин чакыртып алып:

-Апаке, сен чыныңды айт, мен кимдин баласымын? -деп сурады. Апасы минтип айтты:

-Уулум, мен жаш кезегимде улам эле кыз төрөй бердим, атаң, буга ар дайым наараазы болуп жүрдү. Бизде нан бышыра турган наабайчы бар болчу. Ал экөөбүздүн боюбузга бир маалда бүттү, экөөбүз бир күндө төрөй турган болдук. Эгер сен эркек бала төрөсөң аныңды мага бер, мен дагы эле мурдагыдай кыз төрөсөм, кызымды сага берейин деп наабайчынын зайыбы менен убада кылдым. Ырас эле наабайчынын аялы эркек бала төрөдү, мен кыз төрөдүм, экөөбүз жаңы төрөлгөн балдарды эч кимге билдирбестен алмаштыра салдык. Мен эркек төрөдүм деп, хандан сүйүнчү сураттым, Мына ошентип, сен хандын уулу болуп калдың. Кызымдан ажырабас үчүн, мен аны сага колуктү кылып алып бердим. Ошол себептүү, балам, мына бул зайыбың менден төрөлгөн кыз. Муну укканда хан ого бетер аң-таң болуп:

-Ушуну сен кантип билдиң? -деп сурады.

-Оңоцой эле билдим. Сен мени конок кылганда, алдыма токочту үйө бердиң, ал эми аялың болсо, менин астыма алтын акчаны койду. Ошондуктан мен сени наабайчынын баласы экен, зайыбың нагыз хандын тукуму экен деп ойлодум,- деди дыйкан. Муну укканда хан дыйкандын акылы ырас эле чоң экенине көзү жетип, мына эми эң акыркы жолу сынамакчы болуп:

-Эгер сен өтө эле билгич болсоң, кудай кайда? -деп сурады.

-Ханым, ушу кебетем менен кудайдын кайсы жерде турганын айтсам мени кусур урбайбы. Ошондук-

тан, сен менин киймимди кийин, менден кечирим сурагандай болуп, алдымда баш ийип тургун. Мен сенин кийиминди кийип, алтын тагыңа олтурайын. Анан мен кудайдын кай жерде экенин айтып берем, антпесем, бул кейпим менен кудай жөнүндө сөз кылышым ылайык болбойт,- деди дыйкан. Хан макул болуп, үстүндөгү кийимин бүт чечип берип, дыйканды алтын тагына олтургузду; өзү дыйкандын кийимин кийип, анын алдында баш ийип турду. Хан боло калган дыйкан жигиттерин чакыртып алып:

-Ушул убакка чейин акмакты бекер таппай жүрүпсүңөр. Мындан артык акмак барбы?.. Сыртка сүйрөп чыгып, дал ушул акмактын башын кескиле! -деди. Көпкөн жигиттер бөлөк сөздү уксунбу: ханды желкелеп барып, башын кесип, денесин тарткылап, кумардан чыгышты. Дыйкан такка отуруп, элге кайрымдуу жана адилет

***

Басууга 20.10.2017-жылы кол коюлду.
Көлөмү 18 б.т. Форматы 60х84 $^1/_{16}$
Буйрутма №235. Нускасы 500 даана.

«Бийиктик плюс» басмасы
Бишкек шаары, Абдрахманов көчөсү, 170 А
Тел. 0772 45 63 71

200

